

КЫРГЫЗДЫН ТАЛАСТАГЫ УЛУУ ТОЙУ

КЫРГЫЗДЫН ТАЛАСТАГЫ УЛУУ ТОЙУ

С(Кырг)
К-28

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ТУҢГУЧ ПРЕЗИДЕНТИ
АСКАР АКАЕВГЕ АРНАЛАТ

КЫРГЫЗДЫН ТАЛАСТАГЫ УЛУУ ТОЙУ



Түзүүчү-авторлор: Нуржан Касымбеков
Токтогул Ибрагимов

08

85589

БИШКЕК
«АКЫЛ» МАМКОНЦЕРНИ
1996

ББК 84 Ки 7—4
К—28

Китеп Тойчубек Касымов менен Мелис Айдаркуловдун жалпы редакциясы алдында басылды.

К—28 Кыргыздын Таластагы улуу тойу: Түз.-ав. Касымбеков Н., Ибрагимов Т. Сөздөр, баяндамалар. — Б.: «Акыл» мамконцерни, 1996. — 176 б.

ISBN 5-655-01183-2

Китепте «Манас» — 1000» маараке тоюндагы сүйлөнгөн сөздөр, улуу окуяга даярдыктын жүрүшү жана анын адамдарга болочок мааниси жөнүндөгү баяндамалар топтолду.

К 4702300400 кулактандыруусуз. ББК 84 Ки 7—4
М 455 (11)—96

ISBN 5-655-01183-2

© «Акыл» мамконцерни.

I БӨЛҮМ

АТА МУРАС

ДООР ЖАҢЫРТКАН ОКУЯ

Мезгил чиркиндин учкул экени не бир уруттуу окуялардан кийин ого бетер айгине болот окшобойбу. Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесин өткөрүү жөнүндөгү тарыхый Указга кол койгон күнү кечээки күндөй сезилет. А чындап келгенде, ошол, 1992-жылдын аптаптуу жай айынан бери үч жыл чамалуу мезгил ичинде улуу мааракени даярдап өткөрүү боюнча не бир аракеттер көрүлдү, канчалаган иш жүзөгө ашты. Бул жылдар, кантсе да, кыргыз элинин байыртан нук алган, каны-жанына сиңип, өмүрүнүн күлазыгы болгон биримдик, ынтымагынын, кеменгерлигинин зор сынагы болуп калды. Асыресе, кылым тогошуп, доор алмашып турган ушундай кыйын кезең заманда көп күч, уюштуруу түйшүгүн талап кылар чечимге барган мамлекет башчысынын түпкү мүдөөсү да элибиздин ушул касиетин чындап, ага жаңы демөөр, багыт жаратууну көздөгөнү ишеничке өбөлгө болду. Дүйнөгө маалым эбегейсиз окуянын каадалуу салганат, шаң коштоп, өз жөнү менен өткөнү да ошондон.

Демейде айтылып жүргөндөй, тойдун болгонунан болмогу кызык демек, мындай окуянын алдында өлкөдө жүргүзүлгөн даярдык иштеринин көлөмү канчалык зор экени, ушул азыр, салтанат өткөнүнө дээрлик жыл айланганда абдан даана байкалат. Убагында миң сан маселени чечмелөөнүн түйшүгүн тартып, убакыт менен атаандашып, алп урушуп жүргөндө чама келбеген эчен көрүнүштөрдүн баасы да бүгүнкү чектен алып караганда кадимкидей толукталат.

Мезгил барына тараза деген ушул белем. Ал ошондогу албан окуялардын көп сандаган күбөлөрү гана эмес, даярдык иштеринин жүрүшүнө түздөн-түз катышкан түркүн адистиктеги, түркүн тармактагы, улуту, курагы да ар түркүн, бирок ою, дили, максаты бирге адамдардын реалдуу турпатын, салымын калыс аныктап коёт.

Улуу «Манас» эпосунун улуу салтанаты Кыргызстандын элинин улуулугун даңазалаган тарыхый окуя. Демек, 1995-жылдын 25—31-

августундагы Кыргызстанда, асыресе айкөл Манас Атабыздын доорунан бери баатырдын мекени аталып келаткан касиеттүү Талас жергесиндеги кылым тойдун даңазасы даярдалган мезгилди, элдин кажыбас эмгегин, анан салтанат өткөн аземди, дегеле Таластагы тойдун келечек таасири жөнүндөгү пикирди чагылдырган баян муундан муунга кала турган китеп болуп чыгышы мыйзамдуу көрүнүш.

Бул мезгилдин талабы. Болочок зарылдык. Бул тейден алып караганда калемгер журналисттер Нуржан Касымбеков менен Токтогул Ибрагимов демөөрлөгөн жигер толук колдой турган саамалык. Бул жыйнакка камтылган документалдуу материалдар кезегинде миң жылдыкка даярдыктын жүрүшүндөгү ар башка мезгилде, түркүн маселенин тегерегиндеги ой курамын чагылдырып жазылганы менен, түпкүлүгүндө бир максатты көздөгөн. Дал ошондуктан китепке кирген авторлордун эмгектери, кийин мааракенин азем-салтанатынын ачылышы, өтүшүн баяндаган материалдар менен үндөшүп, улуу тойдун маң-маанисин толук ачып, бирине-бири үндөшүп турат.

Канткен менен «Манас» эпосунун миң жылдыгынын кульминациясы болгон Таластагы салтанаттын өлбөс-өчпөс даңазасын чыгарууга арналган эмгектердин башаты сымал алгач жаралган бул жыйнак «Манас» эпосун кыргыз элине тастыктап, даңазалоонун астейдил үлгүсү катары калайыктын калың катмарына сүйкүм кабылдашарына ишенич зор. Не дегенде, бул жыйнак ошол улуу эпосту жаратып, кылымдан кылымга аяр тутуп, кастарлап келаткан эл жөнүндөгү баяндын өзү. «Теңири Манас» эпос өзөктүү роман жаратып, XX кылымдын улуу манасчыларынын катарынан татыктуу орун алган жердешибиз, маркум Ашым Жакыпбеков жазгандай: «Манас» башка элге барып жуга алмак эмес — ал нукура кыргыздыкы, кыргыз рухунун түбөлүктүү кенчи болуп сакталып кала бермек».

Дагы бир маанилүү жагдай: Айрым учурда «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы өткөн жылдагы азем-салтанаттар менен чектелген кадимки той-тамашанын бири катары баалана калып жүрөт. Бул кечиримсиз жаңылыштык. Областтын жетекчиси, миң жылдыкты даярдап, өткөрүүнүн областтык уюштуруу комитетинин төрагасы катары, өлкөнүн атуулу катары эпостун салтанатын татыктуу өткөрүүнүн жоопкерчилиги канчалык жогору экенине күбө болдум. Кыргызстандын Президенти Аскар Акаев кыска мөөнөттүн ичинде канчалаган түйүндүү, кеңири масштабдагы маселелерди жеринде чечип турду. Мамлекет башчысынын иш натыйжасы оң болоруна ишеними, колдоосу бизге демөөр болду, шык жаратты. Салтанат башталганга саналуу күн калганча созулуп, аягы ийгилик менен бүткөн эбегейсиз күрөштүн, ошол кездин баалуулугу мына ушунда. «Манас миңдин» мүдөөсү да ушуга багытталган. Кыргыз элинин

келечеги кең, турмушу бакыбат, жашоосу бейпил болушуна көрүлгөн камкордуктун өзү.

Тарыхыбыздын алтын барагына айланган ал мезгилдин түпкү жыйынтыгы элибиздин келечегине тап койдурган жаңы баштаныштарга жол ачты. Кыргыз элинин кылымдардан берки тилегин жүзөгө ашыруу үчүн жалпы эл көтөрүлдү. Анын фонунда Талас элинин салымы да бараандуу.

«Манас ордо» комплексинин курулушу чыны менен бүткүл элдик курулушка айланды. Куруучулар, жолчулар, энергетиктер менен кошо жүздөгөн таластыктар эмгектеништи. Көптөгөн кыйындыктарга карабастан, кыска мөөнөттө жогорку сапат менен бүткөрүлгөн «Манас ордодо» той салтанаты шаң менен өткөнү буга күбө.

Мезгил өтөт, заман жаңырат, доор алмашат. Муундан муун уланат. Кыргыз элинин тарыхы, каада салты, рухунун туу чокусу, сыймыгы, ынтымак, ырашкерчилигинин көөнөрбөс үлгүсү болгон кеменгер дүйнө — «Манас» эпосун даңазалаган улуу тойдун Талас жергесинде жаңырган күндөрүнүн турум-турпаты биримдик менен ар-намыстын касиеттүү күчүнүн дагы бир далили катары даректүү баян болуп эл менен кошо жашай бермек.

Манас Атабыздын арбагы жар болсун!

ТОЙЧУБЕК КАСЫМОВ,

Талас областынын губернатору, «Манас — 1000» мааракесине даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча областтык уюштуруу комитетинин төрагасы.

АСКАР АКАЕВ:

«... Өз улуттун кыртышынан өнүп чыкпаган, өзөк тамырына жана тажрыйбасына таянбаган бир дагы өлкө дегеле гүлдөгөн мамлекет боло алган эмес, боло да албайт.

Эртеңки күндү ойлогондо муунга мурас болуп келген маданий уюткубузга кайрылбасак болбойт. Биздин тилегибиз, ниетибиз, аракетибиз тарыхтан таалим үйрөнүп, өткөндүн жакшы жактарын өздөштүрүп, келечек менен жалгаштырууда турат».

«МАНАС» — КЫРГЫЗ РУХУНУН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ

АСКАР АКАЕВ
Кыргыз Республикасынын Президенти

Илимпоздордун эмгектери жана бизге белгилүү эзелки жазма булактар кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы калктардын катарына кирээрин кадиксиз күбөлөйт. Тарых барактарында кыргыздар жөнүндө маалымат биздин эрага чейинки II кылымдан, башкача айтканда, мындан эки миң жылдан ашуун мезгилден бери карай кезигет.

Өзүнүн ушундай замандарды карыткан узак сапарында биздин эл не бир эстен кеткис кезеңдерди баштан кечирбеди. Мелмилдеген Евразия мейкиндеринде шамал менен жарышып ат ойнотуп, орошон дөөлөт, улуу журт курган күрдөөлдүү учурлары да болду. Бирде көкөлөгөн жылдызы көктөн тайып, таруудай чачылып, бири тентип Каңгайга, бири каңгып Алтайда, бири кетип Эренге, бири түшүп тереңге, тополоңу тоз болгон не бир алаамат күндөр өттү. Ал ортодо «Маназа» айтылгандай, «тоо бузулуп сай болуп, сай козголуп тоо болуп, сайда саны, кумда изи жоголуп, эчен кылым эл өттү». Ошондо да элибиз элдигин жоготпой, калк арасынан «кулаалы тап-тап куш кылган, курама жыйып журт кылган» Манастай эрендер чыгып, ата-бабанын арбагы, элдин-жердин намысы деп, алар кылымдар бою кас жоолор менен кырчылдашып кармашып келди.

Ушундай удургуган оома-төкмөл көчмөндүү турмушуна ата-бабаларыбыз кезинде кат чийип, китеп жазуу өнөрүн көп учурда жоготуп алып, көргөн-билгенин, уккан-туйганын, баштан кечиргенин урпактан-урпакка улуу Баян, узун сөз кылып, кылымдар бою мурастап жүрүп отурду. «Манас» калкыбыздын мына ошол кары тарых, катаал тагдыр таржымалын кайталангыс поэзия тили менен

Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти Аскар Акаев

көркөм баян эткен көөнө дастандардын эң дарканы жана тендешсиз залкары.

Эпостун өзүнүн тили менен айтканда «Манас» — бул:

«Уламадан уккан сөз,
Угуттанып чыккан сөз.
Арбын жомок — толгон сөз,
Ат көтөргүс болгон сөз.
Эрендерден алган сөз
Энчи болуп калган сөз.
Карылардан алган сөз,
Калк ичинде калган сөз.
Белес-белден бороондоп,
Беш удургуп өткөн сөз.
Кылымдардын кыйырынан
Кыл чайнаган кыргызга
Желдей тарап кеткен сөз,

Ошон үчүн, урматтуу агайындар, бүгүнкү күндө улуу мурас «Манас» дастанын даңазалап, айкөл Манас атабыздын атын аздектөө менен биз элибиздин эки миң жылдык тарыхын, эркиндик, эгемендик, келечек үчүн кан төгүп, жан кыйган баатыр бабаларыбыздын арбагын эскерип, алардын кудуреттүү рухунан кубат алып, калкыбыздын эртеңки болочогу үчүн кам көрүп жатабыз десек туура болот.

Ал анткени, «Манасты» биздин эл тек бир эртегинин жөн-жайын айткан эпос катары гана карабайт. «Манас» өзүнүн мазмун-маңызы жана эзелтен элибиздин турмушунда аткарып келген озуйпамилдеттери жагынан фольклордук-көркөм жанрдын алкагына эч сыйбайт. Кыргыздын элдик оозеки чыгармачылык казынасында «Манастан» бөлөк дагы «Кичи эпос» деп аталган жыйырмадан ашуун кенже дастандар бар. «Манастын» булардын эң негизги айырмасы — ал кечээ XX кылымдын башына чейин элибиз үчүн кыргыз журтунун бүткүл коомдук аң-сезимин өз ичине камтыган улуттук энциклопедия катары кызмат өтөп келди. Кыргыз элинин кылымдар кыйырынан келаткан эртеги мифологиясы, дини, салт-санаасы, тарыхы, философиясы, өнөр-билими, моралы, айтор, бүт болгон рухий дасмиясы «Маната» чыпчыргасы менен толук орун алган.

Муну таланттуу боорубуз Чокан Валиханов өз кезинде өтө туура баамдап, таасын көрө билген.

Адатта «Манас» тууралуу сөз козголгондо, эреже катары, эмнегедир дүйнөлүк эпикалык адабияттын «Илиада» менен «Одиссея» «Махабхарата» менен «Рамаяна» сыяктуу орошон туундулары эске түшөт. Миллиондон ашуун ыр саптарын өз ичине сыйдырган залкар «Манас» дастаны дүйнөлүк эпиканын асманында чолпон жылдыздай жаркыраган ажайып феномен экени талашсыз. Анткени менен «Манас» башка эпостордон өзүнүн өлчөмсүз көлөмү боюнча гана

эмес, эбегейсиз терендиги, тендешсиз көркөмдүгү, кыял жеткис чабыты менен да даана айырмаланат. Бирок, менин баамымда «Манаска» тек гана бир тендешсиз фольклордук чыгарма катары мамиле жасоо анын ашкан зор маанисин ойдогудай аңдап билүүгө мүмкүндүк бербейт. Себеби, «Манас» кыргыз үчүн кылымдар бою кыргызды кыргыздын өзүнө таанытып, тарыхтын кыйын кезеңдеринде элди өз айланасына баш коштуруп, дем берген улуттук ураан, асаба-туу, касиеттүү кудурет-күч сыяктуу роль ойноп келди.

«Манас» чындыгында адамзат тарыхынын бүтүндөй бир доорун, кайталангыс катмарын түзгөн кадимки көчмөн цивилизациянын, көчмөн маданияттын, көчмөн рухтун көз кайкыган ажайып көрүнүшү, анын бүгүнкү күнгө келип жеткен көөнөргүс мурасы, ыйык китеби, арман күүсү болуп саналат.

Бул жагынан «Манастын» кыргыз эли үчүн мааниси бүткүл христиан дүйнөсүнүн күн батыш цивилизациясынын руханий уюткусу жана ыйык китеби катары эсептелген кадимки «Библия» менен салыштырсак, балким, анча деле аша кетпестирбиз деп ойлойм. Эпостун миң жылдыгына арналган атайын катында Рим Папасы Иоан Павел II «Маната» адамдардын оюнда, жүрөгүндө жана турмушунда азырга чейин тирүү келаткан элдин эзелки руху камтылган», — деп таамай айткан.

Бүгүн элибиздин сыймыгы болгон «Манас» эл аралык аренага эми гана кеңири таанылып келатат. Анын жалпы адамзаттык рухий маңызына татыктуу баа берип, Бириккен Улуттар Уюму жана ЮНЕСКО «Манастын» миң жылдыгын быйылкы дүйнөлүк орошон окуялардын катарына киргизгени да буга айкын күбө. Учурдан пайдаланып, элибиздин бул чоң салтанатын бөлүшүүгө алыстан ат арытып келип отурган ардактуу меймандарыбызга чын жүрөктөн ыраазылык билдиребиз. Элибиздин атынан чоң рахмат айтабыз!

Ардактуу агайындар, азиз коноктор! «Манастын» мазмунуна бери эле дегенде «кыргыз» деген этноним эң алгач пайда болгон байыркы гунн заманынан баштап XX кылымдын башталышына чейинки эчен бир доорлордун орошон тарыхый окуялары өз тамгасын басып, өчпөс из калтырган. Ошондуктан эпос тууралуу — аны балан жылы баландай жерде келип чыккан деген сыяктуу так кесер бүтүм чыгарууга болбойт. Албетте, «Манастай» эбегейсиз зор эпос, эгерде элдин эси-көөнүнөн кеткис кандайдыр бир зор окуя, зор тарыхый козголуш таасир этпесе, өзүнөн-өзү кайдан жаралмак эле. Кара-кытайлардын, башкача айтканда, кидандардын Борбордук Азиядагы экспансиясынан улам Кыргыз мамлекетинин кыйроого кириптер болгонун окумуштуулар адатта «Манастын» түп негизин түзгөн ошондой алаамат окуя катары эсептешет. Бул окуялар тарыхта X кылымга туура келет. Улуу «Манастын» миң жылдыгы жөнүндө биз оболу мына ушундай ыңгайда гана, болгондо да, өтө шарттуу түрдө гана айталабыз.

«Манас» эпосун жыйноо, кагаз бетине жазып, изилдөө иштери өткөн кылымдын ортосунда, түндүк кыргыздар Россиянын карамагына киргенден кийин, орус окумуштуулары тарабынан башталганын белгилей өтүү керек. Мында, асыресе Ч. Валиханов менен В. Радловдун эмгеги абдан зор. Бирок, ошентсе да, «Манасты» эл оозунан чогултуу, кагазга түшүрүү жана изилдеп үйрөнүү иши Октябрь революциясынан соңку Совет доорунда гана чындап колго алынганын танууга болбойт.

«Манас» эпосу, эгерде аны андап ачкан, кагазга түшүрүп жазган, иликтеп изилдеген, жар салып насыйкаттаган, керек кезде суук сөздөн, сук көздөн коргогон эчен бир эр-азаматтардын албан эмгеги болбосо, ал эч качан азыркыдай жалпы адамзат маданиятынын таберик энчисине айланмак эмес. Ошондуктан, биз бүгүн «Манастын» миң жылдык маараке-салтанатында, эпосту айлап-жылдап кагазга түшүргөн Каюм Мифтаков менен Ыбрай Абдырахманов, Балбай Мамай менен Жусуп Мамай, «Манас» изилдөөчүлөр Калим Рахматуллин менен Болот Юнусалиев, тарыхчы-этнограф Александр Бернштам менен Саул Абрамзон, лингвист-түрколог Константин Юдахин менен Евгений Поливанов, тилчилер Касым Тыныстанов менен Кусейин Карасаев, адабиятчы Владимир Жирмунский, жазуучу жана илимпоз Мухтар Ауэзов, изилдөөчүлөр Ташым Байжиев менен Зияш Бектенов, акын-котормочулар Семен Липкин, Лев Пеньковский, Марк Тарловский, акын-жазуучулар Аалы Токомбаев, Кубанычбек Маликов, адабиятчы Өмүркул Жакишев, жазуучулар Түгөлбай Сыдыкбеков, Чынгыз Айтматов, Ашым Жакыпбеков, кинорежиссерлор Болот Шамшиев, Мелис Убукеев, Төлөмүш Океев жана башкалардын, ошондой эле Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Манас таануу бөлүмүнүн окумуштуулар жамаатын чын ыкыластан чыккан ыраазычылык сезим менен атай кетүүнү өзүбүздүн ыйык парзыбыз деп эсептейбиз.

Ар кандай эпос түбү келип, бул элдин эртеги замандарда өз башынан кечирген өзөктүү жашоо-турмушун эргип эскерүүсү. Өткөнгө серп салып, оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн түп маанисине түрө баам жүгүрткөн өткүр көзү, саралуу сөзү. Ошондуктан, «Манастай» байыркы улуу баяндын учу-кыйырсыз кенендиги менен тереңдигин жүрөккө сыйдырып, урпактан урпакка көөнөртпөй көз алдыда тутуп, учугун улап туруш үчүн ашкан зор талантты, ташкындаган кыял-сезимин, эргиген ой-санаасы бар, бир эшиткенин эзели эсинен чыгарбаган куйма кулак сөз шаалары ар заманда талап кылынган. Эзелки уламыштын унгусун бой тумар сындуу боюна көтөрүп, дээрине катып, эчен бир замандардын закымына алдырбай, укумдан-тукумга жеткирип келген керемет манасчылар эл ичинен эч качан үзүлгөн эмес.

Өткөн замандардын ошондой залкар манасчылары Ырамандын ырчы уулу, Токтогул, Нооруз, Келдибек, Чоңбаш, Тыныбек, Чоюке,

Найманбай, Балык жана башкалардын ысымдары азырга чейин журт арасында аңыз катары айтылат.

«Манасты» айтууда демейде манасчы кайсы бир даражада бул зор драманын автору да, койгон режиссеру да, аткарган актеру катары да роль ойнойт. Окуя кырдаалдардын кыябына, кейипкерлердин психологиялык ал-абалына жараша бүткүл турпаты, өң-чырайы, кол ишараты, аваз-үнү миң өзгөрүп, миң кубулуп, бирде кубанса, бирде муңайып, бирде зар какшап ыйласа, бирде кайра чыйралып, бирде армандуу күңгүрөнсө, бирде кайра туруп буркан-шаркан түшүп, укмандарды сыйкырчыдай арбап алат. Аны менен бирге эшитип отурган элдин баары бирде күлсө, бирде ыйлап, бирде күйсө, бирде кайра терең ойго термелип, качаңкы бир болумуштун каармандары менен кадимкидей аралашып, чогуу жүргөндөй болушат.

Ушундан улам, эмнегедир акылман Платондун «Федр» аттуу диалогунда айтылып кеткен бир ибарат кеп эске түшөт. Платондун айтканына караганда, Тевт деген бир адам жазууну ойлоп таап, анан анысын Египеттин падышасына — бул азаматтын эси-көөнүн эбегейсиз арттыруруга жардам берет деп, жерге-сууга тийгизбей мактай бергенде, падыша айткан экен: «Сенин ойлоп-тапканың адамзаттын эсин өстүрбөй эле, аны кайра кедерине кетирип кемитет. Анткени, кагазга түшкөн кат-жазуу — бул кан-сөлү жок, жаны жок катып калган сүрөт сыяктуу»,— деп.

Анын сыңарындай, «Манасты» ойлогондо, Манасты «Манас» кылып тузун татытып турган кудуреттүү купуя сыр — дал ушул манасчылык өнөрдүн маңызында жатканына дагы бир жолу көзүң жетет. Дегеле бул өнөргө «теңи жок бир актердун теңдешсиз театры» деген мүнөздөмө жөн жерден берилбесе керек. Ошон үчүн, абалтан эл миллион сап «Манасты» адатта түшүндө аян берип, кайып даарыган өзгөчө касиеттүү кишилер гана ажарына чыгарып, арбыта айтып келген эмеспи.

Ошондой кайып даарыган чоң манасчылардын өкүлдөрүнөн биздин кылымда атактуу эки манасчыбыз жашап өттү. Алар — Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулу. «Манастын» биздеги кийинки китеп болуп жарыкка чыккан вариантгары негизинен ушул экөөнүн оозунан жазылды. Дүйнөдөн эрте кайтыш болгонуна байланыштуу Сагымбай манасчыдан эпостун биринчи гана бөлүгү жазылып калды. Ал эми океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген Саякбай манасчыны болсо дүйнөлүк эпостун билерманы, орошон окумуштуу жана жазуучу Мухтар Ауэзов кезинде «азыркынын Гомери», «жыйырманчы гасырдын рапсоду» деп атаган.

Көзү тирүү чоң манасчылардан бизде азыр ушу күндө Шаабай Азиз уулу менен Каба Атабек уулу жана кытайлык кыргыздардын арасында жогоруда аты аталган залкар манасчылардын акыркы

могиканы ардактуу Жусуп Мамай авабыз бар. Ал киши «Манастын» он сегиз томдон ашкан теңдешсиз вариантынын, болгондо да, өзүнөн мурдагы улуу манасчылардын мурасын иргеп, ийине келтирген үлкөн варианттын ээси. Мындай фономен эч жерде жок жана болгон да эмес. Мындай феномен өзүнүн эпикалык нарк-санатын кылымдар кыйырынан алып өтүп, үч миңинчи жылга дейре сарапап сактап келген дүйнөдөгү бирден-бир эл — кыргызда гана болушу мүмкүн.

Мындан эки жарым миң жыл илгеркилер Гомер менен Гесиод гректерге өз кудайларын таанытткан, тагыраак айтканда, аларды кудайлуу кылган деп тастыкташчу экен.

Бүгүн үч миңинчи жылдын босогосунда, «Манастын» миң жылдык мааракe-салтанатында биз, кыргыздар, дагы кылымдар бою элибизди баш коштуруп, эртеңден үмүт үздүрбөй шыктандырып келген үлкөн руханий кенчибизди табериктей бапестеп колубузга тапшырган улуу манасчылардын улуу эмгегине жана эрдигине тизе бүгүп, таазим этүүгө милдеттүүбүз.

«Манастын» миң жылдык мааракеси өтүп жаткан бүгүнкү күндө да тили жаңы чыккан наристе баладан жаш өспүрүмдөргө чейин жарыша «Манас» айтып жатышканы улуу Манас руху кыргыз барда, кыргыз тили жашап турганда эч качан өксүбөй, урпактардын жүрөгүндө түбөлүккө сактала берээрин айдан ачык көрсөтүүдө.

Арийне, «Манас» эпосунун дүйнөлүк маданият коруна кошулуу жана эл аралык окурман журтуна жетүү жолу оңой-олтоң болгон жок. 30-жылдардын ортосунда жана 50-жылдардын башында совет коомунда өкүм сүргөн идеологиялык-саясий кампаниялар улуу эпостун тагдырына айтаарлык терс таасирин тийгизди. Эпостун элдүүлүгүндө шек келтирилип, улутчулдуктун уюткусу катары ага ар кандай идеологиялык жалаа жабылды. Ошону менен «Манастын» миң жылдыгын өткөрүү боюнча алгач 30-жылдарда, андан соң 40-жылдардын акырында көтөрүлгөн асыл идея кыргыз эли өзүнүн эркине жана эгемендүү мамлекеттигине ээ болгон бүгүнкү күндө гана иш жүзүнө ашып отурат. Мүмкүн бул орошон окуяда жазымыштын кандайдыр бир биздин багыбызга багыштап койгон жазуусу бар чыгаар.

Эмнеси болсо да, бул жышаналуу юбилейди өткөрүү менен бирге өткөн замандарга, азыркы учурубузга жана келечегибизге байланыштуу ар түркүн ой жүгүртпөй коё албайбыз.

Миң жылдан ашуун илгери түзүлгөн Кыргыз мамлекети эмне үчүн кулап калган? Миң жылдан ашуун мезгил бою биздин эл эмне үчүн кайра биригип мамлекет кура албады? «Манастагы» таруудай чачыраган кыргыз элин бириктирүүнү көксөп зар какшаган арман-тилек кайдан келип чыккан? Миң жыл зарлап күткөн үмүтү бу күндө тарыхтын жазымышы менен өзүнөн-өзү ордунан чыгып, ооматы

келип турганын Манастын бүгүнкү урпактары туура түшүнөбү? Же кан төкпөй, азап чекпей, арзан келген жеңиштин баркын жеңил баалап, ырысын көтөрө албай кетишеби?

«Манас», менимче, бизге мына ушул сыяктуу орчун суроолордун тегерегинде ой термеп, жан дүйнөбүздү аруулап, басаар жолубузду, бараар багытыбызды белгилеп алууга жардам берет. Айтор, өзүбүзчө чамгарак көтөрүп, дүйнөдөгү алыс, жакын өлкөлөр менен өзүбүзчө алака түзүп, үч миңинчи жылдыкка баш коер алдында — ата-бабаларыбыздын тарыхый тажрыйбасына жана рухий мурасына астейдил саресеп салып, «Манастан» үйрөнө турган асыл өрнөктөрүбүз, ачуу сабактарыбыз эң эле арбын. Андан азыркы адамзат турмушунун не бир көйгөйлүү жагдайлары, коомдук, саясий, этикалык, ыймандык, экологиялык жана жалпы философиялык проблемалары менен үндөшүп турган көп маселелерди көрүүгө болот.

«Манас» эң оболу кыргыз эли өзгөнү өзгө деп өгөйлөбөгөн өтө кең пейил, алыска да, жакынга да, кучагын жайып турган меймандос калк экенин кабарлайт. Эпосто Тынч океандын Босфорго чейинки келберсиген кең Евразиянын жүздөгөн жер-суу аттары аталат. Ошол аймакты жердеген уруу, тайпалар тууралуу эскерилет. Мунун баары биздин эл эзелтен эле мына ушул эбегейсиз мейкинди мекендеген эчен бир калайык-калктар менен тыгыз карым-катнашта болуп келгенин күбөлөйт.

Адатта «Манас» эпосу кыргыз элинин өз эркиндигин, өз эгемендигин жана улуттук ар-намысын коргоп, кылымдар бою кармашып келген баатырдык күрөшүүнүн даңазалуу баяны экени ар дайым аксиома катары айтылып жүрөт. Ошол эле учурда эпосто алыс-жакын, коңшу-колоңдор, тили буруу, дини бөлөк элдер, жеңилген жана жеңилбеген кас-жоолор менен болгон алака-мамилеге өтө маанилүү жагдай катары өзгөчө көңүл бөлүнөт. «Маналта» биздин эл бир дагы өзгө калкты бөлөк-бөтөн деп бөлбөйт, өзүнө өчөгүшкөн кас-жоо катары санабайт. Элди элге кагыштырып, каршы кылган — бул, ириде, өз кызыкчылыгын, куру намысын биринчи орунга койгон төбөлдөр экенин кыргыз эпосу ташка тамга баскандай так жана таамай ажыратат. Ошондуктан, сүргүндө тентип, чачылган журтун кайра жыйнап, ордолуу Ата-конушун табыш үчүн Манас Алтайдан Ала-Тоого аттанганда ошо өз төбөлдөрүнөн кордук көргөн кай бир кара кытай, калмак, манжуу тайпалары кыргыздар менен кошо көчөт.

Кыргыздардын бул көчү өзүнүн санжыргалуу шаң-салтанаты жана жол азабы жагынан эзелки еврейлердин Египет туткунунан Ханаанга сапар тарткан улуу көчүн эске салып, ушул эпосто эпос «Библиядагыдай» бийик мааниге өсүп жетет.

Элинин тынчтыгы үчүн Манас көңүлү түз шериктердин санын көбөйтүп, эңкейгенге эңкейип, алысты көздөгөн саясат жүргүзгөн.

Манастын айтылуу кырк чоросунун арасында ар түркүн калктардын, атүгүл аны менен кас-жоо болуп кармашып жүргөндөрдүн өкүлдөрү да кезигет. Алар акыры келип кыргыздын бир бөлүгү болуп калат. Муну Айкөлдүн «кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым» деп айтканы да айдан ачык айгинелейт.

Кыргыздар жашаган жерлер эзелтен эле отуруктуу оазистер менен көчмөн дүйнө кесилишкен кең тилкеден орун алып, аерде этникалык курамы, жашоо мүнөзү, салт-санаасы, өнүгүү деңгээли ар кандай калктардын тарыхый тагдырлары кайчылашып келгени кадимден белгилүү. Алар бирде бири-бири менен басташып-касташса, бирде кайра биригип, көчмөн жана отуруктуу мамлекеттердин кубаттуу бирикмелерин түзүшкөн. Тарыхта «Иран жана Туран дүйнөсү» деген ат менен маалым болгон бул эки жамааттын мамиле-катышында кылымдар бою кыргыздар да эң маанилүү роль ойноп келген. Кыргыздар башка элдердин маданиятын жериген эмес, тескерисинче, алар менен кеңири байланышта болуп, өз рухий казынасын байыткан. Манастын көрөр көз, жан шерик жары Каныкей «Иран дүйнөсүнөн» чыккан тажик калкынын кан кызы болгону кеңири белгилүү. Ал гана эмес, эпосто Каныкей Манастын кырк чоросуна өзүнүн курдаш кызын ак нике кыйдырып, отуз күн улуу той, оюн-тамаша болгону айтылат.

Ушундан улам мындай бир кызык тарыхый факты эске түшөт. Тарых баракгарында даңктуу Александр Македонский, бизче айтканда Искендер Зулкарнайн, биздин заманга чейинки 324-жылы өзүнүн он миңден ашуун жоокери жана аскер башчылары менен өзү баш болуп Персиянын перидей сулуу кыздарына үйлөнүшкөнү жазылып калган. Ошондо атактуу Аристотелдин шакирти Александр бул окуяга философиялык-символикалык маани берип, Батыш менен Чыгышты эрди-зайыптай баш коштурдум деп, дүңгүрөгөн улуу той берген экен.

Манас менен Каныкейдин, кырк чоро менен кырк кыздын никелешип, отуз күн оюн-тамаша курганы дагы биз үчүн ошо элдердин жоругу сыяктуу «Иран-Туран дүйнөсүн» жубайлардай баш коштуруп бириктирген, мааниси бийик, шаниси ыйык, ырымы зор орошон окуядай туюлат.

Кандай кызыл кыргын, кара сүргүн кармаш болбосун, Манас жеңилген жоосуна эч кордук көрсөтпөйт. Жоонун туткунга түшкөн жоокерлерин кое берет же аларды кааласа аттап-тондоп, үйлөп-жайлап, бооруна тартып алып калат. Туусу жыгылган тарап бейчеки таланып-тонолуп, зордук-зомбулукка туш болбосун деп, жоокерлерин катуу эскертет.

Ошону менен эле бирге, арийне, Манас отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн, эч качан жаңылып жазбаган, жаздым баспаган кандайдыр бир элден бөлөкчө бүткөн бөтөнчө касиеттүү каарман деле эмес. Манас дагы жаңылат, жазат, туура эмес иш кылат, пендечилик ышкы-сезимге алдырат, акыры ар бир адамдын башына келүүчү тагдырдын жазымышына эл сыяктуу а деле аргасыз моюн сунат. Ошентип, Манастын армандуу баяны аркылуу кыргыз эпосу дүйнөлүк адабият менен философия кылым санап түбүнө жеталбай келаткан адам жана тагдыр, инсан жана анын коом менен болгон алака-мамилеси, бийлик жана бийлик үчүн күрөш, арамдык жана чыккынчылык сыяктуу түбөлүктүү темалардын түп-жайын козгойт. Эпос адамдардагы ич тарлык менен көрө албастык элди акыры келип кандай алаамат кейишке салаарын санаттап, урпактарга эскертүү катары сырткы жоодон ашып түшкөн Ороздунун төрт уулу менен Көзкамандардын жийиркеничтүү элесин көз алдыга тартат. Мансап, байлык үчүн дос, тууган эмес, бүт эл-журтту кыйып жиберүүдөн баш тартпаган өзөктөн чыккан өрттү, өздөн чыккан жатты азыр ушу XX кылымдын акырында да көп жерден көрсө болот.

Жеңишти бирге жеңгенден, тойду бирге тойлогондон, кандаш тууган болгондон, сүйлөгөн тили, тутунган дини бир болгондон эле адам менен адам жакындашып, жакшы санаалаш болуп кетпейт. Адамды пикирлеш кылган, жанкүйөр шерик кылган нерсе — бул асыл касиеттүү акыл-эс, абийир-ариет, ынсап-ыйман, адамгерчилик. Эпостун бизге кайра-кайра какшап эскерткени да — мына ушул көөнөрбөс акыйкат. Мына ушундай омоктуу негизге таянганы үчүн Манастын Кошойдой кеменгер, Бакайдай даанышман насаатчылары, Каныкейдей акылдуу жубайы, Алмамбеттей санаалаш досу менен мамилеси бекем да, таттуу да, «Катагандын кан Кошой — батасы элди байыткан, пейли жанды жарыткан, бешенеси жарык жан». Акылман авасы Бакай «алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой». Жаншерик жарынын жайын айтсак, «атадан бетер ар качан, арка болот Каныкей, иниден бетер белсенип, иш бүтүрөт Каныкей». Ал эми Алмамбет болсо — «жолго кирсе жолдошу, жоголор жерде колдошу, жоо качырса жолборсу».

Ошентип, эл өзүнүн сүйүктүү баатырын эпосто көптү көргөн, башында акылы, көөдөнүндө көзү, оозунда сөзү бар илим-билимдүү, баам-парасаттуу, иш билги инсандар менен, азыркыча айтканда, адамгерчиликтүү, тубаса интеллигенттүү кейипкерлер менен бапестеп курчайт. Булар өздөрү эмес, эл үчүн күйүп-бышып, ойлогон оюн жашырып жаппай, Айкөлдүн көзүнө карабай айтып турушат. Эпосто өзгөчө орун ээлеп, өзгөчө маани берилген каарман — Алмамбет. Көтөргөн идеялык жүгү, психологиялык жактан иштелиши, көркөмдүк таасири боюнча Алмамбеттин, бейнеси дүйнөлүк адабияттагы кайталангыс каармандардын катарында турат. Дастандын Алмамбетке арналган бөлүмдөрүндө бу жалганга бөтөнчө жаралып келген, анысын өзү да билген, бирок ошол орошон мүмкүнчүлүгүн турмушка ашырууга заманы жол бербеген өзгөчө инсанды өзөктү өрттөп, жүлүндү сыздаткан арман күүсү жаңырат. Бул —

келберсиген кең ааламга башы батпай, жалгыздык азабын тарткан, өмүрүн саяр иш издеп, жаншерик болоор киши издеп заркаткан адамдын арманы, Акыйкаттык, адилеттик үчүн ак жерден күйүп, азап тарткан асылзат адамдын айтып бүткүс арманы. Алмамбеттин арманында кыргыз эпосу дүйнөлүк эпиканын кыл чокусуна көкөлөп көтөрүлгөн. Жана бул жагдай биздин эпосту жер жүзүндөгү бардык элдердин жүрөгүнө жакын кыла турган өзгөчө жагдай. Бүтүндөй бир түбү түптүү элдер Атаконушунан айдалып, камгактай каңгып сандалганын өз көзү менен көрүп билген биздин XX кылымдын адамын эпос мээримдүүлүккө, бирөөнүн муңун түшүнгөн кең пейилдикке үндөйт.

Эпосто Манастын тегерегиндеги акылман эрлердин катарында алардан эч кем калышпаган кеменгер аялзаттардын өзүнчө бир асыл галереясы түзүлгөн. Алардын ичинен айрыкча бөлүнүп тургандары, албетте, Каныкей, Алмамбет менен Манастын энелери — Чыйырды менен Алтынай, Көкчөнүн канайымы Акэркеч, кыраан баатыр кыз Сайкал сыяктуу кайталанғыс каармандар. Буларда үйдүн куту, эрдин жаншериги, баланын энеси болгон аялзаттын сулуулугу, акылы, асылдыгы тууралуу элдик элес-түшүнүктөр эсте калаарлык көрк-кунары менен эң сонун чагылдырылган.

«Манас» дастанынын баштан аяк тепчип өткөн дагы бир жалпы адамзаттык тема — ата менен баланын ортосундагы өз ара мамиле маселеси. Эпосто Манастын атадай тутунуп туу туткан адамдары Бакай, Кошой, Акбалталар. Ал эми өз атасы Жакып болсо эпосто элдин эркиндиги үчүн жанын сайган тууганларынын, зарлап жүрүп көргөн карачечекей уулунун улуу максатын түшүнбөй, эл намысынан өзүнүн күнүмдүк көр ооката жогору койгон тайкы, керек болсо баласын, эл-журтун, эркиндигин да садага чабууга даяр турган ачкөз, өзүмчүл жанбактынын классикалык образы. Ата-журтуна кайта оролгонуна, эл-жерге азаттык келгенине өкүнүп, Жакып: «кайнаган түмөн мал кайда, өндүрдүү Алтай жер кайда, кабыргалаш турчу элек, кара кытай эл кайда, Манас»,— деп кайра күнкор болсо да, Алтайда айдоодо малы тынч, жаны тынч жаткан күндөрүн эңсеп зар ыйлайт.

Ал эми Жакыпка окшогон, көз каранды болсок да, кечээги турмуш жакшы эмес беле, эгемендиктен табаарыбыз эмне деп, эмигиче боштондуктун чыныгы баасын түшүнө албай жүргөндөр арабызда азыр да четтен табылат. Улуу «Манас» дастаны бизге бул жагынан да көңүлгө алаарлык көп нуска айтып тургансыйт.

«Манас» эпосу ириде баатырдык эпос катары эсептелээри жалпыга маалим. Ошондуктан, анда кызыл кыргын, кара сүргүн салгылаш, согуш темасы негизги орундардын бирин ээлээри табигый иш. Бирок, ошентсе да, эпосто мына ушунун баарысы, чексиз Аалам астында жеңишин да — жеңилишиң да экөө бирдей опоосуз курдалбас экенин ачык түшүнүп, сай-сөөктү сыздаткан муң-зар угулат.

«Чоң казаттан» кайткандагы жаралуу Манастын үч баатырынын жоктоп өксүгөнү, ал ыйласа — кайың ыйлап, тал ыйлап, калың журттун баары ыйлап, аза күтүп турганы «Манастын» согушка каршы маңызын айдан ачык күбөлөйт.

Манасты жоктоп боздогон акылман Кошой ава, «токсонго чыккан кары өлбөй, эмне үчүн Манастай эрен эрте өлөт?»— деген өз суроосуна жооп табалбайт. Эмне үчүн бу дүйнөдө периштедей тазалык, баладай баеолук, жакшылыкты аркалаган ак ниет дайыма жабыр тартат да, арамдык, жүзү каралык, пастык үстөмдүк кылат?

Мына ушул кейиштүү суроолор «Манаста» баштан аяк коңгуроодой кагылып, добулбастай жаңырган бүтпөс суроолор. «Манасты» изилдөөчүлөр адилет белгилеп жүргөндөй, бул эпостун көптөгөн эпизоддору, чындыгында да Шекспир жазган трагедиялардын башатында тургандай. Демек, жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда «Манастын» ыры да, сыры да эч качан бүтпөйт.

Ошондуктан, биз кыргыздар, ардактуу Чыңгыз Айтматов агайыбыз айткандай, «Ала-Тоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден-бир жообуз «Манасты» берди дейбиз».

Андагы көтөрүлгөн көйгөйлөр — бүткүл адам баласынын көйгөйү, мезгил менен мейкиндикке сыйбай, улам түрүн өзгөртүп, түбөлүк жүрө берээр маселелер. Ошондуктан, бул улуу эпостун дүйнөлүк коомчулукка анчалык белгилүү болбой жатканы өкүнүчтүү. Өз асылзатыбыз менен башка элдерди кеңири тааныштыруу милдети али алдыбызда. Экинчи дагы чоң маселе — Манасты терең изилдөө. «Манасты» биз тек бир эртегинин эстелиги катары гана эсептейбиз. «Манасты» биз өзүбүздүн бүгүнкү турмушубузга түздөн-түз катышып, элди баш коштуруп, эртеңге шыктандырган жана болочокто да урпактан-урпакка ошондой боло бере турган өлбөс-өчпөс улуу рух деп билебиз.

Ошондо биздин бүгүнкү муундун «Манастан» алаар сабагы кайсы болмокчу?

ЭЛ-ЖУРТТУН АЖЫРАГЫС БҮТҮНДҮГҮ ЖАНА БИР ЖАКАДАН БАШ, БИР ЖЕҢДЕН КОЛ ЧЫГАРГАН ИЧКИ БИРИМДИГИ

Манастын бүт аракети бүлүнгөн эли-журтун бүтөп, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйноодо болду. Ушул максат ишке ашканда кыргыздын жылдызы да жанып турган. Эл ичинен ырк кетип, өздөн чыккан жат күч алганда Манастын ордосу кулаган. Ошондо кыргыздан оомат кетип, жылдызы өчкөн. Даанышман Бакай бабабыздын кылымдар түпкүрүнөн үн каткан «Байкагыла балдарым, бө-

лүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет» деген осуяты бүгүнкү күндө дал ушул биз үчүн айтылып аткандай угулат.

УЛУТТАР АРАЛЫК ЫНТЫМАК, ДОСТУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК

Бул «Манастагы» өзөктүү идеялардын бири. Манастын улуулугу анын «кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип, башка калктардын ак ниет инсандарын ардактап, өз элинин колун узарта билген айкөлдүгүндө. Бу жагынан Манас менен Алмамбеттин мамилеси биз үчүн көөнөргүс нуска. Тагдырдын жазымышы менен жергебизди мекендеген ар элдин өкүлдөрүн өз боорубузга тартып, аларды өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айландырып, канат-бутагыбызды өстүрүп алуу, алыс-жакын мамлекеттер менен достук мамиледе болуу — Манастын өрнөгүнө ылайык азыр да биз үчүн парз.

УЛУТТУК АР-НАМЫС ЖАНА АТУУЛДУК АРИЕТ

Манасты жана анын чоролорун эл-жер үчүн ажалдан кайра тарттырбай алга сүрөгөн улуу күч ушу болгон. «Калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин» деп, алар Ата-журттун ар намысы үчүн кара башын канжыгага сайып коюшкан. Ошонусу менен Абыке, Көбөш алты арам сыяктуу тар мүдөөлүү арсыздардан асман-жердей айырмаланышкан.

Улуттук ар-намысты баарынан бийик туткан ушундай атуулдук ариет ушу тапта өлкөбүздүн башкалардан калбай гүлдөп өнүгүүсү үчүн абадай зарыл экени — өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

АРЫБАС МЭЭНЕТ, АЛДЫҢКЫ ӨНӨР-БИЛИМ АРКЫЛУУ БАКУБАТ ДӨӨЛӨТКӨ УМТУЛУУ

Манас өз тегерегине ошо өз чөйрөсүнүн бийик өнөр билимге каныk кадырман адамдарын топтогон. Алардын жардамы менен ар дайым жеңишке жетишкен. Жашоонун маңызын эмгек, эпостун өзүнүн тили менен айтканда, «эгин эгип, мал багуу, эрикпей иштеп жан багуу» түзөөрүн ал жакшы түшүнгөн. Бүгүн да биздин элдин таянар тоосу — эмгек, билим, алдыңкы техника менен технология. Арыбас ак эмгек ар адамдын ыйык парзы, ансыз адам бул дүйнөдө жашоо парзынан кутула албайт, өлкө — бакубат турмушка жетпейт.

ГУМАНИЗМ, АЙКӨЛДҮК, КЕЧИРИМДҮҮЛҮК

Маната көккө жеткире көкөлөтө даңазалаган өзөктүү осуяттын бири — адам жана адамгерчилик. Эпосто адам — ата-баба менен

урпактарды байланыштырган көпүрө, ал ириде өзүнүн рухий касиетине жараша бааланат. «Манас» эпосу бу жагынан, асыресе, баланы тапкан, бапестеп баккан аял-энени, анын асыл аракет-эмгегин даңктоо, адамга бийик урмат менен кең пейил мамиле жасоо жагынан бүгүнкү урпак үчүн улуу нуска. Анда коомдун соолугу үй-бүлөнүн соолугу менен, ата-бабаны урматтоо урпактардын келечеги менен, элдин бакубат турмушу анын рухий байлык деңгээли менен тыгыз чырмалышкан. Манас айкөлдүктүн, бири-бирин кечире билүүнүн гимни.

ТАБИЯТ МЕНЕН ТАТТУУ МАМИЛЕДЕ БОЛУУ

Дегеле көнкү көчмөн цивилизация табийгатты эне катары ыйык тутуп, аны менен кылдат алака түзүүнүн, ыгына жараша эриш-аркак жуурулушуп жашоонун адамзат тарыхындагы эң алдыңкы өрнөгүн жаратып кеткен. Көчмөн дүйнөнүн акыркы могиканы — кыргыз эли аны «Маната» өтө таасын чагылткан. Эгерде биз эпостогу ошол орошон жөрөлгөнү ыйык туталсак, анда дүйнөдөгү бирден-бир бийик философиялык-экологиялык маданияттын ээси болобуз. Манастан калган ажайып Ала-Тообузду келечек урпактарга көркүнө көрк кошуп, баа жеткис энчи катары калтырып келатабыз.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИГИН ЧЫҢДОО ЖАНА АНЫ КӨЗДҮН КАРЕГИНДЕЙ САКТОО

Айкөл Манас атабыз баштаган бабаларыбыздын бүт өмүрү ушул аруу максатка арналды. Алар мындан миң жыл мурун улуу кыргыз мамлекетин куруп, кыйырына дан толуп, өрүшүнө мал толуп, мамыр жашоо кечирди. Бирок «Манастын» өзүндө айтылган кейиштүү себептердин айынан Кыргыз мамлекети акыры кыйрады. Ошондон кийин миң жыл бою кыргыз кайра биригип, бирдиктүү дөөлөт куралбады, бөлүндү-жарылды болду. Кыргызды тарых майданына толук жок болуу коркунучунан Октябрь революциясы, Совет мамлекети сактап калды. Тарыхтын бул чындыгын биз танууга биздин эч качан акыбыз жок. Кыр-кырда жүргөн кыргыздын башын бир жерге, бир чамгарак алдына бириктирип, көз каранды болсо да, өзүнчө мамлекеттигине негиз салып, алдыңкы маданиятка жол ачкан да совет бийлигинин шарапаты.

Бүгүн, миң жылдан кийин, кыргыз эли эгемендүү мамлекеттигине ээ болуп, өз тарыхында багымсыз чабытка экинчи ирет чыгууда. Бул айкөл Манас атабыздын өчкөн отунун кайра жанышы. Ошондуктан, бу күндө төрт жашка толуп, үч миңинчи жылдыктын босогосунда наристе баладай талпынып, келечекке үмүттүү карап турган жаш мамлекетибизди көздүн карегиндей сактап, эпосто

айтылгандай, «эрешен тарткызып эр кылып, эр уулу менен тең кылуу» биздин ар бирибиздин ыйык парзыбыз.

Мындан миң жыл мурда Айкөлдүн көзү өткөндө «жер силкинип октолгон экен, чайпалып турган кара жер жети күндө токтолгон экен, жети күндүн ичинде, ошондо кыбыр этип кыймылдап, тик баскан пенде жок болгон экен».

Ушу «жети» санын ыйык деп ырымдап, мен дагы улуу «Манас» дастанынан жети сабак, жети осуят алып чыктым. Ошо жети сабакты, Манас атабыздан калган жети осуятты ар кимибиз жүрөгүбүздө алдейлеп, мусулмандар өздөрүнүн беш парзын кандай ыйык тутса, биз дагы аларды ошондой бийик кармансак, анда биздин келечегибиз кең болот деп ойлойм.

Миң жыл илгери Айкөлүнөн айрылган Каныкей энебиз «өксөгөн өксөп тим болор, өтүп кеттиң дүйнөдөн, сенин өрнөгүң ээси ким болор» деп, зар ыйлаган экен. Манастын бүгүнкү урпактары Айкөл атабыздын өрнөгүн татыктуу улантып, арбагын ыраазы кылууга Айкөлдүн ыйык элесин жүрөктүн толтосунда бекем сактап, бабаларыбыздын көтөргөн туусу менен чакырган ураанын ар дайыма бийик тутууга ар-намысы да, кудурети да жетет деп ишенебиз.

Үчүнчү миң жылдыкка баш багып турган кезибизде миң жыл мурда элибиздин башынан өткөргөн тажрыйбасынан кеңири сабак алалы.

Тарыхта экинчи ирет эгемендүү мамлекет куруп, бакубат келечекке умтулган ак ниет аракетибизди ылайым Манас атабыздын ыйык арбагы колдоп, элибизден ынтымак, жергебизден тынчтык жана жашообуздан жакшылык кетпесин!

Замандан заман арытып, бизге чейин келип жеткен улуу «Манас» руху мындан ары да элибизге ак жол көрсөтүп, кылымдар бою жылдыздай шоола чачып жана берсин!

Айкөлдөн калган Ала Тоо, ата-журтубуз, ак калпак кыргыз калкыбыз, ата салтын улантканы, уңгулуу асыл наркыбыз бу жарык дүйнөдө түбөлүк кала берсин! Баарыңыздар тең бар болуңуздар!

АПАС ЖУМАГУЛОВ:

«... Манастын 1000 жылдыгын майрамдоо, сөзсүз элдин маанайын көтөрүп, ага күч жана шык берет, адамдарды жалпы максат үчүн баш коштурат.

Республикабыздын бардык калкы ушул бүткүл элдик салтанаттын маанилүүлүгүн жана өз учурунда экендигин толук аңдап сезишин каалайм».

АТА-БАБАБЫЗДЫН АСЫЛ МУРАСЫ

АПАС ЖУМАГУЛОВ,
Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, «МАНАС» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча улуттук уюштуруу комитетинин төрагасы

Манастын улуулугун айгинелеген көрөгөч, кеменгерлик касиеттер айткан сайын орошондоп, улам бир жаңы тараптары ачылып, кереметтүү кенч экени сезим дүргүтүп, ой туйгуларыбызга өзгөчө таасир этип, аалам чегиндеги өзүнчө бир купуя сыр дүйнө менен тутумдашып кетип турат. Анда бүткүл ааламдык глобалдуу проблемаларды туура чечүүнүн, адамзат бактысын коргоонун, мамлекеттик идеологиянын, мамлекеттик ойдун куттуу башаттары оргуштаган булак көзүндөй мөлтүрөп турат. Эл бактысын, мамлекетти, эркиндикти, көз каранды эместикти коргоо жөнүндө омоктуу ойлор, ага тете дүйнө таазим этерлик кеменгер чечим, эрдик иштер, демократиянын баштапкы өнүмдөрү да, дегиси адамзат эңсеген, турмушка, асыл-наркка жетүүнүн не бир керемет үлгүлөрү да ушу «Манаста».

Дүйнө эли илгеректен эле улуу биримдик кадырын сезип, күчүн туюп, адам баласы бир жакадан баш чыгарып, бир боор болуп, бактылуу өмүр сүрөөр мезгил келсе экен деп теңирден тилеп, укумдантукумга эңсеп келишкен. Жогоруда айтылгандай кыргызга кут даарыган улуу тагдыр буйруптур. Буйруса, элибиз эзелтен тилеп келген Манас атабыздын дүйнөлүк салтанаты, «Манас» эпосунун миң жылдыгы аалам көңүлүн буруп, кылымга аңыз боло майрамдалган турат. Кудай кааласа, астанабызда турган дүйнөлүк салтанат — «Манасты» аалам кыйырына таанытат. Элдик асыл-нарктарыбыздын багын ачып, чабытын чыгарат. Элибизди сүйүнтүп, келечектин куттуу дарбазасы ачылат. Бул өзү эгемендүү өлкөбүздүн келечеги кең, мартабасы бааланат деген сөз. Турмуш

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Апас Жумагулов

оңолуп, эзелтен эл көкүрөгүнө бугуп, кан-жанына сиңип, муундан-муунга жатталып кыял болуп келген улуу тилек кабыл болоор кез жакын! Ал бүткүл дүйнөлүк улуу салтанатты удаасы менен төгөрөгүн төп келтире өткөрүп алышыбызга да түздөн түз байланыштуу болот. Кыргыз Республикасынын Премьер-министри «Манас» эпосунун миң жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча улуттук уюштуруу комитетинин төрагасы Апас Жумагулович менен дил маегибиздин өзөгүндө ушул ойлор жанып турду.

— Апас Жумагулович, кудай буйруса дүйнө тең берген «Манас» эпосунун миң жылдыгын белгилөө астанасында турабыз. Бул бүткүл кыргыз элинин эзелтен берки тилеги, улуу тагдыры, улуу жоопкерчилиги да. Ушуга байланыштуу дүйнөлүк салтанатты өткөрүүнүн мааниси, ага көрүлүп жаткан даярдык иштери жөнүндө кең-кесири айтып берсеңиз?

— Кыргыз элине, Манас рухуна, бүтүндөй түрк ааламына, ал турсун жалпы дүйнө элине өзгөчө оомат-улуу биригүү доору келди деп ойлойм. Бүткүл адамзатынын бактысы да, келечеги да, ынтымакта-жанаша жашоодо. Ошондуктан дүйнө эли эзелтен эле баардыгыбыз бир ынтымакка келип, коюн-колтук алышып, бооролошуп жашачу мезгил келсе деп эңсеп, тилек кылып келген. Мына бу кылым тогошор кезде өзүнчө бир дүйнөлүк жакшы салт, куттуу аян болуп, бүткүл элдерди ынтымакка чакырып өткөн Манас атабыздын дүйнөлүк салтанатында ушул улуу тилектин турмушка ашышына өбөлгө түзүлүп, эзелки эл тилеги кабыл болоор деп үмүттөнөм. Буйруса, көптөгөн жакшылыктардын, куттуу кезеңдин астанасында турабыз.

«Манас» эпосунун миң жылдыгын белгилөөнүн көктөн кут түшкөндөй болуп туура биздин мезгилге туш келип турушуна чексиз сыймыктанышыбыз керек. Бул биздин эбегейсиз бактыбыз да, Ала-Тоодой дөөлөтүбүз да. Бул үчүн биз тили тектеш бүткүл түрк элдерине, тилектештигин билдирип жардам берген баардык боордошторго ыраазычылык айтабыз. Ошону менен катар ири алды 1995-жылы — «Манас» эпосунун миң жылдыгын белгилөөнүн Эл Аралык жылы болсун деген тийиштүү чечим кабыл алган Биримкен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясына, бул маселеде чын дилинен колдоо көрсөткөн ЮНЕСКОнун Генеральный директору мырза Федерико Майорго миң мертебе алкыш айтып, терең ыраазычылык билдиребиз. Нарк-насили тунук, жакшылыкка киндиктеш мындай кеменгер чечим аалам маданиятынын бийиктигинде ар дайым өрнөк болуп, дөөлөтү артып жаныш тура берет!

«Манас» эпосунун миң жылдыгын өткөрүүнү кыргыз эли тээ эзелтен эле эңсеп, азамат атуулдарыбыз, муундан-муунга жан отун төшөп аракеттенип келишкен. Бул олуттуу маселе ар дайым элдин руханий асыл-нарк дөөлөттөрүн, маданиятын аздектеген дүйнөнүн

прогрессивдүү коомчулугунун көңүл чордонунда болуп келген. Ааламда теңдеши жок эпостун 1000 жылдыгын өткөрүү жөнүндө патриоттук демилге кыргыз элинин эң мыкты уулдары тарабынан отузунчу жылдардан баштап үч ирет көтөрүлгөн. Бу тарыхыбыздан маалым.

«Манас» эпосунун миң жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаевдин 1992-жылдын 26-июнунда кабыл алган Указынын тарыхый мааниси өзгөчө чоң. Ал Манас мааракесин жогорку деңгээлде өткөрүүгө өзүнчө ой таштап, ал үчүн татыктуу даярдык көрүүгө негизги багыттарды аныктап берди.

«Манас» рухунун ооматын арттырган ушундай куттуу кезеңге биз оңой-олтоң эле келе калбаганыбызды тарыхтан билип, жүрөгүбүз менен туюп, биздин мезгилге, энчибизге туш келген бактыбызга, аалам кыйырында кут даарыган тагдырыбызга жетине албай, бешенебиз жаркып сүйүнүп отурабыз! Кудайдын мунусуна шүгүр. Элибиздин кылым кезеген үмүт-тилеги кабыл болгон ушу кездеги бак-таалайын түбөлүккө кут кылсын! Келечегин кең кылсын теңирибиз! Арийне, элибиздин, прогрессивдүү акыл ойдун эпостун миң жылдыгын өткөрүү жөнүндөгү азаматтык ой тилеги, жалындуу аракети туура бир кылымга тете эң бир татаал да, азаптуу да кезенди башынан кечирип, эң бир зор жоопкерчилик менен касиеттүү рух коштоп, бүтүндөй XX кылым бою туу болуп жанып келди десек болот. Муну азыр айтпаганда качан айтабыз. Бул өзү теңир сүйгөн Манас атабыздын арбагы, аалам кезеген руху сүрөп, коштоп берген керемет эрдик да!

Ошондуктан биз элибиздин келечегине куттуу нур түшүп, дөөлөтү күлүндөй жанып, Манас рухунун ооматы артып турган ушу кезде өткөндү унутпай эскерип, таазим этүүгө, ушу кезде дүйнөлүк салтанатты өткөрүүгө өзгөчө таасир этип, чын пейлинен жардам көрсөтүп, бараандуу салым кошуп жаткандарга миң мертебе рахмат айтабыз. Манас атабыздын арбагы колдосун! Арийне, жаңы кылым астанасында өтө турган Манас майрамынын өзөгүндө да улуу биримдикке келүү идеясы тургандыгын, эл бактысы да ушунда экендигин байма-бай айтып келебиз. Кечээ жакында эле Таласта Манастын күмбөзүнө жаңаша жерде калың элдин катышуусу менен кабыл алынган «Манас үндөөсү» да ушул ой менен ширелген.

«Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып эл кылган» чачылганды жыйнап, түптүү эл болсо кыргыз деп өзүнчө мамлекет курган Манас атабыз элди биримдикке, ынтымакка чакырып, эң бир бийик тутуп көксөгөн тилеги да ушул болгон. Анын кеменгерлиги да, дүйнө табынар улуулугу да ушунда. «Манас» эпосу бүткүл адамзатка таандык ой-тилектерге, асыл-нарк, мүдөөлөргө толуп турганы менен да, дүйнөлүк маданияттын кайталангыс керемети! Ошондуктан, Манастын дүйнөлүк мааракесин өткөрүү жөнүндө

демилге көтөргөндөрдүн, аны ишке ашырууга салым кошкондордун баарына, биздин өлкөдөгү тарыхта калар көрүнүктүү иш аракеттерге, ЮНЕСКОнун, Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын жана башка бир катар эл аралык кадыр-барктуу уюмдардын өз учурунда кабыл алган эң бир кеменгер чечимдерине, баардык замандаштарыбыз, кийинки урпактарыбыз да ыраазы болушат деп ойлоймун. Анткени, бул кылым тогошор кезге оро-пара бүткүл адамзатынын келечегине жагымдуу таасир тийгизүүчү, дүйнөлүк мааниси өзгөчө чоң маданий-тарыхый окуя болуп калат. Биздин мезгилдин жаңы кылымга ачкан куттуу дарбазасы деп койсок да болот.

Өткөнүн жана келечегин ойлогон ар бир элдин арууланып, жан дүйнөсүн тазартып турар, ички ой-туйгу мүдөөсүн, бүткүл ой-тилегин айтып табынып, сыйынып келер бирдиктүү руханий ыйык жайы болушу керек. Мындай жай бар. Ал Таластагы Манастын күмбөзү. Ушул жерде жакында ачылыш аземи боло турган «Манас ордо» тарыхый-маданий комплекси бул мүдөөнү мындан ары бар тарабын келиштире аркалап, эл үмүтүн актай берерине ишенебиз. Бул ыйык жайды кыргыз эли тээ эзелтен эле аздектеп сыйынып келишет. Анын касиетин өлкөбүздүн чегинен тышкары жакта да жакшы билишет. Үмүт-тилегибиз ишке ашса деп, сыркоолор болсо сакайып кетелик деп табынып келип-кетип турушары айтпасак да жакшы маалым. Кыскартып айтканда, Манас күмбөзү Манас рухуна сыйынуучу ыйык жайга айланган. Адамдар жолун алыс жакынына карабай ар тараптан кышта да, жайда да мезгилдин бороон-чапкынына, ысык-суугуна карабай тынымсыз келип турушкан. Ондогон жылдар бою бул жерди байырлаган элдик табыптар, дарыгерлер, көзү ачыктар, олуялар эл бактысы үчүн, алардын ой-тилектеринин кабыл болушу үчүн жан дилдери менен аракеттенип, колдон келген жакшылыгын аяшкан эмес. Ошондуктан, ыйык жай тегерегине сыйынууга келген элге зарыл шарттарды түзүп берүү маселеси эбак эле бышып жеткен. Аны турмушка ашыруу да ушу биздин мезгилге, биздин энчибизге туш келгенине сыймыктанабыз. Мына азыр музей-комплекси менен катар элдин көп жылдык тилеги болгон элдик медицина тейлөөсүн көрсөтө турган шыпагээрлер үйү, ошондой эле байыркыдан келген салт болгон курмандык чалуу иш аракеттерин жүргүзүүгө ыңгайлуу шарты бар түлөөкана курулуп бүтүп калды. Чайкана, алыстан келгендер үчүн конок үй да курулууда.

Манастын күмбөзү реставрацияланды. Анын айлана-тегерегин жашылдандырып, бул жакка келгендердин эс алуусуна жакшы шарт түзүлдү. Эң башкысы жогоруда айтканымдай аалам элин тамшанткан дүйнө маданиятынын керемети болгон «Манастын» музей комплексинин курулушу соңуна чыгууда. Бул жерде не бир талант-туу адамдар, художниктер, окумуштуулар, чеканка жасоо, оюм-

чийим түшүрүү боюнча колунан көөрү төгүлгөн чеберлер, скульпторлор, музей ишкерлери керемет жайдын келечегибизге тийгизер таасирин, тарыхтагы ордун туюп, комплекстин экспозициясын түзүүдө жан отун, бүткүл мээримин төшөп мээнеттенишүүдө. Кудай кааласа, келечекте «Манастын» бул керемет жайын көрүү үчүн дүйнөнүн бүт тарабынан бапыр-шапыр келе турган адамдарды, туристтерди күтүп алууга азыркы кездин үлгүсүндөгү конок үйү курулууда.

Майрам күндөрүндө улуттук оюн-шоокторду, ат чабыш, жорго салыш, көкбөрү жана башка мелдештерди өткөрүү үчүн миндеген көрүүчүлөргө бардык жагынан ыңгайлуу шарты боло турган коноктору күтүүгө 600—700 боз үй тигиле турган жай күчөтүлгөн темп менен курулуп бүтүп калды. Бул жайдын курулушу «Кыргызалтын» мамлекеттик концернинин эсебинен жүргүзүлүп жаткандыгын айтып коюуга тийишсиз. Мындай сүрөөнчүлүк ишке калың эл чексиз ыраазы.

Бишкектин түштүк тарабында, Ысык-Көл конок үйүнүн аймагында «Манастын айылы» мемориалдык-этнографиялык комплекс түзүлүүдө. Бул этнографиялык борборду куруу мындан ондогон жылдар мурда эле ойлонуштурулган. Анын улуттук маданиятты өнүктүрүүдө, элдердин достугун, биримдигин чыңдоодо, кыскасы келечек үчүн мааниси абдан чоң болот. Эл үчүн, улуттук асыл-нарктын, маданияттын, рухий дөөлөттүн борбору болуп бере турган «Манас айылынын» курулуп жаткандыгынын өзү кубанычтуу көрүнүш.

«Мурас» илимий-насыйкаттоочу ишкер долбоору тийиштүү план боюнча отузга жакын китеп жана проспект-буклеттерди чыгарууга тийиш болсо, ушу кезге чейин он алты китепти, ошону менен катар проспекттерди, открытка, календарларды сатыкка чыгарды. Калгандары да майрамда элге тартууланат. «Манас» эпосу биринчи жолу академиялык негизде чыгарылды. «Манас» эпосунун англис, түрк, уйгур, тилдериндеги варианттары жарык көрдү. «Манастын» эл сүйүнткөн, дүйнө окурмандарын тамшантаар ар түркүн варианттары мындан ары да чыгарылып, бүткүл ааламдык руханий керемет кенч болуп, Манас рухун даңазалай бермек.

Улуттук уюштуруу комитети «Манас» эпосу, манасчылар жөнүндө кино, видеофильмдерди тартууга ар дайым камкордук көрүп, көңүл борборунда тутуп келет. «Акыркы манасчы» кинофильми, «Миң жылдык», «Манастын фестивалы — Түркияда» жана башка видеофильмдер чыгарылып, элге көргөзүлдү. Мелис Убукеев менен Төлөмүш Океев океан эпоско арналган эки көркөм фильмди тартып бүтүштү. Жакында алар көрөрмандарга тартууланат. Эл аралык «Эпос» кино-видеоборбору тарабынан ондон ашуун видеофильмдер тартылды.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү бүткүл турмушубузду камтып, бардык жагынан кеңири жүргүзүлүүдө. Камылга көрүү биздин өлкөдөн дүйнө каттамдарына чыкты. Маданиятта, элдик таланттардын дүйнөсүндө, спортто дегиси, бардык жагынан өнөр сыноо, тейлөө ишин көргөзүү күчүнө чыгыш, эл ичи алтын бешик экенин дагы бир жолу айгинеледи. Мунун барын калайык-калк гезит-журналдан окуп, телерадиодон тыңдап, кеңири кабардар болуп жатышат.

— «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөгө кайсы эл аралык уюмдар, мекемелер өзгөчө маани берип, боор тартып, жакшы жардам көрсөтүшүүдө?

— «Маната» бүткүл адамзатына таандык эң бир гумандуу, кеменгер идеялар бар. Тынчтык, достук, теңдик, эркиндик, Ата Мекенди коргоо, бир боор болуп ынтымакта жанаша жашоо, дегиси дүйнө элдеринин кан-жаны менен тең ой-тилектин, асыл идеялардын баарын ушу эпостон тапса болот. Ошондуктан, биз «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын дүйнөлүк деңгээлде майрамдоого чечим кылып, 1995-жылды «Манас» эпосунун жылы деп жарыялап, өз учурунда эң бир эбегейсиз зор колдоо көрсөткөнү үчүн Бириккен Улуттар Уюмуна, ЮНЕСКОго чексиз ыраазыбыз. Мунун улуу биримдикке келүү, тынчтыкта жанаша жашоо идеясын турмушка ашырууга таасири абдан чоң болот деп ойлойбуз. Ушундай улуу тилектин кабыл болуп кетиши, жүзөгө ашышы үчүн бизге бардык тараптан тилектештик билдирип жардам берип жатышат. «Манастын» улуу мааракесин өткөрүүгө бир гана ЮНЕСКОнун 175 миң доллар бөлүп бергени не деген азаматтык! Мунун мааниси да эбегейсиз. Улуу биримдик максаты үчүн мындай колдоо көрсөтүү мындан ары да улантылат жана ал өзүн актайт деген үмүттөмүн. Аскар Акаевичтин түздөн түз колдоосу менен ПРООН жана ЮНЕСКО тарабынан «Манас жана туризм» долбоору кабыл алынды. Аны турмушка ашырууга жүз бир миң доллар бөлүнүп берилди. Кайра жаралуу доорубуздун, дүйнөлүк салтанаттын астанасында Президентибиз эң бир чечкиндүү жигер менен демилге көтөрүп, үзүрлүү иштеп жаткандыгын айтып коюушубуз керек.

«Манас» майрамын өткөрүүгө Туркиянын, АКШнын, Японияны, КЭРдин, Россиянын, Англиянын, Индиянын, Корея Республикасынын ошондой эле Голландиянын, Финляндиянын, Швейцариянын, Сириянын, Германиянын жана башка бир канча өлкөлөрдүн өкүлчүлүктөрү олуттуу маани берип, өздөрүнүн жакшы ниеттерин билдирип келишет. Алардын баарын Кыргызстан менен руханий, достук байланышты өнүктүрүп, ынтымакта жанаша жашоо максаты бириктирип турат. Улуттук уюштуруу комитетинин алдыда «Манас-1000» эл аралык программасын турмушка ашырууда чет элдик жакшы санаалаштар менен иштешүү боюнча атайын борбор аракеттенип келет.

Мааракеге даярдык көрүү башталган кезден эле бизге боордош түркиялыктар ар тараптан колдоо көрсөтүп, жакшы жардам

берүүдө. Алар 500 миң доллар жардам көрсөтүшкөн. «Ошондо Манас деп ураан чакырып» фильмин тартууну каржылашты. Мааракe урматына төрт миллион лотерея акысыз даярдап беришти. Бул акча лотереяларды Кыргызстанда, Казакстанда, Өзбекстанда, Түркияда, Кипрде ойнотулат. Түрксойдун каражатынын эсебинен «Манас» эпосунун В. Радлов жазып калтырган варианты кыргыз жана түрк тилдеринде чыгарылды. Ата-Түрк борбору эл аралык симпозиумду өткөрүүгө 50 миң доллар бөлүп берди.

Японияда «Манас» эпосунун миң жылдыгынын урматына уюштуруу комитети түзүлгөн. Президентибиздин кеңешчиси мырза Танака өз кезегинде «Манас-1000» фондусуна 17,5 миң доллар, кийин дагы 4 миң доллар тапшырды.

Биздин өлкөдө Англиялык Би-Би-Си телерадио компаниясынын өкүлдөрү чогуу иштешип, 20 мүнөттүк «Манас-1000» видеофильмин тартышты. Ал АКШ менен Англиянын теле көрөрмандарына тартууланды. С. Орозбаковдун варианты боюнча Мэя Уолтердин котормосунда «Манас» эпосунун эки томдугу 2 миң нуска менен Москвадан ЮНЕСКОнун каражатына басылып чыкты. Айта берсең мындай ийгилик иштер оголе көп.

— «Манастын» дүйнөлүк салтанатынын кандай майрамдалары жөнүндө да айтып өтсөңүз?

— «Манас» эпосунун миң жылдыгынын ачылыш аземин, эл аралык мааракени 25—31-августта өткөрүү белгиленген. Бул мезгилде бүткүл Кыргызстан улуу рухтун деми, анын куттуу шарапаты астында жаркын маанайда болот. 25-августта Бишкек шаарына тили тектеш боордош өлкөлөрдөн, дегиси дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринен делегациялар, коноктор, туристтер келе башташат. Аларды тосуп алуу, конок үйлөрүнө жайгаштыруу, оюн-зоок көрсөтүү маселелерине да жакшы даярдык көрүлгөн. 26-августта эртең менен Бишкектин түштүгүндө Ысык-Көл конок үйүнүн аймагындагы «Манастын айылы» мемориалдык-этнографиялык комплексинин ачылышы болжолдолуп турат. Бул эл достугунун маданиятынын ажарына чыгышынын, анын келечегинин өзүнчө бир куттуу көрүнүшү болуп калат.

Мамлекеттик улуттук китепканада «Манас» эпосу — дүйнөлүк адабиятта», ал эми мамлекеттик музейде «Манас» эпосу — сүрөт искусствосунда» аттуу көргөзмө ачылат. К. Баялинов атындагы мамлекеттик китепканада «Манас» балдардын көзү менен», улуттук тарых музейинде «Улуу жибек жолунун элдеринин коллекциялары» деген эл аралык көргөзмө болот. Кыргыз мамлекеттик филармониясында «Манас» эпосу — архивдик документтерде» аттуу көргөзмө калайык — калктын назарын бурат.

Кыскасы бардык китепканалар, кинотеатрлар, театрлар, маданий очоктор бүткүл жума бою өз иш аракеттерин улуу эпоско, дүйнөлүк мааракеге арнашат. Спектаклдер коюлуп, кинофильмдер

көрсөтүлөт. Тейлөөнүн түркүн түрлөрү калк кызматында болот. Шаар мурда болуп көрбөгөндөй майрамдык маанайга толуп, шаңга бөлөнөт.

27—28-августта кыргыз филармониясынын чоң залында «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурастары» аттуу эл аралык симпозиум иштейт. Ага дүйнөнүн 22 өлкөсүнөн 150гө жакын окумуштуулар катышат. Ушул жерде «Манас» эпосунун миң жылдыгына арналган салтанаттуу заседание болот. Анын соңунан майрамдык чоң концерт коюлат.

Дүйнөнүн туш тарабынан келген «Манас» мааракесинин катышуучулары Таласка келип, коноктор үчүн атайын тигилген көз жоосун алган боз үйлөрдөн орун алышат. Кыргыз элинин меймандостугун, эзелтен ушул күнгө кут коштоп келген маданиятын, өнөрүн, талантын көрүшөт. Кечинде кыргыздын оюн-шооктору тартууланат.

29-августта «Манастын ордосу» тарыхый-маданий комплексинин ачылыш аземи болот. Андан кийин меймандарга «Манас» эпосунун мотиви боюнча тартылган театрлаштырылган оюн-зоок көрсөтүлөт.

30-августта Бишкекте эпостун миң жылдыгынын салтанаттуу жабылышы. 31-августта эртең менен меймандардын Кыргызстандын көз каранды эместигинин күнүнө арналган салтанатка катышышы күтүлөт. Албетте, мунун баары программа боюнча. Аны көркүнө чыгарып төрт тарабын төп келиштирип, мудаасы менен өткөрүп алуу баарыбыздын, бүткүл кыргыз элинин чоң жоопкерчилиги. Бизге бүткүл дүйнө эли карап турат. Бул билсек бизге тагдырдын жылмайганы, Манас руху колдоп, улуу ооматтын келгени! Ошону менен катар кылымдын эң олуттуу чоң сынагы да. Ошондуктан ааламда теңдеши жок «Манасы» бар кыргыз эли жөнүндө меймандар эсте каларлык жакшы ой-пикир, көңүл эргиткен таасирлер менен биздин ата-салт, асыл-нарктарыбызды даңазалап, аңыз кеп кылып кетиши үчүн бардыгыбыз жабыла камкордук көрөлү. Бүткүл дүйнө элинен келген меймандарды, өкүлдөрдү күтүп жатканыбызды унутпайлы. Өзүбүз мейман болобуз деп жулунбайлы. Кызмат кылалы. Элибиз эзелтен конокторду төргө өткөзүп, мейман-достуктун салтын ыйык, бекем тутуп келген. Ошон үчүн «мен катышпай калдым», «мен көрбөй калдым» — деп таарыныч айткандар болбошу керек деп алдын-ала айтып коюушубуз парыз. Анын үстүнө мааракени өткөрүүдө баары алдын-ала эсепке алынган. Бүткүл каалоочуларды дайындалган жерге сыйдыруу мүмкүн эмес.

Мааракe күндөрүндө абийир, ар намысты ойлоп, бек туралы. Бардык Кыргызстандыктардан тартипти бекем сактоону өтүнөмүн жана талап кыламын. Манас рухуна сыйынып, элдик асыл-нарк, каада-салттарыбыздын зоболосун көтөрүп, маданияттуулуктун

жогорку үлгүсүн көрсөтүп, дүйнөнүн бар тарабынан келген меймандарды төп келтире күтүп, жарпын жазып, жакшылап узатып алалы. Элибиздин эзелки тилеги болуп кылым кыйырын кезип келген бул улуу мааракеде руханий дөөлөтүбүздүн зоболосу ого бетер артып, кыргыз элинин бул керемет тагдырынын тарыхта мындан ары да ажарланып жазылып калышы мына ушуга байланыштуу болот.

— Апас Жумагулович, «Манас» мааракесине дүйнөнүн канча өлкөсүнөн делегация келген турат, мүмкүн болсо алардын айрымдарын атай кетсеңиз?

— Мааракеге дүйнөнүн 100гө жакын өлкөсүнөн делегация, меймандардын келиши күтүлүүдө. Жалпы эсеп боюнча чакыруу жиберилген адамдардын саны миңге жетет. Алардын ичинен жети жүзгө жакыны алыскы чет өлкөлөрдүн, КМШ мамлекеттеринен келе турган меймандар. Алардын саны дагы такталып, аныкталып жатат. Буйруса, меймандардын куттуу жергебизге келип, кыргыз эли менен жүз көрүшүп, аруу ой-тилектерин айтар күнү астанабызда. Маселен, Бириккен Улуттар Уюмунан, ЮНЕСКОдон, Ата-Түрк борборунан, Түрксойдон, Түркия менен Түркмөнстандан, Пакистан менен Япониядан келе турган меймандар бизге маалым. Мааракe күндөрүндө Бишкекте Түрк тилдүү өлкөлөрдүн саммити өткөн турат. Ага түрк тилдүү бардык мамлекеттердин Президенттери катышкан турушат.

— Буйруса, «Манастын» 1000 жылдыгын майрамдоо кыргыз дөөлөтүнүн зоболосун көтөрүп, дүйнөлүк маданияттын туу чокусундагы кылымдын залкар окуясы болуп калат. Ошону менен катар эл ынтымагын чыңдоого, боордоштугун арттырууга, мына бул заман сыноосун, өткөөл мезгилдин кыйынчылыктарын жеңип чыгууга өз шарапатын, касиеттүү таасирин тийгизип кетээр деген үмүттөбүз.

— Кудай ушул куттуу тилекке жеткирсин. Элибиз эзелтен «Манас» рухуна сыйынып, бул керемет рух кыргыз калкын мезгилдин эчен бир татаал-катаал сынактарынан өз жүзү менен аздырбай-тоздурбай алып өтүп, сактап, өмүрүн бакубат кылып, урпактан-урпакка өзүнчө бир теңдешсиз таберик ыйык дүйнө болуп келатканын дамамат айтып келатпайбызбы. «Манас» өзүнчө чалкыган океан, керемет дүйнө. Ал жөнүндө айткан сайын улам жаңы булак көзү ачылгандай орошондоп, ажарына чыгып толкуп турат. Мына азыр биздин бүткүл турмушубузга да анын куттуу таасири, шарапаты тийип турат деп ойлоймун. Мына бул дүйнөлүк салтанаттын, «Манастын» 1000 жылдыгын майрамдоонун ачылышы аземинин өтүп жатышы да тегин жеринен эмес. Бул бүткүл адамзаттын эзелтен эңсеп келген тилегин ишке ашырууга өзүнчө бир нускоо берип, келечектин куттуу дарбазасын ачып, өз-ара ынтымакка келип, жанаша жашоого чакырып, улуу биримдик идеясын жар салып турат. Бул Манас атабыздын көксөгөн тилеги, өз кезегинде айтып кеткен кеменгер акылы, осуяты да.

Жогоруда айтканымдай биздин бүткүл турмушубузга, келечегибизге өзүнчө куттуу жарык түшүп турат. Дүйнөлүк мааракенин өтүшү менен, буйруса, элибиздин турмушу оңолуп, экономикабыз да оожалып, бакыбаттанып кетебизби деп үмүттөнөм. Анткени, ар нерсенин өз кезеги, өз мыйзамы болот. Байма-бай кайталап айтып жатканыбыздай азыр куттуу кезең, мурда болуп көрбөгөндөй оомат келди. Анын таасири азыр турмушубуздун баардык тарабынан сезилип турат. Бул улуу дөөлөттү түбөлүккө кут кылсын! Эң башкысы — биз өткөндүн катаал сабактарын унутпай, Манас атабыздын осуяттарын аткарууга, аалам таң калтырган «Манасты» мындан ары да тереңдеп үйрөнүүгө, насыйкаттоого, дүйнөгө даңазалай берүүгө милдеттүүбүз. Элибиздин келечеги кең, мартабасы балант болсун! Түбөлүккө дөөлөт консун!

— Апас Жумагулович, чын пейлиңизден дил-маек куруп бергениңизге, аруу ой-тилек, ниеттериңиз, куттуу каалоолоруңуз үчүн чоң рахмат! Бардыгыбызды Манас Атабыздын арбагы колдосун!

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ:

«... Элдин көркөмдүк аң сезими аркылуу муундан мууңга, укумдан тукумга өткөн «Манас» эпосу, ошентип, бышып жетилип, чыңдалып, күчүнө толуп турган кезде, бизге, биздин күнгө туш келди. Бул анын зор тарыхый бактысы!»

КӨК ТЕҢИР МЕНЕН ТУТУМДАШ ДҮЙНӨ

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ,
Кыргыз эл жазуучусу, Социалисттик Эмгектин Баатыры,
Республиканын эл депутаты.

«Манас» — океан эпос болгону эчен бир дооpлор сүрүлүп, заманага-заман алмашты. Мезгил закымында эчен бир өмүр көчтөрү өттү, сапырылып. Оомал-төкмөл дүйнө өз мыйзамын калчап, мезгил өз өмүрүн сүрүп, бүтүмүн чыгарып келет. Эл башынан эчен оош-кыйыш заман өттү. Бирде телегейи тегиз болуп, толуп ташып, кээде мөгдөй бөксөрүп, томсоруп оңуту келгенде кайрадан күргүштөй күчүнө кирип, баралына чыгып, шаңшып келет. Турмуштун стихиясы, өзүнчө бир мыйзам ченем деген ушу да. Кезинде кыргыз өсүп-өнүгүүнүн не бир бийик чектерине чыгып, ооматы артып, атагы дүйнөгө дүңгүрөп, улуу каганат, улуу мамлекет болуп турган учуру болду. Айта берсе түгөнбөс дүмөктүү сөз кезеги. Ар нерсе өз учурунда. Баары тарыхыбызда, рухубузда.

Элибиздин теңир берген улуу тагдыры — «Манас» бар, дөөлөтү бар. Ар түркүн замандын эчен бир катаал сынактарынан солк этпей өтүп, не бир кагылыштарда бой бербей, өз жүзүн, тарыхын сактап, муундан-мууңга, урпактан-урпакка өмүр көчү жымыңдай жанып, руху күлүңдөп келет. Элибизди эл кылып тээ байыркы замандардан бери аздырбай-тоздурбай сактап, орошон демөөр берип, зоболосун көтөрүп, мартабасын арттырып келаткан кудурет, керемет да ушу Манас руху!

Манас кыргыз элине гана эмес жалпы түрк ааламына, ал турсун бүткүл дүйнөгө жалпы адамзаттык маданиятка таберик асыл-нарк! Кеменгер асыл ойдун, өз-ара ынтымакка келүүгө үндөгөн, демек жаркын келечек, гүлдөө доору, цивилизация үчүн жалпы адамзаттык, бүткүл планетардык ой-тилекти бүткөн боюна сиңирип, улуу биримдикке чакырып, аалам сырлары менен үндөшүп турган керемет казына. Арийне, дүйнө эли эзелтен улуу биримдиктин кү-

Кыргыз Жазуучусу, эл депутаты, академик Чыңгыз Айтматов.

чүн туюп, бир боорлошуп, ысык ымалага келип жашасак, адам баласы телегейи тегиз болуп, бактылуу өмүр кечирээр беле деп илгери үмүт кылып келишкен. Ушул идея «Маната» апогейине жете күчтүү берилгени менен да, бул эпос улуунун улуусу, океандын океаны.

«Манас» жөнүндө айткан сайын улам бир жаңы кыры куттуу кереметти, казына капкасы ачылып, сөз бермети нөшөрлөп, улам бир жаңы булак көзү ачылгандай орошондоп, акыл чабыты шаңшый чыгып, дамамат бакыбат ой демей келип турат. Аалам кезген кудурети күчтүү рухтун, теңир берген улуулугу да, дүйнө таң калтырган ажайып табышмак сыры да ушунда. Тээ байыр замандан өмүр көчүбүздү сүрөп келаткан күч да, кыргыз элинин улуу тагдырынын, кылым тогошор кезде куттай жанган таалай бактысынын керемет касиети да ушул кудуреттүү рухтун шарапаты менен! Манас рухунун ооматы артып, келечек турмушубуз жарык болуп бакыбаттана берсин! Чынгыз агабыз менен болгон дил маегибизде ушул ой, аруу тилек өзүнчө бир кут жылоологондой коштой жүрүп турду. Анын баарын айтып, кагазга түшүрүү да мүмкүн эместей. Океан — эпостон демей келген ой ташкыны чегине чыга күр-шар түшө көкөлөп, орошондоп, түрмөк-түрмөк ой толкундары биринен бири өтүп, коштой чаап, күргүштөп турганы турган. Эпос жөнүндөгү орошон ойдун улам бир тамчысынын кагазга түшүп, элге тартууланып турганынын өзү чоң каниет.

— Буйруса Чыке, кыргызга көктөн кут түшкөндөй улуу оомат келди. Эзелки эл тилеги кабыл болуп, Манас атабыздын дүйнөлүк салтанатын аалам таңыркаткан океан-эпостун миң жылдыгын майрамдаган турабыз. Улуттун кадыр-баркын көтөрүү, зоболосун арттыруу жөнүндө Сиз байма-бай айтып, ага тете өрнөктүү иш жасап, такай камкордук көрүп келесиз. Мааракe астанасында Манас рухунун ооматы артып турган куттуу кезең, анын маниси жөнүндө калайык-калкка өз оюңузду айтып койсоңуз?

— Ырас ар бир элдин эзелтен жан дүйнөсүндө бугуп, муундан-муунга, урпактан-урпакка өтүп келген улуу тилеги болот. Эң биринчиси элдин эл болуп турушу, анын жүзүн, өз алынчалыгын айгинелеген башкы белги, дөөлөттөрүн, улуттук колоритин аздектеп сактап, күтүп, кадырына жетүү керек. Улут улут болуп, элдик генийинин бешенеси жаркып турганда анын эң бир улуу тилеги бийик максаттары болот. Буга жеткен бар, жетпеген бар. Закымдаган заман каттамдарында ар кандай доордун катаал бороон чапкындарында орду түбү менен жок болуп кеткен эл канча дейсиң. Эгебиз бул жагынан биздин элге кут даарыган улуу тагдыр буйруп коюптур. Кудайдын мунусуна миң мертебе шүгүрчүлүк келтирип, тоон кылышыбыз керек. Биринчиси, эчен бир өтмө катар доор, замандардын катаал чеңгел, капсалаң сынактарынан, аман-эсен өтүп улуттук жүзүбүздү, элдүүлүгүбүздү сактап чыгып келдик. Экинчиден, элибиздин кан-жанына сиңип өзүнчө бир көкөлөө доору да, азабы да, трагедиясы да болуп, өткөндүн катаал сабактарын эске салып, жашоонун маңызын — эл бактысын, адамзат келечегин сактап калуунун күчү, ачкычы эмнеде экенин түз да, купуя да айтып турган улуу дөөлөтүбүздү, океан эпостун генийлигин, кеменгер касиеттерин өз учурунда туу көтөрүп, даңаза салып, ар кайсы мезгилдин опурулуп-жапырылган омуроо өмгөккө салган карасанатай мамилелеринен, катаал чапкындарынан сактап кала алдык. Бул да бир биздин элдин улуттук чоң бактысы, азамат уулдарынын керемет эрдиги болду! Элди эл кылып турган руханий асыл-нарк, дөөлөтүбүздү сактап кала албасак, ал үчүн улуттук намысыбызды туу көтөрүп, тике туруп күрөшө албасак биздин элдигибиз кайсы. Эпостун элдүүлүгүн коргоп сактап калууда өз учурунда азаматтык иштер болду. Ушу жагынан да аталарыбыздын, агаларыбыздын эрдиги ар дайым жадыбызда болушу керек. Өткөндү унутууга эч кимибиздин укугубуз жок. «Манастын» элдүүлүгүн аныктап, ар кандай карасанатай асылуу чапкындарынан коргоп, сактап калган аталардын, агалардын эрдигин, Манастын урпактары ар дайым айтып жүрүүгө, муундан-муунга өткөрүп турууга милдеттүүбүз. Муну азыр айтпаганда качан айтабыз. Ошо кыйын кезенди эстегенде «Манастын» элдүүлүгүн коргоп чыккан, акыбалды өзгөртүүгө өзгөчө таасир эткен боордош агабыз Мухтар Ауэзовдун эрдиги утуру эсиме түшө берет. Аны менен кошо дагы азаматтык ишке өмүрүн сайып тик турган аталардын, агалардын эрдигине баш ийип, таазим этип эскерип келебиз. Ал тарыхыбызда жазылып калган. Өзүн Манастын нукура урпагымын деп эсептеген ар бир атуул — кыргыз муну билүүгө ынтызарланышы керек.

Үчүнчүдөн, теңир берген бактыбыз, Ала Тоодой ырыскы дөөлөтүбүз бар экен. Жогоруда айтып кеткенибиздей минтип «Манастын» миң жылдыгын дүйнөлүк деңгээлде майрамдаган турабыз. Улуттук генийибиздин бешенеси ажарлана жаркып, күлүндөгөн ушул куттуу күнгө биз оңой-олтоң эле келген жокпуз. Эзелки эл тилегин турмушка ашыруу, өзүбүздүн улуттук дөөлөттүн генийин бар тарабынан аныктап көрсөтүп, дүйнөгө даңазалоо, ал үчүн куттуу жарык түшүп турар жол салуу үчүн, аталар, агалар кыргыз элинин азамат атуулдары бул элдик ишке туура бир кылым бою өмүрүн арнап, тик туруп жан аябай аракеттенип келишкен. «Манастын» миң жылдыгын өткөрүү жөнүндөгү азаматтык демилге кыргыз элинин эң мыкты чыгаан уулдары тарабынан 30-жылдардан тарта үч ирет козголуп, сунушталган. Үч ирет тең бул патриоттук демилге ар кандай себептер менен ишке ашпай токтотулуп келген. Мезгил ошондой эле. Аны элибиз тарыхтан жакшы билет.

Теңир берген куттуу тагдырыбыз бар экен. Ата-бабаларыбыздын тилеги кабыл болуп, буйруса «Манастын» миң жылдыгын

майрамдаган турабыз. Бул, ушул азаматтык демилгенин Ата-Мекенибизде төртүнчү ирет көтөрүлүп, дүйнө коомчулугу, эл аралык кадыр-барктуу уюмдар тарабынан кубаттуу колдоого алынып, жалпы адамзаттык тейде ишке ашып турушу. Мунун келечегибизге тийгизээр таасири эбегейсиз зор болоору айтпасак да түшүнүктүү. Ошентип, руханий өсүп-өнүгүүбүздүн ааламында дагы бир куттуу жылдыз балбылдай жанып, Манас рухунун ооматы ого бетер артты.

Мына ушунун өзү кыргыз элинин «Манас» аркылуу дүйнөлүк маданиятка кошкон бараандуу салымы да. Ошону менен катар жалпы адамзатынын «Манасты» байма-бай тааный башташына өзгөчө бир оңуттуу учур келди. Анын куттуу башаты болуп турган мына бул дүйнөлүк салтанат аалам маданиятынын бийик чегинде куттай жанып калат деп үмүттөнөм. Ушунун өзү кыргыздын дүйнөгө таанылышынын ооматтуу мезгили келгенин айтып турат. Албетте, бул жаңы кылым астанасында куттай жанып келген бактыбыздын башатын аздектеп күтүп, аны биротоло бекемдеп, урпактарыбыздын, андан ары жалпы адамзатынын куттуу энчисине айлантуу үчүн эң алды өзүбүз өрнөк көрсөтүп, «Манастагы» кеменгер акыл-ойду туу тутуп, иш алып барышыбыз керек. Бир сөз менен айтканда «Манасты» дүйнөгө таанытуу, жалпылай келгенде Манас тааануу илими аалам кезе куттуу сапар чалып шаңшып чыкты. Түркүн кереметке бай көк теңир менен тутумдашып өзүнчө купуя сыр коштоп турган «Манас» дүйнөсүн өздөштүрүүнүн, мындан болумдуурак айтканда, бул аалам табышмагын андап билүүнүн өзгөчө бир жаңы доору башталды.

— Мына бу өткөөл мезгилде ыйыктан басып, желкелеп турган турмуш кыйынчылыктарын жеңип чыгууда жашообуздун андан ары да оңолуп, бакыбаттанып кетишине «Манас» руху таасир этип, жакында өтө турган Манастын дүйнөлүк салтанатынын бир жакшы шарапаты тийип кетеби деген үмүттөбүз. Ушу туурасында эмне айтаар элеңиз?

— Албетте, илгери үмүт жакшы. Айтканыңдын да жөнү бар. Анткени, «Манастын» дүйнөлүк мааракеси тегин жеринен эле өтүп жаткан жок. Анда ата-бабаларыбыздын ыйык тилеги бүгүнкүнүн куттуу ой мүдөөлөрү катылган өткөнүбүз менен азыркыбыздын өзгөчө бир өтмө катар байланышы жүрүп жаткандай. Өткөн заман менен азыркыбыз үн алышып дегендей. Өткөнү жок эл жок. Байыркысын сыйлаган, анын асыл нарктарын аздектеп күтүп алган, жалпы адамзат кенчине айланткан эл оңолот. Келечеги кең, мартабасы балант болот.

Арийне, элибизде жаштын тилегин берет, «эмнени эңсесең ошону аласың»... дагы ушул сыяктуу көптөгөн накыл кептер бар. Абайлап андай келсек тереңин байкасак, алардын философиялык тамыры тээ тереңге сиңишип кетип турат. Аалам менен өтмө катар ашташып, тутумдашып турган, асыресе, ар кимге эле жөн салды

байкала бербеген табышмактуу байланыш бардай. Ошондуктан, ар дайым илгери үмүт менен кудай буйруса жакшы болот деп тилек кылыш керек. Мына ошонун өзү бизге кайтат. «Эмнени эңсесең ошону аласың» деген элдик накыл кептин философиялык өзгөчө бир маанисиде ушунда. Муну турмуштан да байкап жүрөбүз. Ата-бабаларыбыздын нуска кебине кулак төшөө керек. Ал эчен бир кылымдарды тепчип келген тажрыйба мектеби, ата-баба сабагы экенин көкүрөккө түйүп жүрүшүбүз керек.

Манас атабыздын арбагы колдоп, эл турмушунун жакшырып кетээрине, көптөгөн асыл мүдөөлөрүбүздүн кабыл болуп, ой тилегибизге жетээрибизге үмүт артам. Бизде куттуу дүйнө сүйүнөөр иш аракеттер болуп жатат. Ошондуктан өзгөчө бир ишеним, жакшылык жылоолоп турат. Буйруса элдин турмушу оңолот. Ага тете эң башкысы заманыбыз оңолуп турат. Кудайдын кулагы сүйүнсүн. Элдик мүдөөнүн орундалышына Манас мааракесинин шарапаты да тийип кетээр деп ойлойм. Анткени, ушул дүйнөлүк салтанаттын өзөгүндө бардык эл ынтымакта болуп, бактылуу жашай турган заманды курсак, ал үчүн эң алды улуу биримдикке жетишсек деген ой толукшуй жанып турбайбы.

Келечек жөнүндө айтып жатканың, түшүнгөнүң жакшы. Мени да кубантты. Булар туурасында жаштар көп ойлонушуңар керек. Дегиси элибиздин бактысы бар. Дүйнөнүн көп мамлекеттери тааныган эркин эгемендүү өлкө болдук. Ага оро-пара «Манастын» 1000 жылдыгын белгилегени турабыз. Мурда бул экөө тең бизге көктөгү куттуу тилек эмес беле. Бул өзүнчө бир кудуреттүү — дал келүү. Жакшылыктын жышааны. Буйруса, келечек жакшы болот. Ага бардык тарабынан татыктуу болушубуз керек.

— Соңку ирет «Манастын» 1000 жылдыгын өткөрүү жөнүндөгү демилгени 80-жылдарда Сиз кайрадан козгоп, көтөрүп чыктыңыз. Чыгаан азаматтарыбыз, аксакалдарыбыз колдоп беришкенин билебиз. Андан бери да ушу багытта аскар-тоодой залкар иш аракеттерди жүргүзүп келесиз. Мааракени дүйнөлүк деңгээлде өткөрүү маселесине да Сиздин таасириңиз чоң болду деп угабыз. Сөз чынынан бузулбайт эмеспи. Учкай болсо да чечмелеп айтып, таржымалдап берсеңиз? Калың эл билип калсын, жумурай-журтка жетсин, Чыке.

— Болуптур, сурап калдың, кыскача айтса айтып берейин, баатыр. Өз кезегинде биздин муун да тарыхыбыздагы рух дөөлөтүбүздүн, улуу эпостун алдындагы жоопкерчилигин туюп, улам бир оңтойлуу учурун күтүп, бул омоктуу маселени көтөрүп чыгууга ыкыс берип турду, алгач «Манастын» вариантарын жаздырып, чогултууга, китеп кылып чыгарууга, театрларга койдуруп, кино тарттырууга камкордук көрө баштадык. Бул аракет бир кыйла жемиштүү жүрдү. Эл арасы алтын бешик эмеспи. Көрөңгө дарамети күч кудуреттүү, не бир таланттуу адамдарга кездештик. Манасчыларга, алар тербеген дүйнөгө таң бердик. Багым бар экен

Саякбай Каралаевди көрүп-билип, иштешип калдым. 1968-жылы Саякбай Каралаевдин варианты китеп болуп чыккан, мен редактор болгом. Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген» деген макаламды ЮНЕСКО үчүн жазганмын. «Манасты» дүйнөгө таанытуу үчүн ЮНЕСКОго чыгып, ушул Эл Аралык кадыр-баркы чоң уюм аркылуу аракет кыла баштаганбыз. Ошондо «Манас» жөнүндө ЮНЕСКОго алгач кабар жеткен. Францияга барганымда ЮНЕСКОнун жетекчилигине, анда иштегендерге, «Манастын» залкарлыгын, анын дүйнөлүк маанисин түшүндүрүүгө аракет кылдым. Дүйнөнүн глобалдык тагдырын, проблемаларын чече турган Эл аралык бул уюм бара-бара «Манаска» олуттуу көңүл бура турган болду.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгын Эл аралык деңгээлде өткөрүү маселеси менен ЮНЕСКОго кайрылып, макулдук алдык. Эпос мааниси жөнүндө өз убагында түшүндүргөнүбүздүн таасири жакшы болду. ЮНЕСКОнун Генералдык директору Федерико Майор бизге жакшы санаалаш, жакын адам. Көп жылдан бери бири-бирибизди жакшы түшүнүшүп, ынак болуп калганбыз. «Манастын» 1000 жылдыгын дүйнөлүк деңгээлде өткөрүү маселесин чечүүдө азаматтык кылды. Бул үчүн ага кыргыз элинин атынан миң мертебе ырахмат айтабыз. Эң башкысы эл үчүн элдин куттуу көрөңгөсү, келечек үчүн иштеп жатканыбызга сыймыктанабыз. Өмүрүбүздүн Ата Мекенге, тууган элге арналып жатканына каниеттенип, миң мертебе шүгүрчүлүк келтиребиз. Келечек муундарды, урпактардын бүт баарын, эли-журтум, тууган жерим деп, жалпы адамзаттык талам-дар үчүн иштеп, өмүр сүрүүгө, ысык ымалага келип, өз ара ынтымакта болууга, дегиси, бардык эл менен тил табышып, достукта жашоого чакырабыз!

— Көбүнесе чыгармаларыңыздын бүткүл өзөгүндө Манас руху өзгөчө бир кудуреттүү күч экени айгинеленип, бүткүл планеталык глобалдык проблемалардын чегинде жанып, көк теңир менен байланышка чыгып турат. «Манаска» да түздөн түз кайрылып, Манасчы жөнүндө чыгарма жазууга ниеттенип, башталышын элге тартуулап койгонуңузду билебиз. Буйруса, эзелки эл тилеги көктөн кут түшкөндөй кабыл болуп турат. Бул өзү Манас рухун дүйнөгө даңазалаган зор салтанат. Чыке, ушул куттуу кезеңге, улуу ооматка чыгармачылыгымда өзгөчө бир күч менен кайрылсам деп ойлойсузбу?

— Албетте, ушундай жакшы тилекте ойлонуп жүргөн жагдайларым бар. Кези келип, сааты чыкса, буйруса, жазылып да калар. Аны мезгил көрсөтөр. Демек, аалам таң калтырган керемет рухка жаңыча бир аңыттан кайрыла турган ооматту да, эң бир жооптуу да учур келди. «Манас» дүйнө кезип, бүткүл аалам боюнча тарап кеткен улуу рух. Ага байланыштуу шаарлар, жер-суу аттары, эстеликтер, деги ушу керемет жөнүндө эске салган нерселер жер

шарынын, дүйнөнүн бардык тарабынан кездешет. Бул тегин жеринен эмес. Туңгуюк, ыйык сыры бар бир керемет! Мына ушунун өзү бүткүл планетардык глобалдык ойду камтып турат. Жер үстүндө цивилизация кечээ, бүгүн гана жарала калбаганын айгинелеп турган керемет да, таңкаларлык да далил эмеспи. Манас рухунун дүйнөгө күн нурундай чачырап турганынын да керемет сыры бар. Манасчы да бул өнөргө жөн эле жеринен эгедер болуп калбайт. Өзүнчө сыйкыры, сыры бар. Аалам кубулуштары менен байланышка чыгып турган өзгөчө касиет. Ал эми манасчылык өнөрдүн өңгө элде жок, бизде гана бар экенине эбегейсиз керемет колдоп, укумдан-тукумга уланып келе жатканына биздин элдин генийи гана эмес, көк теңир сүйүп кут кылган тагдыры! Байыркы заманда эле илим-билим укмуштуудай өнүгүп, керемет окуулар болгонун заман туңгуюгунан, азыркы аалам кубулуштарынан жана башка маалымат булактарынан угуп-билип жүрбөйбүзбү. Байыркы заманда эле Манас окуусу, Манас эли болгону биздин бир кездеги эбегейсиз цивилизациябыздын көрүнөө далили, ааламдын жандырмагы толук табыла элек керемет табышмагы эмеспи. Дүйнөлүк таанымга ээ болгон «Манастын» ар кандай тармактары көп. Алар/ жалпы адамзаттык кызыкчылык таламдары бүткүл планетардык проблемалар менен коштолуп турат. Эң негизгиси, «Манас» бүткүл жан дүйнө туюмубузда, турмушубузда табигый түрдө келип чыккан кереметтүү кубулуш, доор каттамдарындагы табигый агым! Анын дээрлик баарында бүткүл өсүп-өнүгүшү гуманизм идеяларына бөлөнүп турат. Ушуну менен да «Манас» бүткүл адамзаттын тынчтык, ынтымак жөнүндөгү аруу ой-тилектерин, мүдөө-талаптарын өз боюна сиңирип, келечекке куттуу жол көрсөтүп турган улуу касиет.

«Манас» аркылуу биз көк теңир менен байланышка чыгып тургандайбыз. «Манастын» өзүнчө сыйкыр, сыры бар деп айтып жүрбөйбүзбү. Муну биз манасчылардын теңир берген касиетинен гана билип калып жүрөбүз. Бул чети гана. Манасчы бүтүндөй эл тарыхы, доор өзгөрүштөрү, трагедиясы, күнү тууп кайра жаралуу кезеңдери жөнүндөгү маалымат даректерди кайдан алат? Мунун баары тегин жерден эмес. Сен туура суроо бердиң. Көк теңир менен (космос) байланышы бар. «Манастын» ушундай ооматтуу кезеңинде бүткүл адамзат энчиси боло турган бир керемет чыгарма жаралышы керек. Аны убагында көрөөрбүз, мезгил сынчы болоор.

Баарын бул жерде айтып олтуруу, сыйдыруу мүмкүн эмес, сөз оголе көп. Оңуту келсе улуттук руханий дөөлөтүбүздүн жаңылануу, жогорулоо мезгили «Манастын» ооматтуу кезеңи жөнүндө куттуу сөз сапарын чалып, шаңшый берээр.

— Чын пейлиңизден аңгеме куруп бергениңиз, куттуу ойтилектериңиз үчүн чоң ырахмат, Чыке!

— Сага рахмат! Ар дайым Манас атабыздын арбагы колдоп жүрсүн!

ТОЙЧУБЕК КАСЫМОВ:

«... Эгемендүү мамлекетибиздин өнүгүшүнүн азыркы жаңы тарыхый этабында «Манас» эпосу кыргыз улутунун биримдигинин жана рухий кайра жаралуусунун, анын маданиятынын, улуттук ар намысынын жана аң сезиминин символу болуп калды. Ушундан улам «Манас» эпосу жөнүндө сөз болгондо, чачыранды кыргыз элин баш коштуруп, аны эл кылган, журт кылган улуу инсан — Манас Атабыз эске келет. Демек, миң жылдык Манас Атабыздын да улуу мааракеси катары туюлат».

УЛУТ ДӨӨЛӨТҮНҮН СЫЙМЫГЫ

Талас жергесинин тургундары, журтчулугубуздун калайык-калкы чоң сыноонун алдында турушат. Бул сыноо — үстүбүздөгү жылдын август айында белгиленүүчү кыргыз элинин нечен кылымдарды карытып, өткөн бай тарыхын, маданиятын, үрп-адатын, каада-салтын, баатырдык эрдигин, акылман-көрөгөчтүгүн, кеңпейил берешендигин камтыган замандын залкар энциклопедиясы — «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракеси! Ушундай кырдаалдан улам, дүйнөлүк коомчулук тарабынан колдоого алынып отурган улуу азем-салтанатка карата көрүлүп жаткан даярдык иштер туурасында Талас облусунун мамлекеттик бийлигинин башчысы; «Манас» эпосунун мааракесине даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча облустук уюштуруу комитетинин төрагасы Тойчубек Касымовдун маеги окурмандардын назарында.

— Тойчубек Касымович, маегиңиздин алдында, улуу «Манас» дастаны жана анын алдыда өткөрүлө турган даңазалуу мааракеси туурасында сөз баштасак...

— Эгемендүү мамлекетибиздин өнүгүшүнүн азыркы жаңы тарыхый этебанды «Манас» эпосу кыргыз улутунун биримдигинин жана рухий кайра жаралуусунун, анын маданиятынын, улуттук ар-намысынын жана аң-сезиминин символу болуп калды.

Ушундан улам улуу «Манас» эпосу жөнүндө сөз болгондо, чачыранды кыргыз элин баш коштуруп, аны эл кылган, журт кылган улуу инсан — Манас атабыз эске келет. Демек, бул 1000 жылдык Манас атабыздын да улуу мааракеси катары туюлат.

Кыргыз эпосунун дүйнөлүк деңгээлде ушул учурда таанылып, жаңырып олтурушу бекеринен эмес. Миң жылдарды кучагына камтыган карт тарыхтын «эпкининен» караганда деле, бул окуянын

Талас облусунун губернатору Тойчубек Касымов.

Улуу тойдун ачылыш аземи.

Бул күнкү жыйында «Манас» үндөөсүн кабыл алышып, кыргыз журтчулугуна жарыя кылышты. Үндөөнү эмгек ардагери, Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Турдакун Усубалиев окуп берди.

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ:

Бүгүн сиздер менен тарыхта калган улуу Кароол чокунун алдында, Манас атанын ыйык күмбөзүнүн мандайында, ушундай чоң жыйында, алдын-ала бир олуттуу маселе туурасында кеңешип-кесип, акыл калчап сүйлөшүп алалы деп отурабыз. Ал касиеттүү Манас атабыздын алдында өткөрүлө турган чоң мааракe-тою. Аны өткөрүү бүгүнкү биздин муундун тагдырына туш келип олтурат. Кылымда бир келүүчү мааракe-тоюбуз кандайча өтөт? Ага кандай маани берилет? Ал мааракe-тойдун кыргыз журтчулугуна калтырган маани-маңызы кандай?

Мындай зор руханий дүңүйө-мүлккө ээ болгон Кыргыз калкы кылымда бир келген улуу салтанатты кандайча өткөрөт болду экен деп, чет өлкөлүк коомчулук да көз кырын салып турган чакта, Манас атабыздын мааракe-тоюн жогорку деңгээлде өткөрүү — биздин, Кыргыз журтчулугунун алдындагы зор милдеттерден болуп калды. Ушундан улам бүгүнкү жыйыныбыз дагы бир мерчемдүү максатты көздөйт. Аны да айта кетким бар. Ал, биз азыр сөз кылып олтурган чоң тойду уюшкандыкта, ынтымак-ырашкерлик менен жогорку деңгээлде өткөрүү максатында, биз Кыргыз журтчулугуна Манас үндөөсүн кабыл алмакпыз.

ӨМҮРБЕК БАЙГЕЛДИЕВ:

Кымбаттуу, кыргыз боордошторум! Манастын мааракe-тою тойлордун ичиндеги улуу тойлордон болоору кадиксиз. Бул той, менин

баамдоомдо, кулак угуп, көз көрбөгөндөй той болооруна күмөндөрчүлүк кылбайбыз!

Азыр эле, урматтуу Аскар Акаев айтып өткөндөй, бизге, биздин өргөө конушубузга жайлуу жер бөлүп бериңиздер деп айткым келет, ага жарык киргизип, жай алгандай бололу. Биз өзүнчө айыл болуп көчүп келебиз. Биз ак боз үйдү тигебиз, кыркаарын келтире казан асып, түтүн булатабыз.

Сиздер улуу тойго деп тапталган күлүктөргө канча байге коёсуздар, анын да тиешелүү ченемин биз «тиги-бу» — деп сөз кылбастан көтөрөбүз.

Ата-бабадан калган бир кеп бар. Улуу Уулу туруп атасына: «Тиги улуу жүздүн чоң тоюна барасызбы?» — деп кеп салган экен.

Анда атасы туруп: «Мен ал тойго эмнеге барбаймын. Мен мындан жаман күнүмдө да тайга минип тойго барганмын, азыр кудайга шүгүр, алдымда атым бар, ал тойго буюрса мен барбасам ким барат», — деген тура. Анын сыңарындай айкөл Манас атабыз баатыр болсо, ал өзүнүн эли-жерин коргоо үчүн өмүрүн кыйган болсо, андай инсандын ысымы менен миң жылдарды карытып, унутулбай муундан-муунга өтүп келген болсо, андай кыдыр даарыган касиеттүү адамдын мааракe-тоюн өткөрбөскө болобу? Ага эч кимдин дити барбайт! Казак боордошторунардын ага чоң ишеними артылат. Ал улуу тойго өз деңгээлинде өтөрүнө да зор ишеним артылат.

АСКАР АКАЕВ:

Кымбаттуу агайын-туугандар!

Урматтуу аксакалдар!

Улуу Манас эпосунун мааракe — тоюн өткөрүүгө мындан мурда да бир катар жылдар аракеттер жасалган экен. Тилекке каршы, ар кандай себептер менен жүзөгө ашпай, элибизди бушайман кылып келди. Кудайдын буйругу менен быйыл — 1995-жылы, буюрса элибиздин ак тилеги жүзөгө ашканы турат.

Улуу Манас атабыздын мааракe-тоюн башка чоң той-мааракелерден өзгөчө өткөзсөк деген ой-пикир бар элибиздин ичинде. «... Ала Тоодой эт, ала көлдөй чык» — деген сөздүн тегерегинен алыс болуп, бул жерде ой-максатты бийик тутсак деген ниеттебиз. Анткени, муну бүткүл дүйнө эли карап, көз салып турат. Ошондуктан, биздин негизги максат — быйыл ошол кылымдар бою, миң жылдар бою, калыптанган кыргыз элибиздин бай, соолгус булагынын рухий көрөңгөсүн ачып, Манастай баа жеткис дастаныбызды биринчи иретте өз элибизге китеп аркылуу, ыр аркылуу, кино аркылуу терендете тааныштырып, тартуулап, анан бүткүл дүйнө элине жеткирип, ошол чоң ишти кайра жандандырып, анын маани-маңызын, улуттук мамлекеттүүлүктү куруп жаткан өткөөл

Кыргыз, казак президенттери А. Акаев менен Н. Назарбаев.

мезгилде, элибизге кайтарып берсек, анда биз абдан зор иш жасаган болоор элек.

Улуу эпосубузда жазылып, ата-бабабыздын кеп кылган, бүгүн **заманыбызга зарыл тарткан үч осуятына токтоло кетким бар.**

Бүгүнкү өткөөл заманда эң зарыл болуп турган нерселер, ал биринчиден — өлкөбүздөгү тынчтык маселеси, экинчиден — коомдогу саясий туруктуулук, үчүнчүдөн — жалпы элибиздин биримдиги. Мына ушул үч нерсе болбосо, биз анда улуттук мамлекеттүүлүгүбүздү чындай да, элибизге жакшы турмуш алып келүүгө жетише да албайбыз.

Манас доорунда деле, эпосто жазылгандай, элди бөлүп-жарып келген Абыке, Көбөшкө окшогон адамдар болгон экен. Андай адамдар бир тыйынга арзыбаган начар түшүнүгү менен сокур намыска жеңдирип, элин бөлүп-жарып, талоондуу турмушка кириптер кылышкандыгын жакшы билесиздер.

Бүгүнкү заманда деле ушундай наадан саясатчылар арабызда жок эмес. Мына ошолордун азгырыгына жетеленбей, ошолордун сөзүнө кирбей, биз ушул Манастын миң жылдыгын өткөзүп жатып, элибиз ошол тарыхый эпосубуздан, ата-бабабыздан калган осуяттарды пир тутуп, журтчулугубуздагы тынчтыкты, биримдикти, ынтымакты көзүбүздүн карегиндей сактасак.

Экинчиден, эпосубузда улуттар аралык мамилелерге да зор маани берилгендигин баса белгилеп айта кетким келет. Манас атабыз кыргыз элин гана биримдикке баш коштуруп келгенге жетишпестен, канатташ элдердин да башын кошуп, ошолордун мүдөөсүн, ошолордун кызыкчылыгын көздөп, канат алдында сактап келген. Ал жалпы түрк элдерине бейпил турмуш куруп берүүнү көздөп, эрдик-жоокерчилигин көргөзүп келген. Ошондуктан Манас кыргыз элине гана эмес, жалпы түрк элине таандык. Манас атабыз заманында айкөл-кеменгерлигин көргөзүп, душман элинен адилеттик, калыстык издеп келген Алмамбет баатырды өзүнүн эмгектешдосу катары, бир тууганы катары кабыл алып, бооруна тарткан. Биз да көп улуттуу элбиз. Биз дагы Манас атабыздын осуятын бийик тутуп, аларды аралжылатпай боорубузга тартып, бир тууганчылык мамиле жасасак. Биз ошондой эле канатташ элдер менен Манас атабыз кандай мамиледе болсо, биз дагы ошондой мамиле түзүүгө аракет жасап келе жатабыз.

Ушундай бир тууганчылык мамилени бекемдөө максатын көздөп, Улуу мааракеге Түрк мамлекеттеринин жетекчилерин чакырдык эле, алар биз да ошол Ала-Тоого баралы, Манас мекендеген жерге сыйынып кайталы, анан ошол түрк элдеринин ынтымагын, достугун, кызматташтыгын дагы бекемдейли деген баалуу ой-пикирлерин айтышууда. Үчүнчүдөн, Манастагы эң негизги бир идея — бул кыргыз элибиздин миңдеген жылдар бою эңсеп келген мүдөө-максатыбыз көз карандысыз эркин эл болсок экен, улуттук

мамлекеттүүлүгүбүз болсо экен деген арман-тилеги болгон. Мына ушундай элибиздин көп жылдары эңсеген мүдөө-тилеги да кудайдын буйругу менен ишке ашып, мына төртүнчү жылга кадам койду. Кыргызстан өз алдынча көз карандысыз мамлекет болуп олтурабыз. Буга да кудайга шүгүр деп, ниет бурушубуз абзел. Буга дагы ошол Манас атабыздын көөнөрбөс касиети, осуяттары аркылуу, арбагы колдоп жетиштикпи деп ой кылышат элибизде. Бул туура болуш керек.

Улуттук мамлекетибиз эми гана каз-каз бутуна турууда. Мына ушуну чындоодо баарыбыз бир адамдай болуп, «бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып» дегендей биримдикте болуп, аны көз карегиндей сактап, бүт күчүбүздү, талантыбызды, эмгегибизди Улуттук мамлекеттүүлүгүбүздү калыптандырууга жумшап, анын аркасында экономикабызды көтөрүп, республикабызды өсүп-өнүккөн мамлекеттердин деңгээлине жеткирсек деген максатыбыз бар.

Ушул айтылгандардан улам, Чыңгыз Төрөкуловичтин сөзүнө мен да кошулуп кетким келет. Анткени, бул мазарлуу ыйык жайдан Манас атабыздын улуу мааракесине арнап жумурай журтчулугубузга Манас үндөөсүн жарыя кылганы олтурабыз.

Кыскасы: айкөл Манас атабыздын Улуу мааракесин дүйнөлүк коомчулуктун алдында ар-намыстуулук менен, ынтымак-ырыскерлик менен жогорку деңгээлде өткөрүп, өзүбүздүн эгемендүүлүгүбүздү, өз алдынча Улуу журт экендигибизди даңазаласак деген бүтүмдүү ой-максатка келебиз.

МАНАС ҮНДӨӨСҮ

Кымбаттуу мекендештер! Кыргызстандыктар!

Биз быйыл өзгөчө маанилүү жылды баштан өткөрүп жаткан кезибиз. Кылымдар тогошоор алдында байыркы кыргыз эли Ала-Тоо жергесин мекендеген жалпы калайык-калк жана эл аралык коомчулук менен бирге айкөл «Манас» эпосунун миң жылдыгын белгилеш үчүн кам көрүүдө.

Манастын мааракеси калкыбыз үчүн ары ыйык, ары элибиздин тагдырына, рухий дүйнөсүнө жана улуттук ар-намысына байланышкан терең сырдуу орошон окуя. Кылымдар кыйырын арыткан теңдешсиз эпосто элибиздин эки миң жылдан ашуун мезгилди карыткан тарыхый тажрыйбасы камтылган.

Тарыхтын тайгак кечүү, тар жолдорунда калкыбыз кай себептен чачырап, бөлүнүп-жарылып калган? Кандай азап-тозоктор менен кайра баш кошуп, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап келген? Өз тагдырына өзү ээ болуп, уюткулуу журтка айланыш үчүн бүгүнкү күндө да эң оболу эмнеден сактанып, эмнени эске алышыбыз зарыл?

Манастын өзөгүн түзгөн ушул улуттук арман азыркы муундарга улуттук идея катары келип жетти.

«Манастан» ала турган биринчи сабагыбыз — өз биримдигин, арнамысын жана мээнеткеч күч-кайратын бийик тутпаган эл эч качан эл болуп жарыбайт. Даанышман Бакай бабабыздын кылымдар түпкүрүнөн үн каткан «Байкагыла балдарым, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк эл көзүн артпасын» деген осуяты бүгүнкү күндө дал ушул биз үчүн айтылып аткандай угулат.

Манастын улуулугу анын «кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип», башка калктардын ак ниет инсандарын бир туугандай ардактап, өз элинин колун узарта билген айкөлдүгүндө. Бу жагынан Манас менен Алмамбеттин мамилеси биз үчүн көөнөргүс нуска. Тагдырдын жазымышы менен жергебизди мекендеген ар элдин өкүлдөрүн дагы өз боорубузга тартып, аларды өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айландырып, канат-бутагыбызды өстүрүп алуу, Манастын осуятына ылайык, азыр да биз үчүн парз.

Ушул бүгүнкү күндө да элибиздин демократиялык жол менен өсүп-өнүгүүсүнө тоскоол болуп, эл ичин уруу-урууга, жер-жерге бөлүп, улут аралык ынтымакка доо кетирип, турмушту ого бетер тата-алдандырып жаткандарды айтпай коюуга болбойт. Бул улуттун таламына зыян келтирүүчү терс көрүнүш.

Ушунун баарын эске алып, Манастын миң жылдыгы элибиздин зоболосун көтөрүп, улуттук сыймыгын жана жашоо кудуретин арттырып, демине дем кошуп, алга үндөгөн касиеттүү күч болсо экен деген улуу ишенич жана тилек менен калайык-журтубузга кайрылып айтарыбыз бул: биз, Кыргызстандын элдери, Манас атабыздын урпактары, өлкөбүздүн татыктуу келечеги үчүн бейпилдиктин, ынтымактын жана үзүрлүү кызматташуунун улуу максатын көздөп, ак ниеттен колдон келишинче аракеттенели. «Алакандай кыргызды камчыга ченеп бөлгөндөрдүн» жетегинде калбай, «Манастын» ачуу сабактарын эсибизде бекем сактап, эгемендүү өлкөбүздүн биримдигин ыйык да, бийик да туталы.

Манас атабыздын арбагы астында баарыбыз тең арууланып агарып, өткөн-кеткен таарынычтарды кең пейилдик менен кечиришип, Ата Журтубуз үчүн бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, ак дилден аянбай кызмат кылалы.

А. АКАЕВ — Кыргыз Республикасынын Президенти.

А. ЖУМАГУЛОВ — «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча Улуттук уюштуруу комитетинин төрагасы.

Ж. ИБРАИМОВ — Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик катчы.

О. ИБРАИМОВ	— Кыргыз Республикасынын Вице-премьер-министри
Ч. АЙТМАТОВ	— Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты.
А. МАТУБРАИМОВ	— Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасы.
Д. ҮСӨНОВ	— Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасынын орун басары.
К. КЕНЕНБАЕВА	— Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын саясий жана социалдык проблемаларды анализдөө бөлүмүнүн башчысы.
К. ИСАКОВ	— Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык-маданий чөйрөсүнүн башчысы.
Т. КОЙЧИЕВ	— Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти.
Т. КАСЫМОВ	—Талас областтык мамлекеттик акимчилигинин башчысы.
Ш. ШАРШЕЕВ	— Кыргыз Республикасынын «Манас-1000» мамлекеттик дирекциясынын генералдык директору.
А. АСАНКАНОВ	— «Мурас» долбоорунун генералдык директору.
Б. ЖАКИЕВ	— «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча мамлекеттик дирекциянын көркөм жетекчиси.
Ж. ЧЫНАЕВ	— «Манас күмбөзү» иштиктүү долбоорунун генералдык директору.
А. ТОКТОСАРТОВ	— «Манас айылы» иштиктүү долбоорунун генералдык директору.
Т. УСУБАЛИЕВ	— Эл өкүлдөр жыйынын депутаты.
Т. КОШОЕВ	— Эмгек ардагери.
С. БЕГАЛИЕВ	— Кыргыз элинин ассамблеясынын төрагасы.
М. МАМАКЕЕВ	— Эл өкүлдөр жыйынын депутаты.
Э. АБАКИРОВ	— Кыргыз Республикасынын профсоюзунун Федерациясынын төрагасы.
Б. ОРУЗБАЕВА	— Кыргыз Республикасынын улуттук академиясынын академиги.
К. КАЧКЕЕВ	— Эмгек ардагери
К. МОЛДОБАСАНОВ	— Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
Ж. МАВЛЯНОВ	— Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу.
З. ЖАМАШЕВ	— Эмгек ардагери.
С. ЭРАЛИЕВ	— Кыргыз Республикасынын эл акыны
К. ТАШИЕВ	— Эмгек ардагери.
КИМСАНБАЙ-АЖЫ	— Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын Диний башкармасынын төрагасы.

«БИЗ» МАНАСТЫ ДҮЙНӨГӨ ДАҢАЗАЛАСАК, «МАНАС» КЫРГЫЗДЫ ДҮЙНӨГӨ ТААНЫТАТ

Президенттин Талас жергесине бул жолку келишин эл менен кеңешүү деп атаса болчудай. Анда мамлекет башчысы Манастын Мекенине өкмөт башчысы, бардык областтардын жетекчилерин, миң жылдыктын камылгасына тийиштүү адистерди калайык калк менен маңдай-тескей олтургузуп улуу мааракe камын сыдыргыга салган эле. Кийин, окуянын жүрүшү көрсөткөндөй, бул жолку Президент «Манас» тоюн даярдап өткөрүүнүн чечүүчү этабын белгилеп койгон экен.

Ошол күндөн мааракеге чейин туптуура бир жыл, он ай калган.

Бул ортодо чечүүнү талап кылган эсеп жеткис маселелер жаңы маселе жаратып...

Бирок, миң жылдыктын белгиленген мөөнөтү так сакталары ошондо эле аныk болуп калган.

Анын далили — элдин ынанымы, Президенттин чечимин колдогону болгон.

Толукшуган жайдын ушул күнүнөн алып караганда канча мезгил, замандан бери элибиздин купуя мүдөөсү болуп сезимибизди дүрбөтүп келаткан «Манас» эпосунун алтын тоюн өткөрө турган күнгө туура бир жыл 10 күн калыптыр. Толгон токой мүшкүлдүү күндөрдүн дарамети менен алганда он күнүн кошпогондо калган бир жыл эртең эле четинен кемий баштайт эмеспи. Ал эми салтанатка карата бүткөрүлө турган түмөн-түгөл иштер али арбын. Өтө эле арбын десе да болот. Башкасын айтпаганда деле, «Манас» музей комплексине кирген (1995-жылга карата бүткөрүлө турганы) курулуштардын жүрүшү көпчүлүктү түйшөлтүп турду...

Дал ушундай шартта мамлекет башчысынын абал менен жеринде таанышып, иштин жүрүшүн өзү кыдырып көрүп, эл менен кеңешип, миң калчап, бир бүтүмгө келүү үчүн келип турганы башталган иштин канчалык даражада жооптуу экенин далилдеп тургансыйт.

Жакшынакай салт болуп калгандай Президент Манас Атабыздын күмбөзүнө кайрылып таазим этип, арбактарга куран түшүртүп, бата кылган соң музейдин имаратынын курулушу менен тааны-

шып, ички жасалгасы, экспонаттар, алардын тематикалары, имараттын кышкысын жылытылышы туурасында кызыкты.

Андан соң болочокто он эки канат кан өргөө коно турган жайга кыркалата коюлган Манас-музей комплексинин макети, миң жылдыкка карата чыгарыла турган улуттук кийим кечек, эмблема, сувенилердин айрым үлгүлөрү, долбоорлор жана диаграммалар, видеотасма ж. б. кызыгуу менен таанышып, ой-пикир алмашты. Мамлекет башчысы негизинен бул багыттагы жүргүзүлүп жаткан иштердин ыргагына жана сапатына ыраазы экенин жашырган жок.

Андан соң Таш-Арык айылынын маданият үйүндө президент менен кошо жүрүшкөн өкмөт башчысы, алты область, Бишкек шаарынын мамлекеттик бийликтеринин башчылары, «Манас-1000» ишкер долбоорлорунун жетекчилери, адистер катышкан Талас областынын коомчулугунун чоң жыйыны болду.

Борбордук Азия чөлкөмүн эзелтен жердеген канча бир элдердин ичинен өзүнүн мамлекеттүүлүгүн сактап, доор кечирген далай сынактарда улут катары сакталып гана тим болбостон, дүйнөлүк маданияттагы теңдешсиз салым катары бааланган эбегейсиз «Манас» эпосун жараткан кыргыз элинин тарыхы ушул улуу чыгарма экенин белгилеп, А. Акаев эпостун биздин келечек жашоотурмушубуздагы орду маанисине токтолду.

—Мындан жыйырма эки кылым мурдагы тарыхта белгилүү болгон кыргыздар темир, алтын иштетип, маданияты, улуттук мамлекеттүүлүгү болгон. Кыргыз элинин меймандостугу, сабырдуулугу, душманга келгенде кайраттуулугу, каармандыгы айгине. Тарыхчылар Манас тарыхый инсан экенин далилдешет. Буга шек саноого негиз жок.

Экинчиден, кыргыз эли маданияттуу эл, мунусу дүйнөлүк маданият коруна кошкон салымы менен мүнөздөлөт. Дүйнөдө теңдешсиз «Манас» эпосунун кыргыз элинин гана улуттук рухунун эмес, дүйнөлүк рухтун туу чокусу катары бааланышына жетишүүнүн мааниси ушунда. Бизге дем, кайрат, рухий байлык берген соолубас булагыбыз болгон «Манас» эпосун мындан ары да, эгемендүү мамлекет болгонубузда урпактарга тарбия көрөңгөсү катары ачып берсек жакшы болмок. Келечекте, кырсыктан тышкары, экономикабыз өнүгүп, тынчтык өкүм сүрсө «Манас» эпосунун мааниси ого бетер арта берет. Ал — ынтымак, элдердин ортосундагы бейкуттук, алакага негиз болуп, боордош кыргыз, казак, өзбек болуп, үч элди баш коштурган салтанат катары 2000-жылга чейин уланса, «Манасты» бүткүл дүйнөгө таанытсак, «Манас» аркылуу кыргыз элин дүйнө таанымак.

Биздин дагы бир демөөрүбүз — демократиябыз. Эмне үчүн кыргыздарда демократия жолуна бат өтүп кетишти десе элибизде эзелтен демократия салттары эпостон көрүнүп турат. Эгер биз ошол көрөңгөлүү салттарыбызды улантып, «Манас» салтанатын

жогорку деңгээлде өткөрүп алсак, дүйнөгө таанытсак, дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн буруп, маани бердирсек, туризм өнүгүп, улуу «Жибек Жолу» экспедициялары уюшулуп эпостогу окуяларга байланышкан керемет жерлерибизге келгендер көбөймөк. Азыр эле дүйнөнүн чар тарабынан кызыгуулар зор болуп жатат.

Бул убакка чейин дүйнөлүк адабияттын эпикалык залкар чыгармалары катары бааланып келаткан кадимки «Илиада», «Одиссея», «Шах Нааме» ж. б. «Манас» көлөмү жагынан да (жогорудагы эпосторду бирге алганда 29 эсе арбын), эң башкысы — баш каармандын, эпостогу окуялардын тарыхый чындык экени менен айырмаланары жөнүндө айтып, Президент эпостун биздин доорго чейин жеткен вариантарынын көркөмдүгүнө баа берди.

— Биз «Манасты» дүйнөгө даңазаласак, «Манас» бизди дүйнөгө таанытат» — деди А. Акаев. Ошондуктан, биз «Манас» таануууну дал өзүбүздөн баштасак. Себеби, эпос жөнүндө барыбыз эле укканыбыз менен «Манасты» терең үйрөнүп, окуп чыккандар али өтө аз экенин изилдөөчүлөр аныктап жатат.

Кеңешме жыйында «Манас-1000» дирекциясынын генералдык директору Ш. Шаршеев жалпы эле «Манас-1000» салтанатына даярдык жөнүндө кеңири, конкреттүү баян курду.

Ушул эле маселе боюнча «Манас күмбөзү» ишкер долбоорунун генералдык директору Ж. Чынаев ж. б. дыкат маалымат беришип, аткарылуучу иштерди жүзөгө кандайча ашыруу жөнүндөгү сунуштарын, ой-пикирлерин ортого салышты.

Жыйындын катышуучуларына мурда партиялык кызматтарды аркалап жүргөн ардагер карыя Б. Молдокуловдун сөзү зор таасир калтырды. Турмуштун оор-жеңилин башынан далай кечирип, адамкерчилик, ынтымак, жоопкерчиликти туу тутуп, алардын эбегейсиз кубаты барына ынанган бул адам кимди да болсо ойго салар нуска сөз айтты.

— «Манас» эпосунун миң жылдыгы — биздин бет ачаарыбыз, — деди Бейшенбек аксакал. Салтанатты кантип даярдап, кандай өткөрөбүз. Ошого жараша баа алабыз. Мында биримдикти чындап гана ийгилик болот. Кыргызстан, кыргыз эли бир бүтүндүк. Аны түндүк, түштүк деп бөлүп кароого мүмкүн эмес. Эзелтен алты дубан эл болуп келгенбиз. Алты дубан, ордо шаарыбыз Бишкек менен жанып турган жети жылдыз. Жети деген касиеттүү сан. Биримдикти арка тутсак, намысыбызды алдырбай, абийир-сыйга ээ болорубузга ишенем.

Калыс сүйлөп, нарк, жоосун күтүп илгерки Бакай атабызча ортобузду бириктирип көөн агартар кебин айткан карыяны Президент да колдоп, мындай сөздөн кийин талкууланган маселеден жыйынтык чыгаруу керек деди.

Маселени калыс баалап, адилет чечкен президенттин жыйынтык сөзү көпчүлүктүн колдоосуна ээ болду. Салтанатка арналып

курулуп жаткан жайлардан ордо шаарыбыз Бишкекте, айланасында, Талас жергесиндеги жайгаша турган объектилерине бүтүндөй республика, областтар кам көрүп, биринчи кезектегилери миң жылдыкка карата бүткөрүлө турган болду. Булардын ичинде «Манас» музей комплекси, улуттук сейил бак, мечит, түлөөкана, ат майдан, ал эми Талас шаарындагы Маданият Үйү менен 30 орундуу мейманкананын курулушун бүткөрүүнү өкмөт мойнуна алганы дагы бир табылга болду.

— Эми бул маселе боюнча кеңеше берчү кез өттү, иштөө гана керек. — деген А. Акаевдин сөзү баарыбызды мараанын чеги бүлбүл көрүнүп калган мезгилге багыттап, жаңы дем, шык жаратканда болду.

Ынтымакты туу тутуп, белди бек бууп, аракеттенүүчү кез келди. Түп көтөрүлөлү, Манас Атабыздын касиеттүү арбагы жар болсун, дейли!

Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев, Өкмөт башчысы А. Жумагулов, «Манас-1000» салтанатын даярдап өткөрүү боюнча жооптуу адамдар ошол эле күнү Бишкекке жөнөп кетишти. Аларды Талас областынын мамлекеттик бийлигинин Башчысы Т. Касымов узатты.

УЛУУЛУККА ТААЗИМ

Сөз оролу келгенде белгилей кетчү жагдай, Президентибиз Аскар Акаев кан Талас жергесине түркүн маселени камтыган иш сапары менен мейли жай, мейли кыш келсе да Манас ордого тизгин буруп, касиеттүү жайга таазим кылганынан жазбайт.

Бул келишинде да (1994-жылдын январь айы аяктап калган) мамлекет башчысы миң жылдык камындагы «Манас Ордо» комплексинде болду, калайык калк менен баарлашып, ой бөлүштү.

Ортодо көп маселе талкууланды. Ошондо айтылган ушул сөздөрдү көпчүлүктүн дилин агартып, демөөр жараткан.

— Талас жергесине ат арытып сапар улап чыккан сайын, кандайдыр бир кереметтүү күчкө кабылгандай болом! Жашыргым келбейт. Касиеттүү Манас-атабызды ой жоорутуп, боолготом... Журт башчысы баштан кечирген нечен түркүн окуялар көз алдыдан агылып өткөндөй болот. Анан, кыргыз элин дүйнө калкына даректүү кылган кеменгер-калемгер Чынгыз-ага эске келет. Улуу жазуучунун көөнөрбөс эмгектерине, сыйкырдуу талантына таазим кылам! Ал адам менен бир заманда камыр-жумур тарта эмгектенип жатканыма сыймыктанам!

Менин бала-бакыраларымдын жан-дүйнөсү да касиеттүү Талас жергесинин ыйык топурагы менен жуурулушкан! Мага кереметтүү Талас жергеси, ырыскылуу Талас эли ушул жагынан да кыйла милдеттерди таккандай туюлат!

«Манас» десек — кыргыз журтчулугун билебиз! «Манас» десек биз кыргыз элинин эгемендүү мамлекетке жетишкендигин туюнабыз! Бул улуу тойду дүйнөлүк деңгээлде өткөрүүгө мүмкүнчүлүгүбүз келет. Аны ЮНЕСКО да колдоого алды.

Биздин мамлекеттүүлүктү түптөгөн касиеттүү Манас атабыздын бул мааракесин жакшылап, ачык маанайда, кыргыз журтчулугунун келечектүүлүгүн, анын тарыхый көөнөрбөс салтка, традицияларга ээ экендигин даңазалап өткөзөлү деген чоң тилегибиз бар. Кудай буюрса, ал да кеч эмес.

Айтмакчы, анын негизги аземи Талас жергесинде өтөт деп ой кылам. Анткени, таластыктар буга акылуу. Алардын учурдагы жигердүү даярдыктары да муну тастыктап турат

«УРПАКТАРГА УЯТ БОЛБОЙБУЗ»

Ушул маегинде Тойчубек Касымов той камылгасын түгөл баяндап келип, «Урпактарга уят болбойбуз»,— деп айтканы да ырасталды. Убакыттын калыс экенине, чыныгы аракет, жоопкерчиликтен ийги, анан ага тете ишеним жаралары кошо айгинеленип турат.

А, ошондо, улуу тойго чейин далай күн, далай түйшүк турган эле да...

Кыргыз элинин сыймыгы «Манас» эпосунун Улуу тоюнун босогосуна да келдик. Тарыхый мааниси чоң, орошон окуялуу ушул тойго карата болгон даярдыктардын бүгүнкү абалы кандай? Асыл ойлуу ар бир кыргыздын жүрөк отун ойготкон сурооно облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы Тойчубек Касымов жооп узаткан.

— Тойчубек Касымович, Улуу тойго саналуу гана күндөр калды...

— Ушул сөздү мен күн сайын кайталайм. Намыс, жоопкерчилик, болгондо да дүйнө элинин алдындагы намыс, жоопкерчилик... Урпактардын алдындагы намыс, жоопкерчилик... биринен сала экинчиси көз алдыга тартылат. Жумуш көп. Убакытым да, эмгек күнүм да дал ушул Манас атабыздын Улуу тоюна карата көрүлүп жаткан даярдыкка жумшалууда. Иштеген ишибизди ар бир жума сайын жыйынтыктап...

— «Манас Ордо» ишкер долбоору менен бирдикте да...

— Албетте. Тынымсыз изденип, ийгиликтерине ийгилик улап, ишенимдин эки тизгин бир чылбырын колдоруна алгандар дал ошол азаматтар. Жакшы иштеп жатышат. Бардык маанилүү иштерди иш башында, акыл-кеңеш алмашуу, макулдашуу аркылуу чечебиз.

— Жүрөгүн төшөп, жүзүн толук элге көргөзүп жүз пайыз аракет менен иштеп жатышкандар ошолор экен да?

— Ошолор. Ал эми калгандар, айтайын менин орун басарларым, райондук акимдер, райондук — облустук Кеңештер, алардын жетекчилери, жети багыт менен тээ 92-жылдан бери үзүрдүү иштеп келе жатышкан демилгелүү топтор да жакшы иштеп жатышат.

— Куруучулар жамаатычы?

— Эмгектин казанын кайнаткандардын негизги жүзү ошолор. Бардык курулуш жумуштары толугу менен 1-июлга карата бүткөрүлөт. Өзүңүздөр билесиздер, урматтуу Президентибиз Аскар Акаев убактысынын тардыгына карабастан Манас Ата тоюна көрүлүп жаткан даярдыктарды эки жолу келип көрүп, баалуу кеңеш, жардамдарын берип кетти. Кийинки келишинде аны менен бирге Кыргыз элинин тандалган уулдарынын баары кошо келишип, «Манас Ордосунан» Манас декларациясын кабыл алышты. Бул жөнөкөй эле үндөө эмес, бул тарыхый, дүйнөлүк мааниси бар баалуу документ. Бул документ кыска да, нуска да жазылды. Анда чачылганды жыйнагыла, үзүлгөндү улагыла, ынтымак, достук, биримдикти кудум Манас атабыздай туу туталы деп айтылат. Элибиз үчүн ыйык, рухий дүйнөбүзгө, улуттук ар-намысыбызга терең байланышкан ушул документтин Талас жергесинде көз жарышы — не деген сыймык! Декларациядагы ой-багытты жамы кыргыз журтчулугу колдоп, баалуу ойлор айтылып, иш жүзүнө ашырылып жатат.

— Тойчубек Касымович, айтсаңыз, ошол «Манас Ордонун» түштүк тарабындагы эң негизги таң-тамаша өткөрүлө турган майдандын курулуш иши ала баштала элек го. Булар жөнүндөгү Сиздин оюңуз?

— Ооба, азырынча баштала элек. Жакында башталат. Бул эң чоң, ары жоопкерчиликтүү объектини «Кыргызалтын» мамлекеттик концеринин президенти Дастан Сарыгулов мырза өз жоопкерчилигине алган. Он беш миллиондон ашык сом чыгымдалат. Курулуштун өз убагында, кыска мөөнөттө, жакшы сапатта бүткөрүлөрүнө толук ишенимин.

— Андагы ат майданында чектелген айлампа, чабыла турган күлүктөр үчүн тардык кылбас бекен?

— Адистер тарабынан атайын сызылган долбоор боюнча иш алып барсак, анда тардык кылат. Ошондуктан аткарыла турган иштин ар бир кичинекей чекитине чейин ченеп өлчөп, иш жүзүндө ат чабыла турган айлампанын чек арасын дагы бир азга кеңейттик. Тигил эски ат майданынын айлампасын 1800 метр экен, а бул 2000 метрге жеткирилет. Аттар чабыла турган айлампанын чок ортосуна да 14 айылдын (орточо 60 үй эсеби менен 14 айылдын боз үйлөрү тигилет) эки-үч айылы сыйса деген ойдобуз.

— Болжолу канча боз үй тигилет?

— Жалаң сый-баага татыктуу, көргөндөр ыраазы боло турган боз үйлөрдүн саны 1000ден кемибейт.

— Боз үйлөр даярбы?

— А бир облус 60 тан, ал эми өзүбүздүн облус 630 үй тигет. Мындан тышкары боордоштор да үй тигип келебиз, бизге орун бергиле деп өтүнүп жатышат.

Өзүбүздүн боз үйлөр негизинен даяр. Жакында атайын кароо өткөрүп, кабыл алуу иш чараларын жүзөгө ашырабыз. Жакында үгүт кербени да айыл аралоо алдында турат. Албетте үй куруу, аны жасалгалоо жагынан биз нарындыктар менен көлдүктөрдөн мыктыбыз деп айталбайбыз.

— Улуттук оюндардын даярдыгы жөнүндө да азыноолак...

— Улуттук оюндардын бардык түрлөрү боюнча даярдык кызуу жүрүп жатат. Бирок, алардын баардыгын эки күндүк таң-тамашада көрсөтүп бере албайбыз.

Тандалмалардын тандалмалары, мыктылардын мыктылары сынакка алынат.

— Элди байгелер да кызыктырса керек?

— Кызыктырбай анан... Бизде «Манас руху» фондусу ачылган. Анда урматтуу Президентибиз Аскар Акаев баш байге үчүн өзүнүн менчик «Волгасын» бербеди беле. Апас Жумагуловдун жана өзүмдүн аргымагым турат. Алдыңкы байгелер үчүн автомашина, акча бергендердин, бере тургандардын саны арбын. Айтор, байге берүү жагынан эч убакта уятка калбайбыз.

— Меймандар көп келеби?

— Божомолун айтууга болот. 5550дөй мейман күтөбүз го деп турабыз. Мунун ичинде 15 өлкөнүн официалдуу делегациясы эле 750 адамга жетет. Чет элдик туристтер миңдей болсо, алты облустан турист катары дагы 500дөн адам кошулат.

— Меймандар кандай багыт-жол менен келишет?

— Эки түр, эки жол — багыт менен келишет. Бишкек тараптан а дегенде эле 100 Икарус менен үч миңге жакын адам жолго чыгат. Ал эми ошондон алда канча мурда көч кербендер жолго чыккан болот. Аларын жарымы батыш, жарымы чыгыш тараптан (ашуулар ашып) жол тартып келишет.

— Журналисттер эле...

— Ооба, алгачкы маалыматтар 80 мамлекеттен бирден журналист келет деп аныктоодо. «Жибек Жол» боюнча келе тургандардын азырынча так саны жок. Айтмакчы, ар бир облустан үчтөн калемгерлер чакыртылат.

— Тартип — ирээттүүлүк жөнүндө да айта кетсеңиз?

— Жолдор оңдолот. Өзгөчө Талас шаары «бензин сатуучулардан» арылтылып, Ленин көчөсү баш болгон көчөлөр баштан-аяк жарык менен камсыз кылынат. Байланыш системалары жөнгө салынат. Тартип боюнча ички иштер башкармасынын «40 чоросу» сырттан келген аскердик жардамчылары менен толук колдоруна алышат. Дегеле тартип болбой иш болбойт эмеспи.

— Ар бир облустан тигиле турган боз үйлөрдүн орундары такталдыбы?

— Такталып, бөлүнүп коюлду. Албетте, үйлөрдүн ээлери келген кезде алардын каалоолору боюнча да анча-мынча союш-кыйыш болушу мүмкүн.

— Өз демилгелери менен жекече үй тигип, мал союп, куран окутам, мага орун бергиле дегендер да аз эмес көрүнөт?

— Алар эртерээк кабарлап, эртерээк аракеттенсе, анда той өткөрүлүп жаткан аймактан орун берилет. Кеч камынышса, албетте сыртта калышы ыктымал.

— Мал көп союлуп кетер бекен?

— Ар нерсе мыйзам-ченемдүү болууга тийиш. Ушунча жер дүңгүрөтө той берип, төгөрөктүн төрт бурчунан чакырып жатсак, аларды ачка мейманчыламак белек. Мал союлат, күтүрөгөн күз маалы болгондуктан мөмө-жемиш жетиштүү болот. Кыскасы бардыгы өз ирээти менен мыйзам-ченеминде өтөт. Албетте, кетирилген чыгымдарды жалпы кыргыз эли тең тартарына күмөнүм жок. Меймандос элибиздин патриоттук сезими чоң намыска айланарына ишенем.

— Тойчубек Касымович, ушул Улуу тойдун эл купулуна толгондой өтүшүнө чын дилибизден тилектешпиз.

— Ырахмат. Бир сөз менен айтканда Кудай колдоп, Манас атабыздын арбагы жар болсо, урпактарга уят болбойбуз!

БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ

Кыргыз эл акыны.

УРУУМ ДА КЫРГЫЗ, УЛУТУМ ДА КЫРГЫЗ

...Байдылда — деген булактан.
Баштагыдай ыр аккан .

Заманыбыздын залкар ыр шериги Байдылда Сарногоевдин Айкөл Манас Атабыздын он кылым карыткан касиеттүү маарекесине кошкон «Гүл азыгы» (Кыскартылып алынды).

Кыргыз, кыргыз болгону
Кыргыз атка конгону,
Бийик жерде бир өскөн
Бүркүт менен тоодогу,
Боз үйлөрдө төрөлүп
Боз үй болгон борбору
Кылымдардан белгилүү
Кыйын кезең жолдору
«Кырамын» деп кырылган
«Кум» чайнашкан жоолору.

Кыргыз, кыргыз болгону
Кыргыз атка конгону,
Кыраандыгын көп көргөн
Кытай, калмак, монголу.
Кыз алып, кыз беришип,
Куда түшкөн чоңдору
Чынбы, калпы... Чынгызхан
Жээн окшойт болжолу...
Эр Манастын тушунда
Эл экенбиз ордолуу.

Кыргыз, кыргыз болгону
Кыргыз атка конгону
Канча жерди жай кылып,
Кайда гана болбоду...
Эне сүтү жыттанат
Эне-Сайдын бойлору
Ата жыты жыттанат
Алтай, Саян тоолору
Алтын бешик Ала-Тоо
Ал бактыбыз колдогу!..

...Акын болбойт талантсыз
Молдо болбойт сабатсыз
Соода болбойт санаксыз
Солдат болбойт жараксыз
Калем болбойт кагазсыз
Кайык болбойт калаксыз
Тулпар болбойт туяксыз
Шумкар болбойт канатсыз
Дал ошондой кыргыз да
Даңктуу болбойт Манассыз!
Кулаалыны куш кылып
Таптаган ким болду экен?
Кураманы журт кылып
Барктаган ким болду экен?
Башка элсиң деп бөлөктү
Какпаган ким болду экен?
Эл достугун эң ыйык
Сактаган ким болду экен?
Айкөл, баатыр атагын
Актаган ким болду экен?
Ал бабаң Манас калайык
Манас деп ураан салалык!
Арбагы колдоп, кыргыздар
Ак шумкардай таранып,
Туу кармап, түндүк көтөрдүк
Дүйнөгө кайра жаралып
Баатырдын элдик эрдигин
Акылман, айкөл, кеңдигин,
Ишибиз кетсин илгери
Идея кылып алалык!

Жашасын Марксизм деп
Жай калды шаңдуу олтурчуу
Жашасын Ленинизм деп
Кеп калды ооз толтурчуу
Айкели барат, жок болуп
Ар шаарда бизге кол сунчуу
Экөө тең кетти, эл калды,
Эл менен Манас шер калды.
Маркстин эми ордуна
Манасизм болсунчу!

Өскөн эл дайым салмактап
Өткөнүн барктап эстешет
Өспөс эл жүзү жыл мурдагы
Өчтөрүн ойлоп көктөшөт.

Алты дубан кыргыздын
Абийирин, сактап, төкпөсөк...
Бириксек бир түп чынарбыз
Миң жылдап дагы көктөсөк...
Бөлүнсөк көкжал бөрү эмес
Бөлтүрүк, чөө да жеп кетет.

Түндүкмүн деп элирбей
Түштүкмүн деп көбүрбөй
Ортосунан оң, солдун
Мен чыккам деп сөгүнбөй
Адигине, Тагайдын
Алардан аркы бабамдын
Балдары башсыз дедирбей,
Уруум да кыргыз деп
Улутум да кыргыз деп,
Жүрөлүкчү бөлүнбөй,
Ачуу, таттуу мезгилдер,
Артта калды, мейличи...
Арча бүрүн түтөтүп,
Алас, алас дейличи.
Ар балээден, кырсыктан
Калас, калас дейличи.
Кудай ишти оңдосун,
Манас атам колдосун.
Манас, Манас дейличи,
Урпактарынын ураанын,
Уга берсин жер жүзү!

«ЭЛ БАШЫНА КҮН ТУУСА, ЭЛ ЖАРАТКАН ЭР КЕЛЕТ» ЖАРКЫН ҮМҮТ, ЖАКШЫ ЖЫШААНА

1992-жылдын 26-июнунда Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев кыргыз элинин тарыхындагы эпохалдуу окуянын жаралышына жол ачкан тарыхый Указга кол койгон. Андан бир ай өтүп-өтпөй «Манас — 1000» салтанатын, даярдап, өткөрүүнүн алгачкы аракеттери башталган.

ЖАҢЫРЫК

Тарыхты эл жаратат, эл жаңыртат. Муну Чыңгыз абабыз: «Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат» — деп биротоло аныктап койбодубу. Ошол жаңырык, тээ алмуздактан, кыргыз-кыргыз аталып келгендиги эчен өйдө-төмөндөн, кечээ жакында дагы бир кайталанды. Президент Аскар Акаевдин «Манас» эпосунун

1000 жылдыгын даярдоо жана өткөрүү боюнча жарлыгы алты дубан кыргыз журтунун турмушун жаңы нукка бурду.

Президенттин жарлыгын элге жарыялап, кутман мааракенин сапар тартышын колдоого алып, ак бата алып коюуга кыргыз Өкмөтүнүн вице премьер-министри Абдыганы Эркебаев баштаган министрлер Таласка келишти. Талас дубанынын акими Дастан Сарыгулов жакшы кабар менен келишкен кадырман коноктору эң алды, шаар, аймактарынын акимдери, дубан, мекеме, уюм, ишканалардын жетекчилери менен баарлаштырып, Президенттин Указынын жүзөгө ашырылышы боюнча алгачкы чечимдердин таралышына өбөлгө түздү. Кимге да болсо кайталангыс зор таасир калтырган жарлыкты калайык-калктын назарына сунуштоонун жөрөлгөсүн болжошту.

АК БАТА, ЖЕР ТУРПАТЫ, КЫЯЛ ЧАБЫТЫ

Миң-миңдеген жылды турпатына сыйдырып, эчен сыркаар тагдыр жазмышынын күбөсү болуп келаткан Манас Ата күмбөзүнө жыйынга келген улуу-кичүү дебей табынып, күмбөздүн ирегесиндеги Манас турмушун чагылдырып, күбө болгон эстелик буюм-тайымдарды кызыгып көрүштү. Ачык асман алдындагы бул кайталангыс көргөзмөдөгү «экспонаттар» эпостун көп жеринде айтылат. Ошол кездеги түпкү аталарыбыздын жашоо шартын, тиричилик тасмиясын ачып берүүгө көмөктөшөт. Мында Манастын чакмак ташы, Аккуланын туягы, жүрөгү, ат байлаган мамысы, Чачыкенин бутунун изи түшкөн сом таш ж. б. бар.

Талас аймагынын имамы Бает уулу Сатылган молдо арбактарга арнап куран түшүрдү. Ак батасын берди. Эл мүдөөсү көздөгөн ишти ийгилик жылоолоп жүрүшүн атады.

ЧОҢ ЖЫЙЫН

Толукшуган жайдын ушул күнү күмбөзгө канаатташ алма багынын ичине ак дасторкон кенен жайылып, дүр-дүйүм тамак аш жайнайт. Каатчылык кез да мындайда калтаарып, элдин пейли кадимкидей, беймаралдык өкүм сүргөндөй. Дубандын кутман карылары, шаар, аймак акимдери, ызаат туткан зайыптар укмуш окуяга күбө болушту. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаевдин Указын А. Эркебаев жарыялады жана бул окуяны Кыргыз элинин тарыхындагы эң ыйык күн деп баалады. Айтылган куттук сөз, жүрөгү кыргыз деп соккон кимге да болбосун тиешелүү чыгар.

Дүйнөлүк мааниси эчак таанылган эпосубузду даңазалоо, толуктоо, чогултуу иштери туруктуу мамлекеттик деңгээлде жүр-

гүзүлбөй келген. 1936—37-жылдардагы аракеттерге Улуу Ата Мекендик согуш тоскоол болгон. Кийин, 1946-жылдары «Манас» эпосундагы окуялардын түбү улутчулдук таасири бар делинген жалаага кабылып, аксаган. 5—6 жыл мурда Чынгыз Айтматов баш болуп жаңы демилге баштаган, бирок аракеттин баарын бириктирип турган атайын программа жок эле. Мындай чечим мына эми гана жаралып олтурат.

ЫРЫС АЛДЫ — ЫНТЫМАК

Кыргыз элинин дагы бир касиети — «Кеңешип кескен бармак оорубайт»,— деп турмуштагы орчундуу иштерди чогула калып чечип, жабыла аткарганы. Муну түпкүлүк ата-бабаларыбыз негиздеп кеткен. Жанагы, 18 миң ааламда ушунча мезгил, коогалаң учурда элдигин сактап, тозуп, бириндеп кетпей калганыбыз да ошол себептен. Ар качандан, бир качан, ырыс алды — ынтымак болгон. Заман өткөөл кезди баштан кечирип, ой калчап, толгонуп турганда бир максатты көздөп, биримдикти чыңдоо менен гана «Манас» эпосунун мааракесин өткөрө алабыз. Бекеринен дубан акими Дастан Сарыгулов окуяны тагдыр буюруган сыймык, намыс, жоопкерчилик жана адам бактысы деп атабаса керек. Мааракени татыктуу өткөрүп, дүйнө элдеринин алдында кыргыз улутунун жүзүн ачып: аброюн жерге түшүрбөй сактагандай өткөрүүгө карата айтылган сөздөрдүн нугу, мазмуну ушуну түзгөнү да бекеринен эместир.

Кыргыз Республикасынын эл депутаты, Талас аймагындагы «Каракол» колхозунун башкармасынын төрагасы Камчыбек Бакиров Указдын чыгышын кубаттап, андагы жоболорду колдоп, биримдикти күчөтүү керек экенинен баштады. Манаска дүйнө эли таңсык болгудай даярдык көрсөк, келген коноктор арзыйт. Ошончо адамдарга жалаң күмбөз, музей-корукту көрсөтүп тим болобузбу? Манас баскан-турган жерлери толук музейге алынса. Баатыр баш болуп, Каныкей, Бакай, Кошой, кырк жигити жүргөн жерлер өзүнчө музейлерди түзсө, кеминде 10—15 саякат сейилдөө багыттары жаралмак. Таласта, Кыргызстан боюнча андай жерлер өтө көп. Башкасын коюп, Көк-Сайдагы Манас Анжыянга дүрбү салган чоку, Хан Ордосу, Чүй, Нарын, Көл, түштүктөгү Манастын ысымына байланышкан жерлер адамдардын назарына сунушталып, кызыктыра турган жайларга айланышы керек. Мында элибиздин ынтымагы, биримдиги дагы бекемделерине ишенем. Не дегенде, максатыбыз, мүдөөбүз бир эмеспи...

Конок келет, аларды тосуп, күтүп, узатуу керек. Той кай жерге өтөт, канча үй тигилет, эмитен белгилеп алып, тегерекчетин гүлдөтүп, көк жайык кыла баштаган оң. Ар бир айыл, көчө өзүнчө боз үй көтөрүп, конок күтүүгө даяр турса, кыргыз элинин салт-санаасы,

сөөлөтү калыбына келээр эле. Манасты аздектеп көрсөтсөк, кыргызды кадыр тутуп көргөзөбүз. Айтор, зор камылга болот. Күткөн жан болбойт, колдон келгенди аткарып, тикебизден тик турбасак ойдогудай бүтпөйт. Биз карыялар, өзүбүзчө дагы жолугуп, ким эмнени аткарарын тактап алабыз. Бул ишти бүтүн элибиз колго алса.

Дубан ардагерлери Кеңешинин төрагасы Сыйдалы Жаманкулов пикирди колдоп, буларды кошумчалады. Өкмөт аракеттенүүдө, ал иштеринен көрүнөт, бирок али козголо элек бул окуянын маанисин элге жеткирүүдө турат. Эми ишти арбытып, кадырман аксакалдардын нуска сөзү менен үндөп чыгабыз.

— Бул маселени Мекенибиздин чегинен тышкары жашап жатышкан кыргыздар менен да алдын-ала макулдашсак,— дейт облустук Кеңештин төрагасы Молдобек Ашыралиев.

— Эпоско түмөн элдин өкүлдөрү катышат, казак, кыпчак, айтор, түрк атадан таралган элден көп аралашат. Той жөнүндө алар менен да кеңешип, катыштырганыбыз жөн,— деп сунуштады жакында дубанда атайын ачылган кызмат ээси, Манас изилдөөчү Төрөбек Оторбаев.

— Мен Талас жөнүндө айтсам түгөнбөйт,— дейт «Шумкар-Уя» колхозунун тургуну, санжырачы, убагында мугалим, кызматкер, улуттук оюндар боюнча адис, чебер машыктыруучу Бекназаров Сагынбек карыя,— жана А. Эркебаев айтпадыбы: Манасты — Таластан айрый албайм,— деп. Мааракени Талас көтөрөт. Бирок, бүтүн Кыргызстан көтөрүлбөсө иш кыйын. Уяты баарыбызга тиет. Дүйнө жүзүнөн эл келери бышык. Аларга кыргыздын турпатын, Манаска болгон мамилеси аркылуу көрсөтө алабыз. Элибиздин руханий байлыгы жада калса улуттук оюн-тамашалардан да көрүнсүн. Мисалы, ордо оюну кыргызда гана бар. Манаста ойнолот.

Өмүр бою журналисттик кесипти аркалап, кезинде кан күйгөн согушта мекен чегин коргогон Шаабай Шатманов да толкунданып, сунушун ортого салды. «Манас» эпос эмес, мүлдө журттун атасы. Согушта Манас атам, өзүң колдой көр деп окко каршы көтөрүлчү элек. Миң жылдыгын өткөрүүгө биздин кам көргөнүбүз, дилибизди ойготуп, арбагы колдоп жатканы. Манасты сыйлап, рухун көтөргөнүбүз ушул мааракени өткөргөнүбүздөн көрүнөт.

Кесиптешинин кебин Манас аймак гезитинин редактору Аралбай Аманов улап, колдоп кетти. Элибиздин руханий туу чокусу аталган «Манас» эпосу жөнүндө көп айтылды, айтыла берет. Бул өзүнчө казына. Мезгил канатын керип узарган сайын, ал түшүнүк ого бетер байып, жашай берет. Манас аймагынын калкы Манастын ысымы менен өзгөчө сыймыктанат. Ошого татыктуу болсок, турмуш оор дебей, көөнүбүздү агартсак дешет.

Бакай-Ата аймагындагы Кызыл Октябрь айылдык Кеңешинин төрагасы Алкан Тынысов Манас Атанын арбагында тайынып, анын ысымына арналган бүтүндөй комплексти жүзөгө ашырсак дейт.

Мисалы, өрөөнгө келген конок Манас, Бакай-Ата, Талас, балким Семетей, Каныкей аймагын кыдырып жүрсө кандай болот эле?

Дагы бир сунуш ушул Кароол Чокуга Манастын Аккула минген айкели коюлса. Алда кайдан көзгө түшүп, жүрөктү эргитип турат беле?

Коюлган маселени Талас аймагындагы Көк-Ой айылдык Кеңешинин төрагасы Байызбек Арыкбаев терендетип, бул чоң жыйындын маанисине баа берди. Мындай дыкат иштелген Указ болгон эмес, күткөнүбүзгө көп болду. Алты дубан түптүү элбиз, чечим чыгып, кубатыбызга кубат, демибизге деп кошулгандай болду.

Бул ортодо миң жылдыкты насыйкаттоо, жарнактоо белекбечкек көргөзмө, открытка, төш белги, атайын дүкөндөр, конок үйлөрү, той өтүүчү жер жөнүндө кыйла сөз болду. Эл милдети кыйын тура. Чоң иште майда чүйдөсү жок экени маанилүү.

Ойлор, ойлор, омоктуу сунуштар, адамдардын көңүлүн көкөлөткөн кыял чабыттары. Баары келип кыргыз журтчулугунун сыймыгын дүйнө жүзүнө даңазалап коюуга мүмкүндүк түзө турган, бирок, күч, эрдикти, биримдикти талап кыла турган окуянын тегерегине топтолду. Кубандырганы — улуу күч адамдардын башын кошуп, дил агартарына болгон ишенимдин бекемделип баратканы.

Эл менен кеңешип, эл менен чечели. Калдайган эзелки элибиз, алты дубанды жердеп, боор этибиз менен тең Ала Тоону медер кылып келебиз. Элди эл, жерди жер кылган түпкү атабыз Манасты асырап, кадыр тутуп алууга чымырканганыбыз келечектин камы. Өткөнүбүздү өкүндүрбөсөк — келечегибиз өксүбөйт...

Кеп оролун дубан аялдар комитетинин төрайымы Байыз Айкымбаева, Манас музей коругунун кызматкери Кеңешбек Нурбеков, жергиликтүү акын Мүнүр Мамбеталиев улады.

Иштин практикалык жактарын жүзөгө ашыруу боюнча Кара-Буура аймагынын акими Орозбек Төрөбеков, Манас аймагынын акими Кеңеш Карачалов, Бакай-Ата аймагынын акими Омор Үсөнов, Талас шаарынын акими Болот Жумабеков, Талас аймагынын акими Сакен Нурмамбетов өз ойлорун ортого салышты. Мында: Иштин багытын, көлөмүн, жеке милдеттерди тактап алуу, дубанда, аймакта, айылдарда атайын комиссия — топ ж. б. түзүлсө иштин бир нукка жүрөрү белгиленди. Талас шаарына аэробекет, мейманкана, музейкоруктун тегерегин ирээттөө, долбоордогу мейманкана, ат майдан, жаңы жол, башка объектилерди курууну ыкчамдатуу, кыскасы, конокторду тосуп, сыйлап, жергебиз менен таанышты-рып, меймандостук сыйкорлугубузду, жөн билги, ынтымактуу эл экенибизди, улуу адамыбызды туу тутуп бириге ала турганыбызды ашкерелөөгө умтулганыбыздын жол-жобосу талкууга түштү.

Чоң жыйынды жыйынтыктап, айтылган пикирлерди кыскача таразалап келип Дастан Сарыгулов ток этер жерин айтты. «Бул жыйын чоң жооптуу иштин башталышы. Ал элге кеңири маалым

болуп, элге жетиш керек. Журтчулугубуз түгөл туруп, ынтымак, биримдикте аракеттенсек — башкы салымыбыз ушул. Талас дубаны боюнча атайын иштин багыты чектелип калды».

Чоң жыйын, омоктуу ойлор. Чечкиндүүлүк. Бата тилөө. Ак бата! Ылайым элибизге кубат берсин, биримдиги артсын! Чоң жыйын — чоң сапардын башталышы. Сапар эки жылдан саал ашып карыйт. 1995-жыл босогодо турат. Тарыхтын жаңы барагын жаза турган мезгил-сааты эсебин баштап койду. Жалпы кыргыз журтчулугунун сыймыгы, намысы болчу мезгил үчүн!

АСЫЛ ЗАТТЫ ДАТ БАСПАЙТ

КЫЛЫМ ТОЙДУН КАМЫЛГАСЫ ТАЛАС ЖЕРГЕСИНДЕ КАНДАЙ ДЕМИЛГЕ, ЫРГАК МЕНЕН, УЛАМ ЖАҢЫ ШЫК ЖАРАЛЫП ЖҮРГӨНҮН БААМДАП КӨРҮҢҮЗ.
ЭЛИБИЗ ТҮГӨЛ КҮТҮНГӨН. ЖЕРИБИЗ КҮТҮНГӨН.
ДҮЙНӨ СОНУРКАП КҮТҮП ТУРГАН...

МААРАКЕ ЖАРЫЯСЫ

Мындан үч жыл мурда (26-июнда) «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөө боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин Указы жарык көргөн.

АТЫНА ЗАТЫ ЖАРАШЫП

1993-жылдын 25-октябрында, Президенттин Указынын негизинде, Кыргыз Улуттук Мамлекеттик тарыхый-маданий «Манас күмбөзү» комплексинин ишкер-долбоору, кийин Кыргыз Улуттук Мамлекеттик «Манас ордо» ишкер долбоору деп атына заты жарашып атын өзгөрттү.

УСТАЛАР ДЕП, УЗДАР ДЕП УШУЛАРДЫ АЙТ

Улуу «Манас» эпосунун азем тоюна дешип, он эки канат ак өргөөнү даярдоону белсенип чечишкен Таластын белгилүү усталары менен уздарынын колдорунан жасалып жаткан баалуу буюм да бүтүү алдында турат. 156 баш өргөөнүн эмен жыгачтан жасалып жаткан беш жарым метр узундуктагы ууктарын матап, 2,4 метрлик керегеси менен 6,5 метрлик түндүгүн аштоону... айтылуу уста Табел Рыскулбек уулу (уулу Кабай менен) колго алган. Анын ички, тышкы жасалгаларын даярдоого эле 30дай уздар иштиктүү катышууда.

КЫТАЙДАН БАСЫЛЫП...

Талас жергесиндеги «Манас» эпосуна байланышкан жер-суу аттарын камтыган, көркөм сүрөттөр менен кооздолгон, төш чөнтөк китепче жакында Кытай Республикасынан басылып чыгат.

«ХАН ӨРГӨӨНҮН ЖАРАЛЫШЫ»

Талас «Манас ордо» Мамлекеттик Улуттук ишкер долбоорунун алдындагы «Эпос» студиясынын «табыштоосу» менен «Хан өргөөнүн жаралышы» аттуу фильм тартылып бүттү. Анын режиссеру белгилүү киночу Е. П. Котловдун Манас жөнүндөгү бул үчүнчү видеофильми.

КЫРК КЫЗДЫН ЖАСАЛГАСЫ

Манас аземинде көрсөтүлүүчү театрлаштырылган оюнга катыша турган кылактаган кырк кыздын улуттук кийимдерин Бишкектеги «Айчүрөк» акционердик коому даярдап жатат.

БААЛУУ ЭМГЕК

Журтчулугубузга белгилүү педагог, Крупская атындагы медалдын ээси Бектур Исаковдун (Талас районундагы Арал орто мектеби) Манастын он кылымдык маараке тоюна арналган «Манас сабагы» аттуу көлөмдүү эмгеги (методикалык) жарык көрдү. Бул баалуу эмгектин жарык көрүшүнө Таластагы Кыргыз Улуттук Мамлекеттик «Манас ордо» ишкер долбоору көмөк көрсөткөн.

СЕЙИЛ БАГЫ КАНАТ ЖАЙДЫ

«Манас ордо» комплексиндеги гүлзар багы күн өткөн сайын кулпунуп көркүнө чыгууда. Эрте жазда көл кылаасынан алынып келинип отургузулган 200дөн ашуун көгүлтүр жана жашыл Тянь-Шань карагайлары, жер үйшөбөй, жайкалып өсүп жатат. Аларга республикабыздын Улуттук илимдер академиясынан токойчулук жана жаңгак өстүрүүчүлүк институтунун дилгир кызматкерлери баш-көз болууда.

АСЫЛ ЗАТТЫ ДАТ БАСПАЙТ

1994-жылдын сентябрь айында ЮНЕСКОнун генералдык конференциясы өзүнүн 27-сессиясында 1995-жылды «Манас» эпосунун жылы деп жарыяласа, Бириккен Улуттар Уюмунун генералдык

ассамблеясы 1995-жылды кыргыз элинин улуттук «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесинин жылы деп атады. Ошондой эле «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо боюнча да резолюция кабыл алган. Ошентип, асыл затты дат баспаган сыңары, Манастын улуулугу да дүйнөлүк коомчулукка кеңири тааныла баштады.

КОМИТЕТТИН КАРООСУНДА

«Манас ордо» комплексинин ачылышы жана Таласка келген ызаат-сыйлуу меймандарды тосуп алуу, коноктоо жана узатуу аземинин сценарийи да жазылып, республикалык Улуттук Уюштуруу Комитетинин каароосуна берилген.

«ТҮНКҮ АЙЫЛДА» — ОЮН-ЗООК

Мааракедеги «Түнкү айыл» деп аталган программанын башкы режиссеру Бообек Ибраимов оюн койчу топ менен Таласка дагы бир ирет келип кетти. Түнкү оюн-зоокко 500дөн ашык профессионалдык артисттер, чыгармачыл өнөрпоздор, «Айдай сулуу Айчүрөктүн» кыздары, ак сакалдуу карыялар жана ак элечек байбичелер катышышат.

ЖАШ МАНАСЧЫ — ФЕСТИВАЛДЫН ЛАУРЕАТЫ

Талас районундагы Бүргө баатыр атындагы орто мектептин окуучусу, жаш манасчы Камил Мамадалиев жакында эле Түркия жергесинен кайтып келди. Ал Түркия жергесинде уюштурулган «Манас» фестивалынын лауреаты деген наамга арзыды. Камил бул кароого чейин эл аралык «Мээрим» фондусу өткөргөн («Дүйнө балдарына Манас жөнүндө») конкурс-каароосунун да лауреаты болгон.

ЖАПОНИЯДАН ЭЛЕ 350 ТУРИСТ КЕЛЕТ

Кыргыз элинин жакын досу, элчи мырза Эдамуро улуу тойго карата уюштуруу комитетин түзгөн. Алдын-ала билдирүүлөргө караганда азем-салтанатка Японияда 350 турист келери белгилүү болду.

ТОЙ ТОЛКУНУ

да күн санап арбып жатат. Бүгүнкү күндө 80 өлкөдөн меймандар келе тургандыгы аныкталып калды. Алардын арасында 8 мамлекеттин президенттери жана 6 өлкөнүн премьер-министрлери бар.

БООРДОШТОРДУН СЫЙЫ

Казакстандын Жамбыл облусунун мамлекеттик администрация башчысы Өмүрбек Байгелдиновдун алдын-ала билдиргенине караганда, жамбылдык боордоштор Манас-Атабыздын азем-салтанатына жүз боз үй тигишип, алыстан ат арытып келишкен ызаат-сыйлуу меймандарды коноктойбуз дешип, кызуу кам көрүшүүдө.

УЛУУ ТОЙДУН

азем-салтанатынын сценарийин белгилүү драматург Бексултан Жакиев жазып бүтүрдү. Башкы режиссерлукка айтылуу кино чебери Болот Шамшиев бекиди.

КИНО ЧЕБЕРИНИН ИШ САПАРЫ

Белгилүү кинорежиссер Болот Шамшиев «Манас» — 1000 мааракесинде көрсөтүлө турган оюн-зоок иштерди дүйнө элине спутник аркылуу тастыктап көрсөтүү түйшүгүнүн кам-чому менен Жапонияга (тажрыйба үйрөнүү максаты менен) сапар алды.

КАРООЛ ЧОКУДАГЫ МУНАРА

Касиеттүү Кароол Чокунун кылдай чокусуна бир катар талаш-тартыштан кийин 15 метрлик бийиктиктеги Түбөлүктүүлүктүн, Теңирчиликтин жана Өлбөстүктүн символикалуулугунун монументалдуу эстелиги орнотулмай болду.

ӨРГӨӨЛӨР КУЛАЧ ЖАЯТ

Миң жылдыкка даярдык көрүп, өзүлөрү тиге турган боз үйлөрдүн жер шарты менен таанышып, конуш тандашып (алгачкылардан болуп) Ош жана Ысыккөл областтарынын өкүлдөрү келип кетишти. Мааракеде ар бир облустан 60тан боз үй тигилип, өз-өзүнчө айыл болуп «отурукташат».

«УГУТ КЕРБЕНИ»

Талас облустук мамлекеттик бийлик башчысынын алдында уюшулган «Манас Ата үгүт кербени» өз сапарларын өксүтүшпөй, эл аралап, айыл-кыштактарда болушууда.

ЭКСПЕДИЦИЯ ОЛЖОЛУУ КАЙТТЫ

Азыр болочок «Манас» эпосунун музейине экспонаттарды чогултуп, аларды ырааттуу жайгаштыруу жөнүндө сүрөтчү-жасалгалоочулар, дасыккан музей кызматкерлери жана илимпоздор кыйла күч-аракеттерин жумшашууда.

Туш тарапка илимий экспедициялар да уюштурулууда. Жакында эле ошондой сапарга баргандардын бири Санкт-Петербургдан олжолуу кайтып келди. «Манас» темасындагы сатылып келинген басылмалардын ичинде белгилүү казак саякатчысы, Манас изилдөөчү Чокон Валихановдун 1860-жылы жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» вариантынын айрым кол жазмалары да бар.

КҮЛҮКТӨРДҮН ДҮБҮРТҮ

Манас азем-салтанаты жакындаган сайын Талас жергесинде да күлүктөрдүн дүбүртү угулуп... саяпкерлердин да тынчы кеткендей. Алдын-ала эсептөөлөргө караганда Президентибиз тартуулаган баш байге — «Волга» автомашинасына «тап» койгондордун саны (азырынча жүздөн ашты) күн улап арбып келет.

III БӨЛҮМ
ДООР ТОГОШТУ

БИРИМДИКТИН СИМВОЛУ

Кыргыз Республикасынын Президенти АСКАР АКАЕВдин Талас жергесинде «Манас Ордонун» ачылышында сүйлөгөн сөзү

Урматтуу мекендештер!
Кадырлуу меймандар!
Кымбаттуу таластык туугандар!

Кыргыз жергесинде беш күндөн бери биз үчүн ыйык болгон «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналган шаң-салтанаттар өтүүдө. Мына бүгүн сиздер менен бирдикте айтылуу Талас жергесинде Кыргыз мамлекеттик «Манас Ордосу» тарыхый-маданий комплексин ачып жатабыз. Мунун себеби, албетте, ар бирибиз үчүн түшүнүктүү. Анткени, Манас дегенде биз оболу Таласты, Талас дегенде Манасты эстейбиз. Талас эзелтен эле элибиздин тарыхында эбегейсиз зор роль ойногон орошон окуялардын күбөсү, эчендер суктанган керемет жер соорусу катары өзгөчө даңкталып келген.

«Манастын» өзүндө айтылгандай, «ар жемиш бышып жайнаган, ачылып булбул сайраган, азаматтын баарысы аргымак таптап байлаган, ар уруу малы көз жетпей, адырда төлдөп жайнаган, кең Талас сендей жер кайда, ай жаныбар, кең Талас, жердеген адам тунбайбы, жер соорусу турбайбы» — дешип, Таластын көрк-касиетине кимдер гана соңуркап, кимдер гана көз артып, кимдер гана тамшанбаган!

Ошон үчүн эпосто Таластай ажайып ата-конушунан айдалып, андалап калган элдин арман-шору, чындыгында да, адам чыдагыс, ат көтөргүс оор болгон. Ошон үчүн Алтайда туулуп эрешен тартып эр жеткен эр Манас баатырга акылман Кошой авасы «таалайга бүткөн жан болсо, таап ал Талас жеринди, күтүп алгын кулунум күрдөөлдүү кыргыз элинди» деп, күйүтүн айткан эмеспи. Кабылан Манас кезинде калайык калкы менен Алтайдан-Ала-Тоо ата-журтуна кайтар оролуп, ошондой «таалайына табылып, жылгындуу Кең-Кол, кең Талас, жолборс жүрөк эр Манас, калың черүү кол болуп, жайнап турган жер ушул, ордо күтүп, эл жыйып, жайлап турган жер ушул» эмеспи.

Ошон үчүн бүгүн бу жерге, Манастын ордолуу журту Таласка таазим этип, Айкөлдүн арбагын эскерели деп ЮНЕСКОнун баш директору Федерико Майор мырза, Түркиянын Президенти Сулейман Демирель. Азербайджандын Президенти Гейдар Алиев башта-

Майрам Акаева балдары менен көчөт олтургузууда

ган бир канча бийик даражалуу меймандар, көптөгөн алыс-жакын өлкөлөрдүн өкүлдөрү келишип олтурушат. Манастын арбагына сыйынуу — биз үчүн көөнөрбөс ыйык көрөңгө жана соолбос руханий булак болуп саналат. Мына ушунун аркасы менен миң жылдан ашык убакыттан бери кыргыздар өз тилин, өз маданиятын унутпай, эл катары өз атын сактап келген.

Улуу «Манас» руху азыркы учурда жана келечекте да элибизге зор кызмат кылат деген үмүттө көп күч жумшоо менен ушул комплексти түздүк.

Биз муну менен эзелтен эле эркиндикти, биримдикти, ынтымакты, адамдык айкөлдүктү баарынан бийик санаган элибиздин саралуу салтын, асыл ой тилегин, Манас атабыздын нарк-жөрөлгөсүн жаңыча шартта улантканбыз. Ушул жылдын апрель айында улуттар аралык тынчтык, Кыргызстандын жыргалчылыгы жана прогресси, республикадагы бардык этностордун, коомдук-саясий күчтөрдүн биригип, баш кошуусун бекемдөө үчүн Таласта Манас үндөөсүнө кол коюлганы белгилүү. Бүгүн болсо түрк тилдүү калктардын биримдиги жөнүндө Бишкек үндөөсүнө кол койгондон кийин, кайрадан Таласка келгенибиз — ал үндөөнүн маанисин ого бетер кеңейтип, ага кошумча дем берүү. Бул комплексти ачуу менен, биз «Манас Ордосу» улуттук боштондукка жана биримдикке умтулуунун өлбөс-өчпөс символу, адамдар руханий дүйнөсүн байытып, ыйманын арыулап туруучу ыйык жай катары кылымдар бою кала берээрине терең ишенебиз. Комплекс мындан ары да өнүгөт, кеңейтилет, элибиз сыйынуучу гана жер болбостон, ошондой эле буюруса, өз илимин жана маданиятын өнүктүрүүчү жайга да айланат. Булардын бардыгы «Манас Ордо» ишкер долбоорунун перспективалуу программасында эске алынган. Ошондуктан, кыргыз эли, Кыргыз мамлекети жашап турганда, ал программа да үзгүлтүксүз иш жүзүнө аша бермекчи.

Кийинки урпактарыбыз бул жайды мындан да көркүнө чыгарып, мындан да бийик жана ыйык тутаарына биз бекем ишенебиз.

Урматтуу мекендештер жана меймандар!

Миң жыл илгери айкөл Манас атабыз азган-тозгон элин жыйып, не бир азап-тозок менен Таласын тапкан экен.

Миң жылдан кийин кыргыз эли эрктүү мамлекеттигине ээ болуп, бүгүн Манастын өчкөн отун кайра тутантып отурат. Миң жыл мурун айкөлү кайтыш болгондо касиеттүү Каныкей энебиз «калайык, тунугу кетти жылдыздын, калайык туйгуну кетти кыргыздын» деп, кан какшап боздогон экен. Бүгүн арадан миң жыл өткөн кезде, үч миңинчи жылдын босогосунда кыргыздын тунук жылдызы кайра жанып, туйгуну кайра айланып тууруна конуп, айкөл Манастын арбагы кайра тирилип келип турат.

Эмесе, кымбаттуу эл-журт, Айкөлдүн арбагын ыраазы кылып, кыргыздын азыркы урпактары Манас атабыздын ишин татыктуу уланталы. Ак тилек менен ачып жаткан «Манас Ордобуз» ылайым ак жолтой болсун. Өмүрдүн өр жолунда ар бирибизди Манас атабыздын арбагы колдосун!

ТАЛАС ОБЛАСТТЫК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ БАШЧЫСЫ ТОЙЧУБЕК КАСЫМОВДУН ТАЛАС ОБЛАСТЫНЫН КАЛАЙЫК-КАЛКЫНА КАЙРЫЛУУСУ

Урматтуу калайык-калк!
Урматтуу замандаштар!

Кыргыз эли өзүнүн бай жана узак тарыхый өнүгүү жолунда дагы бир улуу окуянын босогосунда турат. Эртең кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы деген атка конгон улуу «Манас» эпосунун миң жылдык мааракеси башталат. Ар бир кыргыз үйүндө, ар бир айыл менен кыштакта, шаарларыбызда улуу тойдун добулбастары кагылып, Ала Тоо аймагында азаттык менен эркиндиктин, биримдик менен ынтымактын күүлөрү жаңырат.

Тарыхтын өнүгүүсүндө адамзат таң кала турган жагдайлар арбын. Дүйнөдөгү жети кереметтин таржымалын айтпаганда да биздин заманга чейинки байыркы Греция менен Римдеги, Тигр менен Ефрат дарыясынын аралыгындагы, же болбосо Америка континентинин цивилизациясынын башаты болуп берген майялардын өнүккөн маданияты жалпы адамзат кенчтин ажырагыс бир бөлүгү болуп калды. Көчмөн кыргыз эли дүйнөнүн маданий казынасына жогоркудай кереметтерден ашса ашып, асты кем болбогон салымды кошкондугу, биз үчүн зор сыймык. Көркөмдүгү жагынан да, белгилүү бир тарыхый доорду камтыган масштабдуулугу жагынан да, турмушту чагылдыруудагы универсалдуу мүнөзү жагынан да «Манас» эпосу дүйнөлүк эпостордун катарынан орун алган гректердин «Илиада» жана «Одиссеясынан», индиялыктардын «Махабхаратасынан», финдердин «Калеваласынан» алда канча бийик, алда канча жогору. Ушул себептен дүйнөнүн чоң жана кичине элдеринин тарыхында буга чейин бир да эпостун миң жылдык мааракеси белгиленген эмес. ЮНЕСКОнун маалыматтарында биздин эпос жөнүндө мына ушундай деп айтылат. Демек «Манас» эпосунун миң жылдык мааракесин эл аралык деңгээлде белгилөө — кыргыз элинин бактысына туш келген тоодой ырыскы!

Урматтуу замандаштар!

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти Аскар Акаевдин «Манас» эпосунун миң жылдык мааракесин

өткөрүү жөнүндөгү 1992-жылдын 26-июндагы Указынан бери 3 жылдан ашык даярдык иштери көрүлүп, мына эми, той өтчү күндөр да келип жетти. Үч жыл ичинде бүтүндөй Кыргызстанда, ошондой эле тойдун бир бөлүгү өтчү тарыхый борборубуз Таласта да бир топ камылгалар көрүлдү, көптөгөн иштер бүткөрүлдү. Манастын күмбөзүнүн айлана-тегерегинде 15ке жакын жаңы объектилер курулуп бүтүп, мааракенин катышуучуларын, элди кабыл алууга даяр. Тойдун шарапаты менен айыл-кыштактарыбыз, шаарыбыз, көчө бойлору, коомдук жана менчик имараттар майрамдык келбетке чулганды. Ардактуу коноктorго сый-урмат көрсөтө турган боз үйлөрдү даярдоодо өрөөндүн ар бир үй-бүлөсү кол кабыш кылды.

Миң жылдык мааракени өткөрүүнүн көптөгөн түйшүгү Талас областынын элине туш келди. Бул бир чети — жооптуу, бир чети сыймыктуу да иш. Мааракелик объектилердин дээрлик бардыгы Талас областынын курулуш уюмдарынын эмгек жамааттарынын күчү менен бүткөрүлдү. Маданий — массалык иш чаралардын көпчүлүк катышуучуларын да Талас өрөөнүнүн калкынын өкүлдөрү түзөт.

Миң жылдыкка даярдык көрүүдө Талас өрөөнүнүн калкынын өзгөчө бир демилгесин, кошкон салымын айтпай коюуга болбойт. Манастын күмбөзүнүн айлана-тегерегине курулган объектилердин долбоорлорун чийишкенде ар бир объектинин айлана-тегерегин жашылдандыруу маселеси унутта калтырылып кеткен экен. Бул кемчиликтер аталган курулуштар аяктап келатканда Талас областынын элинин күчү менен четтетилди. «Манас ордо» комплексиндеги имараттардын, айрыкча борбордук трибунанын айлана-тегереги, ошондой эле Кароол-Чокунун түндүк капталы жашыл килем жамынып, жалпысынан он гектарга жакын аянтка чым жаткарылды. Болжол менен бул иштерге 5 миллион сомдон ашуун каражат чыгымдалды. Бул ишке областтын кары-жашы дебей түп көтөрүлө көмөк көрсөтүштү. Миң жылдыктын салтанаттарына сырттан келген конокторубуз, ошондой эле мамлекет жана өкмөт жетекчилиги Талас элинин бул эмгегине чексиз ыраазылыктарын билдиришүүдө. Мен да учурдан пайдаланып жеке өзүмдүн атымдан жана областтык мамлекеттик администрациясынан атынан чым жаткыруу ишин колдоп жана көмөк көрсөткөндүгүңүздөр үчүн өрөөндүн кары-жашына ыраазылык билдирем.

Миң жылдык мааракe бул бүтүндөй кыргыз элинин, ал турмак тектеш түрк элдеринин да орток мааракеси. Ошондуктан Талас жергесине эпосто айтылгандай, Каспандын кара тоосу тараптан азербайжан менен түрк кандаштарыбыз, Байкөл менен Энесай тараптан алтай менен хакас туугандар, Иле менен Иртыш, Көкчө Тоо менен Семей тараптан Айдаркандын эр Көкчөсүнүн урпактары, Букар менен Үргөнч, Алай менен Анжыян тараптан, Кашкар менен Турпандан, Каркыра менен Арпадан, Соң-Көл менен

Кеминден, Ат-Башы менен Аксы, айтор төгөрөктүн төрт бурчунан эл келүүдө. Алардын ар бирине Манас бабабыздын ордосунан орун бөлүп берип, анын арбагына таазим этип кетүүсүнө шарт түзүп берүү биринчи кезекте той ээлери болгон бизге — Талас элинин энчисине таандык. Мындай энчини тарыхтын жазмышы бизге туш келтиргенине сыймыктансак гана болот. Ошондуктан эл журтка кайрылып айтаарым — миң жылда бир келчү мааракеңер кут болсун! Эл-жерибизде ар дайым бейпилдик өкүм сүрүп, эл ынтымагы, эл биримдиги бузулбасын! «Кулаалы багып куш кылган, курама жыйып журт кылган, тилеген багып куш кылган, тентиген элди журт кылган» улуу Манас бабабыздын бул улуу эмгегин эстен чыгарбай кастарлап, андан ары улантуу — бүгүнкү муундун ыйык милдети. Миң жылдык мааракe элди ого бетер тыгыз баш коштуруунун, бекем ынтымакта жашоонун дагы бир айкын күбөсү. Ошондуктан мааракe жогорку уюшкандыкта, ынтымакта өтүүсү үчүн өрөөндүн ар бир адамы өз салымын кошо алат. Мааракe күндөрү салтанатка катышууга келген ар бир кары-жаш тартиптүүлүктү, улууну урматтап, кичүүгө ызаат кылган ыймандуулукту айгинелейт деп ишенебиз. Ал эми Манастын күмбөзүнө келе албаган көпчүлүк эл айыл-кыштактардагы чакан мааракелерде да жогоркудай эле маанайда майрамдап, эл ичи чыныгы жалпы элдик майрамга, шаң-салтанатка айлансын. «Манас» эпосунун миң жылдык мааракеси баарыбыздын рухий тазаланууубуздун, дүйнө коомчулугунун алдында улут катары, эл катары жаңы бийиктикке көтөрүлүүбүздүн чен өлчөмү болуп калсын!

Баарыбызды Манас бабабыздын арбагы колдосун!

КУТ ТҮШҮРГӨН МААРАКЕ

25—29-августта — беш күнү катары менен өткөрүлгөн «Манас» эпосунун 1000 жылдык юбилейи Кыргызстанды жана кыргыз элин дүйнөлүк коомчулукка дагы бир жолу таанытты. Улуу тойду майрамдоого Түрк Республикасынын Президенти С. Демирель, Азербайжан Республикасынын Президенти Г. Алиев, Казакстан Республикасынын Президенти Н. Назарбаев, Өзбекстан Республикасынын Президенти И. Каримов, Түркменстан Республикасынын Президенти С. Ниязов, ЮНЕСКОнун Генералдык директору Ф. Майор, ондогон өлкөлөрдөн өкмөттүк делегациялар келишти.

Бул күндөрү Бишкекте түрк тилдүү мамлекеттердин башчыларынын III жолугушуусунун өткөрүлүшү да майрамды көркүнө чыгарды. Анда түрк мамлекеттеринин гүлдөп өнүгүшүнө, алардын ортосундагы кызматташтык мамилелерди чыңдоого багытталган. Бишкек декларациясына кол коюлду.

Майрам күндөрү ошондой эле «Манас» эпосуна арналган симпозиум өткөрүлдү. «Манас айылы» тарыхый-этнографиялык

комплекси ачылды. Бул комплекс борбор шаардын эң бир ажайып маданий эс алуу жайына айланып калды.

29-августта улуу эпикалык дастаныбыздын улуу тою Манас атабыздын ордосу болгон касиеттүү Талас жергесинде улантылды.

АВГУСТ АЙЫНЫН 29у. Манас Ордо комплекси Кароол-Чокунун башында хан Манастын айчык туусу желбирейт. Туу түбүндө калдайган хан добулбас.

Улуттук рухубуздун туу чокусу болгон «Манас» эпосунун 1000 жылдык улуу тою өтө турган Кең-Колдун оозундагы чоң «театр» келберсиген келбети менен адамдарды өзүнө тартат. Ал жерге таң эртеден эле Камырдын — Белин ашып, убай-чубай эл агылып келип жатты. Тиги ылдыйда, Ак өргөөлүү «Кыргыз айылы», «Манас айылы» кылкылдайт! Бериде тоо төшүндө калың эл казганактайт. Ортодо бети түркүн түскө боёлуп, четтерине тээ атам замандан кабар берген моло таштар, мамы таштар орнотулган, оюн-тамаша өтө турган чоң аянт. Мына ушунун баары бүгүнкү улуу тойдун дөөлөт-сөөлөтүн ташытып, жүрөктү өрөпкүтүп, салтанаттын тезирээк башталышын күттүрүп жатты.

Улуу тойдун салтанатын көрүүгө келген карынын да, жаштын да көңүлдөрү күунак, маанайлары жарык. Ырасында бүгүн элибиздин мандай жарып кубана турган күн эмеспи. Кылымдан кылымга өтүп, муундан муунга жетип, мүлдө кыргыз дүйнөсүнүн көөнө тарыхынын көз кайкыган көркөм полотносун куюлушкан ыр түрүндө көз алдыга тарткан улуу дастанынын 1000 жылдык мааракe тою эл аралык деңгээлде белгиленип жатса кантип кубанбайт. Бул элибиздин көп жылдардан бери көксөп келе жаткан чоң тилеги эмес беле. Элибиз эч кимге көз каранды болбогон мамлекетин түзүп, өз алдынча өнүгүү жолуна түшкөн кезде гана бул чоң тилек ишке ашып олтурат. Мына ушунун өзү өзүнчө бир касиеттүү көрүнүш эмеспи.

Биздин заманга чейинки II кылымдан баштап аты тарых булактарынан кездешкен кыргыз эли бул жалганда жашоо кечирип, тукум улоо үчүн не деген кандуу кармаштарды башынан өткөрбөгөн. Катарын чындап, эркиндигин коргоп, кубаттуу мамлекетин түзгөн учурлары болгон. Жоолашкан жоосуна алдырып, түндүгү кулап, бүлүнгөн, туш тарапка сүрүлгөн учурлары болгон.

«...Кырлардагы кайындардын бетинде.
Тамга жокпу кыргыз
балта чаппаган.
Өзөндөрдө, жылгаларда,
сайларда,
Кыргыз жокпу кыргын
болуп жатпаган»,—

деген мундуу ыр саптары элибиздин өткөндөгү тарыхынан, ташка калган тамга сымал, таасын кабар берип турбайбы.

Мына ушундай кыйын-кезең мезгилдин биринде бабабыз Манас баатыр чыгып, «кулаалы таптап, куш кылып, курама жыйып журт кылып», эзилген элин эркиндик үчүн күрөшкө көтөрүп, жоолашкан жоосунун туусун жыгып, кыргыздын кыйыры кең мамлекетин орноткон экен. Сандаган кылымдардын аралыгынан кийин эми ошондой орошон тагдыр ак калпак элге кайра оролуп, кыргыз өзүнүн эгемен мамлекетине кайтадан ээ болуп олтурат. Бул кайта оролгон тарыхый тагдыр башында Манас бабабыздын арбагына сыйынып, «Манас» эпосунун 1000 жылдык тоюн майрамдап отурушубуздун өзү жан дүйнөнү жаркытып, көкүрөктө үлкөн үмүттүн отун жандырат. Өткөнү күчтүү болгон эл бүгүнкү утурумдук кыйынчылыктарды жеңип өтүп, өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошуларынан шек санатпайт. Мында бизге «Манас» эпосунун нагыз патриотизмге, бийик гуманизмге, терең адеп-ахлакка сугарылган, жалпы адамзаттык деңгээлдеги улуу идеялары төбөдөгү күн сымал нурун чачып, колдогу компас сымал жол көрсөтүп турат.

Мына бүгүн улуу дастаныбыздын тою элибизди, жерибизди цивилизациялуу дүйнөгө таанытты. Бүгүн ал жалаң гана кыргыздын эмес, жалпы түрк дүйнөсүнүн маданий мурасы катары белгилүү болду. Ушунусу менен ал жалпы түрк мамлекеттеринин ортосундагы достук мамилелерди данакерлеп, бекемдеп отурат.

Улуу эпикалык дастандын Манас атанын конушу, айтылуу кең Таласта өтүүчү тоюна катышууга Түркиянын Президенти Сулейман Демриель жубайы менен, Азербайжан Республикасынын Президенти Гейдар Алиев, ЮНЕСКОнун Генералдык директору Федерико Майор мырзалар, Иран, Кытай жана башка бир катар өлкөлөрдөн өкмөттүк делегациялар, туристтер келишти. Аларды Талас аэропортунан Республиканын вице-премьер министри Ж. Аманбаев, областтын мамлекеттик администрация башчысы Т. Касымов тосуп алышты. Улуу урматтуу меймандар түшкөн жеңил автомашиналар «Манас Ордо» комплексин көздөй сапар тартты. «Манас айылында» аларды Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев, Премьер-Министр Апас Жумагулов, Жогорку Кеңештин палаталарынын спикерлери А. Матубраимов, М. Чолпонбаев, областтын башка жетекчилери тосуп алышты.

Улуу урматтуу меймандар Манас Атанын күмбөзүнө барып, айкөл, шердин арбагына багыштап куран окушту. Андан кийин «Манас» эпосунун музейин ачуу аземи болду. Аны Республиканын Президенти Аскар Акаев кыскача сөз сүйлөө менен ачты. Ал сөзүндө «Манас» эпосу жана анын 1000 жылдык тоюнун маанисине токтолду.

— Азиз коноктор,— деп айтты ал андан ары. — «Манас» эпосу кыргыз элинин 1000 жылдык тарыхы, рухий казынасы гана эмес. «Манас» эпосу кыргыз элинин миң жылдан бери биримдикте, ынтымакта сактап келген кудуреттүү күчтүн булагы, ата мурасы, эне керээзи. Анда кыргыз элинин өткөнүн элестетип эстетип, жаркын келечекке умтулуп тура турган зор руханий күч жатат. Ушунусу менен «Манас» эпосу кыргызстандыктарды келечекте өнүккөн элдердин катарына кошот деп мен ишенемин. Республиканын жаркыраган келечегин жаратуучулар булар — жаштар. Биз бүгүн мына ошол жаш муундарыбыздын жүрөгүндө өз калтыруу үчүн «Манас» эпосунун музейин ачып жатабыз. Бул айкөл Манастын музейи. Бул элибиздин жан дүйнөсүнөн жаралган улуу рухунун музейи. Ал ак жолтой музей болсун, элибизге бак-таалай алып келсин!

— Музей менин түшүнүгүмдө — бул адамдын жүрөгүн эргиткен ажайып жай болуп саналат,— деп айтты андан кийин сөз алган ЮНЕСКОнун генералдык директору Ф. Майор. — Музей элдин өткөндөгү турмуш жолун гана көз алдыга тартпастан, анын келечегине да серп салдырат. Өткөндү билмейин келечек жок. Адам баласы өткөнүн эстеп, анан сабак алганда гана келечекке ишенимдүү кадам шилтейт.

Урматтуу мейман андан ары кыргызстандыктарды ушундай эң сонун музейи бар «Манас Ордо» комплексинин ачылышы менен куттуктап, ушул зор иште таластык аялдардын да чоң салымы бар экендигин эскертип, алар үчүн 100 миң доллар суммасында акча каражатын которушкандыктарын билдирди.

Түркиянын Президенти С. Демриель өзүнүн куттуктоо сөзүндө «Манас» эпосу жалпы түрк элдеринин баа жеткис маданий мурасы катары бааланарын, «Манас» күмбөзүнүн ичине камтыган Манас Ордо комплекси келечекте бүтүндөй түрк дүйнөсүнүн ыйык жерине айланаарын белгиледи.

Азербайжан Республикасынын Президенти Г. Алиев баа жеткис эпикалык чыгарма «Манас» эпосун бүгүнкү күнгө жеткирген кыргыз элине, айкөл Манастын күмбөзүн сактап бүгүнкү күнгө жеткирген Талас элине, Манас деп өмүрү өтүп келе жаткан Кыргыз эл жазуучусу Чынгыз Айтматовдун өзүнө Азербайжан элинин атынан чын жүрөктөн чыккан куттуктоо сөзүн арнады.

— Бул улуу тойду сиздер менен бирдикте майрамдап жатканыма кубанычтуумун,— деп айтты ал андан ары. — Боордош кыргыз калкына, бакыбат бактылуу турмушту, ири жетишкендиктерди каалайм. Дагы бир жолу майрамыңыздар менен!

Хакас элинен келишкен меймандардын куттуктоо тилектерин ыр түрүндө билдириши бөтөнчө таасирдүү болду. Алар «Манас» эпосунун музейине белек катары алып келишкен ак бешикти ажөбузга тапшырышты.

Аскар Акаев бул баалуу белекти алып жатып, Манас атабыздын туулган жеринен келген Манас атабыздын алтын бешиги музейдеги эң баалуу экспонаттан болуп калаарын белгилеп өттү.

Урматтуу меймандар «Манас» эпосунун музейинин астанасын атташып, анын көркөм жасалгаларына көз салышып, анда коюлган экспонаттар менен таанышышты.

Бул учурда театр айдыңында мукам обон-күү жаңырып, калайык-калк азиз меймандардын борбордук трибунадан келип орун алышын чыдамсыздык менен күтүп жатышты. Аңгыча эл дуулдап, шатырап колдор чабылды. Дүйнөдө биринчи жолу уюштурулган Ашхабаддан Таласка чейин 1600 чакырымга созулган улуу ат чабыш же супер-марафондун алгачкы күлүгү марага келди. Супермарафондун 25000 доллар суммасындагы биринчи байгесин алган, бул күлүктүн ээси Панфилов районунан Кудаймендиев Бактыбек болуп чыкты. 15 миң доллар суммасындагы экинчи байгени япон Исабаси Такихо, 10 миң долларлык үчүнчү байгени Казакстандан Адылбек Сейиткулов жеңип алышты. Бул элибиздин улуу тоюнун урматына спорттук улуу иш жасаган азаматтар деп атасак жарашат. Бир ай бою күлүгүн таптап чаап, куйкалаган жай чилдесинде, 52 градус ысыкта айтылуу Кара-Кумду басып, ак кар, көк музу кетпеген өзүбүздүн Түз-Ашууну ашып Таласка келип жетүүнүн өзү спорттук эрдик эмей эмне!

Көп күттүргөн мүнөт да келип жетти. Улуу даражалуу адамдар президенттик ложадан, азиз коноктор борбордук трибунадан орун алышты Улуу салтанатты Республиканын Президенти Аскар Акаев сөз сүйлөө менен ачты.

Ободо жаңырган музыка манасчынын коңур үнүнө орун бошотту. Ал күпүлдөтүп «Манастан» төгүп жатты. Арыда кылкылдаган кыргыз көчү, туулга, чопкуту жаркылдаган, сыр найзалуу жоокерлер көрүнүштү. Алдыда Аккуласын алчактаткан Манас ата келатты!

Ошентип, чоң мааракенин оюн-зоок бөлүгү башталды.

...Кырк ат чегилген сөөлөт-дөөлөттүү хан ордо ортодо өтүп баратты. Ал кыргыздын ханы, хан Манастын чоң атасы Ногой хан. Жоо-жарагы шайма-шай, жоокерлери ат кулагы менен тең ойношуп, ак бараң атып, жаа тартып, согуш өнөрүн көрсөтүп жатышты. Элдин көңүлү жай болуп, төрт түлүгү шай болуп, турмушу куунак өтүп жатты. Аттиң дүйнө, кубаныч көпкө созулбай, жоолашкан замандын жосуну көрүнүп, алда кайдан пайда болуп, айлананы кара тумандай каптаган, ажыдаар болуп сойлогон «кара шайтандар» эл башына түшүүчү алдыдагы аманаттуу күндөрдөн кабар берип турду. Кара таандай каптаган калмактар түптүү кыргыз журтунун түндүгүн түшүрдү. Келин-кызын олжолоп, эли-журтун эзип, бирин эренге айдады, бирин тереңге айдады. Ордосу ойрондолгон эл өрттөлгөн түндүгүн тегеректеп көкүрөгү зилдеп, көзү мундап турду.

Турмуш токтобой өтүп... Баба дыйкан үрөнүн сээп жатты... Азап тарткан, муң баскан эл таалайына күн тийди. Алтайда Манас баатыр төрөлдү. Жоо жарагын байланып, кырк жигитин шайланып, элин эзген кытайдын эсебин тапты. Калмактын ханы кан Коңур, каары катуу оңбогур каарданып бакырып, Манасты байлап келгин деп, жоокерлерин чакырып жатты. Айгайлаган жоосуна арстан Манас алдырбай шилтеген жакка өрт кетип, каптаган жоосу мүрт кетип жатты. Алгара минген Коңурбай, Аккула минген хан Манас — эки баатыр эрөөлгө чыкты. Найзалашып сайышты, кылычташып чабышты. Найзасы түштү Коңурдун, кылычы түштү Коңурдун ат үстүнөн эңилип, ырысы түштү Коңурдун... Жоолаган жоосу жеңилип, кыргызга эркиндик тийип, жер бети гүлгө оронду. Жаркырап тийген күн артынан жылдызы жок түн келди. «Алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй, асман менен жериндин тирөөсүнөн бүткөндөй, айың менен күнүндүн бир өзүнөн бүткөндөй» атпай кыргыз калкынын арыстаны, айкөлү хан Манас өттү дүйнөдөн. Кайгылуу кошок кошулуп, жан болбоду күйбөгөн...

Турмуш уланып, баба дыйкан эгин эгип жатты, Көкө Теңир жамгырын төгүп жатты... Кумдай куюлган жылдар өтүп, эч бир күчкө баш ийбей мезгил өтүп, ак калпак кыргыз тукуму элдигин, жердигин жоготпой, кылымдан кылымга түптүү эл журт катары көчүп жатты. Эл өнүктү, жер өнүктү. Кайтадан кыргыздын оболоп, түндүгү көтөрүлүп туш тарабында туулар желбиреди. Бул жаш мамлекетинин түндүгүн көтөрүп, көп улуттуу эли менен цивилизациялуу дүйнөнүн көчүн улай багыт алган бүгүнкү Кыргызстандын шаңдуу элеси эле. Улуу эпостун 1000 жылдыгына арналган, 3 миң адам катышкан театрлаштырылган оюн-зоок мына ушундай жан-дүйнөнү жаркыткан кубаныч менен аяктады!

Элибиздин эчен кылымдык эс-акылынан, ой өрүшүнөн жаралган эбегейсиз эпикалык поэмабыз боюнча коюлган бул оюндар көпчүлүктүн көңүлүнө толду. Анын башкы коюучусу, кыргыз искусствосунун асманында жанган жылдыздын бири Болот Шамшиевдин эмгегине ыраазы болбос жан чыкпас. Атагы алыска угулган айтылуу кинорежиссердун таасын таланты дагы бир жагынан жарк этип көзгө түштү.

Меймандардын да, көрөрмандардын да көңүлүн эргиткен бул улуу тойдон алган кайталангыс таасирлерди Таластын таланттуу кулундарынын бири, акын Надырбек Алымбековдун төмөндөгүдөй ыр саптары менен аяктоону туура көрдүк.

«...Кантмекпиз кең Ала-Тоо
жер болбосо,
Кантпекпиз Манас Ата
эр болбосо,
Унутпай улуу тойду
берет белек,

Ушундай эгемендүү эл
болбосо!
Кылымдын даңктуу тоюн
берет белек,
Кыргыздар өзүн билген эл
болбосо!

НАСИРДИН БАЙТЕМИР,

Кыргыз эл жазуучусу

КЕЛДИ ЭЭ МИҢ ЖЫЛ КҮТКӨН КҮН!

Кетчү эмес эле түшүмдөн,
Келди ээ кезек күтүлгөн!
Бытыра болуп жүз кылым,
Быт-чыты чыгып үзүлгөн.
Жыртылбас «Манас» жаратып,
Жыйнаган окшоп күкүмдөн.
Жылдыздай кыргыз жердеги,
Жышаанын кептин түшүнгөн,
Алптардын алпы ашалгыс,
Айтылуу Манас күчүндөн!
Кетчү эмес эле оюмдан,
Келди ээ кезек оңумдан!
Кыргыздын ырын үзалбай,
Кылымдар эпсиз чоюлган.
Ташкындуу ушу күндөрдү,
Тапкандай болуп коюндан.
Аккула атын аргытып,
Атабыз Манас жолумдан
Чыккандай болуп сезилди,
Чыйратып уяң сезимди
Күн түшүп келип ободон,
Көкөлөй түштү зоболом!
Келет деп качан учуру,
Самаган элем ушуну.
Ак калпак кыргыз урпагын,
Алкаган Манас кузуру.
Кемибей күчөп отурган,
Кетсе да кылым утуру.
Түгөнбөс кылып энчилеп,
Түндүктөн түшкөн кутуңу.
Миң жылга кешик калтырган,
Манастын татып тузуну,

Отурам жыргап Таласта,
Ойлорго батып жупуну!

Көп менен баргам агылып,
Көнүмү ыйык Таласка!
Агылбай турган эркимби,
Айаалам агып баратса!
Санатсыз нечен убактан,
Заманды заман кулаткан,
Азабын берген кайбирде,
Алгандай болуп кулактан,
Кыяндуу далай кездерде,
Кып-кызыл болуп суу аккан,
Өзөксүз кездер көп болгон,
Өрттөнүп Тагдыр чуу аккан,
Кебелбей жетип бу күнгө.
Кемиген миң жыл курактан,
Каякта-а калган замандан,
Каркыра болуп кеп келди.
Кыйратып көрчү мени деп,
Кылымды кыркып жеп келди.
Кыдырган нечен жолунан,
Кырлары кылыч чеп келди.

...Дүңгүрөп жатат бу күндө,
Манастын ыйык конушу!
Жергеге келип кошулуп,
Жеткенде миң жыл жол учу.
Аш бышым жерден угулуп,
Аккула дүбүрт согушу
Алдагайдан заңк этип,
Атабыз Манас добушту,
Көрүүгө эңсеп зар бөлгон,
Көзүнө элдин толушу,
Бир дене сымал кыргыздын,
Биригип жүрөк согушу.
Миң жылдар бою көксөгөн,
Тилеги ушул болуучу!

...Арбактар колдоп Таласты,
Аска да айтты «Манасты».
Артыла серпип түндүгүн,
Асман да айтты «Манасты».
Андагы миң-сан адамдын,
Алына кубат таратты.
Каякта-а калган доорлорду,

Кайрадан жаңы жаратты.
Ажайып сулуу кең Талас,
Океан болуп баратты!
Кайталангыс «Манасты»,
Канынан кыргыз жаратты!
Жанынан кыргыз жаратты!..

...Айныгыс адеп мында бар,
Ажайып элге жарашкан.
Айтканы Айга жанашкан,
Акылман өткөн Таластан!
Кылымдан тизгин талашкан,
Кыл чайнар өткөн Таластан!
Жаңылбай жылдыз санашкан,
Аялдар өткөн Таластан!
Калкыган жолдо канатчан,
Тулпарлар өткөн Таластан!
Кааласа жерди сабаткан,
Жайчылар өткөн Таластан!
Карегин көлгө айланткан,
Каныкей өткөн Таластан!
Атадай элге карашкан,
Асылдар өткөн Таластан!
Ал жорук калган турбайбы,
Атабыз айкөл Манастан.
Таласка Манас жарашкан,
Манаска Талас жарашкан!
Кылымдар эңсеп жүрсүн деп,
Кудайым ыйык жараткан!
Таластын жаркын келбети,
Таптаза алтын жергеси!
Көзү сук жанга көрсөткүс,
Кыргыздын көөхар, бермети!
Таласта жашайт дейличи,
Кудайым сүйгөн пендеси!

Эгемен күндө кыргыз эл,
Бир улуу жорук баштады!
Атабыз айкөл Манаска,
Айтылган антын актады!
Кылымдык тойду өткөрүп,
Кызыктуу күнгө батканы,
Манас дейт кары, жаш дагы,
Манас дейт тоо да, таш дагы!
«Манасы» — кыргыз Мекени,
«Манасы» — кыргыз Асманы!

Кыргыз жок «Манас»
сүйбөгөн,
Кыргыз жок көөнгө түйбөгөн.
Бир кыргыз жерде калса да,
«Манас» деп өтөт дүйнөдөн!

Доолбас үнү чыкканда,
Доорлордун доору ойгонду!
Жүргөндөй болуп сезилди,
Жолборстор каптап жон-жонду.
Кайдагы кезин эскерип,
Күмүш-Таг дагы ойлонду.
Тулпарлар ашып кадимки,
Өтмөктөй ашуу жолдорду.
Ченеген өндүү сезимди,
Чеги жок миң жыл болжолду!
Кадимки кат-кат аскалар,
Каткандай миң-сан томдорду.
Жаңы күн жолун артууга,
Жар таштар дагы комдонду.
Кыйкырды шаңшып жер жүзү,
Кыргыздын жолу болгонду!
Келбестей кеткен бир кезги,
Кемелтеси толгонду.

Канымды кайра чайкады,
Кадимки Манас күмбөзү!
Кылымдар кырып келаткан.
Кыргыздын өлбөс дүйнөсү.
Дем алып жаткан окшоду,
Денеси анда Манастын.
Дегдеген элем жетсем деп,
Деги бир келип жанаштым.
Кеткендей болду ирмемге,
Кулакка үнү угулуп,
Манас боло калсачы,
Дебийдим күмбөз кубулуп!..
Жармашсам дедим ошондо,
Аккула аттын жалына.
Учурар беле зуу коюп,
Ааламдын ар бир жагына!..
Ааламга батпай кеткенсип,
Айтылуу Күмбөз карааны,
«Атаң да бизге Ата» деп,
Ааламдын жетти кабары!

Көзүмө сүрттүм турпагын,
Көөнүмдү дагы тазартып.
Дүйнөнү нышым кечирип,
Дилимди койду жашартып.

Артыла түштүм заматта,
Ааламга жетип түнөгүм!
«Манас, Манас!» деп турса,
Балкыган ысык жүрөгүм!

Кайталангыс бу күндөр,
Калды ээ улуу тарыхта!
Калдайган кыргыз калкынын,
Кабары жетип алыска!

31-август 1995-жыл.
Бишкек шаары.

ТОЙДУН ШАҢЫ

Түпкүлүктүү кыргыз журтчулугу көптөн күткөн, узак жылдары аруу тилегин тартуулап, эңсеп келген мүдөө-талабын — руханий байлыгыбыздын өчпөс жылдызы болгон «Манас» эпосунун кылымдык азем-тою дүйнө дүңгүрөтүп... Ала-Тоо аймагында азаттык менен эркиндиктин, биримдик менен ынтымактын күүлөрүн жаңыртты!

Баарынан да азем-салтанаттын шаңын чыгарып, зоболосун көтөрүп..., кыргыздын каны-жаны менен бүткөн улуттук оюн-зооктору да көргөн адамдын жан-дүйнөсүн дүрбөлөңгө салып, кут уялаган айкөл Манас бабабыздын ордолуу журту — Талас жергесинин да ажарын ачты!

Улуу тойдо болот экен ат жарыш,
Улак тартыш, тыйын эңмей, оодарыш,
Күрөш, ордо, кыз куумай да болот дейт,
Сөздөр тарап, көңүлүңдү жубаткан.

КУБАНЫЧТЫН КӨЗ ЖАШЫ

Мына чыкты ат чабууга жигиттер,
Бардыгы тең байге алууга үмүткөр.
Мингендери жел жетпеген тулпарлар,
Сынчы болсоң, сын-сыпатын байкап көр?!

Улуу тойдун ажарын ачып... Баарынан да кыргыз калкынын кан-жаны менен бүткөн улуттук ат оюндарын айтсаңызчы?! Мына, күлүктөр да чубатылып, эл сынынан өтүп жатты. Көлдөн келген «Кара-Төбөл», Нарындан кошулган «Карылгач», казак боордоштордун алдына ат салбаган «Буриясы», көп үмүткерлеткен таластыктардын айтылуу «Марадону», Сары Өзөн Чүйдүн намысын коргоп, желдей учкан «Карагери»... Табына келген жылкы жаныбар да, кыйган камыштай болуп, кулактары «кароолго келип», сүмбөттөй болуп, көркүнө келе калат бейм!

...Булардын арыш таштаганын көрүңүз?! Атылган жебе жетпей... закымдап! Аралык да кыйла алыс — отуз чакырым! Биринбири бучкактап жыйырма чакырымга чейин «туяк тери» төгүлгөн күлүктөр да додосунан жаңылбай чогуу келет. Аралык улам кыскарган сайын, байгеге кошулган 51 күлүктүн... моюнчалап озуп олтуруп, акыркы айлампада гана анын бешөө алдыга моюн созсо боло!

Ооба, намыс кургуруң бир тең болсо, бул даңазалуу тойдун зоболосун көтөрүп, күлүктөрдүн баш байгесине делип, кыйлага аңыз сөз болуп келген кыргыз журтчулугунун туңгуч ажосу Аскар

Акай уулунун менчик «Волгасы» да, «кайсы бактылууга тиер» — экен деген санаркоо да көп сандаган элдин «дүбүрттүү» оюн бөлүштү кылгандай болду.

...Күлүктөр чубап жол арбып, элдер «дүбүртү» көбөйүп...

— «Марадонабы» же «Буриябы?». Биринен-бири озуп... «Карылгачка» да камчы салды! Сары-Өзөн Чүйдүн ишенимдүү күлүгү «Карагерин» карагыла! Жаныбардын аяк ташташын кара! Жапырылып...

Жүз метр! Жетимиш... Элүү... Аралык улам кыскарат. Эл да дуу көтөрүлүп... Ошентип, Ысык-Ата районунун тургуну (Сын-Таш айылынан) Кемелбек Сманалиевдин таптаган (чабандеси өз иниси — Жыргалбек) күлүгү таңсык тарткан баш байгени — «Волга» автомашинасына арзып, Манас бабабыздын улуу тоюнда кыргыз журтчулугунун намысына жарады!

Күлүктөргө байге тапшыруу аземинде эл алдына чыккан ажарлуу ажобуз Аскар Акай уулу да кубанычтан көз жашын чайган күлүк ээси Кемелбекке мааракенин баш байгесин тапшырып жатып, толкундана сөз катты: «Мага да, менин үй-бүлөмө да ак жолтой, мандай терибиз менен табылган автомашинабыз эле. Манас атабыздын арбагына деп... улуу тойго баш байгеге сунуштаган элем. Мына, Кемел иним. Бул «күлүк» да сенин эмгегиңе арзып, бактыңа буйруптур! Сага да, сенин үй-бүлөңө да ак жолтой белек — машина болсун!».

Кас-катар тизилген эл байгелүү жигитке да, байге тапшырган жумурай журтчулугубуздун ишенимдүү уулу Аскар Акай уулуна да ак дилден бата берип жатышты: «Бар болуңуз, ажарлуу ажо!».

«КАРЫЛГАЧТЫН» ЖЕҢИШИ

Кунандардын жарышына да туп-туура отуз сегиз күлүк кошулду. Узак чабылды — аяк-башы он чакырым. «Жигули» автомашинасын Казакстандын Мерке айылынан келген даана күлүк «Карылгачы» жеңип, баш байгеге арзыды. Кубанычтан көз жашын чайып, күлүктүн ээси Калык Сатыбалдиев эл алдында сөзгө келди:

— Көп эле үлкөн той-аштарга катышып келем. Бирок, Манас бабабыздын дүйнө дүңгүрөткөн азем-салтанаты кереметтүү уюштурулуптур! Кыргыз боордошторумдун ооматы келди! Андыктан тоюңар тойго улансын. Айкөл Манас атабыздын касиеттүү арбагы колдой жүрсүн, баарыбызды! Алакан жаялы, оомийин!

КҮНДҮК ӨМҮРҮҢ БОЛСО...

Жоошуп — журтуп бараткан,
Жорголорду көргүлө?
Кайсынысы «көшүлөт»,
Калыс бааны бергиле?

Зыпылдап биринен-бири өтүп... жорголордун мелдеши да ... ракеге келген элди кайдыгер калтыргандай болгон жок.

Көлдөн келген жорголор эл «тамшантып» айтыла жүрчү мелдеште бири эмес, үчөө бирдей (убадалашып койгондой) биринин соңунан бири келсе боло! Баш байге — «Жигули» автомашинасын Аксуудан келген «Торкашкага» (жорго ээси Жолдошбек Кулмамбетов) ыйгарылды. Экинчи орунга чыккан жоргого ээси Бөкөшов Мирлан (Тондун Бөкөмбаев айылынан) «ГАЗ-53» маркасындагы автомашинага арзыды. Ал эми экинин соңунда болгон (Түптүн Жылуу-Булагынан) Болот Мамытканового түстүү телевизор тапшырылды.

Мелдештин жеңүүчүлөрүнө айыл чарба министрлигинин атынан байгелерди коомчулугубузга белгилүү ишмер — инсан Арстанбек Дүйшеев тапшырды. Ара чородо ал адам менен да маектешип, ой-пикир бөлүшүүгө үлгүрдүк:

— Айкөл Манас бабабыздын бул мааракесинде,— деп сөз кылды маектешибиз,— кыргыз эли намыска турган меймандос, кеңпейил, колунан албан иш келген калк экендигин эми дүйнөлүк коомчулуктун алдында көрсөтө алды!

Ынтымак-ырыскерлик менен мындай чоң азем-тойду өткөрүү түпкүлүктүү элдин гана колунан келет! Кыргыз элине бул мааракенин кайтарымы зор болорлугун эскере кетким бар. Ушундан улам биздин эл үчүн жан үрөп эмгектенип жаткан президентибизге жабыла колдоо көрсөтүп, оорун жерден, жеңилин колдон алып... элимди эринчээктикке алдырбай, тер төгүп эмгектенүүгө чакырам!

ЭР ЖИГИТ БОЛСОҢ ЭҢИП КӨР!

Тигинде жатат тыйын
жер менен жер,
Камчылан, убакыт аз,
эңкей ылдам!

Кыргыз калкынын ат жалында ойногон, эр жигиттерди эл сынынан өткөргөн оюндарынын бири — тыйын эңмей Манас мааракесинде мелдештин бул түрүнө кошулгандардын саны да арбын болду. Бирок, байгеге саналуу гана эки адам жетишти. Анын бири — Нарындан келген жигит — Сайдин Өмүрзаков, экинчиси — таластык өнөрпоз жигит — Кубанычбек Изабеков болду.

ЭР ЖИГИТ БОЛСОҢ КУУП ЖЕТ!

Оюндун бири — кыз куумай,
Күлүктөр көктө сызчудай.
Тизгинди чоюп жөнөсө,
Жигит — шумкар, кыз — куудай!

Улуу тойго келгендерди көлдөн (№ 54-жылкы заводунан) келген Кыймаш Ырсалиева менен Совет Озобаев ат жалында ойношуп, кыргыздын «Кыз куумайын» эл алдында мүдөөлөп көргөзгөндөй болушту!

Кыймаш да (атасы чарбада саяпкер эле), Советбек да жаш чагынан эле «мал-жандуу» өсүштү. Барынан да Камбар-Ата тукумун аздектешип... Басса-турса жылкы менен болушту. Кыйла мелдештерге катышып келишет. Акыры мына, эмгегинин үзүрлөрү артылып...

— Манас Атабыздын мындай даңазалуу тоюндагы жеңишибиз эстен чыкпас — деп ой бөлүшөт ат жалында «ак куудай сызган» Кыймаш кыз. Эмики кезекте, кыйла түйшүк менен мындай шаңсалтанатты уюштуруп олтурган Президентибизге ар тараптан колдоо көрсөтүп, дүйнө коомчулугу алдында кыргыз эли да эмгекчил калк экендигин даңазалап көрсөтүү милдети турат!

Айтмакчы «кыз куумай» оюунунда Сары-Өзөн Чүйдөн келген (Аламүдүндөн) кыз-жигиттер — Игорь Приливчинко менен Ирина Солодковалар да эл алдында эр жүрөк, шамдагайлыктарын көрсөтүшүп, байгелүү орундарга арзышышты!..

БАКТЫБЕКТИН ӨНӨРҮ — БАШ БАЙГЕГЕ ЭЭ КЫЛДЫ

Улакты басып такымга,
Карабай алыс-жакынга
Жөнөсө күчөйт кыйкырып:
«Жет! Эңкей! Карма,
Жакында!»

Алдын-ала өткөрүлгөн тандап алуу мелдештеринде улак тартыштан финалдык мелдешке таластын командасы (№ 1) менен Оштун улакчылары атаандаштарын үстөккө-босток жеңишип, Манас атабыздын мааракесинин баш байгеси үчүн чечүүчү беттешүүдө ат салышууга чыгышкан.

Бири-биринин ыкмаларын жакшы билишкен улакчылар мелдешке да кыйла убакыт бөлүшүп, дыкаттыкта даярдык көрүштү...

...Аттар да суй жыгылып, жигиттер да кыйла алдан кеткендей болушту. Кошумча берилген беш минуталык убакыт да жеңүүчүлөрдү белгилей алган жок. Эми мелдештин шарты боюнча ортого бирден улакчы чыгышты. Дал ушул чечүүчү мезгилде Кара-Буура районунун Бакайыр айылынан келген чарбанын белдүү жигити, өнөрлүү Бактыбек Бешкемпиров командасынын ишенимин аткарып, «чү» — деген жерден торпоктой серкени буйдалбай эңип, такымга басып... «мүдүрүлбөй» маарага таштап кетсе боло! Ошентип, кыйкырык-сүрөөнүн астында Таластык улакчылар

мелдештин баш байгесин — «Жигули» автомашинасын жеңип алышты!

АТТАН «СЫЙРЫП» ТҮШҮРҮП...

Жеңди түрүп карыга,
Балбандар чыкты
намыска!

Мелдештин шарты боюнча Манас Атабыздын мааракесинде финалдык беттешүүгө эки жуп балбандар гана эл алдында өнөрлөрүн көрсөтүштү.

Алгачкы беттешүүдө (70 килограммга чейинки салмактагылар) Сары-Өзөн Чүйдөн белсенип (Панфилов районунун Кум-Арык айылынан) келген балбан Нурлан Молдокулов менен көлдүк жигит (Түптүн Миң-Булак айылынан) Сыртбек Жумадыловдун беттешүүлөрү кыйла кызыктуу болду. Булчуңдары буржуйуп... кармаган жерин карыштырчу Нурлан атаандашын алгачкы минуталарда эле ат жалынан өбөктөтүп шаштысын кетирди. Кайратына келдиби Сыртбек да чымыркана ар кыл ыкмага салып Нурланга кыйла туруштук берди. Канткен менен Нурландын «чилде» өжөрлүгү, кармаганын карыштырган балбандыгы атаандашын аттан «шыпырылып түшүүгө» аргасыз кылды.

Оор салмактагы балбандардын ат жалындагы кармашуусу да, айыгышкан атаандашуу менен өттү. Оштук балбан Көчөн Көчкөмбаев Сары-Өзөн Чүйдүн намысын коргогон жигит Нияз Курманкуловду анчалык күч жумшабай эле, беттешкен жерден аттан «сыйрып» түшүрүп, көргөн элди таң калтырды! «Өнөрүң болсо өргө чап» — деп, көргөн элдер ат жалында ойногон алп балбандарга алакан чабышып, алкыш айтышты.

АК ЖОЛУҢ АЧЫЛСЫН, БАЯМАН!

Спорттун ышкыбоздору «Тапанча» деп аталган түштүктүн айтылуу балбаны (Жалал-Абаддан) Узаков Ибрагимди жакшы билишет. Ал эми анын ушул Манас бабабыздын улуу тоюнун урматына делип өткөрүлүп жаткан чоң мелдештин жеңүүчүсү болуп каларын (оор салмакта) анча баамдашкан эмес. Анткени Ибрагим жашы өткөндүгүнөнбү, көбүн эсе машыктыруу ишине «оодук» көңүл буруп келген. Кантсе да теңирге таазим кылып, чымырканган машыгуусун уланта берген. Төгүлгөн тер акыбетин кайтарбай койгон жок! Ошентип, ал «Манас—1000» мааракесинин жеңүүчүсү аталды! Анан Ибрагимдин өзү көп жылдары көзөмөлгө алып, таалим-тарбиясын берип, машыктырып («телчиктирип») келген окуучусу, спорттун даңазалуу чебери, республиканын эл өкүлдөр жыйыны-

нын депутаты Баяман Эркимбаев менен тагдыр буйруп (мелдештин абсолюттук наамындагы чемпиондук үчүн) беттешүүгө туура келди. Эл бул беттешүүнү көптөн самап, күткөн эле. Бирок, Ибрагим Узаков («Тапанча») даңазалуу окутуучусуна байгени күрөшпөй туруп ыйгарууну өтүнүч кылды. Ким билсин, мугалим менен окуучусунун ортосунда кандай жашыруун сырдын бар экенин... Кантсе да, даңазалуу Манас мааракесинин балбандар арасындагы «абсолюттук чемпиондук» наамы ишенимдүү адамга ыйгарылды,— дешти күйөрмандар. Анда, ак жолуң ачылсын Баяман!

АЧЫЛДЫ БАГЫҢ, КЫРГЫЗСТАНЫМ!

Шаңдуу чыккан музыканын жагымдуу доошун коштоп, береги, арбагы тирүү касиеттүү Манас бабабыздын мунаралуу Кароол Чокусунан кагылган доолбастын коңур доошу калайык калкка жар салып, эгемендүү Республикабыздын эртеңки — жакшылык ыроологон күнүнүн ажарлуу шооласын чачкандай болот!

...Өмүрдүн өр жолунда Ала-Тоолук ырыскылуу элимди айкөл Манас бабабыздын арбагы колдосун деп, аруу тилекте болобуз!

АК ӨРГӨӨЛӨР БААСЫН АЛДЫ

«Манас» мааракеси делинип, айтылуу Кең-Кол өрөөнүнө тигилген, жылдыздай жыбыраган ак боз үйлөрдүн саны да миңден ашып токтогон. Биринен-бири өтүп, көз тайгылткан ак өргөөлөргө да тетик, дасыккан адистер тарабынан баасы чыгарылып, көпкө күткөн эл мүдөөсү (ой-талабы) өз ордуна келгендей болду.

Калыстар тобу көз мончоктой ажарлуу ак өргөөлөр арасынан үч боз үйгө мааракенин баалуу баш байгесин («Жигули» автомашиналарын) ыйгарышты. Алар — таластык айтылуу уздар жана усталар жасаган он эки канат хан өргөө (устасы Кабай Табил уулу), Ысык-Көлдүн Семеновка айылынын чебер устасы, кыргыз республикасына эмгек сиңирген ишмери Орозбай Кенчибаев жасаган ак боз үй жана Жети-Өгүздүн Барскоон айылынын ишкер тургуну Мекенбек Осмоналиевдин колунан чыккан сегиз канат ак өргөөсү.

Кочкордогу «Албан» агрофирмасынын жетекчиси Болот Асанбеков боз үйлөрдүн баш байгесине атан төө баштаган тогуз алып келиптир. Ошол баалуу байгени комиссия он эки канат ак өргөөгө ыйгарды.

Калыстар тобу ушундай эле сегиз боз үйгө (ички тышкы жасалгалары түгөлдөй эске алынып) биринчи, жыйырма боз үйгө кызыктыруучу баалуу сыйлыктарды берүүнү чечишти.

Айтмакчы, зор чеберчилик менен жасап келишкен Оштуктардын үч кабат боз үйүн калыстар тобу, учурдагы тарыхый-этнографиялык өзгөчөлөнүп жасалган өргөө катары баалашып, маара-

кени уюштуруу жана өткөрүү боюнча улуттук комитети өзү чечип, байге баасын өздөрү коюсун өтүнүч кылышты.

КАЙРАТ. НАМЫС. БИРИМДИК.

«Манас» эпосунун Таластагы улуу тоюна камылга, асыресе, «Манас Ордо» комплексинин курулушу республикада гана эмес дүйнөлүк коомчулуктун назарында турду.

Себеби түшүнүктүү — комплекстеги курулуштар бүтпөсө — тойду кантип өткөрмөкпүс? Маселенин маселеси ушунда...

Намыс жеңди. Кайрат ташыды. Биримдиктин керемет кубаты дем берди. Манас Атабыздын арбагы жар болду, жүзүбүз жарык тостук, коногубузду...

Анан калса, мындай тарыхый курулуштун кыска мөөнөттө, жогорку сапатта бүткөрүлгөнү да дүйнөлүк курулуш жаатында жаңылык болуп калды.

Кийин, улуу салтанат ааламга шаңы чыгып өтүп жатканда, көргөндүн көз жоосун алып, шаңкайып турган ажайып имараттардын кандай шартта, кандай аракет, чымырканган күрөш, талант менен бекем талаптын натыйжасында гана бүткөнүн ким эстеп, ким ойго алды дейсиз?..

А чындап келгенде «Манас ордо» комплексине кирген «Манас» музей, зыярат жайы, түлөөкана, сейил бак, мейманкана, ашкана, ат майдан, Ордо капка, ага кошумча жол ж. б. толгон курулуш иштерин жүргүзүүгө тоскоолдуктар өтө эле арбын болгон. Бекер жеринен Талас областынын губернатору (ошол кезде областын мамлекеттик администрациясынын башчысы) Тойчубек Касымов дээрлик бир жыл бою ар аптанын шейшемби күнүндө курулушту түгөл кыдырып, иш ыргагынын күрөө тамыры солгундап кетпесин деп, штаб өткөрүп турган жок.

Мүнөздүү бир көрүнүш. Областын жетекчиси кыш чилдедеги бир келгенинде Манас Ата сейил багын түптөөрдө жер тоң деп көчөт олтургузууну созуп олтурган «Алтын Казык» акционердик коомунун төрагасы К. Базековго: «Тоң тоскоол болбойт, карагайдын көчөттөрүн тоңу менен томкоруп келип дыкат олтургузгула. «Уктаган» көчөт жазда «ойгонот». Колдон көчөт алдырам, буйдалбай олтургузгула».

Азем тойдо кулпуруп турган карагайлар ошентип аязда «конгон», Манас ордого...

А дегиңкиси, «Алтын Казык» комплекстин көп объектилерин жакшынакай бүткөрүүгө салым кошту. Касиеттүү жерге ат арытып келишинин, Манас Атабыздын арбагына таазим кылган не бир пенде түлөө өткөрүп, табына турган жайдын курулушу да «Алтын казыктын» азаматтары бүткөргөн.

Негизинен Таластын куруучулары зор чеберчиликти талап кылган ири курулушту деле абийир менен аткарарын далилдеп коюшту. «Жолчу» (Э. Назаралиев), «Жаңырык» (А. Кененсариев), «Талассуу-курулуш» (А. Субанов), «ТаласМПМКсынан» (К. Төрөбековдун) чакан жамааты кесиптик чеберчиликтерине Ата Журтубуздун намысы үчүн деген кайратын кошуп эмгектенишкен. Куруучуларга дээрлик бүтүндөй областтан жардамчылар келип турду. Даярдык марафону 1995-жылдын июнь, июль айларында өзүнүн чегине жеткен. «Манас Ордо» август айынын баштарында салтанат өткөрүүгө негизинен даяр болуп калган. Бүткүл элдик курулуштун үлгүсү ушундай эле...

Эгерде элим, жерим, Мекеним деген асыл түшүнүккө адамдагы ак тилек, биримдик эгедер болсо кандай гана кыйындык болсо да, чечилерин да ушул курулуштун келбети көрсөтүп койду.

«Жер көгөрткөн эл көгөртөт» деген чакан материал ошол аптаптуу жайдын ыргагынан кабар берип турат.

«ЖЕР КӨГӨРТКӨН, ЭЛ КӨГӨРТӨТ»

Өткөн ишемби күнү Талас областынын акими ТОЙЧУБЕК КАСЫМОВ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Билим берүү, илим жана маданият боюнча комиссиясынын төрагасы ДОСБОЛ НУР уулу менен жолугушту, ортодо «Манас» эпосунун миң жылдыгына даярдыктын жүрүшү жөнүндө кеп-кеңеш болду. «Миң укkандан бир көргөн артык»,— дегендей областтын жетекчиси Жогорку Кеңештин өкүлүн улуу Салтанат болчу жайды өзү ирээти менен таанышtырды. А түгүл коноктор түшкөн самолет келип кончу Талас аэропортунун абалын баяндап, кыдырып чыгышты.

Жаңы келген адамга Манас — Ордо музей комплексиндеги иш, андагы адам көөнүн бурган имараттардын бүтө жаздап калган көрүнүшү кадимкидей таасир калтырарын сездим. Жогорку Кеңештин өкүлдөрү (аталган педкомиссиянын ага референти Фатима Мамашева) аткарылган иштердин көлөмү өтө зор экенин, көп иштер аткарылып калганын белгилешти.

А чынында эле кыска мөөнөттө (курулуш чындап башталганына аз эле болбодубу) бир нече жылда бүткөрүлө турган иш аткарылды. Таш-Арык айылынын аймагы таанылгыс өзгөрө турган канчалаган имарат салынып, улуттук сейил багы түптөлдү. Эми татынакай ат майдан салынууда. Жолдор кеңип, жаңы жолдор салынып, жадегенде электр зымдары тартылган жыгач мамычалары кошо алмаштырылууда. Ушунун баары канча иш, канча аракет талап кылат. Областтын акими өзү баш болуп күн менен түн башында турганы бекер эмес. Убакыт кысып келет.

ДОСБОЛ НУР уулу ат майдандын күн чыгыш тарабындагы Камырдын белиндеги каксоо жери тегизделип, үстүнө чым бастырылып жаткан жерди көргөндө таң калганын жашыра алган жок. Чын чынына келгенде комплекстеги кол күчүн көп талап кылган аныкоор жумуш ушул жерде. Чаң тушардан чыккан каксоо жерди көгөртүү канчалык...

Ушул жерде белгилей кетчү нерсе — белге чым жаткырып көгөртүү жеке ТОЙЧУБЕК КАСЫМОВДУН демилгеси менен болгону. Муну куруучулар айтып олтурушат. Болбосо ага атайын, өкмөттөн каражат/каралган эмес. Азыркы учурда областтын күчү менен күнүнө 200 чамалуу адам ушул ишке тартылып, Камырдын белиндеги көк жашаң жердин чеги кеңип барат.

Буртулдаган чаңды кечип өтүп, жанагы көк майсанга жеткенибизде төбөдөн өткөн аптап да басандай түшкөндөй сезилди...

— Жакшы демилге көтөрүпсүз,— деди ДОСБОЛ НУР уулу ТОЙЧУБЕК КАСЫМОВГО кайрылып, минтпегенде той учурунда миңдеген адам чаң жутуп, айласы курумак.

Кароол чокудан музей-комплекстин көркү алаканга салгандай көрүнөт. Мына, музей дапдаяр, ички жазалгасы бүтсө коноктордукабыл алса болчудай. Тегереги гүлзар, чым жаткырылган аянттары көпкөк. Айрым жерлеринин чөбү да чабылып, тегизделип, кудуп бир топ жылдан бери көгөргөн түргө келип калган. Ушул жерден областтын жетекчиси тээ, жаз алды менен келгенде жаткырылып жаткан чымдын ар бирине көз салып, тегиз эмес жерине көңүл бурган кездерин эстедим. Мына, эми музейдин тегереги калыбына келип, көргөн көздү кубантат, сыймык арттырат.

А бул үчүн канча эмгек жумшалды...

Кадырман коноктор музейдин ичин, түлөөкана, зыярат жайды, чайкана, мечит курулушун ирээти менен көрүп канааттанып калышты. Жумуштун ыргагы, областтагы камкордук бардык объектилердин убагында, жакшы сапатта бүтөрүнөн кабар берет. Ушундай кыйын кысталышта кооз сөз эмес, чымырканган эмгек, куру убада эмес, жаратылган натыйжа гана муратка жеткирерин көпчүлүк баалай баштаганын билдим. Айылдын бир кадырман карыясы акимдин аракетин: «жер көгөрткөн — эл көгөртөт» — деп баалаганы бекер эмес экени да ошондон.

Бул пикирге өзүм да күбө, өзүмдүн да кошумчам бар. Минтип борбордон келген калыс кишилер да жакшы пикир айтып, ыраазы болуп жатышса, оюң бекемделип улам пикир жаңыра берет тура...

Ал күнү Жогорку Кеңештин өкүлдөрү миң жылдыктын шарданы менен Талас шаарында курулуп жаткан отуз орундуу мейманканада да болушту. Мында дагы иштин ыргагы жаман эмес, куруучулар эки мөөнөттө, сапаттуу иштеп жатышат.

Айтор, Таласта убакыт менен эсептешпеген албан иш күчөгөн кез.

Ал эми «Кыргызэнергохолдинг» компаниясынын президенти республиканын эмгек сиңирген энергетиги, академик Жамалбек Түлөбердиев менен ат жалындагы бул маек башка мезгилде, «Манас» тою өткөндөн кийин болгон. Ортодо мезгил өтүп, тойдун кандай өткөнү дүйнөгө белгилүү болсо дагы, кеп төркүнү ошол улуу окуяга даярдык мезгилиндеги «купуя» жаңылыктар жөнүндө. Бул теңдешсиз салтанаттын мааниси мезгил закымына карабай адамдардын дилинде жаңырып тура берерин дагы бир жолу айгинелейт.

«ЭЛИМДИН КЕЛЕЧЕГИНЕ ИШЕНЕМ»
(Ат жалындагы маек)

Ошентип, болгонунан да болмогу кызык демекчи, «Манас» эпосунун миң жылдык салтанаты да токтотууга жарабай минут өттү. Мезгил болсо... сааттан ай, жыл жаратып, доор кучагын эңсеп алга умтулат. Кандай болоор экен, ошол жаңы доор?

«Манас минди» кимибиз кандай кабылдап, кимибиз кандай таасирлендик экен?

Деги, ушул окуя элибиздин турмушуна кандай жаңылык кийриди?

Толгон суроолор көңүлдү дүрбөтөт. Буга окшогон суроону ар бирибиз, ар кандай шартта, ар кандай мааниде өзүнө-өзү берип, жооп издеп турганыбызга ишенем. Не дегенде, бул окуя өтөр-кетер жөнөкөй окуя эмес.

Мында элибиздин келечеги, өткөн менен кеткендин, учурдун, келерки чактын тоому жатат.

Ушул суроого Жамалбек Түлөбердиевден да жооп угуп, пикир алышсак деген таризде далай ниет курсак да убагында эч ылайыгы келбеди. Бирде Республиканын Президенти, же Өкмөт башчысы менен, бирде өзүнүн адистери менен «Манас Ордого» каттап, толгон-токой маселени чечмелеп жүргөн адамдын убактысына аралжы болду...

А, суроолордун негизги өзөгү бирөө эле.

Жок, жок... «Манас Ордонун» курулушу эмес. Энергетиканын эртеңи да эмес. Болгону өз башынан жамандык-жакшылыктын далайын кечирген адам менен адеп-ахлак, салт-санаа, анан, «Манас» катышы туурасында эки ооз аңгеме курсак дегенбиз.

Эки ортодо далай суу акты, жай өтүп күз таянды, анан кыш кылайды, эми жазды утурлап турабыз, буйруса. А чынында сааты чыкмагы ушул экен. Ортодон убакыт узарган сайын кандай окуяга болсо да берилген баа, ой-пикир маң-мааниси ого бетер артып, оголе кымбат экени сезиле баштамак.

Бул чакан дидарлашуунун «сааты» көктөмдө чыкты.

— Жамалбек Түлөбердиевич, ат жалына казан аспасак болчудай эмес, шахмат терминин демекчи «блиц» — маек курсак.

— Сунушуңар ойдогудай болду, ток этерин айталы.

— «Манас» юбилейин коё туруу керек эле, эл минтип кыйналып турганда,— деген «ура» патриотторубуздун пикирине не дейт элеңиз?

—Алар элди «оозанганы» менен эл үчүн кымындай кам көрбөсөчү? «Манастын» миң жылдыгын дал ушундай, заман оошуп, доор тогошуп турганда өткөрүүгө батынган Президент Акаевдин көрөгөчтүгүнө ишенгем. Бул өтө жооптуу жана зарыл иш болчу.

— Себеп?

— Адам курсагы ток, кийими бүтүн болсо эле бактылуу эмес. Акыры түбү турмуш оңолмок, базар мамилеси, а коом өзгөрүп турганда рухубуз, ниетибиз, пейлибиз кантет? Ыйман, ызаат, кайрымдуулукчу? Ырыс-алды ынтымакчы? Улуттук каада-салт — баары келип биздин келечегибиздин тагдырын түзөт эмеспи. Аларды эмитен калчап, керек болсо улуттук идеологиябызды негиздеп алышыбыз керек болучу. «Манас» мына ушунусу менен бизге кымбат.

— Айтыңызчы, «Манас миңге» кам көрүп жүргөн кезиңиздеги эң кыйын учуруңуз?

— Камылга ойдогудай болорунан күмөн санаган эмесмин. Баарынан кыйыны той үстүндө болду. Капилеттен электр кубатынын үзгүлтүк болуп калсачы...

— Ошондой күмөн ой бар беле?

— Кокустуктун алдын толук алганбыз. Ал үчүн кошуна Жамбыл шаарындагы, Ташкендеги тиешелүү кызматтар менен тактоолорду жүргүзгөнбүз. Ошентсе да, окуянын жүгү канчалык эле ... Шүгүр, баары ойдогудай өттү.

— Салтанаттын Сизге таасири?

— Керемет күч-сезим, күч-кубат алгандай болдум.

— Бул окуядан кийин кыргыз элинин турпаты?

— Сыймыктуу, көөнү агарып, үмүтү жанган адамдын элесиндей. Ишеничи артып, пейил оңолгон адам гана тынчтыкты кадырлап, биримдиктин баркын тааныйт, ыйманы артып, кайрымдуулукка ынанат. Мындайда адам адамга мээрими артат, бакыбат жашоого ээ болот.

Кыргызстандын келечегин мен ушундай баалайм.

Бул тилекке ким кошулбасын!

«Жакшы тилек — жарым ырыс» — деп заманыбыздын тилегин жаңырткан улуу окуянын келечегибизге ыйгарган жакшылыгынан элибиздин шыбагасы куру калбасын.

Ооба, ошондой болсун, Айкөл Манас Атабыздын арбагы колдосун!

МАНАСТАН АЯНБА, КАЛАЙЫК!

Бул саамалык да Таластан башат алган. Миң жылдыкты өткөрүү боюнча Президенттин Указы элдин чыныгы колдоосуна ээ болуп, эзелтен эңсеп — күткөн жакшылыктын жышааны катары ар бир атуулдун намысына шам жаккан.

Эң башкысы — улуу мааракe салтанатынын жогорку деңгээлде, өз мөөнөтүндө өтүшүнө эл ынтызар экени далилденип калган.

Кийин, айрыкча той болоор жылы Талас эли бардык иште тикесинен тик туруп, намыскөй, эрктүү, ынтымактуу калк экенин ырастап коюшканы маалым.

Көргөн адамдын көз жоосун кылтактап, Талас жергесинин ордо шаарынан жай алган, береги кыркаар тигилген ак өргөөлөр... көч баштаган ак сакалдуу карыялар, ак элечек энелер, көчтүн шаңын чыгарган ажарлуу келин-кыздар аларды утурлай салышып, ат жалында ойногон эр азамат жигиттер...

Мына кыркаар тарткан кербен көчүн алкынган ак бозуна мине Бакай Ата утурлай бастырат. Аңгыча, тигинден кырк жигиттин ээрчите баатыр Манас көрүнөт!

«Манастан аянба, калайык!» — тележарышынын башталыш алдында көргөзүлгөн мындай (сахналаштырган) сейрек кездешүүчү көрүнүш бир жагынан кыргыз элинин баштан кечирип келген турмуш жолун эске салса, экинчиден, баатыр Манас Атабыздын бир кездеги чачынды кыргыз калкын чогултуп, кербен улантканын элестетет.

Жүрөк толкуткан «Кыргыз көчүнүн» мукамдуу күүсү ободо безенет. Теребелге сиңип бара жаткан күүнү коштой үч кыл комуздарын «тилге» келтиришип, журтчулуктун айтылуу төкмө акындары Эстебес Турсунаалы уулу менен Замирбек Үсөнбай уулу эл алдында. Көз алдыдан чууруган көрүнүштөрдөн улам, биз Талас дубан мамлекеттик акимияттын башкы аткаруучусу, тележарышты өткөрүү боюнча дубандык уюштуруу комитетинин төрагасы Жеңишбек Чынай уулун кепке тарттык.

— Журтчулугубуз эркин доордун бактылуу дарбазасын ачуу бактысына туш келип отурган чакта, бизге көчмөндүү кыргыз калкынын эзелтен туу көтөрүп, сыймыктанып келген улуу Манас Атабыз жөнүндө баяндалган, элибиздин маданий мурастарынын көөнөрбөс кенчинен болгон «Манас» эпосунун миң жылдыгын эскерүү — аземин өткөрүүгө минтип кол кабыш кылуу бактысына туш болуп отурабыз.

Калайык-калктан айланса болот. Бирди эки кылып улап, убактылуу, кыйын тарткан турмушка кайыл болушуп, Манас Атабыздын мааракесине Талас жергесинин тургундары да жигердүү даярдыктарын көрүп келишүүдө.

Бүгүнкү өтүлө турган «Манастан аянба, калайык!» тележарышын утурлаган иштер дубандын ар бир аймагында жүргүзүлдү.

Президентибиздин жарлыгында белгиленгендей, Манас Атабыздын арбагы ыраазы болоор ариет жумуштун иштиктүү башталышы катары туюнабыз!

Кантсе да, жүктүн оордугу, Манас Атабыздын турагы — Талас жергесине, анын тургундары — таластыктарга «оордук артылаарын» эстен чыгарганыбыз жок.

Маалыматтарга караганда Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл дубандарында тележарыш жалпы элдик колдоого алынды. Той мааракени каржылоо казынасы да кыйлага кордоно түштү. Республика боюнча да чаралар көрүлүп жатса керек.

Мен ушул ишке бүткүл дитин, кайрат-жигерин жана мандай тери менен чогултkан акча каражаттарын үлүштөшкөн жүздөгөн эр азаматтарга ак дилден ыраазычылыгымды айтам, иштерине ийгилик, узак өмүр, ырыс-ынтымак каалайм.

Талас өрөөнү — баатыр Манастын, даанышман карыябыз Бакай Атанын акылы тунук, зирек энелеribиз — Каныкей менен Айчүрөктүн жергеси! Бүгүн минтип, майрам, шаттык-салтанат келбетине келип, дубаныбызда өтүп жаткан Улуу Окуянын удул убарына баа берүүчү кез да келип жетти. Эми анын «берекелүү түшүмүнө» эл өзү калыс болоор!

Талас жергесинде иштиктүү өткөрүлгөн «Манастан аянба, калайык!» тележарыштын кезектеги эстафетасын таластыктар жумурияттын ордо калаасы — Бишкекке узатышты. Аны салт боюнча куржун көзүн толтура акча менен (таластыктардын кошкон үлүшүн артына) Кыргыз Республикасынын маданият министринин орун басары Жумаалы Момонкул уулу баштаган өкүлчүлүк сапар улап жолго чыгышты.

ТАЛАСТА ӨТКӨРҮЛГӨН АЛГАЧКЫ ТЕЛЕЖАРЫШТА ЭЛЕ ДУБАН ЭЛИНЕН 40 МИЛЛИОН СОМ АКЧА ТОПТОЛДУ!

Манас Ата мааракесине Талас дубан мамлекеттик акими Дастан Ислам Сарыгулов акимчиликтин эсебинен 100 миң, өзүнүн үй-бүлөсүнүн атынан беш миң сом акча каражатын ыйгарып, теле жарыштын тушоосун кести.

Кара-Буура аймагынын кайраткер эмгекчилери «Манастан аянба, калайык!» тележарышында топ бузуп, Манас Атанын арбагына деп, 13 миллион сом акча каражатын кошушту.

Райондогу «Таалай» өндүрүштүк-коммерциялык ассоциациясы (директору Т. Султанов) бир миллион, «Бейшеке» атындагы колхоздун ишкердүү эмгек жамааты (башкармасынын төрагасы А. Алымбеков) эки жарым миллион сом кошумчалады.

Ушул эле райондун «Күркүрөө» колхозунун башкармасынын төрагасы Токтогул Бабан уулу өзүнүн үй-бүлөсүнүн атынан мааракенин казынасына 25 миң сом накталай берди.

Талас районунун ар бир чарбасынын эмгек жамааттары «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине азырынча 100 миң сомдон акча бөлүштүрүштү.

Манас Атабыздын ысымындагы райондун (акими К. Карачалов) ишкер эмгекчилери да тележарышка коомчулук колдоого алгыдай демилге менен келишкен, райондун аймагында жашаган ар бир эмгекке жарамдуу адам Манас Ата мааракесине ай сайын бир күндүк эмгек маянасын кошумчалап турууну чечишкен. Демек, Манас району ай сайын 150 миң сомдон «Манас» музей коругунун эсебине которуп турушмакчы. Бул сумма үч жылда 15 миллион сомду түзөт.

Бакай-Ата районундагы өр таянып келе жаткан колхоздун (төрагасы Н. Төрөкулов) намыскөй жана иштерман эмгекчилери да Манас Атабыздын мааракесине өздөрүнүн иштиктүү салымдарын кошушту. Чарбада эмгек өтөп жатышкан ар бир инсан улуу тойду утурлашып жыйырма күндүк эмгек акыларын бөлүштүрүшкөн. Ал 3 миллион 110 миң сомду түзгөн.

Ушул эле колхоздун эмгек ардагерлери, көп бүлөлүү, ызаат-сыйлуу бүлөлөштөр Дөөм менен Нуска Асановдор өздөрүнүн үй-бүлөлүк бюджетинен мааракеге дешип, 10 миң сом акча каражатын кошумчалашты.

Бакай-Ата аймагынан Бишкек кааласында жашаган тургундары да өздөрү эмгектенген эмгек жамааттарынан жана өз үй-бүлөлөрүнүн атынан «Манастан аянба, калайык!» тележарышына атайын ат арыта келишип, бир миллион сом суммасында акча каражатын берип кетишти. Бул мерчемдүү ишке баш-көз болуп, эмгектин ардагери, жумуриятыбыздагы соода тармагынын көрүнүктүү өкүлү, кыргыз бакалеясынын башкы акими Анарбек Шамырза уулу баштап келди.

Бул күнкү жалпы элдик салтанатка айланган тележарышка Талас аймагынын Кара-Ой айылынан эмгек ардагери, сексен беш жаштагы Саадакан Ибраим кызы да бала-бакыралары менен кошо келип, Манас Атабыздын арбагына деп, «өпчүлөп» чогулткан пенсиясынан 700 сом акчасын кошумчалады.

Эл депутаты Корчубек Акназар уулу да тележарышка 10 миң сом кошумчалагандыгын Бишкек калаасынан кабарлаган.

IV БӨЛҮМ

АРУУ ТИЛЕК, АР НАМЫС

●

Ар бир кыргыздын жүрөгүнө баруучу жол Манас аркылуу өтөт.

*

«Манас» дастанынын 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча Улуттук Уюштуруу Комитетинин алгачкы кадамы 1993-жылдын апрель айынан ноябрына чейин өткөрүлгөн телемарафон менен «Манастын ынтымак куржуну» деген ишембиликтен башталды.

*

Президентибиз Аскар Акаевдин 1000 жылдыкты майрамдоо жөнүндөгү жарлыгы, кийинчерээк ошол жарлыкты БУУнун жыйыны, ЮНЕСКОнун, эл аралык абройлуу дагы бир катар уюмдардын, ошондой эле Кыргызстандын элинин колдоосу, биздин оюнуз боюнча, замандаштарыбыздын жана урпактарыбыздын ыраазылык сезимин козгой турган кеменгер, өз учурунда кабыл алынган, саясий чечим.

*

Кыргызстандын эли «Манас» дастанынын 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча төртүнчү жолу чечим кабыл алып олтурат.

*

Мааракенин негизги мааниси: биринчи кезекте «Манас» дастаны эл аралык таанууга ээ болуп, Кыргыз Республикасы өзү кыйын кырдаалда туруп, бүткүл дүйнөлүк маданий жана рухий чараны өткөргөн өлкө катары таанылмакчы.

*

«Манас» — мурда эң көлөмдүү деп эсептелген индия эпосу «Махабхаратадан» 2,5 эсе, «Шах-Наамеден» 5 эсе, «Илиада» менен «Одиссея» экөөнөн 20 эсе көлөмдүү.

*

XIX кылымдан баштап эле биз менен чогуу ушул уникалдуу дастанды жазып алып, изилдеп, дүйнө жүзүндөгү элге таратышкан алгачкы окумуштуу изилдөөчүлөргө жана акын-котормочуларга азыр терең алкыш айтабыз. Алар: казак элинин кулундары Чокан Валиханов, Мухтар Ауэзов, Алексей Маргулан, орустар — Вильгельм Радлов, Василий Бартольд, Евгений Поливанов, Владимир Жирмунский, М. Богданова, англичандар — Артур Хатто, Уолтер Мей, еврейлер — Александр Бернштам, Саул Абрамзон, Сергей Липкин, армян — Юрий Петросян, татарлар — Каюм Мифтаков, Калим Рахматулин, венгер — Г. Алмашин, немец айымда-

ры — Ерике Таубе, Гундар Силак, француз — Реми Дор, түрктөр — А. Инон, профессор Емина Түрской — Наскали.

Кыргыз эки жарым миң жылдан ашуун мезгилден бери кыргыз аттуу элинин тилин, маданиятын жоготпой сактап, үч ирет өз мамлекеттүүлүгүн түзгөн. Ушунун баарында дал ушул «Манас» дастаны бириктирүүчү руханий касиетке ээ болгон. Анткени, Манастын өзү бүт өмүрүн кыргызды эл кылып, мамлекетин түзүүгө, эркиндигин коргоого, коңшу мамлекеттер жана элдер менен тең укукта тынч турмушта жашоого арнаган.

Эпос борборунда «Манастын жери жана эли» деген темада 50 саат тынымсыз көрсөтүлө турган видео материалдар жана 2000ден ашуун сүрөт документтери чогултулган.

«Манас«, «Семетей» жана «Сейтек» үчилтигинин Саякбай Каралаевдин варианты боюнча чыккан китеби бар. Ошол убакта Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда башка манасчылардын алтымыштан ашуун варианты сакталып турган. Булар биздин баалуу казынабыз.

Дүйнөгө белгилүү англиялык БИ-БИ-СИ корпорациясы менен бирдикте «Манас жана Кыргызстан» жөнүндө 20 мүнөттүк рекламалык фильм тартылып, ал Англияда жана АКШда көрсөтүлүүдө.

ӨМҮРБҮ БЕГАЛИЕВА

МАНАСТЫН ТОЮ

Ал эми Республиканын «Бейиш» илимий-өндүрүштүк элдик медицина борборунун Талас областынын Кара-Буура райондук бөлүмүндө эмгектенген Өмүрбү Бегалиева 1995, «Манас жылы» жаңыргандан баштап эле керемет күчтүн таасири менен чыгарма жарата баштады. Аз эле мезгилде «Кыргыз тагдыры», «Ак Мөөрдүн сөзү», «Аялзат жөнүндө ода», «Каныкейдин арманы», ж. б. дастандарды жаратып койду.

— Каныкей энебиздин баяндоосу, нускоосу менен жазам,— деп коёт ал. «Манастын тою» — ошол ыр дастандардын бири. Анын кыскартылган варианты Сиздердин назарыңыздарда.

«Манас» керемети сапарын улаганы ушул эмеспи.

Кылкылдаган көп кыргыз,
Жыйынды эми курушат.
Миң жылдыкты өткөрүп,
Манасты кеп кылышат.
***
Башчысы болот астында,
Баркы болот артында.
Майышпас кыргыз болгон соң,
Баардыгы болот калкында.
Баатырлар мында көп келет,
Баарысы түгөл төп келет.
Дүйнөнүн эли көп келет,
Түйшүктөнөт көп эмгек.
Бул тойду сөз кылалы,
Сөөлөтүн артып жүргөндөр,
Бүт дүйнө сөзүн бөлгөндөр.
Сөөлөтүн Манас көрүшсүн,
Кыргызга келип кетишсин.
Кыйлага аты таралган,
Кылымга даңкы таралган,
Аскар уулун көрүшсүн.
Алдында турган эр Манас,
Атагын эми билишсин.
Каныкейдей кайраттуу,
Энеси бар, көрүшсүн.
Этек-жеңи төгүлгөн,
Койкойгон мойну көрүнгөн.
Ханына заты билинип,

Хандын жары болгон бар.
Жакшылап баарын көрүшсүн,
Жакындап көңүл бөлүшсүн.
Жарданышып тургандар,
Узун сөз эми кылгандар,
Каткырып баары турушат,
Каалап оюн курушат.
Манас келсе башына,
Батасын сурап угушат.
Бата алган кыргыз эл,
Байлыгы мунун мол болот,
Бактысы кыргыз зор болот.
Башында турса хан Манас,
Атагы кыргыз чоң болот.
***
Манас, Манас деп айткан,
Манас жайын көп айткан.
Манастын алып батасын,
Көп кыргыз мага кеп айткан.
Каадасын Манас билишсин,
Кабарын Манас туюшсун.
Бактысы болуп көп кыргыз
Батасын Манас угушсун.
Башында Манас турганда
Байлыгы толот кыргыз эл
Аты кетип кылымга,
Атагы болот кыргыз эл.
Аттуу-баштуу адамдар,
Баарысы мында келишет,
Бактысын сурап кыргыздын
Батасын алып кетишет.
Чогулгандар чуулдашып,
Кыргызды эми баалашат.
Башаты кыргыз көп болгон,
Байлыгы кыргыз топ болгон.
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Манас деп ураан көп койгон.
Жылтыраган жылдыздар,
Жабылып баары карашат.
Манасты карап баалашат.
Баары аны самашат.
Бактысы Манас чоң болот.
Батасы Манас көп болот.
Байлыгы толуп кыргыздын
Кудай өзү баш коет.
Байрагы кыргыз чоң болот,

Батасы мунун көп болот.
Көпчүлүктүн баарысы,
Манас, Манас деп коет.
Машыккан кыргыз көп болот
Бүт аалам баары биригип.
Манаска ураан көп болот.
Башында турат эр Манас.
Башталышын караган,
Байрагы бүтүн коюлат,
Бүт дүйнө эми чогулат.
Манастын аты угулуп,
Кереметтүү той болот!
Тойго келген адамдар,
Токтолушуп карашат,
Тоолук кыргыз кандай деп,
Баары сыйлап баалашат.
Сыйын көрүп кыргыздын,
Башында турган бу хандын
Дөөлөтүн көрөт кыргыздын.
Аскар тоодой бул бала,
Хан Манаска той кылды.
Кылымдап жаткан Каныкей,
Кыл чылбырды буудурду.
Кыйла журтка уктурду,
Атагын Манас таратып,
Ааламды бүт каратып
Алчылантып той кылды...

Президент А. Акаевдин миң жылдык алдындагы Таласка сапарларынын биринде.

КҮН ДҮБҮРТҮНДӨ МАНАС ДҮЙНӨСҮ

Бул баян «Манас» салтанаты жуп ачылар алдындагы «Манас Ордо» абалын тастыктап турат.

Саналуу күндөр калды, камылга жайы кандай деп, жооптуу адамдардын жаны жай албай...

Кылымга кылым артылып күтүп келгенбиз. Жооптуу болуп, абийир тилеп турганыбыз да ошондон.

БУЛ КАЙСЫ ШААРЧА?

Айтылуу Кең-Кол өрөөнү бул күндөрү өзүнчө ажайып... Адамдын көз жоосун алыстан кылтактап, өзгөчө бир шаңга бөлөнүп, кооздукка чулгангандай. Баарынан да беймарал тартып, бой керип жаткан

өрөөнгө бөтөнчө сулуулук тартуулап олтурган жай — бул береги, касиеттүү «Манас ордо» этнографиялык тарыхый музей комплекси!

Түп көтөрүлүп... элден айланса болот! Кыйла маңдай терлер төгүлүп, албан күч-аракеттер жумшалып, кыска мөөнөттө бүткөрүлүп олтурган (Чыгыш үлгүсүндөгү мануралуу курулуш объектилерин эске салат) бул чакан шаарчадан улуу тойдо делебенди көтөргөн «Манас Ата сейил багын» аралай жүрүп, бири-бирине кынала ансамбль түзгөн кооз курулуштарга (дилинди агартып, ыйманыңды тазартууга көмөк берчү мечиттин, дарыгерлер зыярат үйүнүн жайынын, түлөөкананын, буларга удаа алыстан ат арытып келген ызаат-сыйлуу меймандарга делип курулган мейманкана менен ашканын курулуштарына) көзүң түшпөй койбойт! Айтмакчы, «Манас ордонун» негизин түзгөн Манас атабыздын аземдүү көрүнгөн күмбөзү, музейи... алар өзүнчө айтып бүткүс жомоктой болуп бүткөрүлдү! Бул күндөрү журтчулуктун көңүлүн бурган бул жайда акыркы жасалгалоо жумуштары жүргүзүлүүдө.

КӨРК АЧЫРГАН КӨК МАЙСАҢ

Азем-салтанаттын өзөгүн түзгөн улуттук ат оюндары жана эпостук театрлаштырылган оюн-зоокторду көрсөтүүчү жайдын — ат майданынын курулушунун «Манас ордо» комплексине жакын (анын чыгыш тарабына) жерге жайгаштыруу туурасында маселе чечилгенде... учкун алдында мааракеге келген элди жайгаштыруу маселеси да күн тартибине коюлган.

...Бири келген элге Камырдын Белинен жана Кароол чокунун этегинен жай берип, боз чаңгылга кезеги менен суу чачып турса жетиштүү болот деп сөз катса, экинчи бири — акыры Манас мааракесин өткөрүүнүн Талас областтык уюштуруу комитетинин төрагасы Тойчубек Касымовдун «Боз чыбырды көк майсаңга айландыруу жөнүндөгү» сунушу өтүмдүүлүк кылып, бир айдын аралыгына жетип-жетпей айтылуу Кароол чокунун этеги, бозомук тарткан береги Камырдан Белине («Манас ордонун» айлана тегереги кошо камтылып) чымдар «кынапталып» (жаткырылып, кулпунган көк майсанга айландырылган!

Алдын-ала болгон эсептөөлөргө караганда 10 гектарга жакын жерди ээлеген көк тулаңга мааракеде 40 миңге жакын адам кеңкесири бата турганы азыр айкын болуп калды.

ДАСТАНГА ЭЛ ЫРААЗЫ

«Кыргызалтын» концернинин эл сынынан өткөн эмгек жамаатынын (төрагасы, республикабыздын Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты Д. Сарыгулов) журтчулугубуз таңсык тарткан касиеттүү

Манас бабабыздын кылымдык азем-салтанатына карата толуп жаткан жумуштарды алар бир айга жетпеген убакытта кандайча бүткөрүүгө үлгүрүштү? — дешип, бир чети ак дилден ыраазы болуп кеп кылышса, айрымдар, анчейин оомак тартып ишене бербегендей болушат. Курула турган объектилерге 12 куруучу ишканалар тартылып, сменделип (күндөп-түндөп), билек түрүнө эмгек өтөштү. Жумушка күнүнө 30—35тен кемибеген автоунаалар чегерилди. Башкасын сөз кылбаганда деле... бир айга жетпеген аралыкта 10,5 миллион сомго жакын ургаалдуу жумуштар аткарылып... минтип, жүзүбүз эл алдында жарык болуп олтурат.

КЫРГЫЗ АЙЫЛЫНА МЕЙМАН БОЛУҢУЗ?

Бирине-бири көрк берип, күркүрөп аккан Кең-Кол суусун бойлой, береги «Манас ордо» жайгашып, ат тизгининдей чубалжыган, Таш-Арык айылына жанаша көз мончоктой болуп, жакында эле жаңы айыл пайда болду. 500 боз үй кыркаар тартып... ыйык жайга келген жанга алыстан эле «кол булгагандай» көрккө келген!

Жаңы конуш алган айылдан улуу тойго келген меймандар кадимки көчмөндүү кыргыз турмушу менен (өрмөгүн согуп, усталыгын жасап, желесин тартып, бээсин сааган...) кең-кесири таанышса алышат.

Кыргыз айылына мейман болуңуз?

ХАН ӨРГӨӨ ДА КӨТӨРҮЛДҮ

Үч-Эмчек айылынын кулуну Табел Каба уулунун кыйла убакыт түйшүк тарта жасаган 12 канат хан өргөөсү да бир катар жолу (алдын-ала) тигилип, жон билги адистердин сынынан өтүп... айрым мүчүлүш тарткан жактары жөнгө салынып, анын ички-тышкы жасалгалары да дасыккан уздардын колунан жаралып, азыр текши даяр болгон. Эл таңсык тарткан Манас атабыздын хан өргөөсү да ыйык жайдан — Манас айылынан конуш алды. Айтмакчы, бул айылга улуу азем-тойго келген чет өлкөлүк ызаат-сыйлуу меймандар үчүн дагы жасалгалуу ак боз үйлөр тигилет.

«БЕКБЕКЕЙДИ» КИМ ЫРДАЙТ?

Касиеттүү Манас атабыздын мааракесинде көрсөтүлө турган «Түнкү айыл» деп аталган оюн-зоок программасы да дыкаттыкта даярдалып жатат. Ат арытып алыстан келген меймандар андан кыргыз элинин эзелтеден келе жаткан «Кайра жангыс» оюн-зооктору, каада-салттары менен таанышышып, көңүл черин жазышат. Балким, айлуу түндө ак чөлмөк издешип «Бекбекейди» бирге ырдашаар... Бул күндөрү түнкү айылдын башкы режиссеру,

республикабыздын эл артисти Б. Ибраев ышкылуу жаштар, абройлуу чыгармачыл адамдар менен «түн безеп» тыным албай иштеп жүрөт.

«АБАЙ КӨЧҮ» АЙЧҮРӨКТҮН БУЛАГЫНДА

Беш колдун салаасындай болгон алты дубаныбыздын айтылуу Кең-Кол өрөөнүндө алтымыштан ак боз үйлөрү тигилип, мааракенин да шаан-шөкөтүн баштагандай болушту. Кечээ (өткөн ишемби күнү) Манас мааракеси дешип, боордош казак туугандардын (жамбылдыктардын) атан төөгө жүктөлгөн алгачкы көчүн Талас журтчулугу береги, мелжиген Эчкилүү тоонун күңгөй тарабындагы айтылуу Тай-Жоргонун белинен зор ызаат-сый менен (ак дасторконун жая) тосуп алышты! Шаңга бөлөнгөн ыр-күүлөрдүн коштоосу менен «Абай көчү» «Манас көчүнө» кошулуп, Кең-Кол өрөөнүнүн өрдөп Айчүрөктүн булагына барып конуш алды.

Көч байсалдуу болсун, боордоштор!

«КАМЫРДЫН БЕЛИНДЕГИ» КАРМАШУУЛАР...

Журтчулукка белгилүү кинорежиссерубуз Болот Шамшиев да бул күндөрү уйкудан безип, (тамакты да «өлчөп» ичип), өзү сценариясын жазып, бир жагынан киносуна да кошо тартып жаткан (Улуу мааракенин өзөгүн түзгөн) эпостук театрлаштырылган көрсөтүүгө да жигердүү даярдыктарды көрүүдө.

...Хан Манастын тынчтык бербеген душмандарга каршы айыгышкан кармашуусу бул сапар айтылуу Кароол чокунун чыгыш тарабында «Камырдын белинде» өтөт... Бул көрсөтүүгө үч миң адам (анын үч жүзү атчандар) тартылган.

Манас баатыр бул сапар да жеңиш менен кайтса экен дешип, кас-катар тизилген эл аруу тилекте турушат!

КҮЛҮКТӨРДҮН БАШ БАЙГЕСИ — АК «ВОЛГА».

Улуу тойдо, албетте, кыргыз калкынын каны-жанынан бүткөн улуттук оюн-зоокторубуз (ат чабыш, күрөш, жамбы атмай, ордо, кыз куумай, эр эңиш, улак тартыш...) да көптөгөн ышкыбоздордун тынчын алып жаткандарын түшүнсөк болот.

...Нечендеген күлүктөрдүн «кулак» терлери алынып, саяпкерлер, билектеги күчүн чыңап, далысы жер жыттабаган балбандар, кыраандарын таптап, «чанымчыл» келген мүнүшкөрлөр, түн-уйкусунан, күн-тынымынан безген кези эмеспи.

Оо, намыс деген күч кыргызда!.. Анан касиеттүү Манас бабабыздын асем-салтанатында байгелер да «бийиктелип» белгиленгени турат.

Айтор, кызыгуулардын «басым тартып» артылып жатканы да бекеринен эмес. Айтмакчы, улуу мааракеде күлүктөрдүн баш байгесине койгон Ажобуздун менчик ак «Волгасын» көздөгөндөр да арбын окшойт.

...Күлүктөрдүн дүбүртү алыстан угулат!

ҮЧ КАБАТТУУ БОЗ ҮЙ

Мындай кулак угуп, көз көрбөгөн жаңылыкты буюруса улуу тойдо көрмөк болдук. Ош тараптан келген маалыматтарга караганда «Манас» эпосунун азем-салтанатында кыргыз илимдер академиясынын түштүктөгү бөлүмүнүн пиктография секторунун башчысы Люфулла Жусуп — Акмат уулу даярдатып жаткан үч кабат боз үй да тигилмей болуп жатат. Бүгүн, эртең дешип, ал да тиги Ала-Бел — Өтмөк ашууларын кыркып Талас багытына сапар алчудай.

Сырдуу тарткан ак өргөөнүн кереге-ууктары арчадан жасалып... ички-тышкы жасалгаларында да адам «тамшандырган» кыйла өзгөчөлүктөрү бардай...

Жергебиздеги Саймалуу-Таш өндөнгөн сырдуу жайлардын жашыруун сырларын ачып жүргөн дилгир илимпоздун ак өргөөсүнүн биринчи кабаты — 18 метр, экинчиси —12, үчүнчү кабаты — 7 метр бийиктикте жасалганы да тастыкталды. Айтор, касиеттүү Талас жергесинде өтчү даңазалуу мааракеде да кыйла кызыктуу окуяларга кириптер болчудайбыз. Дегинкиси, Манас бабабыздын үч кабат (кереге-ууктуу) боз үйлөрү болуп, алардын бири — айтылуу Ат-Башы тарапта тигилген деген эл оозундагы кептин чындыгы да ырасталчудай...

АРУУ ТИЛЕК!

Ошентип, кут уялаган Талас жергесинин ырыскылуу эли да, касиеттүү Манас атабыздын ыйык ордосунда өткөрүлүүчү кут майрам-шаң-салтанатынын алдында турушат.

...Төгөрөктүн төрт бурчунан күткөн сый ээлери, алты дубандан ат арытып келишкен Манас урпактары, арбагы тирүү Манас атабызга делип, ак дилден көрүлгөн азем-тоюна каниет кылып (ыраазычылыктарын жаап-жашырышпай) кетишсе экен, ыйык туткан «Манас ордобуз» биротоло Ыйык-Ата мазарына айланып, бул жер калайык-калкты ынтымак-ырыскерликке баш коштурган түбөлүктүү (Урпактар эскере жүрчү!) жайга айланып калса экен деген аруу тилекте турушат!

Касиеттүү Манас атабыздын арбагы колдоп, ак тилегиңер кабыл болсун! Алакан жаялы! Оомийин!

Миң жылдыктын жаңырыгы төгөрөктүн төрт бурчуна тарап, дүйнө элдеринин зор кызыгуусун гана эмес, чын дилден колдоосун жараткан.

КҮН ЧЫГЫШ ӨЛКӨСҮНҮН КАМЫЛГАСЫ

Жапон элчиси Эдамуро «Манас» эпосунун миң жылдыгына карата атайын даярдык штабын түзгөн. Кыргызстандагы салтанатка 350 турист катуу камылга көрүп жатыптыр...

1995-жылдын февралында эле «Манас» юбилейине дүйнөнүн 80 өлкөсүнөн официалдуу коноктор келери белгилүү болгон. Алардын ичинде 8 мамлекеттин президенти, 6 өлкөнүн Өкмөт башчылары бар.

БЕРЛИН ШААРЫНДА

болуп өтө турган товардык биржа «Манас —1000»дин алкагында өткөрүлгөнү жатат. Ага биздин республиканын делегациясы дагы даярдык көрүшүүдө.

ЖАЗУУЧУ — ЭЛЧИ

Муктар Шахановдун демилгеси боюнча Казак туушкандарыбыз 1000 жылдыкка арнап атайын бардык аземи келишкен сый боз үй тартуулашканы жатат.

ТАРЫХЫЙ ТОЙДУН СЦЕНАРИЙИН

белгилүү драматург Бексултан Жакиев жазды, башкы режиссерлукка Болот Шамшиев бекиди. Сценарийлер Улуттук Уюштуруу Комитетинде жактырылса эле, даярдык иштер башталганы турат.

Кең-Колго үй тигилди жер жайнаган,
Көрк-түсү бири-биринен кем калбаган.
Кумарга даба болбойт бир көргөнүң,
Көрүп чык, көңүл бөлүп сен кайрадан.

«Президенттер айылын» аралап жүрүп, ушул ыр түрмөк күтпөгөн жерден уйкалыша калды. Чын эле бир үйдү көрүп кубанып чыксаң, экинчиси андан сонун, а үчүнчүсү экөөнөн тең кем калышпайт...

* *

Жалал-Абад областынын Аксы районунан келген Садырмат акенин 8 канат 100 баштуу (ууктуу) үйү эң жакшы үйлөрдүн бири экен. Сырты кандай жарашыктуу болсо, ичи андан өткөн. Босогодо

күмүштөн кагоо-чегелери бар ат жабдыктар, а тиги төрдөгү кериле жыйылган төшөк-жууркандар, оң жагында сүлөөсүн, суусар, түлкү тебетейлер, илбээсин-айбанаттардын терилери, ар кыл ичиктер... Ушунчалык санжыралуу ак боз үйдүн ээлери — Анаржан Кулубаева менен Садырмат аке Кулубаев.

* *

Нарын областынын Нарын районундагы Чет-Нура айылдык Кеңешинен келген Абышка Алсейит уулу менен байбичеси Осип эне көтөргөн үй кыргыздын нагыз «технологиясынан» жаралган.

— Кыргыз боз үйү бир гана жыгач менен жүндөн жасалат, биз келген сый меймандарга кыргыздын мурдагы чыныгы турмушун көрсөтүшүбүз керек.

Абышка аксакалдын жөндөм колунан жаралган кемер кур, күмүш чегеленген ат жабдыктар, көлдөлөң, илбирс, аюулардын терилери а деп барган адамдын көзүнө чалдыгат. Осипа апанын бөртмө жоолугу да ушул адамдын өз колунан жасалган экен.

* *

Сары-Өзөн Чүй. Панфилов районундагы «Улан» дыйкан чарбасынын Караболот Койлубаев жетектеген чакан жамаат 85 ууктуу 6 канат боз үйдү алып келген. Үй бир аз чакан, бирок жасалгалоо жагынан башкалардан кем калышчудай эмес. Ала бакандуу ашкана, келин-кемпирлерге арнап жасалган жапсарлар, аяккап менен тулуптар алыстан эле алданемедей көрүнөт. Караболот үй ичин кадимки эле бүгүнкү күндөрдүн стол, стулдары менен да кошумча аздектеген.

Үйлөр, үйлөр... Жумурткадай апаппак ак боз үйлөр... Биринен бири, биринчисинен экинчиси көрктүү. Суктанасың, мактангың келет.

САНДАР ЖАНА ДАЛИЛДЕР БАЯНДАЙТ:

1993-жыл, 25-октябрь. Президенттин Указынын негизинде Республиканын Өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз улуттук мамлекеттик тарыхый-маданий «Манас күмбөзү» комплекси Ишкер долбоору түзүлдү.

*

1993-жылдан 1995-жылга чейин 5 жолу Улуттук уюштуруу комитетинин кеңешмелери өткөрүлдү. Алардын биринде «Манас күмбөзү» Ишкер долбоорунун Жобосу, программасы жана Улуу маракени өткөрүү боюнча концепциясы бекитилди.

*

1993-жылы август айында Талас областынын мамлекеттик бийлигинин башчысы Т. Касымовдун чечими менен Ишкер долбоорго өзүнчө имарат берилди.

*

1995-жылдан май айында Өкмөт тарабынан 3 миллион 583 миң сом акча курулуп жаткан «Манас» музейинин экспозициясына, экспонаттарына, аудио-видео аппаратураларды сатып алууга жана кийим-кечек тиктирүүгө бөлүндү.

1994-жылдын март айында комплекстеги II курулуш объектинин ичинен биринчи болуп Манас-Ата улуттук сейил багын оторгузуу башталган.

*

1994-жылы сентябрь айында ЮНЕСКОнун генералдык конференциясы өзүнүн XXVII сессиясынын ишинде 1995-жылы «Манас» эпосунун жылы деп жарыялаган.

*

1994-жылдын 15-августунда Улуттук уюштуруу комитетинин алгачкы көчмө кеңешмеси Талас жергесинде өтүп, ага Республиканын Президенти Аскар Акаев, Премьер-Министр Апас Жумагулов, министрлер, облусттардын бийлик башчылары катышты.

*

1994-жылдын 3-ноябрында Республиканын Өкмөтү 1000-жылдыкка даярдык көрүүнү күчөтүү жөнүндөгү маселени карап, республикалык штаб түздү. Штаб ар аптанын жума күндөрү «Манас» маселесин карап турду.

*

1994-жылдын 19-декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун генералдык ассамблеясы өзүнүн 49-сессиясынын пленардык кеңешмесинде «Манас» эпосунун 1000-жылдыгын майрамдоо боюнча резолюция кабыл алган. БУУ 1995-жылды «Манас» эпосунун жылы деп жарыялады.

*

1994-жылдын ноябрь айынан баштап облусттук мамлекеттик администрациянын башчысы Т. Касымов жетектеген 1000-жылдык боюнча облусттук штаб иштей баштады, иш бардык тармак боюнча кызыды. Миң жылдыкка он ай калган эле...

* * *

Таластын табериги — Манас — күмбөзүн жаңыртуу (реконструкциялоо) 1970-жылы бүткөрүлгөн.

1987—1988-жылдары элдик каражатка музей түптөлгөн.

*

Салтанатты даярдап өткөрүү боюнча облусттук «Манас — 1000» уюштуруу комитетин облусттук мамлекеттик администрациясынын башчысы Тойчубек Касымов жетектейт. Комитет жети багытта иш алып барат. Айына эки жолу жыйын өткөрүлүп, иштин жүрүшү такталып максат — милдет аныкталат.

*

Областтык мамлекеттик администрациянын башчылыгынын алдында «Манас» изилдөөчү кызматы ачылган.

*

«Манас-Ата тарыхы» китеби жарыкка чыкты.

*

«Сен Манасты билесиңби?» кароо-сынактары сапар алды.

*

«Манас-Ата ашары» салттуу өтө баштады.

*

Областтык «Талас турмушу» газетасында, областтык «Талас таңшыйт» радио журналы жумалыгында, «Талас табериги» теле көрсөтүүдө мааракеге арналган айлар ачылып, материалдар басылып, берүүлөр, көрсөтүүлөр такай уюштурулат.

*

«Манас — ынтымак майрамы» теле жарыш өттү.

*

««Манас дүбүртү» эркин газетасы жарык көрдү.

*

«Манастан аянба, калайык!» — тележарышы өттү.

*

1993-жылдан «Улуу тойго — улуу даярдык» мааракелери эмгек жамааттарда өтүп жатат.

*

Областтык атмайданы (ипподром) сай күлүктөрдү, суу төгүлбөс жорголорду тактап, саяпкерлер менен иштөөнү башташты.

*

Колунан көөрү төгүлгөн уста, уз, чеберлердин кароо-таймаштарын, боз үй-өргөөлөрдүн сынагы башталды.

*

Көркөм өнөр ээлери — акын, ырчылардын бетачаар жөрөлгөлөрү өтүүдө.

*

Манас, Талас райондорунда жаш манасчылар мектептери ачылган.

*

Областта төкмө-дастанчылар, манасчылардын кароосу, маданият күндөрү өтүп жатат.

* *

«Манас» — Үгүт кербенин» айыл-кыштактарда иш жүргүзөт.

* *

Күмбөздөн берки жайыкта — Таш-Арык айылынын тургуну Айманбек Кожобеков мааракеге карата мечит салууну баштады.

* *

Областтык электр тармактар башкармасы Таш-Арык айылын кайрадан жарыктандыруу, Талас суу курулуш башкармасы Кароол чокуга суу чыгарууну, жол түйүндөр башкармасы Талас — Кең-Арал аралыгын жашылдандыруу жүргүзүшүүдө.

* *

Мааракеге арналган демилгелүү иштерди баштаган эмгек жамааттары «Манас-Ата» мактоо барагы менен сыйланышат. «Санжыра китебине» жазылышат. Тунгуч мактоо баракчарынын ээси элге билим берүү жана саламаттыкты сактоо башкармаларынын жамааты болушту.

КҮЛҮКТӨРДҮН ДҮБҮРТҮ

Япониянын «Жапан Трэвил Бюро», «Дэнсу» жана башка зор компаниялар, фирмалар «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата өткөрүлүүчү 1000 чакырымдык супермарафонду колдоо комитеттерин түзүп жатышат. Өзүңүздөр мурун кабардар болгондой, ал чоң ат чабыш Турциядан башталып, бир нече мамлекеттерди кесип өтүп, Кыргызстанга келет. Жоболору, сайылуучу байгелери, баары айтылган. Ага ылайык Республикабыздын Премьер-министри Апас Жумагулов япон элинин ишкер чөйрөлөрүнө, коомчулугуна кайрылуу жөнөттү. Анда супермарафонду ийгиликтүү өткөрүүгө көрүлүп жаткан аракеттерге ыраазылык билдирилип, мындай кадамдар санаалаш эки элдин ортосундагы достукту дагы да чыңдай



Кыргыз көчү кылымдарды карыткан.

Кызык оюн кыз куумай.

берээрин канааттануу менен белгиледи. Ошондой эле Премьер-министр элибиздин рухий маданиятынын зор салтанатына келүүнү каалаган бардык коомдук ишмерлерге, бизнесмендерге, банкирлерге, спортсмендерге, адабият, маданият кызматкерлерине эшик ачык экендигин билдирди жана бардык эле каалоочуларды чакырды.

ТАЛАС КЕРЕМЕТИ

Кыргыздын башына каран түн түшүп, Ала-Тоодон Алтайга сүрүлүп, өлбөстүн күнүн көргөн бир ууч калк-тагдыр сынагын тарткан кыргыз...

...Аздап боюна кубат, сезимине үмүт жанып, жаңы конуштан өр алып, мал күтүп, жер тилип, кен иштетип, тирилигин оголе оңоп алса да аргасыздан алыс калган Ата Журтунун чакырыгы канын дүргүтүп, теңирине миң жалынып, керемет күчтүү аян күтүп серептеген кыргыз кеңирсиген Кең Таластын керемет кооздугун эңсеген. Бул эңсөө мүшкүл күндө кут түшкөн сымал, дилдерин агартып, өчкөн үмүттү жандырып, демөөр жараткан.

Эл башына күн түшкөндө — эл жараткан эр келди, Теңирим кыргызга Манасты берди!

Ошондо заардуу баскынчынын колунда калган Ата Журт чакырыгы эл намысын бүлөп, эраш таптап, биримдигин чыңдап, күрөшкө чакырган.

Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого кайтып келишинде, дегеле эпостун баштан аягына чейин Талас жергесинин келбети кыраатын келтире сүрөттөлүп олтурат. Атам замандан Манастын доорун кошо камтып, биздин күндөргө табигат тартуулаган ажайып кооздугун аркалай келген кеңирсиген кең Талас, хан Манастын алтын ордосу, бүткүл журтчулугубуздун сыймыгы... Бул жөнүндө элде байыртан эле укумушу көп уламыш, уккандын көөнүн агарткан санаат-насыят, накыл кеп, окуя, жомок, дастан кошо жашап, өрчүп, жаңырып келет.

Таластагы Улуу Манас тою аларга жаңы маани, көөнөрбөс касиет кошуп өткөн чак менен келечектин ортосун тогоштурган касиеттүү алтын көпүрө болуп доорубузга башат ачты.

Айкөл Манас Атабыздын заманы, ысымы, касиети, биримдикти туу туткан асыл мурасына байланышкан Таластагы жер-суу аттары жөнүндөгү азыноолак маалымат, андыктан бизге кызык, кымбат, сыймыктуу.

Талас керемети жөнүндөгү баян ушул.

V БӨЛҮМ

АТА КОНУШ

●

АК КУУЛАР СҮЗГӨН АЙДЫҢ КӨЛ

Кеңирсиген кең Таласта көргөндүн көөнүн агарткан, ажайып кооз аймагында Манас Атабыздын дооруна байланышкан таберик жерлер өтө арбын. Бул китепте саналып, кыскача сыпатталып кеткен ыйык ысымдуу жайлардын ар биринин өзүнчө кайталангыс сыры, бизге кымбат тарыхы бар. Ал сырлар миң жылдыктан кийин жаңы демөөр, шык алган замандашыбыз, болочок окумуштуу, тарыхчы, зирек адамдар тарабынан улам ачылып, тарыхыбыз жаңыра береринде шек жок.

Ошентсе да, Айкөл Манас заманына байланышкан Айдың Көлдүн сыры өзгөчө терең, анын тагдыры табышмактуу, ошонусу ого бетер кызык.

Деги, Айдың Көлдүн «турагы» кайсы?

Эпос уламышында, өзгөчө анын экинчи томунда Таластын нака төрүнөн, айтылуу Шумкар-Уянын аркы бетине эңкейиште чалкыган чакан көк деңиз сымал көөлгүп жаткан көл болгону көп айтылат. Ага байланышкан окуялар да арбын.

Мына: «...Өрдөк көлдөн өткөндө,
Эр Семетей баатырың,
Куш салаар маалы жеткенде,
Жекендүү көлдүн жээгине,
Шабырлуу көлдүн четине
Аккуу болуп албасам,
Башымды көлгө салбасам...

деп көл (а балким бир нече жанаша көлдөр) жөнүндө айтылып турбайбы. А, көлдөр демекчи, Өрдөк Көл, Шабырлуу көл, Жекендүү көл делингенин ушундай деп түшүнсө да болчудай. Себеби, улам пайда болгон чакан көлдөр бара-бара биригип, акыры айтылуу Айдың көлдү түзүп калышы толук ыктымал...

Айдың көлдүн уламышын ошол Сырдуу көл жайгашкан аймактагы Каракол (Көпүрө-Базар) айылынын тургуну Эсен Түлөбердиев мындайча чечмелейт.

Талас өрөөнүнүн эң башында, азыркы «Каракол» колхозу жайгашкан, ал чыгышы — Бакай-Таш, түштүгү — Шумкар-Уя, түндүгү — Кыргыз Ала-Тоосу, Батышы-Капчыгай сыяктуу кууш тоолор менен курчалган. Узундугу 8—10, туурасы 4—5 чакырым аянтты ээлеп турат. Ортосунда Сары-Талаа деп аталган түздүк бар. Ушул түздүк Айдың-Көлдүн негизги нугу — түбү болуу керек. Мелмилдеп жат-



Жайлоодо

кан көлдүн ой-чуңкуру толуп, тегиз болуп калган сыяктуу, тептегиз. Дөңсөө болсо да суу эзип, тегиздеп салгандай. Демек, көлкүп жаткан суунун (көлдүн) орду экени талашсыз.

Ага дагы бир далил — көлдү толтуруп турган негизги булак — Каракол суусу болгон. Ал — азыркы Талас дайрасынын башталышы, башкы куймасы. Андан тышкары көлдү толтуруп турган экинчи булак — жогоруда айтылган Кара-Суу суусу. Илгери ошол Кара-Суу Талды-Булакка бараткан азыркы кан жолдон да жогортон агып чыкчу экен. Азыркы эле карыялар: ошол кан жол ал кезде бир таман жол болгон. Туура кесип агып өткөн кара суудан ары-

бери каттагандар араң өтүшчү экен — деп бала кезинде укканын айтып калышат.

Согуш мезгилинде биз мектепте окуп жүргөн кезде эле кечкурун Кара-Суунун үстүнөн ары-бери топ-топ болуп учкан өрдөк-каздарды, чүрөктөрдү көрөр элек. Кайсы жерге көбүрөөк байырлаганын байкап алып, ошол жерге капкан же тузак, кылтак коюп, ошол канаттуу куштарды кармаган балдар көп болуучу. Согушган кийин ошол Кара-Суу мектепке (анда Кара-Суу жети жылдык мектеби деп аталчу) чейин соолуп, суу башындагы отурукташкан эл ичер суусун ат менен мектептин жанынан ташып калышты. Мына ушуга байланыштуу эл бир кезде көчмөк да болушту. Бирок, бактыга жараша көчө тушунан суу кайра чыгып, көбөйүп кетти. Азыр да Кара-Суунун этек жагы бир кулак суудай болуп, Талас дайрасына куюп жатат. Ошентип, Каракол суусу менен Кара-Суу көлдү толуктап турган.

Үчүнчү далил — көлдүн аягын, батыш жагын бийик тоо тосуп турган. Агышайдын оозундагы Чийим-Таш ченден кандайдыр бир себеп менен тосуп турган тоо бузулуп, (мүмкүн жер титирөөдөн же теги жумшак болуп, бузулгандыктан болсо керек), көл акырындык менен сооло баштаган. Агышайдын Чат-Базарга чейин Капчыгай түрүндө кууш болушу да бузулган көлдүн суу жырып кеткен изин элестетет.

Төртүнчү далил — 60-жылдардын башында Каракол суусунун баш жагындагы Фрунзе, Кең-Сай, түндүк жагынан Киров, батышынан — Чапаев колхоздорунун эли көчүп келишип, бир жерге — Көпүрө-Базар айылына олтурукташа баштап, жапырт үй салууга киришкен. Кыш куйууга керектүү ак топуракты азыркы Талды-Булакка бара жаткан кан жолдун жээгинен, башкача айтканда Кетиктен ташычу. Себеби көл жүздөгөн жылдар бою мелтиреп акпай турганда, же соолуп баратканда пайда болгон майда чыбырлар жана көл түбүнө уюган тунмалар нагыз ак топурактарда пайда кылган. Мында чириндиге аралашкан кара же күрөң топурактар кездешпейт. Болгону ак топурак, составынан майда таш же кумдун бир да бүртүгүн көрө албайсың. Тегирменден чыккан ундай майда. Демек, жүздөгөн жылдар бою көл түбүнө уюган тунмалар таза топуракты пайда кылгандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошентип, булар бир кезде бул жер көл түбү болгондугун далилдейт.

Бешинчи далил — толуп турган көл, албетте, бат эле сооло калган эмес. Каракол суусунун азыркы деңгээли менен Кетикке чейинки бийиктик 20—30 метрдей болот деп эсептесек, көлдүн терендиги да ошончо болгондугу анык. Ушул көл акырындык менен соолуп, негизги нукка жетип, көлдүн түбү болгон Сары-Талаага суу жетпей, тартылып кууш тилкеге айланып, Жоо-Жүрөктөн ылдый колхоздун гаражы аркылуу кеткен кашатты пайда кылган. Бул кашаттын бийиктиги 3—4 метрдей. Суу туурасы 1,5—2 ча-

кырым келген ошол кашатка чейинки кууш тилке менен гана агып калганы байкалат. Улам соолуп суу азайып, анын нугу дагы 100—200 метрге тартылып, ушундан улам жаңысын кошкондо эки кашатты пайда кылган. Кийинки кашаттын бийиктиги да эки үч метрди түзөт. Бара-бара ал жердеги суу жогоруда биз сөз кылгандай, соолуп олтуруп, чегине жетип, азыркы Каракол суусунун нугунан 50—100 метр аралыктагы күндөлүк товарлар сатылуучу дүкөндүн алдындагы үчүнчү кашатка чейин агып калган.

Алтынчы далил — Сары-Талаанын жер кыртышынын (топурагынын) ташка чейинки болгон терендиги бир топ. Ал эми мектеп турган экинчи кашаттын жер кыртышынын терендиги 2—3 метрди түзөт. Андан төмөн таш менен кум. Үчүнчү кашаттын кыртышынын (топурагынын) калыңдыгы 0,5—1 метрге гана жетип, андан төмөн канча кассаң да таш менен кум чыгат. Анын куму ирик эмес, кадимки кум шыбакка жарайт. Арасында топурагы жок, таза. Кээде балырлар кездешкен учурлар да бар. Ал кадимкидей сакталган. Муну мен жер төлө казып жатып, 1—1,5 метр терендиктен кездештирдим жана кармалап да көргөмүн. Демек, көлдүн түбү сай таштары менен майда таза кумдан турган. Сары-Талаадан кийинки кашаттарда жер кыртышынын улам жукара бергендиги даана көрүнүп турат. Суу кууш тартканда шар агып, андагы топурактарды эзип, агызып кетип турган. Ал эми үчүнчү кашаттан кийин топурак жок, анда болгону чым, сай таштары жана майда кумдар гана бар.

Жетинчи далил — үй куруу үчүн кыш куйууга ташылган ак топурактын арасынан канаттуулардын сөөктөрү чыкканын, көргөндөр айтып жүрүшөт. Ал эми айрым окуучулар мектепке да алып келип көрсөткөн учурлары болгон. Ошолорду мектепке сактап, койбогонубузга эми өкүнөбүз. Айрым сөөктөр таза бойдон, чирибестен сакталган.

Баса, кезек-кезек бир каздар учуп келишет. Азыр мектеп музейинде анын кеби бар. Дагы бир адамдын үйүнүн чатырчасында анын канаты керилген боюнча бир нече жыл илинип турду. Ушул сууда жашоочу канаттуулар да инстинк боюнча Айдың-Көлдү издеп келип жүрбөсүн? — деген ойго келесиң.

Мындан тышкары бульдезорчу Шаршеналиев деген жигит арык казып жатып, адамдын жана аттын сөөктөрүн тапкан. Бул көлгө чөгүп кеткен атчан болуп жүрбөсүн деген ой келет. Болбосо адамдын сөөгү талаада калбайт эле, адамы калса, аты калбайт эле да.

Айтылуу көлдүн божомол таржымалы ушундай. Миң уккандан бир көргөн демекчи, көптөн самап жүрүп ушул жайда Талас «көлүнүн» аймагын көрмөккө аттандык. Илгери баатырлардын заманында Таластын күн чыгыш жак тарабында толкуну тоо чапчыган көл болуптур. Азыркы Караколдун аймагында...

Шумкар-Уянын бөксө тарабына түш оой чыгып бардык. Чаңкайган асманга капилеттен эле жарала калып жаткан булуттар түрмөктөлүп кеңирсиген Сары-Талааны күн шооласынан калкалайт. Этекте ак кайындуу көрктүү айыл. Ушул саптар жабалактап келген.

Сырына суроо салып Айдың Көлдүн,
Керилип жаткан жерге көңүл бөлдүм.
Толкуну тарых термеп тургансыган,
Көл эмес, толкуп жаткан айыл көрдүм.

Чиркин ай! Мезгил деген өктөм тура,
Айла да, тоскоолдук да болбос буга.
Адамдар айыл салып, алган экен,
Бир кезде чалкып жаткан көл ордуна...

Ортодон кылым эмес, доорлор өткөн,
Аалам да миң жаңырып чалкып көктөн.
Адамдар заманына тагдырлашып,
Чокусу көктү чийип, кээде чөккөн...

Ишенем, Айдың Көлдүн болгону чын.
Керемет көркү болуп, кең Таластын.
Табигат сырын ачып берет улам,
Доорунан кабар берип шер Манастын

О, керемет «Айдың көлүм!»...

Бекназар уулу Сагынбек аксакал Таласка аттын кашкасындай таанымал. Ушул өрөөндүн мектептеринде оболу мугалим, андан соң, партиялык, советтик жана чарбалык жетекчи кызматтарда иштеген. Ал 1912-жылы Талас районундагы Шумкар-Уя айылында туулган, 9 жашынан 14 жашка чейин араб тилинде, кийин 1926—1927-окуу жылынан баштап, ошол араб алфавити менен мугалимдердин колунан кыргызча окуй баштаган.

Сагынбек карыя Улуу Ата Мекендик согуштун да катышуучусу, экинчи топтогу майыбы. Ошондогу көрсөткөн эрдиктери жана тынчтыкты түзүүчүлүктөгү күжүрмөн эмгектери үчүн Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени менен эки, экинчи даражадагы ордени менен бир жолу, «Ардак белгиси» ордени жана 12 ар кандай медалдар менен сыйланган. Ал чыныгы спортсмен. 1972-жылдан бери карай кыргыз улуттук оюндарынын республикалык категориядагы калысы. Чебер ордочу, саяпкер. Ордо оюнунун эрежеси анын колунан чыккан.

Согушка чейин жана андан кийин учурунда спорттун беш түрү: ордо, улак тартуу, эркин күрөш, беш чакырым аралыкка чуркоо

жана граната ыргытуу боюнча республиканын биринчилигин жеңип алган.

Бекназар уулу Сагынбек жазмакер да адам. Анын «Жаналы балбан» деген китеби басмадан жарык көргөн.

Уламыштан уладым,
Улуулардан сурадым.
Сураштырып көп жүрүп,
Жыйынтыктап курадым.
Тарыхы Талас дайрадай,
Бераламбы булагын.

— Сураштырып угушума караганда «Талас» деген сөздү эл эки түрдүү аныкташат. Биринчиси — ал «Талаш» деген сөздөн алынган дешет. Кытай, монгол, дыргооттор бул жерди талашып, жердеп калуу үчүн аракеттенишкенде, аларды Манастын колу куып чыгып, жерге ээ болуп, жайлоо катарында пайдаланып калышкан. Экинчиси — «Талы аз» деген сөздөн кыскартылып, Талас деп аталып калган. Себеби, Талас жергеси бүтүндөй дээрлик токой менен курчалган. Анын тоолорунда карагай, арча, кайың, четин, түзүндө көбүнчө терек, чырканак өсүп, ал эми айрым гана жерлеринде тал болгон экен. Мисалы, Талды-Булак токоюнун калындыгынан бир мезгилде ал, Талас суусунан кечүү таап өтө алышчу эмес экен деп айтылат, ал эл оозунда. Мындан тышкары Таластын жайык түздөрүндө чөп өтө калың, бийик өскөндүктөн жаткан мал көрүнбөй жана чуркап өтө албай үйлөрүнөн адашкандар болгон. Ошол учурда Талас жергеси жырткыч айбандардын жана ар түрдүү жаныбарлардын мекени эле. Жолборс, илбирс, аюу, карышкыр, аркар, кулжа, эчки-теке, бугу-марал дагы башка майда жандыктар мекендеген. Мына ушундай укмуштуудай кооз, сулуу мал киндиктүү, данга бай жерди жайлап жүрүп, ага кызыгуулары артып, Манас баш болуп, Бакайдан акыл сурашат. Анда Таласка көчүп барып кыштоону өтүнүшөт. Ошондо Бакай өзү баш болуп, Таласты текшерүүгө алып, бир, эки жылга жылкыларды кыштатуу үчүн кошунду жиберишет. Таласка кыштаган жылкылардан жазында кармап сойгондо, таман казы чыгат. Кийинки жылы Беш-Таш, Кең-Колго чейин боз үйлөр менен көчүп келип кышташат. Андан кийинки жылы Бакай-Таш, Үч-Кошойго чейин барышат. Ошондон улам алар ушул жерден жайдыр-кыштыр турук алышат. Ошентип, Талас жергесине кыргыздар ээлик кылып калышкан. Азыркы таластыктар ошолордун урпактары.

ТАЛАС — айланасы бүт бийик тоолор менен курчалган, баш аягы 180—200 чакырым, туурасы 40—50 чакырымдай келген кыргыздын илгерки кырма чөмүчүндөй жер. «Май кетпеген алтын чөмүч» — деп атоого татыктуу. Таластын айрым жерлеринин аттарынын чыгышы, тарыхы жөнүндө сөз козгойлу.

КАРА-БУУРА. Бул өзөн жапайы төөлөрдүн мекени болгон. Кара-Буура кирген убагында эч нерсе жолотпой, жакын келгенди жалмап чайнап турган. Ошол Кара-Буура өлгөн өзөндү эл Кара-Буура деп атап койгон дешет. Дагы бир мисал, ошол өзөндүн суусу кирип, кечүүгө мүмкүн болбой турган чакта бир олуя адам суугa келип өтө албай токтоп калганда, төөлөрдүн бөлүнүп келип Кара-Буура жанына чөгүп калат. Баягы киши минип алып суудан кечип чыкканда, жээкке төө дагы чөгөт. Үстүнөн түшүп, бир аз басып, артын кылчайып караса, төө көздөн кайым болот. Баягы олуя: «Кара-Буура!» — Кара-Буура! Кара-Буура!» — деп үч жолу кыйкырган экен. Ошол олуянын аска-зоону жаңырткан кыйкырыгын эл колдоп, Кара-Буура аталып калган тура. Бакай бабабыздын сары ингени ошол Кара-Бууранын уругунан экен. Семетей Таласка келээрде ак жолун тосуп, ордунан турбай кырк күн жатып алган.

КҮМҮШ-ТОО. Манастын эли тарабынан коюлган аты — Күмүш-Тоо. Аны кийинчерээк Күмүштак деп атап кетишкен. Бул өзөндөн ошол кездеги эл сууга чайкап күмүш алышып, арча көмүрдүн үстүнө малдын жамбаш сөөгүн коюп, анын чуңкуруна күмүш салып, күрөк менен басып эритип алып турушкан. Күмүштөн ар түрдүү кооз буюмдарды жасашкан. Ат жабдык, бой тумар, чач учтук жана башка үй буюмдарын мына ушул металл менен кооздошкон. Жамбы деп аталган күмүш ошол Күмүш-Тоодон алынган. Кийин ал күмүш акчага да айландырылган.

ҮРМАРАЛ. Кезинде бул жер бугу — маралдын мекени болгон. Үйүрүнөн бөлүнүп калган маралдар үйүрүн издеп, аауу-ауу! — деп үн чыгарышкан. Муну эл өз ара сөз кылып, марал үрдү деп коюшчу. Кийин ошол марал үрдү сөз Үрмарал болуп айтылып, ал жердин аты ушу сөздөн аталган.

КАРАКОЮН. Мунун ал кездеги аты каракоюн болчу. Бул жер тоо токоюна жык толуп, анын арасында түрдүү айбанаттар жашачу. Айтуучулардын сөзүнө караганда бул жерде жашаган жандыктардын эсеби чексиз, көп түрдүү болгон. Ошондуктан каракоюк деп аталган. Бара-бара ал каракоюк эмес, коюн атка конуп, ушундан улам Каракоюң аталган.

БЕШ-ТАШ. Бул көк тиреген карагай, арча, четин, кайыңдан беш гана асканын бети көрүнүп турган жер экен. Ошондуктан көрүнөө турган беш асканы жергиликтүү калк Беш-Таш деп атап коюшкан. Ал касиеттүү жер, анын эң башында көлү, аягында мазары бар. Булардын сырлары өзүнчө жомок. Беш-Ташта эчки, теке, аркар, кулжа жана башка жапайы айбанаттар арбын.

КАЛБА. Жайлоого көчүп бара жатканда бирөөнүн төөсү кулап кетип, буту сынып алда бир нерсеге токтоп калат. Ал кабар биринен сала бирине жетип олтуруп, алдыңкы көч башкаруучусуна да угулат. Ошондо башкаруучу ал кишиге: «Башка көлүк таап көч! Калба! Калба! Калба!» — деп үч жолу кыйкырып айткан экен. Ошол

ошол болуп, ал жердин аты Калба болуп аталып калган тура. Ал кезде азыркы Итагар жайлоосуна жалгыз гана Калба аркылуу бир таман жол менен баруучу экен. Эгер эки киши, көлүк беттешип кала турган болсо, мерчемдүү жерге бири токтоп туруп, экинчисин өткөрүп жиберип анан жолго түшүп жөнөчү. Бул жерден айта кете турган дагы бир нерсе — кайчылаш келе жаткандын карысына (улуусуна), төмөнтөн жогору чыгып келе жатканына, оор жүктүүсүнө ким да болсо жолду бошотуп берээр эле дешет. Ушундан элибиздин бири бирин кадырлап сыйлаганы жол бошотуп берүүдөн да байкалып турат. Ошол кезде улууларга болгон сый мамиле кыргызда ушул күнгө чейин сакталып келе жатат. Бул салт ата бабалардан калган мурас.

КУЛУН ЭМБЕС. Биер айтпасак да коюлган атынан эле белгилүү болуп тургандай. Карыялардын айтымында желеге байланган кулундар бээнин 3,4 саамына чейин манчыркап, энесинин эмчегин эмүүчү эмес экен. Болжолу бетегелүү оттун күчтүүлүгүнөн бээнин сүтү да күчтүү болгон го сыягы. Кулундардын ошондой эмбей жатышынан Кулун эмбес аталган. Анан калса ал жердин кымызы да аябай угуттуу эле. Анын өңү кызгылтым тартып, үстүнкү бети көбүрүп-жабырып турчу.

ЧЫЧКАН. Катарлаш кеткен эки өзөндүн төмөнкүсүн эл Кичи Чычкан, өйдөңкүсүн Чоң Чычкан деп аташкан. Анткени ушул жерлер бул жаныбардын түспөлүн берет. Кичи Чычкандын аскаларында суусар, Чоң Чычкандын төрлөрүндө сүлөөсүн көп. Алардын терилери ошол кездеги Манас эли тарабынан эң жогору бааланган. Сүлөөсүндөн жетишкени ичик, суусардан тебетей кийишкен. Сүлөөсүндү кадимкидей эле тайган агытып, бүркүт салып алышса, суусарды кайрымак менен кармашкан. Аңчылар Кичи-Чычканга жана Чоң-Чычканга ушул эки жаныбарга аңчылыкка барып жүрүшүп, акыры ал жерди Чычкан атыктырышат. Алар Таластын туура жайлоолорунун мыктыларынан деп айтсам жаңылыштык болбос. Анын Жер-Үй, Ашуу-Төр аркылуу баштары бириги кетет. Алгач Мукур-Төр деп аталган төр кийин Байзактын Чолок төрүнө өткөн. Бүгүнкү күндө андан алтын кени табылып, аны Жер-Үй чалгындоо партиясы изилдөөдө.

ӨТМӨК. Бул дабаны бийик ашуу. Бир мезгилде адамдар андан жалгыз аяк жол менен Суусамырга каттап, аны жайлап турушкан. Кийинчерээк ага машине жүрө турган чоң таш жол салынды.

КАПКА. Эч нерсе өтө албас каалга деген мааниде. «Манаста» Талас өрөөнүнүн ачык тарабын тоскон чеп каалга. Чет душмандын жолундагы алгачкы бөгөт. Капка деп аталышынын сыры ушуга тыгыз байланышкан.

ЭЧКИЛҮҮ ТОО. Далилин коюлган аты айтып турат. Төлдөөр мезгилине жакын кийик, эчкилер кырдан куюлуп түшүп, тоо түбүнүн эрте жетилген көгүн оттоп, төлдөп, күн ысый баштаганда улак-

тарын ээрчитип, кайра аска-зоолорго кетип турушкан. Бул Эчкилүү-Тоодо пайдалуу кендер көп. Мрамор, акиташ, бышырыла турган таштан башкасынын сыры ачыла элек. Элдин айтуусуна караганда анда алтын, күмүштөр бар.

Эчкилинин жазы эрте келип, көгү эрте жетилет. Ал малдын шыр ирденишине негиз түзөт. Дегиси — мал киндиктүү жер. Манасчылар менен элдин айтуусунда — Эчкилүү-Тоого Манас атанын жасаты коюлган деген кеп бар.

КЕҢКОЛ. Жылгындуу Кеңкол кең Талас, атабыз өткөн эр Манас, деп эпосто бекеринен айтылган эмес. Кеңколдун кооздугу өзүнчө эле керемет. Көңгөйлөрү мал төлдөтүүгө ыңгайлуу. Тескейлери болсо эң сонун мал жайыты. Кыскартып айтканда, мал киндиктүү жер. Андан Кеңкол суусу агып чыгат. Ал алгач чыгышка, кийин батышка эки бөлүнүп, жүрө-жүрө түштүккө бурулат. Бул Кеңкол суусу, Нылды суусу деп аталып, экөө тең Талас суусуна куят.

Кеңколду өрдөй бергендеги эки өзөн — Чачыке, Обо деп аталат. Чачыке (Семетейдин жары) жазында дайыма ошол коктуну конуш кылган үчүн анын ысымына Чачыке деп аталып калган.

Азыркы Таш-Арык кыштагынын башында Манастын чакмак ташы жатат. (Азыр күмбөздүн жанында). Чондугу жаткан төөдөй бар. Эл оозунда ал жөнүндө мындай аңыз айтылат. Манас атам караңгы да ат үстүндө кетип бара жатып, ушул чакмак ташын жерге түшүрүп жиберип, таба албай калган экен.

ЧӨҢӨР. Бул Чөңөр ашуу. Чүй менен Талас эли бири-бири менен ушул ашуу аркылуу катнашып турган. Анда мындай чоң жол кайда. Азыркы мезгилде Чөңөр ашуусу аркылуу машина жолу салынып, бүтөөрүнө жакын калды. Эгер ал бүтүп калса, Таластан Бишкекке баруучу жолдун бир канчасын кыскартаары турган сөз. Бул элибиз үчүн пайдалуу.

ШУМКАР-УЯ. Шумкар-Уя жөнүндө карыялардан, манасчылардан укканларымды ортого салайын. Анда алгач Шумкар-Уяны эл Марал таш деп аташкан. Анткени, качан бугу, маралдар ошол аскага жамынып туруп калышкан учурлары көп болгон. Мына ушул Марал таш кийин эл тарабынан Кароол ташка өткөн. Анткени, Манастын чоролору бир кезде ошол асканын башына чыгып кароолдоп турушкан. Ал жерден Таластын баш-аягы азыркы Жамбыл шаарына чейин көрүнөт.

БАКАЙ-ТАШ. Ал өзүнчө керемет. Бакай аба жайкысын дайыма ошол аскалуу таш турган жерди байырлачы тура. Анын үстүнө миң кой кенен батчу экен. Чоролор да ошол жерден кароол карашчу.

МАНАСТЫН МАМЫСЫ. Ушул жерде Манастын мамысы деген таш бар. Азыр да турат. Анын туурасы кучак жеткис, бийиктиги 4,5 метр. Эң башында ат байлаш үчүн жасалган оюгу бар. Оюктун кенендиги 20—25 сантиметр. Ошого Манастын Аккуласы байланчы экен.

ҮЧ-КОШОЙ. Бул катарлаш созулган үч өзөн. Ал жерлерге дайыма Кошой бабам жайлаган. Жылкынын көптүгүнөн ошол үч өзөнгө бөлүп таштачу тура. Тай сурап барганга ат, же бээ берип, жөнөтчү экен. Убактылуу мингич сурап барганга — башы сеники деп, ат мингизген берешен адам болгон. Анын тегерегинде нечен жүздөгөн түтүн эл олтуруп, алар Кошойдун марттыгынан кеңири пайдаланышкан. Ал адамдын алпы эле. Көкөтөйдүн ашында сексен беш жашында калмактын 52 жаштагы Жолой балбаны менен күрөшүп, аны жыгып, кыргызга мөөрөй алып берген.

КАНЫКЕЙДИН БУЛАГЫ

Кең-Кол жайлоосунун оозунда Таш-Арык айылына ирегелеш жайгашкан. Азыр ал аймакка жаңы көчө түшкөн.

БАКАЙДЫН ҮҢКҮРҮ

Таластын төрүндөгү «Бакай-Таш» жылкы чарбасынын аймагында. Бир короо кой баткыдай кең. Анын килейген кызыл таштары Бакайдын таштары деп аталат. «Бакайдын таш казаны» — деген да бар.

АЛА-ЖУУКУ, ҮЧ-ТАШ, САЯҢ-ЖАЙЛАК, АРА-КӨЛ, АРА-ТҮЗ, ТАЛАС

Манас 40 чоросу менен ууга чыккан жер. Сагымбайдын дастанында «Манас» аталган жерлерден ары өтүп, ажайып аймактын калмак койгон атына күлүп:

«...Калмактын атын жоёлу,
Башка бир ат коёлу.
Ортодо өзөн, кенен сай,
Орчун жакшы жер экен,
Ою-тоосу малга жай,»— деп сунуш киргизгенде:
«...Авасы Бакай кеп айтып,
Талас болсун деп айтып
Бул Таластын ээси,
Манас болсун деп айтып.»

Баатыр Кошой авасы туу байлап, боз байталды союп, боорсокко тойгон жер.

АЛА-КАНЧЫК, КАРА-КУЛЖА

Манас Алтайдан ата конушу Ала-Тоого келгенде, ак жолтой Бакай авасын алдына салып, 40 чоросун ээрчитип, аң уулоого чыккан жер.

«...Аңге кысып алыптыр,
Кароолдуунун тоосунан
Карыя Бакай авасы,
Көмүрдөй кара кулжадан
Көбүн атып алыптыр,
Акыр заман журтуна,
Кара-Кулжа атагы
Как ошондо калыптыр».

СЫРДУУ ЖАЙ — ЭЧКИЛИ ДЕП АТАЛАТ

Эр Манастын сөөгү Таласка, Эчкили тоонун аскасын оюп купуя коюлуп, жоо билбесин жана кокусунан кордобосун үчүн аябай бекитилип, кенен үңкүр жайдын ичине жакут шам жагылып, арчанын күлү төшөлүп, капталынан суу агызылган, Каныкей ошондон кийин азыркы Талас шаарынын түндүк тарабындагы күмбөздү көрүмгө салдырган деп түшүнөт. Ошондуктан, күмбөздүн Кенизек катынга арналгандыгы жөнүндөгү эски жазуусу эч кимди таң калтырбайт, өкүндүрбөйт, жоону алдоонун амалы катары түшүнөт. Бул уламыштын сыры канчага созулар экен?

КАСИЕТТҮҮ ЖЕРИ КӨП

Талды-Булак өзөнүндөгү анча чоң эмес Белек-Дөбө тоосунун артынан жалама аскалар аңкайып көзгө көрүнөт. Аскалардын бир урчугу эртең мененкисин кудум эле кары адамдын кебетесине окшошуп турат. **Бул — Бакай-Таш.**

Бакай — Манас баатырдын «астыга салса ак жолтой, артка салса сан колдой» акылманы, кеңешчиси — мына ушул жерде өзүнүн кошууну менен сакчылыкта турчу экен. Аерден Үч-Кошойдун Сары-Талаасынан тартып Кара-Колдун Жалпетегине чейинки аймак түгөл алаканга салгандай көрүнүп турат.

Ал эми айтылуу Кең-Колдо Манастын кошууну жайгашкан экен. Анын каршысында — Талас суусунун наркы өйүзүндө Манас жыйып журт кылган кыргыздын кырк уруусунун кошууну жайгашкан. Ал жердин азыркы аты — **Кырк-Казык.** Болжолу ал кырк кошуун жайгашкандан улам келип чыкса керек.

Кароол-Чоку — бул Манастын күмбөзүнүн жанында жайгашкан. Бул бийик чокудан Талас өрөөнүнүн ортоңку бөлүгү, ошондой эле Эчкили-Тоо жана Кыргыз Ала-Тоосунун ортосундагы Жорго ашуусу көзгө даана көрүнүп турат. Манастын сакчылары мына ушул бийик чокудан айлана тегерекке байкоо салып турган дешет.

Тамга-Таш — күмбөздүн жанында жаткан, салмагы 300 кг. келген чоң таш мына ушундайча аталат. Манас казатка аттанаар алдында ар дайым күчүн сынап ушул ташты көтөрчү экен. Көтөрө ал-

бай калса Кең-Колдогу ыйык саналган **Ак-Терек булагына** барып күч-кубат алып, кошуунун баштап жоого жөнөгөн.

Бакай-Үңкүр — Кең-Колдун Башкы-Суусунун жогору жагында жайгашкан. Үңкүр Манастын көзү өткөндөн кийин Бакай Кең-Колдо жашап турган кезинде кеңеш өтүүчү жайына айландырган жери. Үңкүрдөн бир чакырым ылдыйраак жеринде — суунун жээгинде, бетинде чуңкурлары бар жалпак таш жатат. Ал **«Бакайдын тогуз коргоолу»** деп аталат.

Кең-Кол өзөнүндөгү дагы бир ыйык жер — **Чачыке.** Бул жер Манастын уулу Семетей аялы Чачыкей менен жашаган. Суу жээгиндеги таштардын биринде адамдын таманына окшош оюкча **«Чачыкейдин изи»** деп аталат. Бул таш азыр Манастын күмбөзүнүн жанында турат.

«Манастын осуяты» — Кең-Колдун **Камта-Чочой жана Кичи-Чочой** деген жерлеринин айрылышындагы аска. Уламышта Манас кийинки урпактар үчүн айтаар осуятын анын бетине чектирген экен. Бирок, аны алиге эч ким окуй элек.

«Ичкели-Тоо» — Нылдыда, Мазар деп аталган аска бар. Анын жанындагы эски көрүстөндөрдүн орду кадимкидей билинип турат. Бул жерге Манас эркиндик үчүн болгон кандуу кармаштарда каза тапкан жоокерлеринин сөөгүн койгон. Аер азыр мусулмандар барып тооп кылып сыйынуучу ыйык жайга айланган.

«Айчүрөктүн — Ак-Чынар». Талас суусун бойлоп өскөн Талас токоюнун Көк-Токой айылына тушташ жеринде бутак-шактуу чынар терек өсүп турган. Эл аны Семетейдин аялы Айчүрөк тиккен. Ак чынар деп эсептешкен. Көк-Токойлук бир уста ал чынардан ээр чапмакчы болот. Элдин айтканына көнбөй чынарды балталап кыйып киргенде, чапкан жерден кадимки кан агып, эси жок уста эстен танган экен. Эсине келгенден кийин эптеп үйүнө жетип көп өтпөй каза табат. Артынан анын аялы жана бала-чакасы да көз жумган экен. Кесилген дүмүрдөн кийин мурдагыдай эле бутак-шагы жайылган, суйкайган сулуу ак чынар өсүп чыккан.

Баяндай берсек түгөнбөйт. Этеги тиги Шекердеги «Манас—Ата» чокусунан, башы Талды-Булактагы «Бакай-Ташка» чейин Талас өрөөнүнүн көзгө сүйкүмдүү, сырдуу көрүнгөн ар бир өзөнүн, коктусун, ташын, булагын элибиз улуу эпостогу руху улуу жетелеринбиздин ысымдары, ошолордун ой-тилеги, мүдөө-максаты менен байланыштырат. Ал жерлердин бардыгын жанга кубат, бойго күч берүүчү бөтөнчө таасири бар ыйык жер санашып, ата-йын барып мал союп, куран түшүрүп, тооп кылышып, дил агартып, акыл тазартышат. Бу да болсо типтүү түрк тукуму ичиндеги эң эзелки элибиздин эркиндиги үчүн болгон эчен кызыл кыргында көзү менен көргөнүнөн, жүрөгү менен сезгенинен жаралып, укумдан тукумга уланып келген улуу «Манасына» болгон чоң сүйүүсү эмеспи.

Ал эми ташынан жазуусу, жеринен цивилизациялуу шаарлардын калдыктарынын табылып жатышынын өзү, Талас жери кыргыз эле эмес, жалпы түрк элдеринин тарыхый окуяларынын уруттуу мезгилдерин кучагына алган кайталангыс өрөөн экендигин айкындап турбайбы.

АСАН ТОКОЕВ

ЫЙЫК КҮМБӨЗ

Той даңазасына тартууланган белгилүү акын-жердешибиздин ыр түрмөктөрүнөн

Тарыхты чийген доорунда,
Таластын оң жак боорунда.
Тай-Жорго жаккы беттеги,
Тай чабым бийик соорунда.
Багжайып күмүш сакалы,
Бакайдын баскан жолунда,

Тагы бар кандуу кармаштын,
Тагдыры түпкү Таластын.
Куралып баатыр жигиттер,
Курчуткан мизин алмастын.
Күбөсү эрдик, сүйүүнүн,
Күмбөзү турат Манастын.

Көкөлөйт токой алдында,
Көп сыры бардыр анын да.
Чалкайган төрдүн этеги,
Чачыкей андан нарыда.
Бар көлгө Барчын түнөгөн,
Баатырдын тирүү барында.

Калтырып бутак талдагы,
Карагай калың жардагы.
Сыр найза сыры ошолдур,
Сыргактын тийген бармагы.
Түрүлүп толкун айткансыйт,
Тирүү деп Манас арбагы.

Чынарын сабап ак мөндүр,
Чымылдап жылдар өткөндүр.
Аптапта конуш жаңыртып,

Ак өргөө далай көчкөндүр.
Тукумдаш не бир күлүктүн,
Туягы мында чөккөндүр.

Көп шагыл берги таштагы,
Көк майсам чыгар баштагы.
Кезинде көлдүр көлкүгөн,
Кең-Колдун салкын саздагы.
Калгандыр мында шимилип,
Канык ей апам жаш чагы.

А мүмкүн жаадай жондору,
Алптардын чыгар жолдору.
Чууруган булак суусундур,
Чоронун тийген колдору.
Өзгөчө ойлор жамырайт,
Өрдөгөн сайын жогору.

Далай жер Манас атында,
Дайра көп сүрдүү ташкында.
Шумкардай конуп олтурган,
Шумкардын наргы астында.
Дайыны кулак түрдүргөн,
Даңкы зор Бакай таштын да.

Кашында кылыч миси бар,
Кырында Арстан тиши бар.
Кылымдар өтсө унутулбас,
Кыргызды баккан киши бар.
Дың болгон менен түбүндө,
Далай эр баскан изи бар.

Орду бар, бирок ордо жок,
Орноткон жер да ойдо жок.
Айдың-Көл ооздо айтылып,
Аты бар Шумкар колдо жок.
Милтедей күйүп жалт этип,
Миң жылдар өткөн болжосок.

Өткөн күн окпу, элеспи,
Өмүр жол тообу, белеспи.
Кең-Колдо Манас күмбөзү,
Кыргызга сыймык эмеспи.
Жаңыртып кайра бак тигип,
Жарды да түзөп эң эски.

Музейин куруп белгилеп,
1000 жашка эпос чыкты деп,
Токтолуп турбай шыр эле,
Той берет элим дүңгүрөп!
Келаткан бизге бийик даңк,
Кылымдар боюу ыр күрөп!

VI БӨЛҮМ

МАНАСЧЫЛАР

●

САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ

Саякбай Каралаев (1884-жылы азыркы Ысык-Көл обл. Тоң району. Ак-Өлөң кыштагы — 1. 5. 1971. Фрунзе шаары) — манасчы. 1916-жылкы үркүндө качкындар менен Кытайга барып 1917-жылы келген. 1918-22-жылдары кызыл гвардиячылардын катарында болгон.

Манасчылык шыгын ойготкон Дакиш аттуу чоң энеси болгон. 1918-жылдан «Манастан» үзүндүлөр айта баштаган. 1922-жылы белгилүү манасчы Чоюкеге жолугат. Ал чоң манасчы Акылбектен да таалим алган. 1932—47-ж. ж. андан эпостун толук варианты: «Манас» —84313 сап ыр, «Семетей» —316157 сап ыр, «Сейтек» — 84697 сап ыр жана «Сейтектин» уландысы Кенен, Алымсарык, Кулансарыктар жөнүндө да 15186 сап ыр жазылып алынган. Анын вариантынын жалпы көлөмү —500553 сап.

ЭПОС БАШАТЫ

...Э ...Э ...Эй байыркынын жомогу
Баштаса келер оролу
Эзелкинин жомогу
Эстесе келер оролу
Уламадан уккан сөз
Угуту өнүп чыккан сөз.
Карылардан алган сөз
Калк ичинде калган сөз,
Арбын жомок — толгон сөз
Ат көтөргүс болгон сөз
Арсыздарга токтолбой
Азамат — эрге конгон сөз
Кай бирөөнүн калпы көп
Какжыраган салты көп
Качырлашып сайышкан
Калпынан ашкан алпы көп
Намыска тууган кара көк
Ок тиштемей анты көп.

Атабыз өткөн айкөл шер
Алтайга барып туулган

Атын жаттап кары-жаш
Ааламга даңкы угулган
Жектешкени болгон бас
Жетик экен эр Манас
Жергесине эл толуп
Жердегени кең Талас!

...Э ...Э ...Эй байыркылар кеп айткан,
Баатыр ушул деп айткан
Андагылар көп айткан
Арыстан ушул деп айткан
Абалтан калган бул кепти
Айта кетсек бул кезде
Айланып сансыз жыл өттү.
Көпкөк темир кийинген
Жоо дегенде жүгүргөн
Жон-жондон желдей зуулдап
Жолборстой сүрдүү эр өттү
Эр өтпөсө ким өттү?!
Эчен кылым эл өттү!
Тоо бузулуп сай болду
Сай козголуп тоо болду
Аты калып, өзү жок
Ар канча деңиз жоголду
Элүү жылда эл жаңы,
Жүз жылда болуп жер жаңы.

САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ

Сагымбай Орозбак уулу (1867-жылы Ысык-Көл өрөөнү, Кабырга айылы — 1930-жылы Кочкор районунун Кочкор кыштагы) — манасчы жана төкмө акын. «Манас» эпосун 15—16 жашынан тартып айта баштаган. Сагымбайдын манасчылык өнөрүнүн өрчүшүнө Чоңбаш, Тыныбек, Найманбай, Асылбек, Алишер сыяктуу белгилүү манасчылар чоң таасир тийгизген. Андан 1922—26-жылдарда К. Мифтаков, Ы. Абдыракманов «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгүн жазып алган. Сагымбайдын варианты 180387 сап ырдан туруп, классикалык вариант катары бааланат.

МАНАСТЫН ТУУЛГАНЫ

...Эр Манас бойго бүткөнү
Тогуз айга жетиптир
Тогуз ай, тогуз күн болуп
Толгоо жаңы киргени

Бейшемби кечи түн болуп
Курсакка бала бүткөнү
Кубаттанды Жакып чал
Аман-эсен тууса деп
Назырга айткан канча мал
Карынга бала бүткөнү
Кайраттанган Жакып чал
Каралдым аман тууса деп
Назырга айткан канча мал
Акбоздон бээ союлду
Алтындан бакан коюлду...

...Жараткан Жаңгыс кудайым
Мени кандай жалмачу бала берди эле?!
Баканды кармап бакырды
Бакшы менен бүбүдөн
Немесин койбой чакырды
Түндүктү карап түйүлдү
Көргөндөр жандан түңүлдү
Жети күн тартты толгоону,

Толгоосу эми толду деп
Туур күнү болду деп
Бердикенин катыны
Беленделип калыптыр
Дамбылданын катыны
Даярданып алыптыр
Акбалтанын катыны
Азыр болуп калыптыр
Куттубайдын катыны
Курсагын ондоп калыптыр.
Кудай берсе тубар деп
Куруп калган Жакыптын
Кулагына салыптыр.

Аны таштап салыңар
Байбичеси Шакандын
Баянын угуп алыңар
Толгоосу сегиз күн болгон?!
Толготкон мындай ким болгон?!
Тарткандардын баарысы
Талыкшып колу тим болгон
Талыкшып турган келинди
Тарта көр деди белимди.
Он эки катын бек тартты

Каканак суусу шарт этти,
Баланын үнү бар этти.

ЖУСУП МАМАЙ

Жусуп Мамай (1918-жылы төрөлгөн. КЭР. Кызылсуу авт. обл. Меркеч кыштагы) — белгилүү акын, манасчы. 1959-жылга чейин Кызыл-Сууда мугалим болуп иштеген. 1978-жылдан бери манасчы катары кадырлуу. Ажыга барып келген (1984). Жусуп — жыйырма жети бир туугандын эң кенжеси, энеси Бурул байбиченин 60 жашында көргөн баласы. Манасчы болушуна өзүнөн 30 жаш улуу агасы Балбай себепкер. «Семетей», «Кененим», «Сейитим», «Асылбачы бекбача», «Сомбилек», «Чигитай» деп эпостун 8 урпактан турган толук варианты бар. Анын айтымында эпостун «Манас», «Семетей» эки бөлүгү жарыкка чыккан.

ЭРКИНДИККЕ КЕЗ КЕЛДИ

Айсыз түндө жол тапкан
Айрылганды аштаган
Акылманы адамдын
Абалкы өткөн Бакай хан
Дүкөнүн койбой жүктөнүп
Чатырын кошо бүктөнүп
Төкөр уста Бөлөкбай
Бакай жүрдү ээрчитип.

Төлөөкө, Төлөк уулдары
Турмушта белек чынары
Алп Жамгырчы сырдашым
Балдардын дайынын сураймын
Аккула минген кайкалап
Боюнда тоодой чоң талап
Душман үшүп күйүнгөн
Тууган угуп сүйүнгөн
Айтпасаң да билемин
Арстан туулган алп Манас
Атпай журтка баш Манас.
Алтымыш уруу алашка
Тигил турган бала ким
Алп Манаска чамалаш
Жамгырчы чакан билгизди,
Жайнап турган тетиги
Каңгып кеткен дайынсыз
Карногой Мажиги

Анда айтат бай Бакай:
Бала баатыр арстанга
Менин айта турган сөзүм бар
Алп Жамгырчы, Бөлөкбай
Силер байкап угуңар.
Орозду баатыр өлгөнү,
О дүйнө жүзүн көргөнү
Алтымыш уруу алашым,
Кордугун көрдү калмактын
Орун берип ондурбай
Олуттуу жерге кондурбай
Жүрөгүн элдин майтарып
Беш үйдө бирден кечил бар,
Манас туулат экен деп
Элди калмак байкады.
Эрешен тартып, эр жетти.
Манасты теңир сактады.
Түлөөкөнү Бөлөкбай
Кошой дөөгө жумшайлы
Эркиндик алар кез келди,
Эми карап турбайлы.

АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВ

ТЕҢИРИ МАНАС

Эл башына күн түшсө,
Эл тилеген эр келет,
Эр убайын эл көрөт...
(«Манас»)

«Теңири Манас» эпос өзөктүү романды жазуу менен атактуу калемгер жердешибиз, көркөм сөздүн дыйканы Ашым Жакыпбеков жыйырманчы кылымдагы залкар манасчылардын катарынан орун алды.

Маркум өзү көрбөй кеткен ошол керемет чыгарманын жүз ачарынан үзүндү.

Тек, романдагы окуя, мазмуну, көркөмү, насыйкаты-аталардын ыйык мурас катары биримдикке чакырып турат го, чиркин...

— Бай Жакыптын катыны,

Баатыр тууп жатыры!..

Таң алды үрүлдө апай беттеги шүүдүрүмдүү шиберди шилей чуркап, ишинен көк булоо оргуган жылаңач бала жатыры.

Мамыдагы Көкчологун кашып турган Акбалтага Теңири периштенин үнү шаңк этти. Оболу күркүрөгөн добуш келип, жер силкинип алды. Ак сакалы жайкалган Акбалта Алтай тоонун нур чокусун бир карап, токумдай булуту жок шаңкайган Көктү бир карап, эки алаканын Көккө жайып, эки көзүнөн эки тамчы сакалына таамп, үнү кардыгып, бакырып жиберди:

— Оо, Теңир жалга! Оо, Теңир жалга! Оо, Теңир жалга!..

Бала буурул таң шоокумуна төнүп кетти. Маңдайда балбылдаган ак жылдыз жанып турду. Жаңы жылдыз Манастын жылдызы Ак болпоң ошол, Акбалта ашыгып токунуп минип, Жакыптын айылына чапты...

Тогуз ай, тогуз күн көтөрүп, жети күндөн бери толгоо тарткан Чыйырды ичиндеги бала туйлап койсо эси ооп, «бу менин жанымды алчу бала го» деп коркуп кетип, кайра Теңирге жалынат, атайы сайылган ак баканга асылат, алы жеткенче ыйынат. Жетинчи күнү таңга маал бала барылдап жерге түштү. Баркыраган үнү тай чабым жерге угулду. «Эркек бекен, кыз бекен?» — деп ойлоп, талыкшып, магдырап барат Чыйырды. Баланын чочогу чыкты чорбоюп!

— Эркек! Эркек! — деп каралашкан он эки катын чурулдаганда Чыйырды эсинен танып, жатып калды.

— Кокуй! Мартуу бастыбы?! — деп катындар үстүнө үйрүлүшө дагы чурулдап калды.

Чыйырды кайра көзүн ачып, маанайы ачыла жылмайып:

— Мени коюп, алдагы кароосуз калган баланы карагыла! — деди. Акбалта авамын байбичеси, киндигин өзүң кес,— деди.

Бала эки колуна кан мыкчып түшүптүр. Жан-алы калбай далбастап, Канымжан баланын киндигин кесип, оромол ала коюп, ороп жибергенде бала куду он бештеги боз уландын күч менен оң колун сууруп алганы.

— Татай көтөк! — деп Канымжан баланы таштап ийе жаздады.

— Кантесиңер жосунсуз немедей!.. — деп Бакдөөлөт баланы көтөрүп ала коёюн десе салмагы он бештеги баладай. Бакдөөлөт ичтен кубанып, баланын маңдайынан өптү.

— Оозант, оозант ыйлатпай,— деди бири.

— Жок, оболу сууга киринтели. Мага бергиле,— деди Чыйырды.

* * *

Толгоосу башталганда эле акылман Акбалта Алтайдын төрүнө өзү чаап, Алтын-Көл деген бейиш сымал көлдүн төрүнөн жан билбеген мөлтүр мүрөк булактан бир чанач суу артынып келген. «Балам, бу мүрөк суу, аман-эсен көз жарып, баланы оболу ушу сууга киринт» — деген, Чыйырды ошол сууну алды да, алтын чарага куйдуруп баланы өзү киринтти. Таңкы салкында чырымталды үшүтүп албайын деп шашып киринтип, алаканга салып көтөрүп турганда эки далынын ортосундагы алакан орду кургак калганын кийин байкап калды. Оролуп калган баланы кайра чечтиргиси келбеди, «Теңир сактасын» деп, бу сырды ичине катты.

Илгери Чыйырды жаңы келин болуп келгенде, кайнатасы Орозду баатыр Энесай менен Миңсуунун ортосун жайлап туруучу, Жайы салкын деп, күмүш буурул токойлуу Энесайды жакалап конуп, күзгө чейин бугу-мал, жолборс атып сайрандап, күздө кышы жылуу деп, Ала-Тоого көчүп, Талас Ордосуна барып кыштоого конуп орун алчу. Ошондой бир жайда Орозду баатыр алтын казган, темир узанган усталарга Көктөн түшкөн курчту эриттирип эки ок жасатып, Чыйырды келинине берген жайы бар.

— Балам, бул ок ыйык ок, Көктөн түшкөн курчтан. Менин неберем төрөлгөндө ушул октун бири менен оозантып, жакасына тигип кой, бирин сактай жүр да, менин чөбөрөм төрөлгөндө алигинтип оозантып, анын бешигине тумар кылып тигип кой... — деп айткан эле, Орозду баатыр.

Чыйырды азыр алды менен ошол ыйык окту алып чыгып, баланы оозантып, ич тонунун жакасына тикти.

— Ай, байбиче, өзөртөсүң го балаңы, эмизсеңчи! — деди Канымжан.

— Ашыкпа. Мен өзөрө турган чабал бала тубамынбы... — деп күлдү Чыйырды.

Ал аңгыча кара тумшугун чоң ачкан, кызыл тилин салаңдаткан көкжал бөрү эшиктен шып кирип келди да, чуркурашып капшытка жапырыла жыгылган катындарды элес албай балага түз келип, маңдайынан жалады. Анын артынан күркүрөгөн дабышы айылды жаңыртып кара чаар жолборс кирип, балага түз барып, оң ийнинен жыттады, сол ийнинен бир жыттады. Ошентишти да, экөө тең көздөн кайым-болду.

Өңбү-түшпү, эч кимиси аңдай албады. Чыйырды баланы эмизди. Бир соргондо ууз сүтү чыкты, эки соргондо көк суу чыкты, үч соргондо кан чыкты. Өпкө-жүрөгүн кошо соруп алгандай Чыйырдыдан ал кетти. Сакталуу карын сары майдан омуруп, баланы оозантышып жатышты...

Сырттан ат дүбүртү катуу чыкты. Бакдөөлөт чуркап чыкса, Акбалта экен.

— Ава, сүйүнчү! Уул төрөлдү! Уул! — деди кубанып.

— Болсун, балам, болсун. Билем! Теңир жалгасын! — деп Бакдөөлөткө жанчыгынан тай туяк жамбы берди.

«МАНАС АЙТКАН АДАМДЫН ӨЗҮ ПАЙГАМБАР ЭМЕСПИ»,— деп түрк боордоштор таң берген, элирип Манас айтканда кээде кыргыздар бутуна жип байлап коюп токтоттурган тубаса манасчы Назаркул Сейдирахманов менен сырдана — маек

— Назаркул байке, Сиз быйыл манасчылардын конкурсунда биринчи сыйлыкты жеңип алганга чейин көпчүлүк анчейин таануучу эмес. Мындай кароо-сынакка алгач ирет катышып жатасызбы?

— 1973-жылы биринчи жолу, манасчы, ырчылардын конкурсуна катышып, анда да жеңүүчү катары табылып, маданият министрлигинин чечими менен филармонияга ишке кабыл алышкан. Араң 4 жыл жүдөп жүрүп, шаарга батпай, жанга тынч эле деп кайра айылга кеттим. Ал жакка барганда, кой бул Манас айтпай деле эл сыяктуу тирлик кылып, мал багып оокат кылып жүрө бербейминби деген ойго келдим. Манасты айтпай унутуп көрөйүн дедим. Айтпай жүрө берип, анан бир күнү оорудум. Өзүмдөн-өзүм жүдөп, чийдей болуп арыктадым. Атам бир күнү «Сен Манасты таштап салайын деп жүрөт окшойсуң, бирок оңой менен таштай албайсың. Таштай турган болсоң үй-бүлөңдүн бирөөнө, же балдарыңа жаман болот» — деди. Өтө кыйналып түш көргөндө атама гана айтып берчү элем, ошондо байкаса керек.

— Эмне түш көрчү элеңиз?

— «Манас» айтканды атайын унутайын деп кыйналып жүргөндө досторум «арак ичсең унутасың» дешти, анан аракка кирдим. Достор менен өкүртө арак ичип, кечте үйгө кирээри менен ар дайым артыман эшикти шарт ачып бирөө кирип келгендей болот. Заматта соолуккандай боло түшөм. Не бир коркунучтуу түштөрдү

көрөм. Ошонун баарын атам баамдап жүргөн окшойт. «Кой балам келинчегинди, бала-чаканды алып Манас Атанын күмбөзүнө барып мал союп, куран окутуп келели» деди. Атам өзү баш болуп барып улак союп, куран окуттук. Ошондон кийин арак ичпей, өзүмдү жакшы сезе баштадым.

— Ал эми бала кезиңизде Манас айтчу белеңиз?

— Манас айтайын деген деле оюм жок болчу. Атыңдан айланайын Манас Ата, атын уксам угуп, көп көңүл бурбай деле жүрчүмүн. Андан калса 6 жашар баланын эмне менен иши бар. Бир жолу эле мындай түш көрдүм. Баары ошондон башталды. Таласта, биздин айыл жакта Дамбагар деген тоо бар. Ошонун алды кышында көк жылгаяк муз тоңуп, биз ошоякка чана тээп ойнойт элек. Дамбагардын ар жагында Беш-Таштын зоолору заңкайып көрүнүп турат. Бир топ балдар ошоякка муз тээп, ойноп атат экенбиз. Беш-Таштан бери көздөй калың туман эле каптап, анан эки опол тоодой караан суурулуп чыгып бизди көздөй келатат. Балдардын баары дыргаяктап качып жөнөштү. Ал эки караан эки тоодой атчан болуп чыга келди. Мен кандай качсам ал эки караан дал ошондой жол менен биздин үйгө келатышат. Алар биздин үйгө келгенде мен ойгонуп кетсем эле эшиктен үйдү солкулдаткан аттын катуу дүбүртү угулуп, түшүмдөн кийин ушундай сезилип жатабы деп атамды ойготуп, мал келип, бедени жеп атат окшойт, эшикте аттын дүбүртү угулуп атат дедим. Атам эшикке чыгып, эч ким жок деп келди. А менин кулагымдан болсо дүбүрттүн үнү кетпейт. Катуу таасир ошондон башталды.

— Анан качантан баштап айта баштадыңыз?

— Ошондон кийин эле демигип бирдемке айткым келет. Бирок эмне айтаарымды өзүм билбейм. Козу, улак кайтарып айылдын сыртына чыгып кетем. Ээн жерде өзүмчө эле кыйкырып, ар кайсы ташты чал кылып жүрө берем, алты жашымда эле төгүлүп-чачылып Манас айтып ийди дейсиңби. Ушинтип кыйкырып алсам эс алып алгандай болуп калам.

Ошентип жүргөнүмдү айылдагы бир аксакал көрүп калып элге «Бу Ишенкулдун баласы же жинди, же бир балакети бар. Эки сааттан ашык өзүнчө эле кыйкырып жүрөт, анда-мында «Манас, Манас» деп коет» деп айылдагыларга айтып келиптир. Ошондон кийин эле көчөдөн өтүп баратсам эл «Сен Манас билет экенсиң, айтып берсең» деп кармап алышчу болду. Манасты билет экенсиң дегендин өзү дем бердиби, билбейм. Манасты жамактатып бирдеме айтчу болдум. Көрсө эл талантты өзү ачат тура. Ошентип, батасын беришти.

— Манас Сиз үчүн турмушта жашап өткөн чыныгы инсанбы же жөн эле эпостун каарманыбы?

— Манас Атага кандай айтса жарашат. Манас деген — бул бу дүйнөгө бир келген Баатыр атабыз. Эпос болсо элдин аны даңазалап жазган ыры.

— Эгерде Манас тарыхый баатыр болсо, кайсы кылымга туш келет деп ойлойсуз?

— Анысын айтуу кыйын.

— Саякбай Каралаевди көрүп калдыңызбы?

— Жок, тилекке каршы залкарлардын эч кимисин көрө албай калдым.

— Бүгүн манасчыларга кандай баа бересиз?

— Ар ким өзүнүн болушунча айтып берип атат. Ушинтип «Манаска» дит коюп атканына ырахмат эле айтыш керек.

— Келечекте Саякбайдай манасчы чыгышы мүмкүнбү?

— Эми Сакең бир келген залкар да. Бирок, түптүү эл эмеспизби, түңүлбөй туралы.

— Сиз Түркияга барып, түрк элине өзгөчө жагып калганыңызды айтып жүрүшөт?

— Ал мындай болуп калды. 1993-жылы бүт дүйнөдөгү түрк элдеринин курултайынын ачылышында ыраматылык Тургут Өзал биринчи чыгып сүйлөп «Биз бүгүн түрк элдеринин 1-курултайын Манас менен ачышыбыз керек» дебедиби. Чыгып айтып бердим, сурап атып экинчи ирет айттырышты. Манастын сөзүнө түшүнбөйт го деп ойлогом, баары дымып угушуп, дүркүрөтүп кол чабышты. Демирель биринчи жолу Бишкекке келгенде да Манасты угуп отуруп «Мен кыргызчаны кээде түшүнбөй калышым ыктымал. Бирок, Манасты толук түшүндүм» деп атпайбы.

Түркиядан анан Мухаммед пайгамбардын музейине алпарышты. Төрт молдону отургузушуп коюшуптур. Кезектешип куран окуп, күн батырышат экен. Мен да өзүмчө отура калып куран түшүрдүм. Аны бизди жетектеп жүргөн түрк байкап калыптыр. «Манас» айткан адамдын өзү пайгамбар эмеспи, сиз да куран окудуңузбу?» деп атпайбы. Манаска болгон мынча ызаатты биринчи ирет угушум, денем титиреп кетти. Манасты мындай түшүнгөн элди биринчи көрүшүм. Алар Президенти келатса ураан чакырып кыйкырышып, дух берип тосуп алат экен.

— Семетейди да айта аласызбы?

— Семетей, Сейтекти, кээде Төштүккө чейин айтып келе алам.

— Ал эми айткандарыңыз ушуга чейин кагазга жазылдыбы?

— Өзүм кагазга түшүрө алам, кат тааныш калбадымбы. Бирок, жазганда эмне, Манасты айтып эле койсо болду деп жүрө бериптирмин.

— Ии баса, Сизди мектептен толук окуган эмес дешет го.

— Эми анын кызыгы өзүнчө. Бирок кат тааныйм, жазганды билем. Сабак окуганга эч көңүлүм болбогондуктан менден тажаган эжей-агайларым эптеп бүттү атты кылышкан.

— Тасмага жазыла алдыңызбы?

— «Бабалардан калган сөз» деген телеберүүдө жумасына 20 мүнөттөн эки жарым жыл айттым. Жакында барып сурасам ошондогу

жазылган «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчөөнүн бирөө да жок. Мен эми алардын баарын ошондо айткандай кылып кайра айта албайм да.

— «Алтын фондуга» да жазылып калган жокпу?

— Жок, өзүлөрү ошол жазылган тасмадан алат го деп ойлогом да. Менин ишим айтып бериш, калганы алардын иши да.

— Сиз бүгүн айткан эпизодду кайра эртең ошондой кылып айта аласызбы?

— Жок. Окуянын жүрүшү кала берет. Бирок ошондой кылып эмес, башкача варианты айтылат.

— Манасты төгүлүп айтып атканда уйкаштык издеп кыйналбайсызбы?

— Жок, ушуга чейин уйкаш издеп көрбөптүрмүн. Саптар ооздон чыккыча эле уйкашып чыгат го дейм.

— Өзүңүз Манасты китептен окуп көрдүңүзбү?

— Ооба, Саякбай, Сагымбай, Шапак аталардын ар биринин варианты башка да, аларды туурабашым керек.

— Ал эми жаттама манасчыларга кандай карайсыз?.

— Манасчынын баары эле Саякбайдай кылып жаратпайт да. Ыгын келтирип айтса, жаттап деле айта беришсин, а деле жаман эмес.

— Өзүңүз жаттап көрдүңүзбү?

— Жаттаганда көп болсо 10 мүнөттүктү жаттайсың, анда эмнем манасчы?

— Жаттабай канча саат айта аласыз?

— Залкар манасчылардай үч күн , үч түн айтмак кайда. Ошентсе да 2—3 саат тынбай айтмайын черим жазылбайт. Өтө кызыганда таң ашып айткан күндөрүм да болду.

— Кайсы эпизоддорду айтканга өзгөчө кумарданасыз?

— Алмамбеттин өз элин таштап келатканы, Айчүрөктүн Семетейдин Ак шумкарын алып качкан жери.

— Сиз сахнага чыкканда адатта чектелүү эле мүнөт берилет. Эгерде элирип айтып кетсеңиз кантип токтотушат?

— Жаш кезимде элирип жүргөндө окуянын кызыгына кирип кетип, өзүмдү токтото албай калчумун. Ошондо сахнага чыкканда бутума ичке жип байлап коюшчу. Анан ошо менен тарткылаганында эсиме келип, аа убакыт бүткөн экен деп өзүмдү токтотчумун. Опера театрында бир жолу жип үзүлүп кетип, жарым саат токтобой, көшөгөнү жаба салып токтотушкан.

— Манас айтуудан башка искусствонун башка бир түрүндө минтип акыл-эстен адашып калгыча берилген учурлары болбойт. Бул эмне себептен деп ойлойсуз?

— Дүйнөдө теңдеши жок Манастын эң өзгөчө касиети ушунда болсо керек да.

Демек, бул көркөм чыгармабы же бир магиялык күчү барбы?

— Ошого акыл эсим айран таң. Кээде отуруп, касиетиңден айланайын Манас Ата, бул өзүнчө эле бир кудайбы деп ойлоп кетем. Анын дагы ачыла элек сырлары канча. Түбүнө Саякбай менен Сагымбай жетпеген, эми ким жетмек? Терең деген сайын терең деп, бийиктеген сайын бийиктеп барат.

— Манас айта албай калган учурларыңыз болобу?

— Жок, андан кудай сактасын. Тескерисинче, маал-маалы менен «Манас» айтып турбасам кыйналган учурлар көп болот.

— Балдарыңыздан Сиздин өнөрүңүздү улантканы барбы?

— Азырынча билине элек.

— Элдин турмушу кыйналып атканда Манастын 1000 жылдыгын өткөзүүнүн эмне кереги бар эле деп да айтып атышпайбы?

— Ушундай күндө өтүп жатканы эң сонун болуп атат. Биз Америкадай гүлдөп-өсүп жетилгенде, балким 1000 жылдыкты белгилөөнүн мындай улуу мааниси болмок эмес. Миң жылдыкты белгилөөнү колдоп чыккан президентибизге миң мертебе ырахматымды айткым келет. Бирок, азыр чондорду колдосоң эле кошомат кылып атат деп чыгарып алышат. Ыраазычылыгымды билгизген бир топ сөздөрдү айтат элем... Бир эле айтаарым, Манасты туу туткан адам кем болбойт. Өткөндө ичип-жеген биртике чоңдорду чогултуп алып туруп, «Силерди Манастын арбагы урат» дебедиби. Жанында отургандар кандай кабыл алды билбейм, телевизордон карап отуруп менин денем «дүрт» дей түштү. Кудай урган оңолоор, бирок Манастын арбагы урган оңолбойт. Миң жыл эркиндикти көксөп келген Манастын калайык калкы кыйналып-кысталып турганда алардын эсебинен ичип-жыргагандар алыс узабайт.

1950-жылдардан кийин республикалык гезиткеби же журналгабы үч аттуу-баштуу кишинин Манаска каршы уюштурган макаласы чыккан. Бир жылдын ичинде үчөө тең оор жагдайда курман болгондугун айтып жүрүшөт.

Ал эми Көк-Ойрок жайлоосуна бараткан жолдун боюнда «Манастын ташы» деп элдер сыйынган чоң таш боло турган. Жолду кеңейтебиз деген эки бульдозерист ал ташты тоодон ылдый тоголотуп ийишет. Эртеси ал экөө тең өздөрү ошол тоодон кулап курман болушат.

Бул балким жөн эле кокустук, дал келүүдүр, же ачылбас бир сыры бардыр. Бирок, эл аны Манас Атанын касиетинен деп жоруп келишет.

— Сизди бир жолу куш кармаганы кетип, 6 ай жок болуп кетти деп гезиттен окуган элек.

— Филармонияда иштеп жүргөндө чоңдорубуз «дагы бир чоңдор келет экен, ошого куш кармап кел деп Таласка жиберишкен. Августтун 11леринде жиберип, 22се чейин кармап кел дешти. Барсам куштун убагы эмес экен. Ошентип август өтүп кетти. Кушту эми карамайын деп жата бердим. Мен куш кармагыча алты ай өтүп

кетиптир. Кушту кармап келсем, директор тээ алыстан көргөндө эле «жогол» деди. Мен да күнөөмдү сезип, арызымды жазып бардым. Кол коюп берди. Кетип баратсам иштешкендер «Сен кетсең Манасты Токтосартов айтмак беле?» деп кармап калышты. Ошол бойдон филармониядамын.

— Аскерге бардыңыз беле?

— Ооба Казакстанда болдум.

— Анан эки жыл «Манас» айтпай кантип чыдап жүрдүңүз?

— Биз сексенге жакын кыргыз бала бирге түшүп калдык. Аларга эрмек кылып анда-мында айта коюп жүрдүм. Бир жолу замполитибиз өнөр билген балдар барбы деп сураса, алар какшыктап мени айтып коюшуптур. Анан каптеркага чакырып алып гитара билесиңби дейт, билбейм дедим, ырдаганды билесиңби дейт, билбейм дедим. Калп айтпа, сени баары өнөр билет деп айтып атат деп туруп алды. Андай болсо деп, түшүнбөсө да, түшүнсө да деп туруп, «Манас» айтып бердим. Оозуман көбүк чыгып атса, бул эмне болуп атат, оорусу бар беле деп кыргыз балдарды чакыртып келиптир. Жарым саат дымып угуп отуруп (хохол офицер болчу), бүткөндөн кийин, эмне үчүн сендей балдарды аскерге жиберишет деп атпайбы. Анан старшинаны чакырып алып туруп, «Мобу баланын нарядга барганын көрбөйүн» — деди. Ал айткандай болуп эле көп өтпөй ээн талаада курулуп аткан объектиге кароолчу кылып жиберди. Службаны көрбөй эле анан кароолчу болуп жыргап эле жүрдүм.

— Манастын сөөгүн издеп аткандарга кандай карайсыз?

— Бул эми мүрөктүн суусун издегендей эле кеп да. Баары бир табышпайт, кайсы жерде көмүлгөнү табышмактуу болгону үчүн Манас бизге ыйык да. Мейли узундугу 3—5 метр келген сөөктү тапты дейлик, бирок ал Манас Атаныкы экенин кантип далилдеп бере алышат. Сөөктү козгоонун өзү чоң күнөө. Темирландын сөөгүн козгошкондун эртеси күнү согуш чыккандыгын айтышат.

Аракты, тамакты бөлүшсө болот. Бирок, Манасты бөлгөнгө болбойт. Бөлүнбөгөндүгү менен Манас, Манас да. Ал бир эле районго эмес, бүт Ала-Тоого, а балким бүт ааламга таандык.

Андан көрө Манас атанын арбагы колдосун деп сыйынып жүрөлүк.

Өзүм деле көрүп калдым, Таласта сологой ырчы Сооронбек деген бар болчу. Согушта жүргөндө дейт, чабуулга өтөсүнөр деди дейт. Бизге чейин канчалар чабуулга өтүп бири дагы тирүү чыккан эмес дейт. Эртең катуу чабуулга кирээрде «канчалар чабуулга кирип бирөөсү тирүү чыкпаган жерден мен тирүү чыгаар бекенмин, Арбагындан айланайын Манас Ата, жериңди бир айланып барып көрөөр бекенмин» деп ойлонуп отуруп, окопто уктап кетсе Манас Ата Аккуласын минип түшүнө кирип, аян берет: «тез оң жагыңа бурул» деп айтат. Анан эртеси күнү ок жамгырдай жааган атакага кирет экен. Анан бадалдын тушунан бирдеме шы-

бырттай түшкөндө түндөгү түшү оюна келип, оюн жыя калып оң жагына тез бурулат. Ошондо ок келип оң каруусуна тийет. Эгерде оң жагына бурулбаганда жүрөгүнө тиймек экен. Канча өлүктүн ичинен тирүү калып, ошону Манас Атанын арбагы колдоду деп айтып жүргөн дейт.

Эми мындай мисалдарды канчалап келтирсе болот.

Бу балким жөн эле кокустук, дал келүүдүр, же ачылбас сыры бардыр. Бирок эл аны Манас Атанын касиетинен деп жоруп келишет.

Каныбек Иманалиев

ТАЛАСТЫК МАНАСЧЫЛАР

Таластык манасчылардын таржымал, тарыхынын түпкүлүгү да Манас заманынан башталары табигый нерсе. Асыресе, Таластан Айкөл Манас жөнүндө он сегиз миң ааламды кучагына камтыган баяндын «пайдубалын» түзгөн залкар манасчылардын чыгышы да мыйзам ченемдүү. Тээ илгертен Түлөберди, Найманбай, Балыкооз манасчылардын даңкы калың элдин кыйырына тараган. Укмуш окуялардын уландысы катары уламыш болуп бизге жеткен.

Убагында кагаз бетине түшпөй, мезгил өткөн сайын нукура талант ээлеринин өнөрлөрүн тастыктаган чыгарма дөөлөттөрү унутула берген. Аныгында айтылуу Балыкооз манасчыны Саякбай, Сагымбайлар устат катары баалашканы белгилүү.

Мындай бир болумуш элде азыр да айтылып жүрөт. Илгерки өйдө-төмөн замандын биринде Таласты чаап алган душмандын жигиттери Кең-Колдогу Түлөберди Манасчыны колго түшүрүп кол башчысына байлап келишет. Айтканына көнүп, моюн сунбаган кыргызды өлүм жазасына буйруйт, ал. Ошондо кайратын күрдөп, намысын туу туткан манасчы «Манас» айтып кирген экен. Күн түнгө алмашат. Укмуштуу окуянын баяны уккандын моокун кандырып, дүйнө, жашоого умтулгандай болот.

Керемет талантты душман да баалаган экен...

Бейчеки кан төгүлбөй калган экен...

О, андан мурда, кийин да канча манасчы өткөн.

Эл ичинен манасчы арылбайт. Эл ошол үчүн ЭЛ...

УЛУТ КАЗЫНАБЫЗДЫ БАЙЫТКАНДАР:

Деги эле көркөм чыгарма жөнүндө, асыресе дастан жаатына келгенде кыргыздардын «Манас» эпосуна дүйнөгө ысымы белгилүү атактуу окумуштуулардын такай кайрылып, изилдеп келишкени тегин жерден эмес.

Өз өмүрлөрүн «Манаска» арнап, элибиздин сыймыгы, тарыхы менен улуттук накыл казынасы болгон адабий мурасты изилдеген окумуштуулар:

ВАСИЛИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ РАДЛОВ (1837—1918)

«Манас» эпосу — элдин бүткүл өмүрү менен бардык ойтилектеринин поэтикалык көрүнүшү».

Түрколог, «Манасты» немисчеге тунгуч которуучу. Чыныгы аты жөнү Фридрих Вильгельм Радлофф. Германияда туулуп, билим алып, түрк элдеринин турмушуна кызыгып, Орусияга келген соң,

Василий Васильевич атыккан. Орусия илимдер академиясынын аныk мүчөлүгүнө шайланган.

1862-69-жылдары Көл, Чүй боорун кыдырган. «Манастын» үч бөлүгүн жазып алган. Анын «Манаска» байланыштуу эмгектери 1863-жылдан тартып жарыялана баштаган.

АЛЕКСАНДР НАТАНОВИЧ БЕРНШТАМ: (1910—1956)

«Манас» эпосу көркөм чыгармачылыктын туу чокусу»...

Көрүнүктүү тарыхчы, археолог, этнограф. Кыргыз тарыхын, «Манасты» тарыхый жактан изилдөөчү. Улуу дастан жөнүндө 20дан ашуун эмгеги бар.

ВИКТОР МАКСИМОВИЧ ЖИРМУНСКИЙ (1881—1941)

Кыргыз элинин атын аңызга айланткан жол башчысы Манастын образы, анын тууган-туушкандарынын жана үзөңгүлөш жолдошторунун көпчүлүгүнүн ысымдарынан, ошондой эле эпопеянын тарыхый сюжетинин кийинки өнүгүшүнө (кыргыздар, калмактар жана кытайлар менен күрөшү) тыгыз байланышкан тарыхый-географиялык фондон да илгери болушу мүмкүн.

СССР илимдер академиясынын академиги, профессор, «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү» деген 1948-жылы басылган китебинде дастанды көрөсөн мурас катары изилдеп, айтуучулардын өнөрүнө баа берет. Сюжеттердин, дастандын жаралуу тарыхын, анда тарыхтын чагылдырылышын иликтөөнүн негизги багыттарын көрсөткөн.

КАЛИМ РАХМАТУЛЛИН (1903—1946)

«...Биз «Манастан» уруулук негизде эле эмес, ошондой эле уруулук демократияны да көрөбүз».

Улуу дастандын өзүн, залкар манасчылардын өмүрүн Кыргызстандын илимпоздорунан алгачкы болуп кеңири изилдеген. Анын «Улуу патриот, укмуштуу Манас» деген макаласы алиге элдин эсинде.

САУЛ МАТВЕЕВИЧ АБРАМЗОН (1905—1977)

«....кыргыз элинин бул эпопеясын дүйнөлүк эпикалык адабияттын эң асылынын асылы деп айтууга толук укуктуубуз.»

Кыргыз этнографиясынын атасы, тарых илимдеринин доктору, «Манас» тууралуу изилдөөлөрү өтө баалуу. «Манас» этнографиялык булак катары тендешсиз материал берерин, аларды изилдөө кыргыз маданиятынын тарыхын, анын ар түркүн этабынын эң байыркы элементтерин ачууга мүмкүндүк берерин белгилеген.

ПЕТРОСЯН АРФО АВЕТИСОВНА
(1909—1985)

«...«Манас» — кыргыздын узак мезгилдер бою тарыхый өнүгүшүнүн чыныгы энциклопедиясы. Анда кыргыз элинин бардык катмарларынын рухий турмушунун баардык кырлары чагылдырылган кыргыз элинин жүздөгөн жылдар бою бирдиктүү улут катары өнүгүшүнүн жана калыптанышынын ар бир этабы эпостун идеялык көркөмдүк мазмунуна өзүнүн изин калтырган».

Адабиятчы, фольклорчу, 1952-жылдагы илимий жыйында «Манасты» коргоп калгандардан. Маскөөдөн басылган академиялык «Манаска» баш сөз жазган, орчундуу башка эмгектери бар.

МИФТАКОВ КАЮМ
(1881—1949)

Педагог, фольклор жыйноочу. 1922-жылы Сагымбайдан «Манасты» жазып алууну баштаган демилгечи. Ы. Абдыракман уулу анын ишин улантканы.

ЭЛДИН ЭРТЕҢИ — БҮГҮНКҮ ИШТЕ

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгы жөнүндөгү уламыш басаңдамак тургай толукталып, толкуп, дүйнөгө шоокум таратып жатканы. Анын себептерин улуу окуянын «жылуусу» тарай электе өкмөт тарабынан мааракеге даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча башкы координатор болгон мамлекеттик «Акыл» концернинин төрагасы (азыр Кыргыз мамлекеттик телерадиокомпаниясынын президенти) Аманбек Карышкуловдун пикири көп нерсени баамдоого жардам берет.

Мына миң жылдыкка, буюруса, бир жыл толот, убакыт өтө берет. Бирок, доор жаңырткан бул улуу окуя жөнүндөгү уламыш улана бермек.

«Манас» мааракеси аяктаганына 2 айдан өтүп баратканда даярдалган бул маектин (кыскартып алынды) төркүнү тойду алгачкы талдоо экени менен кызык...

— Дүйнөгө таанылуу үчүн ушунчалык ачылып-чачылуу зарыл беле?

— «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракеси эгемендүү жаш мамлекетибизди чоң сынактардан өткөрдү. Биринчиден, жалпы адамзат, дүйнө алдында өзүбүздүн эгемендүүлүгүбүздү — дегеле бар экенибизди маалымдай, далилдей алдык. Ушуга мүмкүндүк берди. «Манас»—1000» мааракеси Президентибиз Аскар Акаевич кабылдаган 1992-жылкы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндөгү» Указында дагы мына ушундай аздек максаттар коюлган эле. Ошондон баштап «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөгө багытталган демилгелүү иштер башат алган. Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы менен ЮНЕСКО 1995-жылды «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнүн жылы деп жарыялап отурбайбы. Менимче, биз өндүү жаш мамлекет үчүн бул таанылуунун, элдердин дүйнөлүк күчүнө кошулуунун эң сонун, сейрек кездешүүчү мүмкүндүгү.

Өзүңөргө дайын, ар дайым — өткөөл мезгилде ар кыл кыйынчылыктардын кездешүүсү тарыхый өнүгүштүн табигый натыйжасы болуп саналат. Ушул шартта элибиздин түндүк-түштүк болуп, урууларга жиктелип турушу ары жагымсыз, ары бүтүндүгүбүзгө залакасын тийгизүүчү опурталдуу жагдай эле. Ал эми трайбализм дегендин күчөшүбү?! Айтор, элдин башын бириктирүүчү, катарын чыңдоочу өбөк-жөлөк керек болду. Мындай асыл идеялардын баары «Манас» эпосубуздун бүтүндөй тулкун түзүп турбайбы. Мына ушул күчтү туу тутуп, эл башына алып чыгуу керек эле. Буюрса, бул максатка да жеттик. Канткен күндө да, мааракe күндөрү кабылданган «Манас» Декларациясы, Президентибиз Аскар Акаевдин мааракe күндөрү сүйлөгөн сүзөндө эпосто айтылган жети осуятты жарыялаганы элибизди бир кыйла бириктештирип, ынтымакташтырып, Манас бабабыздын алдында баш коштуруп койгондой болду.

Ушул жерде дагы бир жагдайды айтпай кеткенибиз болбос. Деги кыргыз деген кандай эл, маданияты, турмушу, салт-санаасы, маданий-мурастары кандай, өткөндөгүсү жана бүгүнкү деңгээли кандай экени өзгөгө түгүл, өзүбүзгө деле толук белгисиз эле. Мына ушулардын баарын «Манас» аркылуу таанытууга болот. Анткени, «Манастын» мааниси теңдешсиз көлөмүндө эле эмес. Ал кыргыз элинин салт-санаасынын, турмушунун, башка элдер менен карымкатнашынын, диний түшүнүктөрүнүн, дүйнөнү таануусунун, мамлекеттик түзүлүшүнүн, тарыхынын, деги саясатка чейинки укканбилгенин Манаска байланыштуу окуяларга топтоштурулган энциклопедиясы.

«Манас» миллион саптан турарын айтсаң, таң калышчу. Миллион сап ырды жат билген киши бар десең, ишенер-ишенбесин билбей туруп калышчу. Мааракенин шарапаты менен Сагымбайдын, Саякбайдын «Манасынын» академиялык томдору чыга баштады.

— Кыскасы, улуу уламыштарыбыздын маани-маңызын түшүнүү үчүн өзгөлөр тургай, өзүбүздүн да көзүбүз ачылды дегиңизчи?..

— Жашырганда эмне, жогорто да айтпадымбы, чындыгында «Манасты» өзүбүз деле жарытылуу билчү эмеспиз да. «Манастын» бир нече варианты жарыяланды, мектептерде аны окутуунун программасы иштелип чыгып, хрестоматиясы түзүлдү. Ушул убакка чейин илимде болгон жаңылык жасалды: 2 томдуу «Манас» энциклопедиясы» жарык көрдү. Окурмандар андан улуу эпоско байланыштуу суроо, маселелердин баарына жооп таап алышат.

Анан кино санатында да жакшы жышааналар жаралды. Алып айтсак, Мелис Убукеевдин, Төлөмүш Океевдин жана Нуртай Борбиевдин көркөм тасмалары тартылды. Аларга кошумча дагы он чакты видео, кино чыгармалар пайда болду. Аларды мектептерде, окуу жайларында сабактарга колдонууга, идеология, тарбиялоо иштеринде кеңири жана натыйжалуу пайдаланууга болот.

Талас менен Бишкекте бир катар ажайып курулуштар бүткөрүлдү. Айтор, аракетибиз текке кеткен жок, ал гана түгүл алар эл байлыгы болуп калды.

— Андай экендиги чын го. Бирок, сынчылар «Таластагы күмбөздүн жанына түлөөкана, бүбүкана салуунун кандай зарылдыгы бар эле? Аерге алты облустан курмандык чалуучулар агылып бара коёбу? Деги эле элди түлөө кылып, мал союп, ысырап кылуунун байыртан калган начар адатынан арылтуунун, алга сүрөөнүн ордуна, артка тартуунун дал өзү» — деп жатышпайбы. Сиз философ, илимпоз боло туруп, чын эле түлөө өткөрүүнү туура көрөсүзбү?

— Элдин баарын тең эле түлөө өткөрүүгө чакырып жаткан эч ким жок. Ал журтубуздун канына сиңип калган нерсе да. Мен өзүм Таласта туулуп-өстүм. Илгери эле ар жактан атайын келгендер Манастын күмбөзүнө сыйынышып, курмандык чалып жатышчу. Аны көрсөтмө берүү менен да тыя алган жокпуз го. Кысынып-кымтынып, ар кимиси ар жерге чала турган курмандыкты... Айланатегерек булганууучу. Эми атайын жайга союп, ичеги-кардын тазалап, бышырып жегенге, башкаларга бергенге шарт түзүлдү. Элибиз ыйык жайга баруу, курмандык чалуу аркылуу рухий тазалануу кааласа, эмнеликтен аны тыйышыбыз керек? Сыйынууну самагандарга тийиштүү шарттар түзүлсө, анын эмнеси жаман?

Же элдик медицинаны алалы. Ал мурда көңүлгө алынбай келген. Ал эми «Манастан» табыпчылыктын бардык түрлөрүн табабыз. Төрөбөгөн аялдар, башка оорулуулар Манастын күмбөзүнө түнөшүп, сыйынышкан. Адам дартына дабаа болсо, шыпаасы тийсе элдик табыпчылыкты илим, медицина менен айкалыштырууга неге болбосун? Ошондуктан, бүбүкана салынды.

— Той башы катары Сиздин бир аягыңыз Таласта, бир аягыңыз Бишкекте турбадыбы, ошол кездеги деги зыяратчыларды көрө алдыңызбы?

— Өзбекстандан бери келгендерди көрдүм. Түлөөканада курмандык кылышып, ат арытып келгендеги максатын орундатышы. Мааракеге жакын жана андан кийин зыяратчылар күнүнө 2—3 миңге жетип, кезекке туруп калышты. Эми алар үчүн чайкана, жатакана, мечит бар. Тамактан кыйналышпайт, жатар жер издешпейт, намазды талаага окушпайт. Бул иш кыргыз үчүн абдан керек болчу. Экономикалык кыйынчылыктан чыгыш үчүн биринчи ирээтте ынтымак жана түзүүчү эмгек зарыл. «Манас» мааракесинин шарапаты менен чыгарылган китептер, кино жана башка чыгармалар, илимий жыйындарда чыгарылган жыйынтыктар, акырында «Манас ордосу», «Манас айылы» курулуштары мына ушул идея үчүн кызмат кыла турган өбөлгөлөр. Эмки милдет мына ошолорду туура, иш билгилик менен пайдаланууда калды. Элдин акчасына курулган курулуштар элдин биримдигин чыңдоого, гүлдөп-өсүшүн камсыз кылууга кызмат этүүсү тийиш. А дегеле «Манас—1000ди» өткөрүүнүн эки этабы белгиленген. Биринчи этабынан абийирдүү өттүк. Эми экинчи этабы алдыда турат.

— Маегибиздин соңунда, Аманбек Карыпкулович, өзүңүз жетектеп келе жаткан концерндин учурдагы абалына да токтоло өтсөңүз?

— Басма ишинде азын-оолак жылыштар бар.

...Үстүбүздөгү жылдын тогуз айында (өткөн жылга салыштырмалуу) 810 басма табак көлөмүндөгү 61 наамдагы китеп, 774 миң нуска менен жарык көрдү. Булардын он сегизи мектеп окуучуларынын окуу китептери.

Ал эми «Манас» эпосунун азем-салтанатына байланыштуу эле 50дөн ашуун ар кыл наамдагы баалуу китептер менен катар, сексенге жакын открытка, буклет, чакыруу кагаздары да биздин тармактын басма, полиграфия ишканаларында даярдалып, басылып чыгарылды.

Корутундулай сөз кылганда, Улуу тойду өткөрүү жөнүндөгү чечим эң туура, өз учурунда болду деп ойлойм.

Дагы бир ирет кайталайын: анын биринчи этабы ийгиликтүү аяктады. «Манасты» ал аркылуу тарыхыбызды үйрөнүүгө, изденүүгө, материалдык-техникалык база, шарт түзүлдү. Эми иштин калганы өзүбүзгө, мындан аркы аракетибизге байланыштуу. Мына, ушул шарттарды, базаны өнүктүрүү экинчи этаптын негизги максаты болуп эсептелет.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖЫЛДЫЗЫ ЖАНДЫ

Казакстандын Кыргызстандагы атайын жана ыйгарымдуу элчиси, Кыргыз Республикасынын эл акыны Мухтар Шаханов менен дил маек

Дүйнөлүк «Манас» салтанаты буйруса жаңы кылым астанасындагы өзгөчө зор маанилүү маданий жана тарыхый окуяга айланат. Жалпы адамзаттын маданият төрүнөн өз ордун алат. Дүйнөгө таанымал жазуучу, боордош агабыз Мухтар Ауэзов: «Манас» түрк элдеринин кенчи» — деп тегин жерден айтып кеткен эместир.

— ...«Манас» эпосу жөнүндө өз ойлорунузду ортого салсаңыз?

— «Манас» — бул улуу рух, бүткүл түрк элинин руханий кенчи. Аалам таңыркаган бул керемет жөнүндө байма-бай айтылып келет. Тээ эзелтен бизге чейин айтылып келген, бизден кийин да ааламга аңыз болуп, ооматы артып айтыла берет. Анын дүйнөлүк маданият төрүндөгү орду жөнүндө айтып олтурсак өзүнчө өлкөн сөз. Азыр аны ааламга кеңири таанытуунун эң сонун оролу келип турат. Кудай куттуу тилегибизди кабыл кылсын. Манас Атабыздын арбагы колдосун!

«Манас» казак элинин жан-дүйнөсүнө сиңип кеткен көркөм дөөлөт. Буга байланыштуу көптөгөн керемет байланыштарыбыз бар. Куттуу касиет, бир туугандык, боордоштук сезим турмушубузда бири бирин коштоп, өбөк-жөлөк болуп жүрөт. Мухтар Ауэзовдун өз мезгилинде «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөө жөнүндө биринчилерден болуп демилге көтөрүп чыкканын, кыйын кезеңде «Манастын» элдүүлүгүн нигилисттерден коргогон эрдигин эле айталычы. Албетте, бул ар дайым эске алынууга тийиш. Манас урпактары бул эрдикти түбөлүк унутпайт!

М. Ауэзов өзү үлкөн жазуучу боло туруп, океан эпосту изилдөөгө убакыт таап, керемет эмгек жаратканына тен берем. Анын «Манас» эпосун изилдөөгө, коргоого кошкон салымы эбегейсиз. Бул жөнүндө далай эмгектер жазылып, не бир көркөм дөөлөттөр жаратылар.

Мухтар Ауэзов залкар манасчы Саякбай Каралаев менен ынак дос болгон. «Саякбайдын жумурткадай башына миллион саптуу «Манас» сыйып жүрөт. Кыргыз нагыз акын калк»,— деп айткан. Манасчыны Алма-Атага алпарып, Казак мамлекеттик университетинин студенттери менен тааныштырып, керемет аңгеме куруп берген. «Манас», Саякбай жөнүндө чоң чыгарма жазсам деп тилек кылган. Бул өзү дегенде үлкөн изги тилек. Аны урпактар улантып, ишке ашырылууга тийиш.

Казактын улуу окумуштуусу Чокан Валиханов 1856-жылы «Көкөтөйдүн ашын» кагазга түшүрүп, Санкт-Петербургдагы Орустун императордук география коомунун илимий кезешинде атайын баяндама жасаган. Чокан ошо кезде 21 жашта болгон. Эпостун үзүндүсү Ч. Валихановдун «Жунгария очерктери» аттуу жыйнагы менен

бирге 1862-жылы немец, 1865-жылы англис тилине которулуп басылган. Ал эми казак элинин көрүнүктүү окумуштуусу, академик А. Маргулан узак жылдар бою архив маалыматтарын аңтарып-теңтерип, талбай изденип мээнет кылып, «Манас» жана Сокан», «Көкөтайдын ашы» деген эмгектерин жазган. Бул да анын «Манас» таануу илимине кошкон салымынын чоң экенин тастыктап турат. Мына ушулардын баары өзүнчө изилдөөгө муктаж дүйнө. Ойлой келсек, көптөгөн таберик көрөңгө дөөлөттөр өзүнүн ачылаар саатын күтүп, бугуп жаткансыйт.

«Манас» эл достугун арттырып, биримдикке чакырып турган касиеттүү рух деп түшүнөм. Демек, анын эл бактысы үчүн да жакшылыгы көп. Ушул багытта бир жакшы иштерди жүргүзсөк деген ниеттебиз. Келечек үчүн «бир жакадан баш чыгарып» иштээр кез келди. Астанабызда турган «Манас» мааракесинде дүйнө элдеринин ынтымагына чоң көпүрө салынат деп ойлойм.

— Турмушубуз капилеттен өзгөрүп, кымбатчылык түсүн үйрүп, экономикалык кыйчалыштардын чемгери кысып, заман солкулдап, эмгекчи элдин жашоосу оорлоп турат. Ушундай кезеңде элдин руханий байлыгына камкордук көрүү, асыл-нарк дөөлөттөрүн арттыруу жагдайлары жөнүндө эмне айтасыз?

— Туура айтасың боорум. Бул эң башкысы. Мынабу экономикалык оорчулук кези келип, өтүп кетчү утурумдук көрүнүш деп эсептейм. Заман оошкондо мындан да оор кыйынчылыктар боло келгенин тарыхтан билебиз го. Эң башкысы элдин бейпил турмушу сакталып турду. Бул да чоң ырыс, бактыбыз. Ушу бейпилдигибизди, тынчтыкты кут кылсын! Ырас, кымбатчылык кысып элибиз оор турмушка тушукту. Буйруса, заман бул катаал сынагынан жаркылдап чыга келер күн алыс эместир. Элибиз тегиз бакыбаттанып, бардар турмушта жашар күн келер. Ачкан курсак тоюнар, жыртылган кийим бүтөлөр. Ага чейин «ток бала ач бала менен ойнобойт» болбой, бири бирибизге жакындан жардам көрсөтүп туралы. Эң башкысы рух жагынан жардыланбайлы. Ушу жагынан кедергибиз кетпесин. Башкасы акырындап оңолот. «Башы оорубагандын кудай менен иши жок» болбой, эмгекчи элдин бүт зардабын, оор турмушун жон терибиз менен сезип, жан ачып, ага тете ишибизди жакшырта берсек, майнабы да болот. Дагы айтарым рухубузду сактап, ушу жагынан өзгөчө бир демөөр алып, кубаттанып турушубуз керек. Элибизди эзел замандан апаат болуудан сактап, мезгилдин эчен бир кат-кат оор сынактарынан аздырбай-тоздурбай, өз жүзү менен алып өтүп келаткан күч ушу рухубузда экенин унутпайлы. Ошондуктан, ушу тапта руханий асыл нарк дөөлөттөрүбүзгө өзгөчө камкордук көрүп, калың элге байма-бай жеткирүү үчүн үгүт-насыят иштерин жакшыртуу лаазым.

Мына азыр биз «Манас» эпосун казак тилине которуп, элге байма-бай тартуулоого камкордук көрүүдөбүз. Бул демилге мындан бир

топ жылдар мурда эле башталган. Ушу кезде «Манас» эпосунун казак тилинде 4 томдугу басылып чыкты. Мунун руханий турмушубуздагы мааниси чоң экенин биз жакшы билебиз. «Манас» түрк ааламы боюнча гана эмес, дүйнөлүк адабияттын алтын казынасынын төрүнөн орун ала турган керемет!

— Сөзүңүзгө аралжы, Сиз, «Манас» дүйнөсүнүн кереметине ишенесизби?

— Албетте, «Манастын» өзү керемет! Аны жылоологон сырдуу дүйнө, өзүнчө кудурет бар. Он сегиз миң ааламда не бар, не жок экенин жеткире биле албасак да, «Манастын» бүткөн боюна сиңген кереметти жан дүйнөбүз менен туюп, боолгоп турабыз. Манасчылардын касиетин, кантип айтып калганын, тээ илгертен эле, кээде аларды «Манас» угуу үчүн, ошону менен катар кандайдыр бир ооруну же кыйынчылыкты жеңүүгө жардам болсо деген ниет таризде, айылдан айылга чакырышканын, чынында анын шыпаа-шарапаты тийип, элдин тилеги кабыл болгонун угуп, билип жүрөбүз. «Манасты» адам жөн жеринен эле айтып калбайт тура. Бул да манасчылардын таржымалынан жакшы маалым.

Ошон үчүн «Манасты» аздектеп, кадыр тутушубуз керек. Ал бардык материалдык байлыктардан өйдө турган асыл нарк, руханий таберик дүйнө! Ошондуктан, «жамандык жетпесин, жакшылык кетпесин» — деген тейде, ар кандай кырсыктан коргоп жүрсүн, турмуш кутубуз болсун деп ниет кылып, «Манасты» таберик тутуп, төбөбүзгө көтөрүп алалы. Дүйнөгө тааныталы. Грузияда Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» китебин кызга сеп бергенде башкы белек катары тартуулашат экен. Маанилүү жерлерде, куттуу тойлордо буюм ордуна башкы белек катары «Манас» китеби берилсе жакшы болбойт беле деп өз оюмду айткам. Өмүрдө унутулгус изи калып, турмушта таасири да чоң болмок. Белекти бергендер да, алып жаткандар да ар дайым куттуу рух коштоп жүрсүн, биз да ата-бабабыздан мурас болуп келаткан асыл наркка татыктуу бололу деп тилек кылышса неге болбосун.

Алдыбызда өтө турган «Манас» мааракеси мына бу турмуштун кыйынчылыктарын жеңип чыгууга кандайдыр бир шапата-шарданын тийгизип кетчүдөй, чоң жакшылык болчудай, келечегибизге жаңы бир жарык жол түшчүдөй туюла берет. Чынында бул өзү жакшы жышаан, кылымдын куттуу окуясы эмеспи!

— Мухтар Шаханович, ушу дүйнөлүк улуу окуянын астанасында кыргыз элине, жалпысынан эле бүткүл түрк тилдүү боордошторго, ошону менен катар «Манас дүбүртүнүн» эмгек жамаатына жана окурмандарына кандай каалоо-тилектерди айтар элеңиз?

— «Манастын», анын керемет дүйнөсүнүн турмушубузга өзгөчө күчтүү таасири бар. Аны акыл чабытын чыгарып билип, зиректик менен боолголоп, туюп алышыбыз керек. Мына азыр Манас Атабыздын улуу салтанатын жогорку деңгээлде, мудаасы менен

өткөрүп алуу маселеси кыргыз эли менен катар бүткүл түрк тилдүү боордошторубузду түйшөлтүп, дүйнө коомчулугунун көңүлүн өзүнө буруп турбайбы. Бул да тегин жерден эмес. Миң мертебе ойлонуп толгоно турган керемет. Мына «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналып «Манас дүбүртү» басылмасы чыгарылып Кыргызстан боюнча таркатылып жатыптыр. Бизде «атын атаса куту сүйүнөт» деген накыл кеп бар. Дүйнөлүк салтанат боло турган чакта ага арналып атайын басылманын чыгарылып жатканынын өзү жакшы саамалык. Мындай демилгени колдоп, кубаттап, ар тараптан жардам көрсөтүп, алга сүрөө парыз. Анткени, ал кылымдагы маанилүү окуяга өзүн бүтүндөй арнаган, элдин рух дөөлөтүн көтөрүүгө, сактоого өз салымын кошууга ниеттенген толук агартуучулук мүнөздөгү басылма экен. Деги «Манасы» бар элде «Манас дүбүртү» аттуу басылманын чыгып турганына не жетсин! Мүмкүнчүлүк болсо, каржылоо жарашса «Манас дүбүртүн» тынымсыз чыгарып, чексиз тарката берүү керек. Себеби «Манас» аалам кезген кудурети күч рух! Манас руху шаңшыган бардык жерлерде бул дүйнөнү ызааттаган, таберик туткан калайык-калк, окурмандар көп экенине ишенем. Эми бул албетте, каражатка, өкмөттүн колдоосуна муктаж маселе дечи. Мен «Манас дүбүртү» улуу мааракеден кийин да чыгарыла бере турган түптүү, келечектүү басылма болсо экен деп тилек айтам.

«Маната» улут ынтымагы, биримдиги, келечекке туу болор идеясы, эл бактысы, дегиси бардык жагынан кеменгер ой уюп турат. «Манас» мааракесинде да улуу биримдикке келүү идеясы туу болуп оболойт. Менин кыргыз элине, бүткүл түрк тилдүү тууганларга, айтар каалоом да, тилегим да ушул: ынтымагыбызды арттыралы! Эзелтен эл көкүрөгүндө бугуп келген улуу тилек кабыл болсун! Манас Атабыздын арбагы колдосун!

АБРОР КАРИМОВ:

МАНАС АТАНЫН КАНЫ КАНЫБЫЗДА БАР

Өзбек, кыргыз эли эзелтен кыз алышып, кыз беришкен, кандаш, дос, тууган эл. Ушундан улам жыл өткөн сайын катнашыбыз чыңдалууда. Көпчүлүк кыргыздар бир тууган Өзбекстанда. Алар да «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата даярдык көрүү боюнча күрдөөлдүү иш-аракеттерди жүргүзүшүүдө. Өзбекстандагы кыргыздардын маданий борборунун жетекчиси Аброр Каримовдун маеги ушул жөнүндө.

Өзбекстандагы кыргыздардын маданий борбору 1990-жылы түзүлгөн. Кыргыз улутундагы 50 миң элден 20 миңге жакыны анын мүчөсү болуп саналат. Борбордун Уставы, Программасы бар.

Сөз учугу «Манас» эпосу туурасында башталган соң, адегенде ошол туурасында бизде эмне иштер жүргүзүлүп жаткандыгына токтолоюн. Ага арналган той Сыр-Дарыя областында болуп өттү. Эми кезек Жизак областында өткөнү турат. Достук районундагы бир совхоздун аты «Манас» деп аталды. Анткени, ал чарбада жашаган калктын көбү кыргыздар.

Областыбызда «Сайра комуз» аттуу ансамбль иштеп жатат. Алардын аткаруусунда Манастан үзүндү айтуучулар менен кыргыздын мукамдуу ырларды аткаруучулары, залкар күүлөрдү ойноочулардын саны арбын. Эми биз Талас шаарында эмне иш жүргүзүүгө аракеттенгенибиз тууралуу айтайын. Жизак, Сыр-Дарыя эки области биригип, Манастын күмбөзүнүн жанында 60 орундуу Чайхана курууга ниеттендик эле. Бирок, мындагы башкы эң негизги кыйынчылык эки республиканын ортосундагы валюталык, так айтканда, биздин сум Сиздерге, Сиздердин сом бизге өтпөй, кыйын-кезең түзүлдү. Ушул кыйынчылыктардан улам уят болдук. Мындан чыгуунун башкы жолу болуп Манас Ата тоюна арнап, калкка эң керек болгон түрдүү товарларды жөнөтүүнү туура таптык.

— Айтмакчы, областыңыздарда бир топ кыргыз мектептери иштейт экен. Аларда билим берүү деңгээли кандай жана «Манас» эпосу боюнча атайын сааттар киргизилгенби? Окуу китептери менен кандай камсыз болушкан?

— Ооба, областта 14 мектеп иштейт. «Манастан» 1 сабак киргизилген. Окуу китептерин Кыргызстандан алабыз. Төрт жыл ичинде «Кыргызбасмасында» кагаздын тартыштыгынан басып чыгаруу иши кыйынчылыкка кабылган. Тытылган эски китептерди колго бердик. Ошол кезде Талас областынын акими Тойчубек Касымов бизге китеп бөлүп берди. Эки автобус толтура окуу китептерин Сыр-Дарыя областындагы кыргыз мектептерине тараттык. Баарынан кызыгы ар бир китепке өз адресин жазып

«Досум сага белекке» деп жазылган китептер биздин балдарга тийип, азыркыга чейин дос болушуп, кат алышып турушат.

— «Манас» эпосу тууралуу Сиздин оюңуз кандай?

— Мен ойлойм, «Манас» эпосу Туран элдеринин сыймыгы, ал эми «Манас» түрк элинин баатыры,— деп. Өзүм болсо «Манас» эпосун Саякбай Каралаевдин варианты боюнча билем. Өзбекчесин өзбек эл акыны Миртемир которгон. Азыркы убакта Тургунбай Адашбаев деген жигитибиз «Манасты» кыргызчадан өзбекчеге которду. Маданий борборубуз акча каражаты менен жардам көрсөтүп, он миң даана бастырып 1000 жылдык мааракеге белек катары тартууласак деген ниеттебиз. Манас Атабыздын ушул күнкү мааракесине күбө болуу бактысы туш келгенине абдан сыймыктанамын. Ушул өзбек элине коюн-колтукташ жашап жаткан кыргыз калкы улуу тойго карата Ташкенде Илимий конференция өткөрдү. Анда дал ушул «Манас» темасындагы докладдарды, лекцияларды уктук. Андан тышкары «Манастын» бүткүл дүйнөдөгү элдердин ортосундагы тынчтыкты коргоодогу кызматы туурасында сөз болду.

— Той өткөрүүнүн зор сыноосунун астында турган элиңизге не деген каалоолорду каалар элеңиз?

— Кыргыз элине тынчтык, жашоо шарттарында таттуу, ширин турмуш, ынтымак. Манас Атабыздын 1000 жылдык мааракесин уюштуруп жаткан комиссияга ийгиликтерди тилейм. Аны башкарып турган Өкмөт жетекчилери, Президент Аскар Акаевге, Апас Жумагуловго, Талас областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы Тойчубек Касымовго Өзбекстандагы кыргыздардын атынан ыраазычылык билдирем.

«Арбакты сыйлаганды, кудай сыйлайт»,— дейт. Элибиздин ушул экономикалык кыйынчылык кезде той өткөрүүсүн каармандык деп эсептейм. Бул дагы Манас Атанын каны каныбызда бар экенин далилдеп турбайбы.

НАДЫРБЕК АЛЫМБЕКОВ

КЫЛЫМДЫН ДАҢКТУУ ТОЮН БЕРЕТ БЕЛЕК, КЫРГЫЗДАР ӨЗҮН БИЛГЕН ЭЛ БОЛБОСО

Булуттар козголобу жел болбосо,
Булактар топтолобу көл болбосо.
Атагы Ала-Тоонун чыгат беле,
Азыркы атпай кыргыз эл болбосо.

Калың мал кайда батат төр болбосо,
Капчыгай кайдан бүтөт сел болбосо.

Атагы кайран элдин чыгат беле,
Айтылуу Айкөл Манас шер болбосо!

Замандын айыбы жок тар болбосо,
Эңсеген жыргал келбейт зар болбосо.
Мактанаар сыймыгыбыз болот беле,
Манасы кыргыздардын бар болбосо!

Караңгы түн жылабы таң болбосо,
Кактаган күн жылабы шам болбосо,
Элибиз баш кошмокчу миң жыл мурда,
Эр жүрөк Манас деген хан болбосо!

Жарык жок акыл менен ой болбосо,
Тарых жок басып өткөн жол болбосо,
Илгертен эл унутмак баатырларын,
Ичтеги көрөңгөсү мол болбосо.

Кантмекпиз кең Ала-Тоо жер болбосо,
Кантмекпиз Манас ата эр болбосо.
Унутпай улуу тойду берет белек,
Ушундай эгемендүү эл болбосо!
Кылымдын даңктуу тоюн берет белек,
Кыргыздар өзүн билген эл болбосо!

КУЧАГЫНА ААЛАМ СЫЙГАН АЙЫЛ

Мекенимдин турпаты Ата Журт — туулган жерден жаралат. Бу, жарык дүйнөгө жаралган адамзаттын барына тиешелүү. А, ата журтун ким кандай барктап, ким кандай түшүнөрү башка кеп...

Ата каны, Эне сүтү менен кошо жаралат окшобойбу ошол керемет түшүнүк.

Ошол керемет Ата Намыс, Ата Мекендин улуулугун, теңдешсиз экенин дилибизге куюп, жүрөгүбүзгө орнотот.

Элдин башына түшкөн улуу окуялар болсо адамдык касиетибизди аруулап, Элим, Жерим, Мекеним деген асыл көрөңгөнү жаңыртып коет. «Манас» эпосунун улуу салтанаты Кыргыз элинин ошол көрөңгөсүн аруулап койду.

Ойлор закымдап, кыял чарк айланат. Доор алмашат, доор тогошот, сезимде. Жан дүйнөм андан бүткөн керемет оттун жалынына табынып тургандай толкуп турам.

Хан Манастын ордосунун сүр баскан капкасын өткөндө бет алдымдагы ажайып көрүнүшкө суктанып тура калдым. Мени мынча толкутуп турган сыр түйүнү бар. Ал — менин эскерүүм. Ал менин

өткөн менен азыркы салыштырганым. Мындай бакты ар кимдин эле тагдырына туш келе бербес.

Ушунусуна шүгүр...

Дүйнөгө даңкы тараган Улуу «Манас» тоюу өткөн Таш-Арык — менин айылым. Эс тарткандан ушул күн Манас Атабыздын ысымы көкүрөгүмдө уюп калганы да ошондон. Тээ илгери азыркы ажайып жай — «Манас» ордонун орду ээн-элкин жаткан жер эле. Кароол-Чокунун этегиндеги Манастын касиеттүү күмбөзү да башка кейипте. Мен билгенден, үстү чарчыланып, төрт тарабына мамы орнотулуп шифер менен жабылган. Кийин, 1970-жылдары азыркы калыбына келген.

Эски көрүстөндүн тегерегин көгөрткөн Алымбай аксакалды көрүп калдык. Кара жанын карч уруп, тегерете арык казып — «узана» берер эле...

Сейил бактын, ат майдандын ордуна чарба бирде дан эгип, бирде тамеки олтургузуп, «иштетип» турган.

Кийинчерээк, далай мүшкүл менен Манастын музейин, анан этнографиялык чоң музейи курулду. Тагдырдын жазымышы экен, музейдин долбоорун ушул эле айылдын кулуну, архитектор Эркинбек Нурбеков ишке ашырган. Канча бир жыл ара калып келген имараттын курулушу миң жылдыктын күүсү менен гана бүттү го...

Таш-Арыктын дагы бир уулу Аймамбек Кожобеков эл намысына жарады. Өз жанынан каражат зарптап Манас ордого ирегелеш заңкайган мечит курдурду.

Жазымыштын кылганы экен, мечитти куруп берди, миң жылдыкка аралаша албай, бирок, элдин эсинде калды...

Ушул эле чайкана, мейманкана жайгашкан жер ээн эле жатчу. Эми Манас Ордого баратканда жолдун көркүн чыгарат, эшигин кенен ачып, даам ооз тийип, төргө өтүңүз деп чакырат.

Алыстан караганда байыркы чыгыш шаарынын бир өңүрүнүн элесин берген зыярат жайы менен түлөөкана курулган жер деле элкин жаткан...

Манас хандын сейил багын аралап, көйкөлүп өсүп, бой тартып келаткан балатыларды, чанагы жарыла жаздап, эми эле гүлүн ачкаңы турган түркүн гүлдөрдү көргөндө денемди каптап өткөн сыймык сезимдин кубатын ого бетер айкын сезгенсидим. Күн чыгыш тараптагы Кызыл Асканы сыдыра карап келип, көк майсаң болуп көөлгүп жаткан Камырдын Белин суктана карай бердим. Минткенимдин жөнү бар. Камырдын Бели менин эсимде шамал жүрсө ак топурагы сапырылган, кылайып чөп-чар өспөй тастайган такыр жер бойдон калган. Анан минтип, Таластын элинин колу менен көк майсаң белеске айланып калганы укумуштун өзүндөй эле сезилет.

Касиеттүү Кароол Чокудан караганда Манас Ордо алаканга салгандай, ажайып. Тоонун бети кыйма-чийме чыйыр жол. Эл аягы

үзүлбөйт. Ал чыйырдын бир учу аалам кесип дүйнөгө тарап кетти. Кеңирсиген кең Таластын бир өңүрү — алакандай Таш-Арык ааламды кучагына сыйдыра алды! Керемет эмеспи, бул?! Мына ушунун барын жүзөгө ашырып эл келечегине жол чаап берген улуу чечимдин табиятына табынгым келет!

Тунгуч президентибиз Аскар Акаевдин бул жигери кылым ойлоп, кыргыз көчүн коштоп жүрөр!

Айтарга сөз көп, сөз да таппайсың. Ал сөздү Манас Атабыздын асыл осуятын дилине кабыл алган ар бирибиз купуя жаратабыз.

...Ана, «Манас Ордо» астанасын жаш жубайлар аттады. Жаңы бүлө, жаңы тилек, өмүр башатына жаңы дем. Жаңы замандын адамдары. Алар эр жетип, ушул касиет жерге келгенде анын ажайып көркү мындан да сонун болоруна ишенем.

Не дегенде кыргыз турмушу жакшылыкка умтулуп, демөөрлөнүп алды!

АТАМАЗАР

Ыйык жер... Бул түшүнүк бизде эзелтеден бери бар. Кыргыздын бешенесине бүткөн ыйык жайлардын бири ушул жер. Бир кездерде бул жерде жападан жалгыз Манастын күмбөзү бар эле. Ар убактан бир убак келип кеткен элдин аягы үзүлбөйт. Күмбөздүн бети кол жеткен жерине чейин кетилип да кеткен. Келген адам күкүмдөйүн болсо да чүпүрөккө түйүп кетчү. Жоокер менен Берлинге чейин барып келген ыйык топурактар да болгон. Ар убактан бир убак жакшы тилек, жакшы үмүт менен алышчу. Бала көрбөгөндөр балалуу болуп, ооруп келгени айыгып кеткен жайлары бар. Ал гана эмес касташкан, жоолашкан эки азаматты, эки элди мына ушул касиеттүү жерге алып келип:

«Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун.
Ак барандын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун...»

деп элдештирүүчү экен. Ынтымакты, ырыскыны Манас Атабыздын арбагынын алдына коюшчу экен. «Арбагыңдан айланайын Манас Ата, өзүң колдо» — деп келебиз. Ал биздин оозубуздагы келмедей. Мына эми мезгили келип, Ыйык жердин ыйыктыгы дагы да артууда.

VII БӨЛҮМ

ТҮБӨЛҮК ТУР, КАСИЕТТҮҮ МАНАС АТА

Ар бир уюткулуу элдин туу тутаар туусу, идеялы болот. Эгер ар бир элдин андай ыйык туткан таберiги жок болсо, анда чоң трагедияга кириптер болоору шексиз.

Ал эми кутмандуу кыргыз элинин таберiги бар, ал — Манас Ата, анын руху! Манастын руху кыргыз элини нечендеген алааматтарда, кыйын кезеңдерде чабылып-чачылуудан сактап келген. Манас Ата кыргыз баласы үчүн эрдиктердин от тамызгысы, кайрат менен жигердин, намыс менен айкөлдүктүн соолбос булагы, адилдиктин символу болду!

Семетей менен Сейтекке, Курманбек менен Эр Табылдыга, Чолпонбай менен Дүйшөнкулга окшоп өмүрү үзүлүп баратканда Манас Атанын арбагын каниет кылып, аны шам чырак кыла жандырып, канча кыраандар набыт болушканын бир Теңирим өзү билээр!

Мына бүгүн болумуштун туткасын кармап, түбөлүк кылы кыйшайбастай болуп турган зор империя кулап, ар бир мамлекет өз арбайын жан талаша согуп турган мезгилде-жашоого кыйналып-кысталып, кантсе да, алга умтулуп жатканда, коомдун баш-аламан чак-чалакейинен анын «ыбырсыган» боз туманынан, мунарыгынан жарык нур издеп карайлап, кайсалап, айла кетип турган мезгилде, Манас Атанын руху тээ алыстан ажайып тийген ак нур болуп, күн сымал шоола чачып турат! Бул дагы теңирдин бир кереметидир! Ал рух эртеңкиге, келечекке ак жол көрсөтүп, колдоп турат. Муну заман «аңтарылып» акыр заман келатыры деп «көзү ачыктар» жар салып жатканда, Манас руху ушунчалык кудурет-күч менен тирекжөлөк болот деп ким ойлоптур! Бир билсе, Эгем өзү билгендир!

Өгүнү Кара Кыргыз автономиялуу облусунун 70 жылдык тоюнда тунгуч Президентибиз Аскар Акаевдин сөзүнүн уңгусун, уюткусун Манас руху түздү. Күнкорсуз кыргыз мамлекетин курууда эң күчтүү улуттук идеянын абадай зарылдыгын, ал идеяга Манас атанын руханий жандөөлөтү түбөлүк гүлазык болуп берээрин, жүрөк толгоноор, акыл калчаар кылып айтты. Манас атанын арбагы колдоп, кыргыз эли өзүнүн идеясын туу тутуп, дүйнөлүк прогресстин жолуна түшчү күн алыс эмес деген үмүт көкүрөктө жылт этип жанды!

Манас руху, ошол идея бизди — кендирди кескен кайдыгерлик менен ышкоолуктан, эки жүздүүлүк менен алкы бузуктан коомубузду, улуттук генофонубузду талкалап, түбүнө жетип жаткан ичкилик менен баңгиликтен, мите курттай ичтен жеп жаткан



Манас ата күмбөзү

мафиядан, паракорлуктан, адам касиетинен ажыраган ыпыластыктан арылып, түбү «жукаланып» бараткан экономикабызды бутуна тургузуп... Анын пайдубалын ылайым бекем кылсын!

Ошентип, улуу тойдун босогосунда турабыз. Бирок, улуу той чыгы, дайрадай ичкилиги менен, быкбырдай кайнаган эли менен эле, тарыхта элдин эсинде калабы деген ой мээни жебедей көзөп келет. Ал улуу биримдиктин, кайра жаралуунун, чыйралуунун башталышы болсо экен деген тилек жан этинди тилип келет!

«Ойгон элим, сен кимдин тукумусуң, сен Манас Атанын тукумусуң, арыңа кел, намысыңа кел, эсиңе кел!»,— деп Найман Эненин башынан учуп чыккан чымчыкка окшоп жар салгың келет! Элим эсине келээр бекен деген ниет уялайт. Бу болумуш көзгө илешпеген мезгил, заман өзүнүн канчалык укмуш жаңылыктары, ачылыштары, окуялары менен таңгалдырбасын, Манас керемети түбөлүк өзүнүн касиетин жоготпойт! Анын улуулугу жана өлбөс-өчпөстүгү дал ушунда!

Улуу жүрүштө, улуу көчтө кыргызыңды колдой жүр, касиеттүү Манас Ата! Кыял чабытымдын соңунда заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун сөзүн кайталагым келет: «Түбөлүк тур, касиеттүү Манас Ата!» Балким ушул сөз кыргыз элинин миндеген жылдар бою кан-жанына сугарылып, көкүрөк отуна какталып келген ыйык сөзүдүр! Анда ылайым ушул сөз баарыбыздын жан-дүйнөбүздө жаңырык болуп жаңырып турсун!

ТАРЫХТЫН ЖАҢЫ БАРАГЫ
(Соңку кеп ордуна)

Тагдырдын жазмышы менен биздин муун «Манас» эпосунун Улуу Салтанатын баштан кечирүү сыймыгына татыды.

Кыргыздын даңкын дүйнөгө даңазалаган ушул окуяга жол ачкан теңдешсиз чечимден кийин шыр башталган той камылгасынын жүрүшүн, ага асыресе, Талас элинин салымын, дегеле, тойдун өтүшүн, анын болочок жашообуздагы таасирин чагылдырган жыйнакитептин мүдөөсү да керемет тойдун шарапатынан жаралды.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгы — кыргыз элинин турмушундагы тарыхтын жаңы барагы. Анын касиеттүү барагына Эркин Кыргыз Мамлекетинин Манас Атабыз түптөп кеткен БИРИМДИК, ЫНТЫМАК, АЙКӨЛДҮК насилине сугарылган байсалдуу сапарынын жүрүшү жазыла бермек.

Ал эми тарыхыбызга кут белги болгон касиеттүү тойдун кеңирсиген кең Таласта өткөнү тарыхыбыздын жаңы барагындагы ак жолтой жазуулардын көч башы болсун, ыдайым, Айкөл Манас Атабыздын арбагы жар болсун!

БАРААР БАГЫТ, ЫЙЫК ПАРАСАТ — МАНАС БАБАНЫН ЖЕТИ ОСУЯТ

Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.

* * *

Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.

* * *

Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.

* * *

Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.

* * *

Гуманизм , айкөлдүк, кечиримдүүлүк.

* * *

Табият менен таттуу мамиледе болуу.

* * *

Кыргыз мамлекеттигин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.





НУРЖАН КАСЫМБЕКОВ

1935-жылы Талас аймагындагы Чат-Базар айылында туулган.

Көп мезгилдерден бери республиканын басма сөз тармагында «Кыргыз Туусу», («Советтик Кыргызстан»), «Ленинчил Жаш» («Асаба») газеталарында, партиялык, чарбалык жетекчи кызматтарда эмгектенип келген.

Кыргызстан журналисттер Союзунун мүчөсү.

ТОКТОГУЛ ИБРАГИМОВ

1949-жылы Таластын Таш-Арык айылында туулган. Басма сөз тармагынды эмгектенгенине он беш жыл болду. Кыргызстан журналисттер Союзунун лауреаты.

Учурда Талас областтык «Талас турмушу» газетасынын башкы редакторунун орун басары болуп иштейт.

Жыйнакка белгилүү журналисттер Нуржигит Сейдалиев, Козубек Иманкулов, Төлөн Насирдинов, Аман Көчөрбаев, Меңдибек Асылбеков, Сабыр Сулайманов ж. б. авторлордун мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган эмгектери пайдаланылды.

Авторлорго ыраазылык билдиребиз.

Китепти чыгарууда Талас областтык мамлекеттик администрациясы жана Мамлекеттик «Акыл» концерни көмөк көрсөттү.

МАЗМУНУ

I. АТА МУРАС

Доор жаңырткан окуя 3
А. Акаев. «Манас» — кыргыз рухунун өчпөс жылдызы 6
А. Жумагулов. Ата бабабыздын асыл мурасы 21
Ч. Айтматов. Көк теңир менен тутумдаш дүйнө 32
Улуу дөөлөттүн сыймыгы 40
«Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдык көрүү
жана өткөрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын
Президентинин Указы 44

II. УЛУУЛУККА ТААЗИМ

Манас үндөөсү 52
Урпактарга уят болбойбуз 59
Б. Сарногоев. Уруум да кыргыз, улутум да кыргыз 63
Жаңырык 65
Чоң жыйын 66
Ырыс алды — ынтымак 67

III. ДООР ТОГОШТУ

Биримдиктин символу (Кыргыз Республикасынын Президенти
А. Акаевдин «Манас» Ордонун» ачылышындагы сөзү 75
Кут түшүргөн мааракe 80
Н. Байтемиров. «Келди ээ, миң жыл күткөн күн» 86
Тойдун шаңы 91
Ак өргөөлөр баасын алды 96
«Элимдин келечегине ишенем» 100
«Манастан аянба, калайык» 102

IV. АРУУ ТИЛЕК, АР НАМЫС

Ө. Бегалиева. Манастын тою 107
Күн дүбүртүндө Манас дүйнөсү 110
Сандар жана далилдер баяндайт 116
Күлүктөрдүн дүбүртү 119

Талас керемети 121

V. АТА КОНУШ

Ак куулар сүзгөн айдың көл 122
Касиеттүү жери көп 132
А. Токоев. Ыйык күмбөз 134

VI. МАНАСЧЫЛАР

Саякбай Каралаев 137
Сагымбай Орозбаков 138
Жусуп Мамай 140
А. Жакыпбеков. Теңири Манас 142
Таластык манасчылар 151
Улут казынабызды байыткандар 151
А. Карыпкулов
«Элдин эртеңи — бүгүнкү иште» 153
М. Шаханов
«Кыргыз элинин жылдызы жанды» 157
Аброр Каримов. Манас атанын каны каныбызда бар 161
Н. Алымбеков. Кылымдын даңктуу тою 162

VII. ТҮБӨЛҮК ТУР, КАСИЕТТҮҮ МАНАС АТА!

Түбөлүк тур, касиеттүү Манас Ата 166
Тарыхтын жаңы барагы 168

Документально-художественное издание

ВЕЛИКИЙ ТОЙ КЫРГЫЗОВ В ТАЛАСЕ

Авторы-Составители: *Нуржан Касымбеков*
Токтогул Ибрагимов

Бишкек, Госконцерн «Акыл»

Документалдуу көркөм басылма

КЫРГЫЗДЫН ТАЛАСТАГЫ УЛУУ ТОЙУ

Түзүүчү-авторлор: *Нуржан Касымбеков,*
Токтогул Ибрагимов

Бишкек шаары, «Акыл» мамконцерни

Кыргыз тилинде

Автордук редакцияда басылды
Басманын редактору *Б. Бөкөлөев*
Сүрөт редактору *К. Сейталиев*
Техн. редактору *А. Гурьева*

ИБ № 5267

Терүүгө 21.10.96 берилди. Басууга 11.12.96 кол коюлду. Форматы 60×84 1/16.
№ 1 офсет кагазы. 10,23 шарттуу басма табак. 11,0 боек түшүрүү. Нускасы 2000.
Заказ № 2155. Келишим баасы.

Кыргызполиграфкомбинаты,
720461, Бишкек ш., Т. Суванбердиев көчөсү, 102-үй.